КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Окурмандын китеп текчесине*

# МИДИН АЛЫБАЕВ

20-том

Түзгөндөр: *Абдылдажан Акматалиев,*
*Ишенбек Сулатаналиев,*
*Айжан Аалиева*

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
М 57

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Чыгышына жооптуу:
*А.А.Акматалиев*

Рецензент:
*Филология илимдеринин доктору А. Кадрыманбетова*

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

М 57 **Мидин Алыбаев.** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 20-том. / Түз. А. Акматалиев, И. Султаналиев, А. Аалиева. – Б.: «Принт-экспресс», 2016. – 496 б.

ISBN 978-9967-12-573-5

Бул китепке Мидин Алыбаевдин тандалган чыгармалары кирди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**А 4702300200-16**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-12-573-5

© КР УИА, 2016
© «Принт-экспресс», 2016

## МИДИН АЛЫБАЕВ
### *(1917—1959)*

1917-жылы Нарындын Жумгал районуна караштуу Чаек айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Азан чакырып койгон аты Асамидин.

1931-жылы айылдын жети жылдык мектебин аяктагандан кийин, Фрунзенин педтехникумунда, андан соң комсомолдук кызматкерлердин окуусун бүтүргөн.

1936–1938-жылдары «Ленинчил жаш» гезитинде иштейт.

1938-жылы Советтик аскерлердин катарына чакырылган.

1940-жылга чейин Советтик армияда кызмат өтөп, ак финндерге каршы согушка катышкан. Ал эми Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жана андан кийин республиканын түрдүү гезит-журналдарында эмгектенген.

Акындын 1934-жылдары башталган чыгармачылык турмушу көп кырдуу болгон.

М.Алыбаев кыргыздардын окурман журтчулугуна мыкты лирик, курч сатирик катары кеңири таанымал.

1937-жылы Мидин Алыбаевдин «Бактылуу жаштык» деп аталган алгачкы ырлар жыйнагы жарык көрөт. Китептин кириш сөзүн жазган акын Кубанычбек Маликов Мидинге «Келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш акын» деп баа берген. Анда акындын алгачкы сатиралык жана лирикалык чыгармалары топтолгон эле.

Ага удаа эле 1938-жылы «Ырлар жыйнагы», 1939-жылы «Жомокчу мерген», 1947-жылы кайра «Ырлар жыйнагы» аталышта чыгармалар топтому, 1949-жылы «Жаңы ырлар» басмадан чыккан. 1957-жылы сатира жана лирикалык ырлардын топтомунан турган «Акчүч». Жыйнактар окурмандар тарабынан зор кызыгуу менен кабыл алынат. Акындын курч сатиралык саптары эл ичинде учкул сөз катары оোздон оозго көчүп айтылып, обон чыгарылган ырлары зор сүймөнчүлүк менен кеңири аткарыла баштайт.

Бөбөктөр үчүн 1958, 1959-жылы чыккан «Эмне үчүн короз таң алдында чакырат?», 1965-жылы «Жомок», 1980-жылы «Карыган дубду канаттуулар кантип сакташты» аттуу жыйнактары. Тестиер, өспүрүм балдар үчүн 1959-жылы «Эки бүркүт», 1971-жылы «Кызыл жылдыз» аттуу жыйнактар жарык көргөн.

«Чалкан» журналынын беделин көтөрүп, анын куйкум сөздүү стилине нук салган, республикабыздын булуңбурчуна чейин жетип, элдин лакап сөзүнө айланып кеткен «Осмонаалы лөкүй», «Дүжүр бука» өңдүү фельетондору, «Советтик Кыргызстан» газетасы аркылуу чар тарапка тарап, чагылгандай тездик менен элдин көңүлүн өзүнө тартып алган «Ак чүч», «Бюрократ» өңдүү сатиралык ырлардын денгээли бүгүнкү күнгө чейин кол жеткис бийиктик бойдон отурат.

М.Алыбаевдин калемине бир катар аңгемелер, жомоктор, баяндамалар жана ошол кездеги курч социалдык темаларга арналган ар кыл фельетондор, очерктер тандык. Анын «Маяковскийге поэзиялык отчет» публицистикалык поэмасы, «Курорттогу окуя», «Жантектин керээзи» аттуу пьесалары кенири белгилүү болгон.

«Маяковскийге поэзиялык отчет» поэмасында акын совет элинин жетишкендигин ачык фактылардын неги-

зинде көкөлөтө ырдап, чыныгы поэзия менен жалган поэзиянын чегин өтө курч, таамай сөздөр менен ажыратып берген. Поэма «эркин ыр» формасында жазылган.

«Курорттогу окуя», «Жантектин керээзи» пьесасы ошол элүүнчү жылдары жаңы бийиктикке көтөрүлгөн кыргыз драматургиясынын комедия жанрындагы ийгиликтүү чыккан үлгүлөрдүн бири болгон десек аша чаппастырбыз. Алар көрүүчүлөр тарабынан чоң сүймөнчүлүк менен кабыл алынган.

Акын Пушкиндин, Лермонтовдун, Маяковскийдин мыкты котормочуларынын бири болуп эсептелет. Ошондой эле В.М.Саяновдун Поэмалар жана ырлар жыйнагында Ленин Горкиде, Гулям Гафурдун «Акмат жаман бала эмес, бирок...» аңгемесин, орус, пенджаб акындарынын ырларын которгон.

Анын өзүнүн да чыгармалары «Раговор с современником» аталыштагы ырлар жыйнагы (1958-ж.), «Как птицы спасли старый дуб» жомогу (1980-ж.) орус тилинде жарык көргөн.

# ЫРЛАР

## СУУСАМЫР

Мелтиреп жылып аккан тунук суусу,
Токойдон тынбай чыккан булбул чуусу.
Өзөн-сай, кокту-колот, салкын төрүн,
Адамдын эч бир келбейт унуткусу.

Унутпайм, өлгөнүмчө эсте болот.
Унутпайм, укпаганга кылам жомок.
Ар дайым эске түшүп көз алдымда,
Баягы суу мылтыктуу ичке колот.

Суу бойлоп, чедиреңдеп суу мылтыкчан,
Ат кылып минип алып ат кулактан.
Чарчасам түтүк менен суусун издеп.
Мөңгүдөн мөңкүп түшкөн мөл булактан.

Көк жашыл жайдын күнү көркөм түрүң,
Көк, кызыл, сараларлуу эң көп гүлүң,
Суусамыр сени менен унутулбайт,
Суу бойлоп, торпок минип кеткен күнүм.

Сайраган таштан-ташка учуп-конуп,
Кубулган чакчыгайдын ышкырыгы.
Баягы жапжашыл бет тескейдеги,
Сагындым, ой Суусамыр, ышкыныңды.

Мен үчүн бүркүт болчу көпөлөгүң,
Кармоого жанды кыйнап көп жүргөнүм.
Эстетип алда нече ойго салып,
Сагынтат балалыктын көп күндөрүн.

Азыркы жыргал заман кучагында.
Ойлоймун балалыкты элес менен,
Сайрандап, ойноп-күлүп, көңүл ачып,
Суусамыр, сага мен бир келип кетем.

Жаңылык курорт күтөм эми сенден
Жакшылап тосуп алгын эми келсем.
«Баягы тентек бала келиптир» – деп
Коркпосун көпөлөгүң эми менден…

*1936-ж., 17.VII*

## БИР КЫЗГА

Кулпунган кундуз чачын кайра тарап,
Көп кыз бар… кара көз бар… жал-жал карап,
Жактырып эмгектеги эпкиндүүсүн
Көп жигит жүрүшөт го бирден самап.

Тетиги иштен талбас кара көз кыз
Билбеймин… кимди сүйөт… кимди чанат?
Бетинен эмгек нуру балбылдаса
Берилип жүрөгүмдүн оту жанат…

Көп болду… көзүм түштү… байкап жүрөм,
Сырымды сага айта албай ичке түйөм.
Сен мени билесиңби, билбейсиңби?
Көп кыздын арасынан сени сүйөм…

*1937-ж.*

## ТОО ЭЛИНИН ТОРГОЮ

*Токтогулдай ырчы бол,*
*Толубайдай сынчы бол.*
*(Эл оозунан)*

Алатоолук кыргыздын
Алыска чуркар кулуну,
Таңшыган, талбай сайраган
Адамдын акын булбулу.

Толгой бурап комузду
Токсон түрдүү чалышың,
Тоо жаңыртып шаңшыган
Токтогул сенин дабышың.

Тогуз кайруу, токсон күү,
Токтогул сенин ботоюң,
Эстебей ким унутат,
Тоо элинин торгоюн.

Капканга түшүп бук болуп
Кайгысын айтып күү чалган,
Какшанган күкүк Токтогул
«Калкым» деп тоодон үн салган.

Шыпылдап басып колдоруң
Комузду тилге келтирген,
Безенген тилдүү комуздан,
Ар дайым арман чертилген.

Эркинде жүрсөң эмне
Муңканып ырдап наалыбай,

Караңгыда кар болдуң
Кат билип кагаз таанызбай.

Каламды кармай билсечи,
Комузга уста колдоруң.
Элге эстелик калтырган
Пушкиндердей болбодуң.

Талантың ашык чеги жок,
Ай, асман эле болжолуң.
Жазылып калса эмне,
Токтогул сенин томдоруң.

Же болбосо биз менен,
Бирге жүрсөң жыргашып,
Биз менен болсоң эмне
Биз менен бирге ырдашып.

Өкүнүп айткан сөзүмө,
Сен айыптуу эмессиң.
Ар дайым Токо эстейбиз,
Аз болсо да «керезиң».

«Таарындым – деп – заманга»,
Зарланып үн салышың.
Арманда кылат мени да,
Азапта туулуп калышың.

Өчпөс кылып тартарбыз
Сүрөтүңдү келтирип,
Акак таштан ойдуруп,
Комузуңду черттирип.

«Токо!» деп мен да жазармын
Комузум – колдо каламым.
Ырыңды жаттап унутпай,
Ырдап да жүрөр баламын.

*1937-ж., 6. III.*

## КӨЛДҮН КӨРКҮ

Жай мезгил... жашыл чөптүү көлдүн жээги
Бетке урат коңур салкын көлдүн жели,
Жел менен желпилдеген майда толкун,
Шырп, шырп, деп күлүп турат карап мени.
Жайпалып жайнай түшүп, жакын келип,
Кызытат, кытыгылайт делебемди...
Чабактар чамгарактап оюн куруп,
Дегенсийт: «бирге ойнойлу, келгин бери,
Жаш ырчы сен жайдары, биз жайдары
Ырдагын көркү ачылган көлдү» деди.
Шарпылдап шаңы чыккан толкундарга
Кошулуп ырдабоочу ырчы менби?
Сай-сайда салкын булак сага чуркап,
Агылып ак кар баскан Ала-Тоодон,
Жылгалап Жыргаландай өзөн болуп
Кошулуп агын сууга ара жолдон.
Өзөндөп алда кайдан агып келип
Актерек, Караколдон жана Тоңдон,
Түйүнү түркүн суунун кошулушуп
Ысык-Көл түпкүлүгүң пайда болгон.
Асмандап айландыра сени тосуп
Ала-Тоо күнгөй, теский сага коргон.

Коргондо бир нече жыл мындан мурун
Туяктап басып жаткан туман болгон.

Айланаң, алакандай куушурулуп,
Азапта алсыраган элге толгон.
Калкыңды караңгыда кан какшатып,
Камандар кадалышып канын соргон.
Жаркырап октябрдын аткан таңы
Куткарды калкыңды да, сени тордон.
Сымаптай көйкөлдүрдү, көркүңдү ачты
Тазалап уюп жаткан калың шордон.

Жаралып, кайра туулуп таңга аралаш,
Жайдары жадыраган көлүм сен жаш.
Эскирип эңилчектер басса дагы
Жаркырап жаңыргандыр түбүндө таш.
Үркүнчөк ак балыгың үйүр болгон
Үстүндө пароходго жан каралаш.
Ызы-чуу калың катар сүзүп жүрөт
Ак куулар, өрдөк, чүрөк, каркылдап каз,
Көйкөлгөн, көк иримдүү көлүм көркүң,
Көргөндө уктаса да унутулбас.
Асмандан ай козголуп төксө нурун,
Жалт этип жаркырайсың андан мурун.
Түптүгөл түмөн жылдыз бири калбай,
Түбүнөн ай көрүнөт тунук суунун.
Эс алып шайыр жаштар ошол кезде,
Калкытып кайык минсең кандай сонун.
Жайдары жаш селкилер тосуп чыкса,
Жаштардын кайыктагы элдин жолун.

Каткырган шайыр жаштын күлкүсүнө
Канткенде көл көйкөлүп шат болбосун?!
Ой, көлүм! көркөмүңдү далай көрдүм,
Көңүлдү толкундатты көркөмдүгүң,

Эркеле, кулпуна бер, толкундай бер,
Көркүңө келтирүүчү сенин күнүң,
«Кыргыздын Ысык-Көлү сонун жер» деп
Ааламга атак, даңкы көтөрүлсүн.

Жай мезгил… жашыл чөптүү көлдүн жээги,
Бетке урат коңур салкын көлдүн жели.
Жел менен желпилдеген майда толкун
Шырп, шырп деп күлүп турат карап мени.
Жайпалып, жайнай түшүп жакын келип.
Кызытат, кытыгылайт делебемди…
Чабактар чамгарактап оюн куруп
Дегенсийт «бирге ойнойлу келгин бери,
Жаш ырчым сен жайдары, биз жайдары
Ырдагын көркү ачылган көлдү» деди.
Шарпылдап шаңы чыккан толкундарга
Кошулуп ырдабоочу ырчы менби?!

*1937.Ысык-Көл району*

## АЙ ТАҢ КАЛАТ

Асманда ай, алтын шоола нур төгүп,
Ал, асманда алтын табак түрдөнүп,
Ал билинбей жердин шарын айланат,
Алда кайдан жер дүйнөсүн бүт көрүп.

Ай «Таң калат», «Ой ойлонот», түн күзөп,
Жердин шарын бүткүл «байкайт» үргүлөп,
Ал сен айтчы, жер шарында жаңылык
«Көрүнөбү», эч болбосо үлбүрөп.

Көрөсүңбү?
...Москва, Париж, Лондонду,
Көрөсүңбү?
...Көп жердеги борборду,
Көрөсүңбү?
...Жер шарында укмуштуу
Көрөсүңбү?
...Кандай тартыш болгонду.

Көрөсүңбү?
...Алоо кайда жаңганын,
Көрөсүңбү?
...Жаркын Москва шамдарын.
Көрөсүңбү?
СССРдин элинде,
Көрөсүңбү?
Шайыр турмуш шаңдарын.

Эгер билсең, ушул элдин жаштарын
Сен таң калар бир укмуштар башталды.
Сени көздөй ракеттер аткылап,
Аны менен сага бара жаздады.

Барат жаштар! Барат жаштар агышат,
Убак жетсин, жылдар өтсүн азыраак,
Өлчөп билип ай менен жер ортосун,
Окуп жаштар азырынча машыгат.

Жаштар барат тартып, алгын кол берип,
Биз менен сен байланышкын бол шерик.
«Большевиктин албай турган чеби жок»
Алат сени изден тайбас большевик.

## КҮТЧҮ СЕКЕТ

Эсте секет!
Эсте секет өткөндү.
Жөнөйм десем ысык жашың төккөндү
Эсте секет!
Эсте секет элестет
Коштошордо мен оозуңдан өпкөндү.
Ошол бойдон көптөн бери катың жок
Сабыр бошоп,
Санааң төмөн чөккөнбү?

Койчу секет!
Өңүңдөн көп азбагын.
Сабыр токтот!
Сарсанааны таштагын.
Кол бошобойт
Убакыт жок!
        Уйку жок!
Мен да сага бир жыл бою жазбадым.
Түштөгүдөй –
Күтпөс жерден кубантып,
Барып калам жеңиш тийсин шашпагын.

Ушак угуп,
Ойго түшүп калдыңбы?!
Урматы күч убададан тандыңбы?!
Келсе дагы балдак менен келет деп,
Сүйгөн секет!
Сүйгөн мени чандыңбы?!

Коштошордо,
«Күтчү секет, сен» – дедим,
«Күтөм алтын!

Жеңиш менен кел» дедиң.
Барам секет!
Бирок түштөн чочуба,
Ажал издеп октор учкан жердемин.
Күтчү секет!
Күткүн алтын, барамын.
«Өлдү» деген ушакка сөз бербегин.

Ишенбегин
Ар ким айтса ушактап
«Өлдү» десе
Ыйлабагын бышактап.
Билем секет
Чочуйсуң го түшүңдөн
Мен экен деп
Жаштуу жаздык кучактап!

Күтчү секет
Чыдашалы, чыдагын
Ким өчүрсүн
Жаш тилектин чырагын?
Качан келсем,
Даңкым чыгып келермин,
Күтчү секет!
Сен да мени сынагын
Күтчү секет!
Күтсөң барып көрөрмүн,
Күтчү секет!
Жеңбей барбайм көгөрдүм.
Каары күчтүү зилзаланы жеңгенде,
Кадимкидей кадалармын өбөрмүн.
Күтчү секет!

*КК.,1943,21-08.*

## СОҢ-КӨЛ

Шарпылдап шаңы чыгып толкуп ташкан,
Жээгине жайпай түшүп көбүк чачкан.
Ай, Соң-Көл! Кызыгыңды унутамбы?
Калкыган каз-өрдөктөн баш адашкан.
Тамшанткан тамашаңдан чыккым келбейт,
Тарыхта тагы калган Тулпар таштан·

Кылаанда кымыз ичип өмүр сүрсөм,
Кыз-келин аймалашып ойноп күлсөм.
Суугуңа, ысыгыңа ыраазы элем,
Жай-кышы жан-жакаңда жашап жүрсөм.
Картайып жедеп жашым жеткен кезде,
Жаныңдан жайын тапса менин мүрзөм.

Жээгинде турдум, Соң-Көл, болдум сынап,
Көйкөлүп көлкүп жаткан сен бир сымап.
Сөөлөтүң, сулуулугуң кубандырды,
Эзилтип жүрөгүмдү кытыгылап.

Берилип куштар болуп, жедеп сага,
Кээде шат, кээде мени алат санаа.
Кайгысыз, ойсуз, муңсуз кайкып учкан,
Кап чиркин, каз-өрдөгүң болсом кана…

Кош, Соң-Көл, сен турарсың кылым санап,
Мелтиреп кадимкиңдей көктү карап.
Кош, Соң-Көл! же келермин, же келбесмин,
Болжошту айтыш кыйын атаганат…
Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да,
Эскирген сары кагазда ырым калат.

Тынчыбай ойго кеттим, удургудум,
Калкыган үстүндөгү булутуңдай.
Элесиң эске түшсө, элжиретсе,
Канткенде кайрат кылам улутунбай.
Бул ырды жаздым, Соң-Көл, калсын үчүн
Карааның көз алдымдан унутулбай.

*1943-ж. 17.IX.*

## ЖООМАРТКА

Таптармал өркөчтөнгөн толкун элең,
Талыкпай жарга тийип, октос берген.
Капыстан кайран толкун как жарылып,
Карматпай караан үзүп кеттиң белем.
Жаныма, жүрөгүмө баттың бекем,
Үшкүрттүң, улутунттуң кантем Жокем.

Тынчыдың шыбыргактап толкун токтоп,
Айрылды, аза күттү элиң жоктоп.
Каламды кайрат жыйып, колума алдым,
Жаш жутуп өпкө кагып мен шолоктоп.

Кайгыны жүрөгүмдү мыкчып эзген,
Кантейин, сөзүм жетпейт айткан менен!
Душманың өлөр күнү жеткен кезде,
Капырай, как ушинтип кетмек белең!

Доско туу, душманга уу нечен ырлар,
Ар кимдин жүрөгүндө калган чыгар.
Булбулуң кызык сайрап келген кезде,
Кыйылдың кылым бою кымбат чынар.
Тиштенем, чымырканам кайрат курап,

Ажалга ким да болсо моюн сунат.
Бирок да жолуң, ишиң жана өзүң,
Жашытып, элжиретип эсте турат.
Кош кирпик бир жумулуп,  бир ачылса,
Мөлт этип ыпысык жаш кетет кулап.

Күйгүздүң кетпес күнү жаш агыздың,
Күйүттөн жаш агыздым аргасызмын.
Күрөшү бүткөн күнүн көрсөң гана,
Сен айткан Ажал менен Ар намыстын.

Томсорбо, койчу Жоке, арман кылба,
Из калды өчпөс болуп жылдан-жылга.
Ырларың жеңиш менен кошо жүрөт,
Окопто, атакада жана тылда.

*СК.,1944,№8*

**ЫЙЛАБАЧЫ**

Билесиң го,
Кансыз согуш болбосун?!
«Кан» деп учат,
«Жан» деп учат коргошун.
Кан майданда
Каза болгон көрүнөт,
Каалап тийген,
Кадыр шерик жолдошуң.
Эрдин эри
Кармашууда  тандалат,
Эрлер чыгат,
Эл ээрчитип алгалап.
Октор учат, эрегишкен кезекте,

Ажал издеп,
Этек-жеңди жалмалап.
Ошол кезде
Балким бир ок жаңылган...
Кимди билет?
Кимди тандайт?
Ал урган?
Кара кийдиң,
Кайран эрден айрылып,
Сөгүлчүдөй бүт кайышып кабыргаң.
Кайрат кылчы,
Кара көзүң, арчычы,
Саамайың жый,
Садагасы сабырлан!
Жашык болуш –
Жаман адам белгиси,
Күйпөл жүдөп,
Күйүткө бел алдырган.
Ыйлабачы!
Мончок жашың төкпөгүн,
Эмне мынча,
Эзип ичти өрттөдүң?!
Турасың го,
Элестетип, элжиреп,
Коштошордо,
Колуң кысып өпкөнүн!!

Ыйлабачы!
Кара чачың жыйначы.
Кайрат кылчы,
Катуу белиң байлачы.
Кайрылгысыз,

Колдон учкан шумкардын.
Кагылайын,
Кайдан болсун айласы.

Ыйлабачы!
Ирмебечи жашыңды,
Сар оорусуң,
Санааң жаман басыңкы.
Койчу жеңе!
Эрлер учат күрөштө,
Ант да ушул,
Шарт да ушул азыркы!
Ырас, аяш!
Ичиң бышат жалындап,
Коңултуктайт,
Бир капшытың аңылдап.
Бирок ойлон,
Өзүң эстүү адамсың,
Канча ыйласак,
Эми кайдан табылмак.
Дагы ойлончу!
Не болмокпуз фашистке –
Үйдө жатып,
Бак таалайдын,
Баары жогун алдырсак?!

Ыйлабачы,
Тырмабачы!
Сулуу беттин анарын.
Киийбе!
Ташта!
Кереги жок каранын!

Жыл оңолот
Кемтик толот,
Жаш жетет,
Жашын тиле
Эмчектеги баланын:
Тетигине:
«Кек кетирбейм!» – дегенсийт,
Дүңгүрөтүп атып жаткан жарагын
Оң бурулчу!
Карабачы жүгүңдү.
Ыйлабачы,
Муңдуу созуп үнүңдү.
Жеңиш тиет,
Эрдин өчүн алабыз:
Каткырасың
Кайра ачасың гүлүңдү.
Тили чыгып,
«Аталаса» каралдың,
Унутулар,
Кан жутканың бүгүнкү.
Ыйлабачы!
Кайгыны ичке батыргын.
Сабыр кылчы,
Айтканын ук акындын:
Коркок бирөө,
Коюнуңда жаткыча,
Аты жакшы –
Жесири бол баатырдын.

*10.06.1944 .*
*СК., 1944, №9-10. («Ак чуч»,1957).*

## АТА СӨЗҮ

«Уулум» – деп,
        Убайым жеп баккан атам.
Алыска мен жол жүрүп бара жатсам.
Колтуктап,
        Суулук кармап,
                Камчы берип,
Аткарып, аталыктын сөзүн айткан:
– Кыйкырып, турмуш жолун аралайсың,
Кайрат кыл кагылайын, болбо жалтаң.
Көз жумбай тик качырса бет алганын,
Эмеспи эр жигитке жүрөк калкан.

Кулунум ойлонуп көр жаман иш го?
Душманга сыр алдырып, башын каткан.
Кокустан коркок деген атка консоң
Кокуйгүн кордугуңду өзүм тартам.
Калкыңа кагылайын ишиң жакса,
Кайрадан жашартпайбы сенин аркаң.
Кош эми жакшы келгин дагы айтамын,
Каралдым кайда жүрсөң болбо жалтаң!
Ата – деп карыганда чоң бел кылып,
Унутпайм ушул сөзүн мен эч качан.

*(Ак чуч,1957)*

## АЛА-ТООГО

Кереметтүү сен атасың, энесиң,
Салыштырып сага ким жер теңесин.
Көңүл толкуйт, көркөмүңдү көргөндө,
Кандайдыр бир жүрөккө дем бересиң.

Ырым менин, сенин демиң эмеспи,
Шыктанамын минип кыял кемесин.
Карааныңдан кагылайын Ала-Тоо,
Калкып жаткан кандай укмуш эмесиң?
Качан жүрөк кагышынан таңганда,
Бир тартылып өтүп кетер элесиң,
Бир тартылып өтүп кетет элесиң…

Өс Ала-Тоо! Өзүм өскөн турагым,
Уяң болбо улуу жолуң улагын,
Жымың-жымың жылдыз болуп жылжысын,
Канга дары, каштай тунук булагың.
Ай ааламдын мунарасы болуп кал,
Аз болсо да асманга тий турбагын!
Ээрчий берсең, бир сонунга жетесиң,
Улуу орустун Волга менен Уралын
Улуу орустун Волга менен Уралын…

*«Беш жылдыкта Ала-Тоо» – СК.,1947,№4.*
*(«Ак чуч»,1957)*

## БАЛАГА

### *(Тополоңго)*

Адамды кандырбаган жытың жыпар,
Күн-түнү жанымдасың канбай кумар.
Чулдурап, жөмөп, сүйлөп бирдемелеп,
Ичимди элжиреткен тилиң бир бал.
Ыйлагын, кээде бүркөл, кээде жарк эт,
Кыйнагын эне-атаңа эркелеп кал.
Билбеймин, таалайыңа ылайыктуу,

Алдында бала багаар эмгегиң бар.
Эркеле, садагасы эркелеп кал!

*(«Ак чуч», 1957)*

## ШАРКЫРАТМА

Үшкүртөт, үлп этпейт жел. Ысык аптап…
Июлдун лапылдаган күнү кактап.
Оозго тил күрмөлүп, деле батпай,
Шилекей такыр кургап таңдай так-так.
Ич жалын, боргулданып жетип бардым,
Тарткылап мобу турган биздин тоо жак.
Тарткылап мобу турган биздин тоо жак.

Сан жетпейт самсаалаган жалбыракка,
Коюлган айрым жыгач ар кыл атка.
Түгөнбөй көк кашка суу куюп турат,
Аскадан мойнун созуп артылат да.
Миңден бир касиети капчыгайдын,
Капырай, ушул тура шаркыратма.

Чечиндим, жонду тостум, мен да үн коштум:
«Ичикий… шаркыратма калтыратпа!
Ичикий… шаркыратма калтыратпа!
Ичикий кетким келди ысык жакка,
Ысык-суук кээде жакпайт адамзатка»…

*Июль. («Ак чуч», 1957)*

## САГА

Жайдын түнү… Аба салкын, ай жарык,
Көпкө жүрдүк бак аралап айланып.

Бир мезгилде мындай сунуш киргиздиң:
«Болдучу эми, түн ортосу, кайталык...»

Дедиң дагы мага карап токтодуң,
Колду сундуң, коштошчуга окшодуң.
«Эсен тур» – деп оң колумду бек кысып,
Ич жылытып жүрөгүмдү козгодуң.

Кучактадым. Мен сен жакка ыктадым,
Сен да ыктадың, кучагымдан чыкпадың.
Шылтоо кылып, чочубасын дегенсип,
Жакаңдагы кызыл гүлдү жыттадым.
Ошол түнкү бир учурун жаштыктын
Көпкө чейин ойлоп жатып уктадым.

*(«Ак чуч», 1957)*

## УЙКУДАГЫ СУЛУУ

Таң салкын сулуу тыптынч уктап жатат...
Төгүлгөн кара чачы жаздык жайпап.
Көшүлгөн көркөмүнө көөнүм толуп...
Ойготпой ойго кетип турдум байкап...

...Бүркөлөт... кээде жарк деп кашын керет,
Эки эрин эп келишип, бүлк-бүлк этет.
Түн бою чырак тиктеп отурду эле
Түшүнө алда нелер кирсе керек...

Сүрөтүн сүйгөнүнүн карап жал-жал,
Эсине түшкөн эле тигил, бул, ал.
Алыста кыргын салып жүргөн жарын
Чын эле көрсө көрүп жаткан чыгар...

Бүркөлүп неге мынча түйдү кабак...
Жакыны жарадарбы жаагы канап?
Удургуп укмуштарга ургулаган,
Түш чиркин кызыксың ээ, атаганат...

Аралап алгалаган калың элди,
Көз чалды так ошондо сүйгөн эрди.
Эсен соо! Жок жарадар эмес экен
Андыктан кайра жарк деп кашын керди...

*(Архивде: «Түш жөнүндө» )*

## НЕГЕ СҮЙБӨЙТ?

Асылдым. Бир сулууга болдум ашык,
Махаббат ичке батпай ашып-ташып:
Кадырын картайганча сыйласам дейм
Бирок да жете албадым. Кимде жазык?

Мен сүйөм, сулуу сүйбөйт. Билбейм неге?
Жазыктуу жаратканга болдум беле?
Баарынан батып кетти кыйнаганы,
Башканы сүйбөйт белем ансыз деле.

Сүйүүнү сүйө билсе сыры терең.
Баш ийбейт даңк, атакка сүйүү деген.
Кеп айтсам кемсинткенсип таштады деп
Аскадан алыс кетип өлөт белем?!
Сулуунун сугу түшкөн жары бардыр
Пайда жок! Мен асылып жүргөн менен.

## АЙТЧЫ ЖАНЫМ

Ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн?
Күндө өтөмүн терезеңдин түбүнөн.
Кайырчыдай каранамын жалдырап,
Алтын, айтчы, качан сенден түңүлөм?..

Бүт ээледиң, жүрөгүмдү бийледиң,
Тамтаңдаттың такыр колго тийбедиң.
Анда-санда жылмайгансып коёсуң,
Же шылдыңың, же чындыгың билбедим...

*(«Ак чуч», 1957)*

## САГЫНГАНДА

Алкынган атчан ак калпак,
Кыргызымды сагындым.
Ай тийсе тоого жашынган,
Жылдызымды сагындым.
Ар дайым эстеп кат күткөн,
Бир кызымды сагындым...

* * *

Шаркырап аккан кашка суу,
Сагындым, сага барсамчы.
Шарпылдап жаткан жээгиңден,
Чаңкадым, жута кансамчы.
Агының менен бир учкан,
Ак чардак болуп калсамчы...

(«Ак чүч», 1957).

* * *

Ай сулуу! Армандамын канбай кумар,
Баары бир келбеттериң эске турар.
Заманым сүйүү эркин мага берген
Өзүңдөй бир кара көз да бар чыгар.
Кааласаң жүрөгүңдү бийлер элем,
Кантейин, ага кандай укугум бар?!

## СҮЙГӨНҮМДҮН СҮРӨТҮНӨ

Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай…
Кылгырбачы, койчу, мени карабай?!
Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,
Куса болдум сагынганым тарабай.
Үн жок, сөз жок. Томсоросуң турасың,
Ыйлап-ыйлап улутунган баладай…

*(«Ак чуч», 1957)*

## МЕЗГИЛИМЕ

Жашчылык, өрт экенсиң жалындаган
Албырып, алоолонуп балбылдаган.
Шат турмуш, оюн-күлкү, шаң тамаша,
Таптакыр тажатпаган, тандырбаган!

Жашчылык, сүттөн таза дениң кандай,
Арстандай алга чапкан демиң кандай,
Чынардын чырпыгында булбулга окшоп,
Таптаттуу, тамашалуу кебиң кандай!

Жашчылык, ийилбеген шагың кандай,
Сак турган эл коргогон сабың кандай,
Жашчылык, жандан ашкан укмушсуң го,
Асмандан атылышкан чагылгандай!

Жашчылык, ар бир ишке шыгың кандай,
Баш ийип бардык өнөр жыйылгандай,
Кыз-жигит кырка басып каткырышып,
Көңүлдү көкөлөткөн ырың кандай!

Жашчылык – кандай ардак, кандай үмүт,
Эмгек мол заманында ойноп-күлүп,
Кыз-жигит каткырышат, кат жазышат,
Алпештүү айлуу түндө бирге жүрүп.

Жашчылык, заманында кааласаң бар,
Эрмегиң – ардак эмгек, тамашаң бар.
Иш сенде, иштөө сенде, эрик сенде,
Тептегиз телегейи таразаң бар!

Жашчылык, айлуу чалкар көлдөрүң бар,
Айгайлап аккуу, чүрөк, өрдөгүң бар,
Кыз-жигит сүйүү, жүрүү өз эркинде
Ай жүздүү, кара көздүү мөлмөлүң бар.

Жашчылык, таалайың бар, талантың бар,
Кайраттуу кайышпаган адатың бар,
Бардык иш, бардык өмүр өз колуңда
«Асманга учам» десең канатың бар!

Жашчылык касиеттүү турагың бар,
Ата-журт, өлкөм деген ынагың бар.

Жаштыкты жадыратып нурун төккөн
Сталин – өчпөс чолпон чырагың бар!

*1938-ж., 24. II*

*( «Гүлдүү жаштык» -ЛЖ.,1938, 10-03;*
*«Таалайлуу жаштар» – КК.,1948, 17-окт.)*

## КАНАЛДА

Көгөрөт асман туптунук,
Көрүнбөйт анда бир булут,
Эмгекке эрмек салкын жел,
Ээлигет, ойнойт удургуп.
Эркелеп күнгө жаркылдайт,
Эч тынбай кетмен урулуп.
Ошондо жүрөк ойготту,
Обондуу бир үн угулуп.

Шыпылдап баскан бир келин,
Түрүнүп койгон билекти.
Балбандыгы билинет,
Батыра сайып күрөктү.
Баятан турган түз жерди,
Бат эле казып түгөттү.
Шыңкылдап күлүп, үн созот,
Шыктандырып жүрөктү.
Шылкыйып жүргөн жалкоону,
Шылдыңдап жатып жүдөттү.
Жагалданып ыр ырдайт,
Жаркылдап күлүп кубанып.
Жанына сайып коюптур,
Жаңы эле кызыл туу алып.

Жан жыргаткан салкын жел,
Жалмалайт тууну буралтып.
Жайдары келин жаш жеңем,
Жадабайт иштеп шыманып.
Жалтылдап мончок тер агат,
Жаагынан ылдый куланып.
Жан чыдабай, ич жылып,
Жактабай кантип туралык.
Жалпы калк, кулак түргүлө,
Жаркындын ырын угалык!

«Кара кум жүрүп чөлдөсөм,
Кандыра жутчу, саамалым!
Аптапка түшүп тердесем,
Адырдан сокчу, шамалым!
Саамалым сенсиң каналым!
Тердеп-тепчип терикпей,
Тез бүтсүн деген талабым!

Алыстан келип эс алсам,
Алчалуу-шактуу дарагым!
Акактап жаткан талаага
Суу алпарчу жарагым!
Жарагым сенсиң, каналым!
Дарагым сенсиң, каналым!
Жан дилим менен берилип
Жакында бүтчү талабым!»

-Деди келин үнүн созду,
Үнүн созду басылды.
Коодой болуп канал ичи
Билинбестен казылды.

Муну көрүп бир кубандым,
Бир кумарым жазылды.

*«Каналдагы ыр», ЛЖ., 1941, 5-июнь*

## ШҮҮДҮРҮМ

Кең жайлоо чатыраган күчкө толуп,
Калдайып колхоз айлы катар конуп.
Уй онтоп, кой короодо, жылкы төштө,
Байлыктын, берекенин көркү болуп,
Жата албай жаңы турган кезим эле,
Таң жели ичиркентип бетке согуп…

Жүрөккө шык кошулуп болуп ташкын,
Унчукпай нары бастым, бери бастым.
Шүүдүрүм мөлт-мөлт этип бутка тийсе,
Элеси келе түштү мончок жаштын…

Кирпиктен бетке кулап келаткансып,
Селт этип, жалпак ташка чыга качтым.
Бет эмес, жалбыракта жашты карап,
Ой менен дептеримдин бетин ачтым…

*(«Ак чуч», 1957)*

## КОҢУР КҮЗ

Буркурап согуп күзгү жел,
Буудайдын башын жайкаган.
Тамаша, эмгек, береке
Талаанын бети жайнаган.
Кыз-келин  кызуу орокто,

Кызылдан жоолук байлаган.
Керемет артык коңур күз
Келипсиң эми кайрадан!

Балкыган ысык жай менен
Балапан өсүп жетилди.
Энеси менен кошо оттоп,
Ээлигип кулун секирди.
Сармашаа, чиркей, көгөндү
Салкын жел айдап кетирди.
Моокумдан чыга тосуп көр,
Мончок тер аккан бетиңди.
Салкыны сонун коңур күз!

Каймактай семиз кой-козу,
Капталды беттеп жайылган.
Каткырык-күлкү угулат,
Карааны сонун  айылдан.
Бупбуурул тартып Ала-Тоо
Булутка башы сайылган.
Сапсары болгон жалбырак
Самсаалап түшөт кайыңдан.
Коюнга батпай береке
Коңур күз артык жайыңдан!

Толукшуп жан-жак май болуп,
Толкутат экен акынды.
Асманга шилтеп кызылын,
Абамдар кырман сапырды.
«Алтын күз келип калды» деп,
Алтымыш айры акбугу,
Алда  кайдан чакырды.

Алып келдиң коңур күз
Айлына  эмгек жыргалын.
Кызыл томпол тоосундай,
Кызылга толду кырманым.
Ак төөнүн карды жарылып,
Арзый турган кырдалым.
Ар дайым келчү коңур күз.
Ардагыңды ырдадым.

*КК.,1947, 5-10. («Ак чуч», 1957)*

## КЫШТАКТАГЫ БИР ЭЛЕС

Июнь айы, түн сонун тынч үргүлөп,
Бактылуу кыштак уктаганын билдирет.
Жаш теректин жалбырагы тынчыбайт,
Анча-мынча  сыдырымга  дилдиреп.

Түн көшүлөт, «бир аз сергип алсын» – деп
Күндүз кечке тынчыбаган булчуң эт.
Эмгек ээсин эркелетип уктатат,
Мамык төшөк магдыраган ак шейшеп.

Түн мелтирейт, кенен жайып кучагын,
Булбул ээлеп жаш теректер бутагын.
Токсон тогуз толгоп, күүсүн сайрашат:
«Таң аз калды. Таттуу түш көр, уктагын»…

Бир аз турсаң, күн чыгыш жак шаңданат,
Супа салып, супсулуу таң агарат.
«Козгол!» дешет короолордон короздор,
Жар салышат канаттарын сабалап.

Дайым уйку – жалкоого жол бербеген,
Ичиркентип бетке тийген жел менен.
Эрте туруп, терезесин ачышып,
Чака чайкап, уюн саашат көп жеңем.

Бака-шака күлкү аралаш жаңырык,
Бак кыштактан элдер чыгат жабылып
Келин, жигит, кары-картаң колунда
Кетмен, күрөк, койгон жерден алынып,
Таң тамаша талбай талаа бетинде
Ким кетпесин ушул элден кагылып!..

*(«Ак чуч», 1957)*

## ЖАЗДЫН КӨРКҮ

Үйүңдөн чыга калсаң эртең менен,
Селт этип, салкын желге сергип денең.
Керилип, көз ушалап, уйкуңду ачып,
Чыгыштын бир сөөлөтүн көргөн белең?

Нур чачып, кыз бетиндей болуп асман,
Тоо башы чагылышып аздан-аздан.
Билинбей нурун төгүп, күн жарк этет,
Жүрөктөн лириканы шондо жазсаң.

Канчалык болсо дагы сабырың суз
Эриксизден кытыгылайт айлана туш.
Жарк-журк деп соко тиштер кыртыш тилип,
Чер жазат жайнаган эл кандай укмуш!

Трактор тынчыбастан түтүн бүркүп,
Үнүнөн мала тарткан аттар үркүп.

Айдоодо бригадири, агроному
Жүрүшөт анда-санда терин сүртүп.

Эмгектин толкунунда кулач керген,
Кубанып ким айланбайт биздин элден.
Жыргалдын булагынын урматына
Жыл сайын мол түшүмүн ала берген.
Боз торгой такыр болбой канат элеп,
Чулдурап, жерге конбой, бирдемелеп.
Мал төлдөп, келгин келип, күн чымырап.
Эмгектин эбегейсиз көркүн берет.
«Жарыктык жакшы чык!» – үрөнчүлөр
Айдоого ак берметтей данды себет.

*(Архивде жана КК,.1949, 17-апрелде*
*«Колхоз жазы», «Эмгек жазына»*
*(1947) 7 гана сабы окшош.)*
**(«*Ак* чүч», 1957)**

## ТЯНЬ-ШАНЬ

Береке!
Байлыкка мол Ата Мекен.
Жүрөккө бардыгынан жакын экен.
Тянь-Шань!
Деген бир сөз ойго түшсө,
Мээ сергип, медер калып толкуп кетем.

Жеримдин суусу – дары, таштары – алтын,
Жыргалда, эркиндикте жашайт калкым.
Таайлага тандап туруп жаралгансып,
Тянь-Шань кышта жылуу, жайда салкын.

Ар дайым алыс жүрсөм сагынамын,
Ардагың артык мага – Тянь-Шаным!
Көңүлдү көтөрүлткөн көрк эмеспи?
Ителги имерилген көк асманың.

Мөңкүшүп мөл кашка суу өзөн сайың,
Кулакка симфония берет дайым.
Бейкутка, берекеге белги берип,
Термелет тентек желге арча, кайың.

Жай-кышы бел кырчоодон чөпкө калың,
Кең Жумгал, Кара-Кочкор, Аксай, Нарын.
Кой маарап, бээ кишинеп ар өзөндө,
Бай элим күтүрөтүп айдайт малын.

Балбылдап жылдызыңдан жагылат шам,
Болбостур сөөлөтүңдү сүйбөгөн жан.
Өсө бер, өркүндөй бер, таалайың бар,
Партия көркүн ачкан кең Тянь-Шань!

*КК.,1948,13-июнь; Сов.Кырг., 1957,17-ноябрь.*
*(«Ак чуч», 1957)*

## СҮЙГӨН ЖЕРИМ

Сүйгөн жерим, күндө гүлдөп байыдың,
Береке мол, токой, тоо-таш жайыгың.
Качан көрсөм сүйгөнүмө теңеймин,
Капчыгайдын суу бойлогон кайыңын.

**Кайыруу:**
Жеримдей жерди таппаймын,
Өз жеримди мактаймын.

Кашыктай каным калганча
Мекенимди сактаймын!

Сүйөм жерим! Сүйгөн Ата Мекеним,
Билесиң го элиң баатыр экенин.
Бал татыган кашка сууну кечирип,
Чоочун бутка ылайлатат бекемин?

**Кайыруу:**
Жеримдей жерди таппаймын,
Өз жеримди сактаймын.
Таңдайдан даамы кетпеген,
Бал сүтүңдү актаймын!

Сүйөм Волга, сүйөм Сибирь – энесиң,
Кавказ, Крым, сага ким жер теңесин.
Караанындан кагылайын Ала-Тоо,
Калкып жаткан кандай сонун немесиң!

Кайыруу:
Жеримдей жерди таппаймын,
Өз жеримди сактаймын.
Таңдайдан даамы кетпеген,
Бал сүтүңдү актаймын!

Сүйөм жерим, өлсөм сен деп өлөмүн,
Өз уулуңмун, өзүң мени төрөдүң.
Булбулу көп токоюмдун чырпыгын,
Душманга мен кантип ыраа көрөмүн!

Кайыруу:
Жеримдей жерди таппаймын,

Өз жеримди сактаймын.
Таңдайдан даамы кетпеген,
Бал сүтүңдү актаймын!

Сүйөм жерим, ажырасам сагынам,
Коргойм сени, артык көрөм жаныман.
Кыргын салып душман жерин бассам да,
Сага дегдеп карааныңа жалынам!

Кайыруу:
Жеримдей жерди таппаймын,
Өз жеримди сактаймын.
Таңдайдан даамы кетпеген,
Бал сүтүңдү актаймын!

*(КК.,1949,27-февраль)*

## ЭЛЕСТЕТЕМ

Турмуш жыргал кантип жашка канамын,
Улуу жашты улам келет самагым.
Бирок дагы жылып жылдар өтүптүр,
Ээн олтуруп эми артымды карадым.

Өзгөрүлгөн, өлчөп болбойт аралык,
Санап көрсөм санаам алыс таралып,
Бей капарсыз коштоп келип далайга,
Колун шилтеп кеткен экен балалык.

Өткөн күндөр жел закымдай аркырап,
Өчпөс болуп жүрөккө из калтырат.
Эреркетип элжиреткен элестер,
Көркү келип, көз алдыма тартылат.

Ойлоп көрсөм эң кичине кезимден,
Тентек элем тынчыбаган, эсирген.
Жайлоодогу салкын булак боюнан,
Нечен жолу суу мылтыктар кесилген.
Чырпык минип, балапанды куш кылып,
Жүргөн кезим кантип чыгат эсимден.

Көздү жумдум көп нерсени эстедим,
Жыргал элес такыр эстен кетпедиң.
Анда-санда ич бышырат көрүнүп,
Заңгыраган жасалгалуу мектебим.

Кээде туюп, кээде билбейт сезимим,
Желдей желген убакыттын тездигин.
Качан болсо кадыры артык көрүнөт,
Каткырыктуу комсомолдук мезгилим.

Элестетем, эркке койбойт көп күндөр,
Тагы кетпей жүрөгүмдө көп жүрөр.
Ушул кезде улутунтуп курутат,
Уялчаак кыз, уйпаланган көк шибер.

Талаша албайм тагдырыма жыгылам,
Оодарылдым отуз жаштын кырынан.
Бошко кеткен нечен күндү эстесем,
Капа болом, карагаттай сыгылам.

Койгун, үмүт, эми он бешке теңелбе
Кетти жаштык кайра келбес тереңге
Жаным күйөт жашпы десем бирөөнү:
– Жок жаш эмес, сиз куректуу – дегенде.

Кош жашчылык, бир коштошуп калалык
Картаю парс бул дүйнөгө жаралып
Кош айтууга оозум барбай турса да
Кош бол, эми, касиеттүү, балалык!
Качан гана кыз көз кырын салганда
Кап дегизет кара чачым агарып.

*(«Ак чуч», 1957)*

## САГЫНДЫМ
***(Келиндин ыры)***

Санаамда турат элесиң,
Сагындым качан келесиң,
Сандаган жоону жеңгенче,
Сабыр кыл, жаным, дегенсиң.

Толкунга тосуп жанымды,
Токтотуп жүрөм сабырды.
Токтотом канча десем да,
Толгонуп жүрөк сагынды.

Антымды толук билесиң,
Алтыным, эсте жүрөсүң.
Алышып ойноп ар дайым,
Алдамчы түшкө киресиң.

Канчалык сынап жүрөктү,
Катарлап жылдар, күн өттү,
Каниет кылып караймын,
Качанкы түшкөн сүрөттү.

Жалдырайт сүрөт кенебей,
Жаш алган көздү элебей.
Жакындап, жыттап сүйлөшөм,
Жапжалгыз жинди немедей.

*( «Ак чүч», 1957)*

## «АКЧҮЧ...»

### I

Рас,
 Аялдар
  Биздин коомдо чоң күч
Бирок,
 Арасында (анда-санда) бар:
  Ак кол
  «Ак чүч».
Аккол дейбиз,
Ал анткени –
Колу тийбейт
Оор же кара жумушка.
Эзелтеден эби келбейт
Кечирээк жатып, эрте турушка
Чоочунча коомай карашат
Коомдук жана үй турмушка.
Эри «эриксизден» эч нерсе айта албайт
Тарелканы
Асманга ыргытып урушса.
«Акчүч!» дейбиз,
Ал анткени –
Бир демеге

Ачуусу келсе эле,
Жата кетет үшкүрүп.
Күйөөсү «акчүч, жаным!» деп турат,
Кокус калса чүчкүрүп.
«Байкуш» эри,
Көптөн бери
Сырын алдырган –
«Музоосунда сүздүрүп»...

**II**

Жолдош окуучулар!
Сиздер ойлобогула:
«Булар
Күнгө күйбөс,
Суук тийбес,
Жерде багылган».
Алган
Жардан сыймык көрүү –
Ал аялдын «багынан»
Ошондуктан,
Аккол жеңе –
«Багы» менен кабылган.
Аны
Жары
Артык көрөт жанынан.
Айланып
Көзүнүн агынан,
Сылап турат далыдан,
Мына ушундай
Эркелетет абыдан.

**III**

Ошенткен сайын,
Күчөп дайым.
Ал жөн эле ак маралдай керилет.
Өз төшөнчүсүн
Өзү жыюудан эринет.
Басса бир жакка,
Же бир чака –
Суу алып келсе,
Долондун белин ашкандай
Демигет.
Күндө жеген тамак,
«Күнөкөр» немедей болуп,
Араң жагат.
Кээде этти танат,
Кээде нанды танат,
Кээде котлет,
Кээде салат –
Каймагы жок болуп калса,
«Каран түндү» ошондо
Салат…

**IV**

Эрмеги күзгү –
Улам карап
Деги,
Өзүнө-өзү
Качан канат?
Биринин жеңи,
Биринин ирeңи –

Туура келбейт
Же жибек
Же баркыт халат.
Дагы күзгүгө барат.
Анан кантип балдарына көз салат?
Аларды «прислуга» багат.
Эң кичүүсүн,
Эки күндө –
Бир колуна алат.
Кайсы бир баласынын
Канча жашка келгенин –
Унутуп да калат.

**V**

Бийик така,
Жапыс така,
Венский така,
Жыйырмадай жыйылып жатат –
«Босоножка»
«Танкетка»,
Кайырма жака,
Ачык жака,
Туюк жака,
Мүчөсү,
Же өзү
Жарашпай калса,
Анда портной ката!
Күзгүгө да капа,
Өзүнө да капа.
Көзүнө жаман көрүнөт,
Эки эле жума
Мурда алган шляпа…

**VI**

Өкмөт бергенби,
Же төркүнүнөн келгенби,
Айтор «Победа» минет.
Жаңы пальтого топчу издеп,
Базарга машина менен кирет.
Майда жумушка:
Кээде бир кило тузга
Минет.
Уят экенин,
Уят эмес экенин кайдан билет?..
Күйөөсү
Калгысы келбейт –
Анын «каарына»,
Макул болот баарына.
Антпесе,
Адаты бар таарынма –
Өзү минет,
Өзү билет,
Дароо кетет –
Кыштын күнү:
– дарбыз сатылып жатат – десе –
Нарында!..

**VII**

Өмүрүндө
Оорубаса да ырымга.
Бир ай,
Эки ай
Курортко барат жылына.

Же Кавказга,
Же Крымга,
Чынында
Чыдай албайт да (?!)
Жайкы чаңга,
Чымынга.
Экиленет,
«Оору» деп
Жүрөгүн,
Кабыргасын,
Бөйрөгүн.
Путевканы алат,
Чемоданга салат –
Курортко кийүүчү
Он бештей көйнөгүн.
«Ак чүч!» жеңе менен
Аккол жеңе –
Жолугаар замат эле
Сүйлөшкөнү соода
Же болбосо мода!
Бирөөнү ушактайт,
Биринин сөзүн – бири мактайт,
«Ушундай», «ооба...»
– Баланчанын аялы –
Алыптыр жибек килем.
– Ооба, кокуй,
Ошонун баркына жетип урунабы,
Анын
Сырын билем...
– Баланча кечээ кызматтан түшүптүр
– Түкүнчө,
Түндө мас болуп теректи сүзүптүр.

– Баланча –
Болот дейт министр.
– Он алты министерство
Биригиптир.
– Меники орунбасарга илиниптир.
– Баланчанын,
Акча жегени билиниптир.
– Менин эрим,
Билбейм кайда иштээрин,
Ушуга жүрөгүм «зир-зир»
– деле кызмат берилер бир,
Капа болбой жүрчү, жерге кир.
«Ак чүч!» жеңе,
Аккол жеңе
Билимдүүсүнүшөт эң эле.
Же иштебейт бир жерге
Араң билишет
Китептин атын,
Канчалык окуганын,
Көрөсүң –
Байкап турсак акырын:
– «Евгений Онегинди» жазыптыр –
Чехов деген акын.
Пьеса жазуу жагынан,
Лермонтов,
Тургеневге жакын.
– Сизге кайсы жагат? – деп
Сурасаң.
Дароо жооп берет:
– Эң жакшы экен,
Маяковский жазган роман!
Биз айтышыбыз керек

Түптүз эле бетине:
Күнөө «селкиде»
Жана «беркиде»
Эрлери коомго жек көрүнөт
Жетелетип коюп,
Аккол, «ак чүчтөрдүн»
Эркине!..
Элдик лакап,
Айтылган так –
«Айып –
Кемтикте гана эмес,
Керкиде!»
Биз буларды сынга алсак,
Жүрөгү түшүп калмакпы?
Ансыз деле
Чыдап келдик
Кесе тиштеп бармакты
– Мен киммин? – деп
Күзгүсүнөн сураса:
– Аяй!!! – деп
(Айтар эле айнек)
– Сен, жатып ичер жанбакты
Жеке эле
Мени тиктебей
Карасаң боло
Элди,
Жерди –
Жан-жакты
Төмөн түшүрбө,
Советтик аял деген ардакты!
Рас,
Аялдар биздин коомдо чоң күч!

Бул чоң күчкө качан кошулат
Өзү
Куштун көлөкөсүндө тоңгон,
Элге күлкү болгон
Ак кол, «ак чүч!!»

## КОШОМАТЧЫ

Жолдош
Окуучулар,
Эсиңиздерде
Бар чыгар,
Чехов жазган «Хамелион»
Учурунда «Хамелион»
Болуучу
Жалгыз эмес, миллион.
Ал заман,
Эчак жоголгон.
Бирок,
Арабызда азыр да бар
Саркындылар
Ошондон.
Андайды биз да айтабыз:
«Хамелион»
Баары бир кошоматчы болгон соң,
Ошондуктан,
Чехов Антон
Келиштирип,
Ат койгон.

Жолдош окуучу,
Эмкини

Эскинин копиясы деп жүрбө,
Азыркы «Хамелион»
Өңү да,
Өзү да,
Башкача түрдө.
Булар бизде,
Жолугушат,
Анда-санда.
Жүрүшөт өзүнүн начальнигин,
Же анын жээн-таякесин
Чукул жандап.
Булар кылыгын
Сыртка чыгарбайт дуу,
Өзүлөрү куу,
Кошоматты сүйгөндөрдү,
Таап алышат тандап,
Кайсы бирөөлөрдү алдап,
Отун-суусун,
Оңой эле.
Беришет камдап.
Мына ушул кошоматчы,
Начальнигине ичи ысып,
«Мага келсе экен» дейт,
Сизге тийген кырсык.
Кошоматчынын –
Сөзү «сылык»
«Аксакал» дейт,
Фамилиясына тили келбейт,
(Анткени аны тергейт),
Акындыгы жетпейт,
Болбосо –
Жөн эле мактай бермек ыр кылып.

Жыйналышта,
Эчак
Жазылат жарышка,
Сөз алат,
Трибунага барат,
Адегенде,
Астыртан мактай турганын карап,
Анан,
Элге көз салат.
Колунда кагазы
Барак-барак,
«Аксакалынын» ишин,
Сынга алган болот азыраак.
Фактыларды,
Процентти
Бармак менен санап.
Кээ бирөөнү мойнуна алат,
Кээ бирөөнү
Кашкая эле танат.
Суудан жутат,
Таңдайын таптап.
Баштайт
«Аксакалын» мактап,
Ошол кезде элди карабай,
«Эмне деп жатат»
Дегенсип,
Улам бат-бат,
Президиумга бурулат
Кылчактап.
Токтот десе да болбойт,
Трибунду бек кучактап.
Кошоматчы,

Өзүң айтчы,
Сени жакшы көргөндүн –
Өзү кошоматчы.
Ойлосоң керек,
«Менин,
Кылганымды көпчүлүк сезбейт»
Биздин заманда,
Сага,
Эмне жетпейт.
Кошоматың койбосоң,
Коом сени жектейт!

## СИЗГЕ АЙТАМ

«Кимге айтам?» – деген
Ыр бар элде.
Мен «Сизге айтам»
Деймин эмесе!
Мындай ырды ырдабаса.
Адам күйүп кетет экен
        Эң эле…
Жолдош окуучу!
Бул сөз жалпыга дебе!
«Сизге айтамды»
Сиз дегеним өзү билет,
Ал биздин коомдо –
  Сейрек учурай турган неме.
Кана эми,
Сизге айтам!
Чычалабай,
Азыраак жай,
Сабыр кылыныз жолдошум.

Билесиз го өз – өзүн сыноонун
Зыяны болбосун.
Ичиңиз күйүп уукпаңыз
Сын сизге–
Эмес го уу коргошун?!
Биздин максат,
Айтабыз так –
Төмөнкү сөз
Сиздин сезимиңизге орносун.
Кана эмесе,
Көңүл коюп ук жолдошум.
Биз өзүбүз көрүп турабыз,
Сизди эч ким айтпайт
Ушактап.
Бизде такыр ой жок
«Жылдырбайлы –деген–
Тузактап».
Албетте,
Айткан кепке–
Бала эмессиз ыйлап жиберчү бышактап.
Көптү көрдүңүз,
Көп иштедиңиз,
Же жашыл,
Же кызыл
Столду кучактап.
Эми,
Адам ар кыл кабар угузат турбайбы.
Сизде бар
Бир жаман адат.
Ошол адат качан калат?
Санайсыз–
Жакыныңызды берирээк,

Башкаларды нарыраак.
Деги кетпейт
Жакындарыңыз жаныңыздан тарап,
Тим эле»кукулуктайсыз»
Балапан
Баскан тоокчо карап.
Алар үчүн эң эле жылуу
Сиздин колтук–эки канат.
Өзүм дегенде,
Өбөктөп өлөсүз,
Өзгөнү
Өгөй баладай көрөсүз,
Жалгыз жерде
Жаркырап пейилди төгөсүз.
Чогулушта «жөжөлөрүңүздү»
Жөн эле сөгөсүз
(Беркилерди
Бетинен өбөсүз)
Тегерегиңизге таратасыз–
Жээнди жездеге,
Жездени
Кудага курап.
Бөтөнчө уламасыз,
Бөлөңүздүн,
Бөлөсүнүн,
Бөлөсүн сурап.
Мына,
Ушу эмеспи ынтымак!
(Бирине–бирин кынап)
Жээниңиз завмаг болсо,
Жездеңиз завсклад.
Бири эшиктен алса,

Экинчиси тешиктен жулат.
Кээси растрат,
(Акчага сынат)
Кээси жөн эле кулайт.
Болду, эми кесилет десек:
Кайра башка кызматка турат.
Кокус которулсаңыз
Кошо кетишет,
Артыңыздан чубап.
Жаман көрбөңүз,
Жылуу эле
Жаны бар дебесе–
Мааниси бош «жөжөлөрүңүз»
(Жөндүгүн
Көрөөр элеңиз,
Жөлөбөсөңүз).
Алардын
Былык иши билинерде,
Кодекстин
Бир статьясына илинерде,
«Күкүрүкүк күк.
Куш айланды ук!»
Дейсиз тигилерге,
Анан
«Балапандар»
Жашынышат
Бири бул жерге,
Бири тиги жерге.
Өзүңүз да
Чочулайсыз элең–элең.
Алар үчүн:
«Баланча айдан –

түкүнчө айга чейин
Иштеди деген–
Характеристика белен!
«Бошонду –дейсиз–
Өзүнүн арызы менен».
Кайда калды
Ичкен, жеген?
Деги болобу,
Жакындарыңызга ченем?
Айтмакчы,
Дагы бир айыбыңыз,–
Өзүңүз,
Мекеме башчысы болсоңуз,
Кассир болуп иштейт зайбыңыз.
Ошентип,
Бүт чогулат
Өзүңүз
Өсүп өнгөн айлыңыз.
Сизди,
Шамал алып кете тургансып,
Мынчалык неге–
Тамыр– бутагыңызды жайдыңыз?
Жакыныңызды
Жайлаштырамын деп.
Жакшы иштеген
Нечен
Кызматчыны жыга сайдыңыз.
«Капка шибеге катабы–
Бул жорук билинбей жатабы?»
«Жөжөнү»
Жөлөөнү коюңуз.
Мейли болсун,

Кара чечекей кайныңыз,
Мен сизге чындыкты айтам–
Бул оорудан айыгыңыз!

## БЮРОКРАТ

Ууру,
Ушакчы,
Кошоматчы.
Ушулардын бардыгы
Капитализмдин калдыгы.
Дагы бирөө –
Ал – бюрократ!
Анын турпаты –
Дароо эле билинип турат.
Салам айтсаң,
Араң –
Башын ийкейт көңүл улап.
Үстүнө кирсең,
Газета окуп жатып –
Сени карабастан колун сунат.
Сөзүңдү,
Таптакыр –
Көңүл койбой угат.
Бюрократ,
Мына ушундай чунак!

Мен,
Ушундай типтен –
Бирди билем.
Кабинети жасалга,

Жумшак диван,
– Килем.
Ал кишиге,
  Үч-төрт күн жүрүп,
    Араң кирем.
Иштеген иши:
  Же ЗАВ,
    Же ГЛАВ,
      Же директор.

Айтор
«Чоң!»
Деги киресиң да,
Жумушуң бар болгон соң.
Бирок,
Сөзүңдү айттырбайт,
«Шаңгыр» деген сайын –
Жарым сааттан сүйлөшкөн телефон.
Ушинетип,
Олтурганда бюрократ.
Ага кирүү үчүн,–
Эшикте толгон эл турат.
– Бошодубу? –
Секретардан сурап.
Ошол кезде
Дагы башка жак менен сүйлөшөт.
Телефонду улам бурап.

Бюрократ,
Мына ушундай чунак.
Бир жумушту,
Бир ай сүйрөйт эң кеми.

Бирок,
Чыдайсың,
Улам тырмайсың желкеңи.
Ал үчүн,
Суук да эмес,
Ысык да эмес,
Ошондуктан түгөнбөйт,–
Бюрократтын «эртеңи»

Ал «сүрсүтүп» катып салат,
Эмгекчилердин арызын.
Бурчтарына,
Кол койгон болот,
Окубай туруп баарысын.
Сурап калсаң:
– Эчак жооп берилген деп,
Куушуруп коёт далысын.
«Кирген из бар,
Чыккан из жок».
Дегендей,
Ал арыздар,
Кайра кайдан табылсын?!
Бюрократтын,
Дагы бир мүнөзү:
(Буларга,
Мүнөздүү болот бул өзү)
Заматта,
Таанызбай калышат –
Кечээ эле,
Окууда,
Же армияда,
Бирге жүргөн жолдошун.

Бат эле,
Басыгын таштап,
Чыгара баштайт «жоргосун».
Жупунулук,
Унутулуп,
Муздак гана –
Мамиле кылат тоңдоосун.

– Сизди кайдан көрдүм эле – дейт,
Үйүндө сүрөтүң –
Турса да илинип.
Ушундан турат –
Бой көтөргөнү билинип.
Айласыздан айткың келет:
Тааныбай калдыңбы, сен?
Баягы эле мен!
Келген жокмун –
Өлүп, кайра тирилип.
Мына ушул бюрократ,
Качан,
Кызматтан,
Түшсө кулап,
Жолугар замат,
Мурун эле колун сунат
Ошондо сага көңүл бурат,
Жаны калбайт,
Өзүң түгүл,
Кайындарыңдын –
Ден соолугун кошо сурап.
Бюрократ,
Мына ушундай чунак!
Булардын мүнөзү,

Эскиден калган.
Мындайды
Жек көрөт биздин заман.
Таза денемде,–
Болсун таза кан.
        Аз учураса да,
                Жоюлсун,
Коомубузга кереги жок! –
        Бюрократ адам!

*Кл. сахна, 1954, №1*

## ЧАЛКАН ДОС!

Ассалоомалейкум,
        Чалкан дос!
Айта турган көп сырым бар
        Кунт коюп ук –
                Кулак тос.

Элиң кубанат.
Чыкканыңа,
        Кол чабышат ураалап.
Калемиң курч,
        Калемпирлүү тилиңден
Калдыктарды,
Каарып өт деп суранат.
Дагы эле бар,
        Бир карын майдын
                Арасында «кумалак»
Мына ошолорду
        Айдап чыгалы кубалап.

Арабызда акыр-чикир,
Ар түрдүүгө бөлүнөт.
Бири куу болсо,
Экинчиси –
Момун болуп көрүнөт.
Кээ бири кежир болсо,
Кээ бири
Тулку бою менен
«Ишке чөмүлөт»
Бирок пайдасынан,
Зыяны көбүрөөк.
Бирөө бар:
Нечен жолу капкандан,
Качып чыккан
Түлкү!
Каткырыгына ишенбе!
Карынында жатат
Кадимки күлкү.
Буларга түгөнбөс күлазык.
(Жеп жатса да казып)
Коомдун мүлкү.
Ушундайды тап,
Ушуларды чак,
Чалкан дос!

Бирөө бар:
Көкүлүнүн асты –
Бөксө болгон менен,
Көкүрөгү бийик.
Көзү эч кимди көрбөйт
Мурду булутка тийип.
Салам айтсаң,

Салмактанат
Араң башын ийип,
Өтө көйрөң!

Күн бүркөө болсо да,
Күрөң көз айнек кийип.
Ушундайды тап,
Ушуларды чак,
Чалкан дос!

Бирөө бар:
Кошомат үчүн
Жаны элеп-желеп,
«Чоңдун» тегерегине айланат,
Өзүң –
Парвана көпөлөккө теңеп.
(Карап туруп,
Кыжырың келет).
Өз баласынын оюнчугун
«Начальниктин»
Баласына жулуп берет.
Ушуларды тап,
Ушундайды чак,
Чалкан дос!

Бирөө бар:
Турмушту оюнчук көрүп,
Аялдан – аялды тандаган.
(Албетте
Аялдарда да бар
Тигилерден кем калбаган).
Ар кайсы жердеги балдарын,

Эсине албаган.
Алименттен аарыдай качып,
ЗАГСты алдаган,
        Ушундайды тап,
                Ушуларды чак,
                        Чалкан дос!
Бирөө бар:
        Аракеч.
                Иш кылбайт эч.
Кызылдай мас, эртели кеч.
Келте ооругансып,
        Өңүнөн азган.
Көлкүлдөп,
Көзүнүн астын шишик баскан.
Колу калчылдап,
        «А»нын ордуна
        «Б»ны жазган.
Бөтөлкөнү көрүп,
Шилекейин жуткан.
Коомдун ишин унуткан.
        Ушуларды тап,
                Ушундайды чак,
                        Чалкан дос!

Бирөө бар:
        Коом менен кошо өспөй,
Кокуй болуп,
        Эски конушта жүрөт.
Өзүнө – окумуштуу болуп көрүнөт:
Жыйырма жетинчи жылы –
Чач коюп түшкөн сүрөт.
Коён жүрөк,

Чүнчүп жүрөт,
    Өзүнөн-өзү жүдөп.
Аяк өйдө көп көтөрдүк
    Колунан да, бутунан да сүрөп.
    Ушуларды тап,
    Ушуларды чак,
    Чалкан дос!
Чалкан дос,
    Сөзгө кулак тос!
Өлкөбүздө өсүп жатат
    Илим, билим.
Эгер тоскоолдук кылса,
    Кимде-ким.
Чагалы,
    Кашынталы,
Койбойлу тим.
Сенин күзгүңдөн көрсүн
    Бири-бирин.
Ошондуктан,
    Октой таамай,
Тарткан жаадай
    Курчусун тилиң.
Доско туу бол,
    Душманга уу бол деп,
    Колуңду кысып бек –
Мидин.

*Чалкан, 1955, №1*

## КИТЕП ЖАНА ЭРКИНБЕК

Рас,
Биздин Эркинбек

Магазинден алат
Нечен түрдүү китеп

Ал,
Биологиядан.
Географиядан,
Адабияттан,
Маданияттан
Баарынан жыят.
Сандыкка салат,
Терезеге жыят,
Антпесе –
Кай жакка сыят?
Бирок,
Биздин Эркинбек,
Окуймун деп,
Ачып карабагандыгы уят.

Анын үйүндө:
Пушкин,
Некрасов,
Толстой!
Томдор толуп жатат –
Ой, о-ой.
Бирок, Эркинбек,
Окубаган соң
Кантет анан –
Кары Толстой? –
Капа болбой!
Бир күнү Эркинбек,
Алып дагы,
Жаңы

Китеп,
Жаңы китеп,
таң калды,
эски китептерди тиктеп.
Чочуп кетти,
Жүрөгү «дик» деп.
Себеби:
Көбү турат кирдеп,
Бир тобун таштаган
Жөн эле бүктөп.
Саламдашып туруп,
Жаңы китеп сурады:
– Эркинбектики болосуңарбы
Ушунун баары?
Эмне үчүн шыпырылбайт
Үстүңөрдүн чаңы?
Көп туруп калгансыңар го
Өңүңөр сары?
Болсом да жаңы,
Силерге окшобосом экен
Мен дагы.
Анда жооп берди бир китеп:
– Ой досум,
Айтпагын аны,
Биз дагы,
Сендей болгонбуз жаңы,
Бизди Эркинбек
Аларын алат,
Мына ушинтип,
Жыйып салат.
Кээ бирөөбүздү коёт.
Жөн эле шкафка камап.

Эң жок дегенде,
Жакшы эле го
Анда-санда жүрсө карап.
Айласыздан турабыз да,
Биз андан –
Сурамак белек тамак?
Кайра өзүбүз болобуз тамак,
Этек-жеңибизди
Чычкандар талап…
Дагы бирөө сөз алды:
– Жолдош жаңы китеп,
Чындыкты айтсам,
Жаман көрбөңүз.
Биз дагы,
Жаңы
Болуп көргөнбүз.
Карачы,
Бизден мурункуларды,
Желелеп турат жөргөмүш.
Анда бир китеп:
– Бизди жыят Эркинбек.
«Китеп көп окуйт экен» –
Десин деп.
Ушинтип тура беребиз,
Кайда
Биздин барактарыбыз кесилмек.
Дагы чыкты бир китеп:
– Мактанчаак Эркинбек,
Көп окуймун дейт
Бул жөн эле кеп!
Бизди көргөндөр,
Кантип ойлосун

Көп окулган китеп деп,
Эмесе, жолдош китептер.
Арызданганыңар эп!
Окуучулар!
Бул сөздүн
Мазмуну мындай:
(Жүрүшөлүчү,
Ирибизди-бирибиз сындай)
Ар дайым сыйлайлы,
Билимдин кенин…
Китепти,
Капа кылбай!
Кайсы бир жолдоштор
Китепти жыярын жыят,
Бирок
Окубагандыгы чоң уят.

## БИЗДИН ПУШКИН

Булагын,
        Ачтың Пушкин ырдын баштап,
Фонтаның ай-асманга тие жаздап!
Мен үчүн бардыгынан кыйын экен,
Ырлардын генийине ырды жазмак.
Сен кеме!
                Океанды жарып өткөн,
Артына күү-шаа түшкөн толкун таштап…

Ааламга,
Акындыгың болгон дайын,
Элесиң шыктандырып турат дайым.

Даңкыңа-даңк кошулат атың чыгып,
Жаңырып улам кылым өткөн сайын.

Сен айткан тунгус жана кыргыз, калмак,
Атыңды ардакташат бийик кармап,
Жүрөктөн атып чыккан ырларыңды,
Жазыпсың бардык элге бирдей арнап.
Токтотпой,
                Толуп жаткан –
                Томдоруңду
Окушат өз тилинде алмак-салмак.

Эгерде жүрсөң совет адамында,
Шаттыктын нуру кетпей каламыңда,
Падыша,
        Дуэль,
                Айдоо, азап чегүү,
Таптакыр болбос эле кабарыңда.
Толкунга – толкун кошуп ырдамаксың,
Эч кандай Дантеси жок заманымда!
Волганы,
        Нева, Нарын,
                Баарын бойлоп,
Жүрмөксүң эркиңче иштеп, эркиңче
                                ойноп,
Жомоктон чындык жасап жаткан элди,–
Жакшылап жазар элең терең ойлоп.
Ызылдап октой учкан ырың үчүн,
Мекениң алтын жылдыз тагып коймок!

Ченем жок, талантыңа, ардагыңа,
Курсантпыз биздик болуп калганыңа,

Кубанам!
Ылайыктап жаралыпсың –
Тарыхта улуу орустун салмагына!

Атыңа сыймыктанып болобуз шат!
Москва, Пушкин! – дешип эл мактанат.
Урматтуу Ленинге жердеш кылган –
Тагдырга айткым келет: чоң рахмат!

*КК.,1949, 5-июнь*

**БАЛА**

Гүл да гүл, бала да гүл, баары бир гүл,
Жадырап, жайнап өсүп кең өмүр сүр.
Суу берип, нур төгүлткөн заманыңды,
Оюнда, окууда да эске ала жүр.

Таалайың татынакай кандай жарык,
Күн сайын гүл жыттанган таң агарып.
Бактынын булагына жүзүн жууган,
Силердей дүйнөдө жок эч балалык.

Аппак үй, заңгыраган сулуу мектеп,
Партия куруп берди балдарга деп!
Учкуч бол, Илимпоз бол, Жазуучу бол,
Ар дайым силердики кең келечек.

Эскини уккандырсың чоң атаңдан,
Силерде кайдан болот андай арман.
Үйүңдө, мектебиңде гүлдөп турат,
Мичурин тигип кеткен кызыл алмаң.

## КОШ, МУСА

Өлүмдү кыйын экен сага жоруш,
Жалп этип, капыс өчтүң кайран добуш.
Толгонуп күүгө келип турган бойдон,
Дыңылдап калып калды үч кыл комуз…

Эч качан эстен чыккыс элес бердиң,
Жер көркүн, эл таалайын ырдап келдиң.
Көңүлдү көтөрүлткөн эрмеги элең,
Замандаш шайыр өскөн калың элдин.

Кош, дешет сүйгөн элиң колуң кыса,
Кайгырып, капаланып, ичтен сыза.
Талантың  ташкындаган укмуш элең,
Кантели! Ажал ушул кош бол Муса!

Өркүндөп өлкөң гүлдөп турган чакта,
Чыкпадың убайымсыз узун жашка.
Айласыз жаңырыктап ажырашты
«Ай!» десең, кошо «ай!» деген бийик аска.

Кош Муса! Алыс сапар жөнөдүңбү?
Ким билген мезгили жок өлөрүңдү.
Мусанын айтып кеткен обону деп
Түбөлүк элиң сактайт өнөрүңдү.

Өлүмдү кыйын экен сага жоруш,
Жалп этип капыс өчтүң кайран добуш.
Толгонуп күүгө келип турган бойдон,
Дыңылдап калып калды үч кыл комуз…

*КК., 1949, 11-май*

## ТУРМУШ КЕНЕН

Турмуш кенен жыргап өмүр сүрүүгө,
Кайык миндик көлдүн айлуу түнүндө.
«Кабарымды кат аркылуу бил»,– дедиң
Сак-саламат жеттиң бекен үйүңө?

Кызмат кыйын, дайым бирге жүрүүгө,
Ашыгамын ал-жайыңды билүүгө.
Көл шартылдап, мен жаркылдап турчу элек.
Комуз менен кошо кеткен үнүңө.

Турмуш кенен, жыргап өмүр сүрүүгө,
Күүлөнгөнсүп күч кошулуп күнүгө.
Качан болсо, алга жүр деп шык берип,
Кандай укмуш касиет бар сүйүүдө!

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК САЛАМЫМ

Жаным күйүп, жабыркаган алдамын,
Бир сен билгин байкуш Мидин арманын,
Канткен менен акылың бар эмеспи,
Ката кылсам көңүлүңө албагын.
Жаңы жылда жакшы белек болсун деп,
Жаным, сага ушул ырды арнадым.

Табым келбей, ташыркаган жоргомун,
Алпурушуп азап менен шордомун.
Кайрат кылам! Элим барда эринбей,
Таза-даңгыр таалайы ачык жолдомун.

Азап жүгүн өзүм башка артканды
Акырында сезе коюп оңдодум.
Алтын баш бар, акыр таалай меники.
Айланайын, азыр капа болбогун.

Сен асманда көкөлөгөн каркыра,
Жетпейм, кантем, жетээр элем баркыңа.
Анча-мынча тоскоолдукту тоготпой,
Пайдалуу бол өзүң өскөн калкыңа.

Саламат жүр,
Жаңы жылдык тилегим:
Жаңы ачылган кызыл гүлдөй жаркыра!
Илдетимди ушул алып салган деп,
Кийинчерээк бир карарсың артыңа?!

## ОЙЛОНЧУ...

*Н...! Өзүңүз билиңиз! М.*

Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай,
Жүрө албаймын күндө сени сагынбай.
Мээ сергитет менде жүргөн элесиң
Мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай.
Болбосо да бир конушташ айылым,
Сары алтын деп санаа менен байыдым.
Качан болсо, карааныңа теңеймин,
Капчыгайдын суу бойлогон кайыңын.

Көзүң укмуш – ак чыныда карагат,
Көп карайсың жүрөгүмдү жаралап,
Көөнүң болсо, бир белгиңди түшүндүр,
Киши жалдап сүйө албаймын паралап.

Эч пайдасыз эрчип жүрөм эринбей,
Жооп берчи же жок дечи керилбей,
Кээ бир түштө беттен сылап коёсуң,
Июлдагы көк конуштун желиндей.

Сүрдөп кетем  капыс жерден кабылсам,
(Кечирип кой мен сүйүүдөн жаңылсам).
Качан болсо жарашкансып көрүнөт,
Кайсы күнү кандай жоолук салынсаң.

*Архивде: «Жаңы күйгөн»*

## КЫЗ ЖАНА ГҮЛ

Кызды көрдүм кыпкызыл гүл кармаган,
Өзү жалгыз, жигити жок жандаган.
Гүлү да гүл, өзү да гүл буруксуйт,
Биле албадым гүлүн кимге арнаган?

Жыттап коёт. Эки жагын каранат.
Жапжай басат аллеяны аралап.
Карындаштын колундагы кызыл гүл
Кимге буйрук, болсо керек аманат…

Кыз алдынан чыга келген бир жигит,
Токтой калды кызыкканын билдирип.
– Гүл жыттатчы,– деди жигит шар айтты
Кыйын иш го, жаш кездеги жиндилик?!

– Койгун жигит, колтуктаба, жанашпа!
Койгун жигит, колдон гүлдү талашпа!
Орой мүнөз одоно өскөн окшойсуң
Оозум барбайт сени теңтуш санашка!

Да бир жигит жолдон чыкты күлмүңдөп,
«Өзү сонун, өңү сонун бул ким?» деп.
Шар айталбай көзүн тикти гүлүнө
Уяң жигит сүйгөндүгүн билдирмек.

Кыйгач басты кыз көңүлүн салбады.
Мурдун чүйрүп, муну теңге албады.
«Бирөө орой, бирөө жеткен уяң» деп
Оолак басты, оңдоп гүлүн кармады.

Кеч киргенде бирөө чыкты жолунан.
Бирок гүлдү сураган жок колунан.
Айла кетип кыз өзү гүл сунганда:
– Албайм,– деди,– гүлүң эчак соолуган...

## КОЛ ЖООЛУК

Көпкө жүрдүк сыр чечишип жүрөктөн
Көп ойнодук, шап алышып билектен
Кеп түгөнбөй, келечекти көп айтып,
Уйкусу жок нечен укмуш түн өткөн
Алтын келин! Али менде катылуу
Атыр куйган ак жоолугуң жибектен.

*(Эск.: «Ак келиндин» (1961)*
*1-куплети, 3-сабынан айырмаланат)*

## ЖАЙКЫ ЖАМГЫР*

Мен десе, ыргып турган алтын жеңе:
Эсиңде бир кызык кез калган беле?

Эмесе эстетейин элестеткин,
Үшкүрбө, улутунба! «Ырас, чын» де!
Көк конуш, көбүргөн бел, кең Суусамыр,
Ак жаздык чыканактап мен жазган ыр.
Кылгырып кымыз сунуп, тик карабай
Ээн үйдө олтурганың эсте бардыр…
Көңүлдү көтөрүлтүп, сүрөп коштоп,
Жабыктан жаагын жанган жайкы жамгыр…

Көк конуш, көбүргөн бел, кең Суусамыр,
Биздин үн, кээде күлкү, кээде шыбыр.
Кылчайып ушул кырдаал келеби – деп
Айтылып аягы жок, түгөнбөс сыр.
Кадимки камбаркандын күүсүн чертип,
Үзүктөн үнүн кошкон жайкы жамгыр.

Ал кезди кантип жеңе унутайын,
Бүт бойдон көкүрөктө турат дайым.
Ошондо мага нечен кыналдың го,
Чагылган улам чарт-чурт эткен сайын.
Бир гана сен түшүндүң, мен түшүндүм,
Жамгырдын, чагылгандын маани-жайын.

Көк конуш, көбүргөн бел, кең Суусамыр,
Көшүлүп малга толуп өзөн, адыр,
Жан сергип, көк силкинип, көркү чыгып
Канчалык касиеттүү жайкы жамгыр.
Төл аман, малың семиз болгон үчүн,
Баягы сен сыйланган так ошол жыл.

*(*Архивде эки варианты бар,
айырмасы арбын)*

## БАЯГЫ*

Ким ойлосун өткөн ишке жетем деп,
Бирок болбой кыял бийлейт жетелеп,
Бир кубантып, бир өңүмдү кумсартып,
Чиркин бир түн, дагы эле эстен кете элек.

Жаш кыз элең жаңы таштап лентаны,
Уялтчу эле кара бактын эл жагы.
Сүйө билген, бирок сенден сүрдөгөн,
Ошол кезде жаш болчумун мен дагы.

Сен жер карап, уялчу элең ар качан,
Бир сыр менен жумшак колуң кармасам.
– Кетейинчи, апам тилдейт! – дечү элең,
Шайтан басып, эми унутуп калбасам...

Жылдар өттү. Капыс жерден кабылдым,
Көзүң жылуу... тааный албай жаңылдым.
Беш көкүл кыз! Бетиң башка болуптур,
Чач агарды, мен да жашка багындым.

Сен тааныдың, көзүң-көзгө кадалды,
Бирок, алтын, айта албадың саламды.
Айлам кетип, амандыгың сурабай,
Алып өптүм колуңдагы балаңды.

Өткөн ишти эми кайдан табасың,
Бир козгодуң эски жүрөк жарасын.
Балаңды өпсөм, өзүңдү өпкөн эмедей,
Жаш чалыптыр кирпигиңдин арасын.

Сүйдүм, сүйдүң бир кезекте ченебей,
Минутуңду миң жылдарга теңебей,
Таалай укмуш! Сүйүү бүткөн капкачан,
Ташка тийип талкаланган кемедей.

Өткөндү эстеп бузба, жаным, каныңды,
Жаш кезекте ким кечпеген жалынды?
Эскини эстеп, элжирөөнүн ордуна,
Эми сыйла сүйүп алган жарыңды.

Өткөн сүйүү жүрөгүңдү жаралап,
Билем алтын, санааң алыс таралат.
Мени көрдүң кылт эсиңе түшкөндүр,
Баягы түн, жашыл шибер, кара бак.
Заман жыргал сен да шайыр, мен шайыр
Калган өмүр өтсө болду саламат.

*1945.Талас. (* Архивде: «Эстеги түн».)*

## ӨЗҮҢ БИЛ

Жаш кылгырат кирпигимди ирмесем,
Аза күтөм эгер түшкө кирбесең.
Мен шар суумун кулагыңды тундурган,
Кантмек элем какшаганды билбесең.

Саламат жүр, табияттан суранам,
Жетпесем да, жеңиши жок убарам,
Сүйбө, бирок кол берүүдөн эринбе.
Какшык кошуп күлгөнүңө кубанам!
Жүрөт белем караанына жалынып,
Менде болсо, жүрөктөгү бурамаң.

* * *

Элестериң эзип ичти бук кылат,
Эриндериң шилекейди жуткурат.
Экөөбүз тең көңүл ачык элдебиз,
Сүйчү болсоң сүйгүн жаным мыктылап.

Пайдалангын таалай берген белектен,
Сен да өтөсүң, жигит да өтөт сени өпкөн.
Өмүр бою соолбогон гүл болобу,
Гүлдү ыргытат чыгып калса керектен.
Ойлон, алтын – бирөө байкоо салабы
Сары жалбырак самсааласа теректен...

*(Бул эки куплет 1961-ж. баштап*
*«Ойлончу» аттуу ырына кошулуп калган.)*

* * *

Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың,
Кантип сенин кыялыңды табамын?
Мен өзүмдү эр көкүрөк көрсөм да,
Ээрчип жүргөн көлөкөңдөй санадың...

## ЖАЙЛОО СУУСУ

Көлкүлдөп күн нуруна мөңгү жибип,
Корумга, коңулдарга кирет сиңип,
Туш тарап көк жалбырак, аңкыган гүл,
Жадырап мөл булактын даамын шимип.

Алыстан аппак болуп мөлтүр – кашка,
Дарысың, жайлоо суусу даамың башка.
Бал татып, май түшкөнчө жанчыласың –
Удургуп улам тийип таштан-ташка…

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАШКУЛАК

***(Тамсил)***

Түлкүнүн чыккан жары жолборс эле,
Каалаган кадыр шерик жолдошу эле.
Чабыттап жолборс алыс жүрөр күнү,
Коштошуп антын берген «чанат дебе!»
«Өлгөнчө өмүрлүксүң күтөм – деген –
Алтыным, ал жөнүндө эч кам жебе!»
Коштошуп Жокем жолго жүрүп кеткен,
«Кечиксем кете бер» – деп айтат беле?!

Күн өттү. Жылга толду айлар жылып,
Түлкү да жүрө берди айла кылып.
«Угуту» Мухабаттын ууланттыбы,
Түлкүдөн кийин көрдүк түрлүү кылык.
Ар-кимге куйрук булгап, көзүн сүздү,
Азап го «арам өлгөн» ашыкчылык!

Ойлогон мурун эле бир кашкулак:
(Эч кимге сырын айтпай ичтен чубап),
«Азыркы аялыма кор болгончо,
Түлкүгө түшсөм боло, мен жакшылап,
Эптешип, эзилишип турмуш курсам,
Даяр үй, даяр кийим, даяр тамак.

Кыялга түлкү дагы баткан терең.
Күн-түнү алек болот санаа менен:
«Ээ мейли тийсе, тийип алайынчы,
Жаш өмүр жалгыз кантип жүрмөк элем,
Жан-дилим кашкулакты сүйбөсө да
Аты бар ал байкуштун «эркек» деген.

«Иш кылып үстү-башын оңдомокко,
Кичиртип жолборс кийген киймин берем».
– Деп түлкү бекем чечкен ойго келген…
Бакмакка эптеп-септеп «баалуу» жанын,
Кашкулак тегеретти ойлоп баарын.
(Оймок ооз, узун кирпик, сулуулугун,
Өзгөчө, өмүрлүккө – үй-мүлк жайын)
Түлкүгө сызып бир күн жөнөп кетти
Чыр салып, таштап коюп алган жарын.
Жетээрин жетип барып жаңы ийинге.
(Ээ болуп, тамак-ашы, кийимине).
«Турса-тур», «отурса-отур» боло берип,
Түлкүнүн өттү белем бийлигине.

Бир күнү кашкулакка ээн жерден.
Карышкыр суроо берди көрөөр менен:
– Ээ баатыр, кандай, турмуш ал-абалың,
Жанакы… жакшы бекен сулуу немең?

Кашкулак тура калды жообун бере:
– Кокуй дос, турмушумду, турмуш дебе.
«Мүнөзүң, боюң, сөзүң окшобойт» деп.
Күндө чыр, күндө какшык, күндө жеме.
«Мүчөңө жарашпайт» деп чечип алды,
Костюмун жолборсунун кийдим эле.

Кантейин бир кордукка малындым го,
Колбала өзүмдүкү минтпейт беле?!

Карышкыр анда туруп айтты акылын:
– Сендейди дагы табат бул «Капырың»,
Чынында жолборс сенден кем турабы
Ой досум арды коюп, айтчы ачыгын!

Алгачкы аялыңа андан көрө –
Кечирим суранып көр… бар акырын…
Турбагын түлкү менен – деди карышкыр
Теңинин теңи калбайт бүт баркыңын…

Максаты бул тамсилдин мына мындай:
(Билгенге бир калп эмес баары чындай)
Кашкулак коркок болсо, түлкү шыйпаң
Экөө тең окуп койсун намыс кылбай.

## СОТ БОЛГОН КОЁН

***(Тибеттик эл тамсили)***

Айласыз, ай талаада бир карышкыр,
Жортсо да, жолу болбой ач калыптыр.
Тамтаңдап тамак издеп илмекайып,
Токойго үмүт менен ал барыптыр.

Убара уруна албай бир да жанга,
Жер шимшип toктой калат анда-санда.
Бир кезде «күп» деп байкуш түшүп кетти.
Атайлап мергенчилер казган аңга.

Темселеп ары кетти, бери кетти,
Тырмышты түйшүк тартты, азап чекти.
Карышкыр кара жанын карч урса да,
Бул аңдан чыкпасына көзү жетти.

Демейде, деми бийик эркашабаң,
Азыр ал, аша кечип намыс ардан.
Тиштенип, чымырканып көздү жумуп,

– Келгиле, эл журт барбы,– деди – жардам!
Токойдо жалгыз кулжа бара жаткан,
Үндү угуп эмне деп, келди чапчаң.
Ошондо карышкырдын айткан сөзү:
– Унутпайм эмгегиңди алып чыксаң.
Мейли эле өзүм өлсөм, мен го бир жан,
Үйүмдө чиедей жаш балдар калган,
Кулжа дос, ойлонуп көр өзүң эле,
Байкуштар кырылат го ачкалыктан.

Турду да, берки-аркыны ойлоп мурда,
Жакшылык кылсамбы деп бул кургурга.
Эңкейип карышкырга карады да,
– Чыгарсам жебейсиңби? – деди кулжа.

Карышкыр жанын сабап көп карганды,
– Сени жесем бетимде кызыл барбы?
Дегенде бою жибип кулжа досу,
Кол сунуп тигини аңдан тартып алды.

Жай алып жаны тынчып эркиндикте,
Кубанып ой кыдыртып турду биртике.
Кулжанын таттуу этин эстей калып,
Мындай деп, сөз баштады карап тике:

– Качандыр кайрылышат жакын жолдош,
Сага мен ыраазымын ээ, кулжа дос,
Сен токсуң, мен ачкамын ээн жерде,
Мындайда түшүнбөсөң жакшы болбос.

Жашырбайм, болгон иштин айтам чынын,
Өмүрдө унутулбайт жакшылыгың.
Баштадың, таштабагын мынча болду,
Жакшылык аягына чыга кылгын.

Кумсарып анда кулжа мындай деди:
– Өлүмдөн эптеп алып чыктым сени,
Антыңды анда жатып айттың эле
Эсиңде досум, аның барбы деги?

Карышкыр анда минтип баштады кеп;
– Ант бердим, жебеймин деп айтканым эп.
Бирок да, кантип эми сага тийбейм,
Оокатым, өмүр бою жегеним эт.

Чочуду кулжа кургур элең-элең,
Кан ичип, этке тоёт жырткыч деген.
Кулжа да кутулбасын эми билди,
Качууга канча аракет кылган менен.

Ошондо бир сур коён узун кулак,
Туурадан бара жаткан чурап-чурап,
Токтотту тигил экөө тең кыйкырып,
Чатакка калыс бол деп акыл сурап.

Арызын угуп көрүп экөөнүн тең,
Сот-коён калыстыгын мындай деген:

– Силердин айтканыңар баары туура,
Бирок да жалаң сөзгө аз ишенем.
Башынан болгонундай иштегиле,
Көрөйүн анык өзүн, көзүм мёнен.

Уккан соң соттун сөзүн кантип турат,
Карышкыр аңга кайра түштү кулап.
– Кана эми, адатыңча тартып ал деп,
Кулжага куу тырмактуу колун сунат.

Турду да мындай деди адилет сот,
– Карышкыр, карыш эми, алкың токтот!
Териңди келип мерген сыйрып алсын,
Сендейге мындан башка айтарым жок.
Азамат, адилет сот, делдең кулак,
Жүргүздү кан ичерге катуу сурак,
Эрчитип кулжа досун алып кетти,
Эркинде ыр-ырдашып, жыргап-куунап.

**ТАРАНЧЫ***

Түш мезгил. Чаң буртулдап күн эң ысык,
Мергендеп келе жатам чарчап сылтып,
Акактап ачка тайган ээрчип жүрөт,
Жонумда асынганым кош ооз мылтык.

Тайганым кээде жортот, кээде желет,
Мен дагы ылдам үйгө жетким келет.
Бир кезде, биз бараткан жол боюнан,
Көрүндү көлөкөлүү жалгыз терек.

Тайганым алды жакта шимшип аңдып,
Ачкадан айла таппай башы каңгып,
Азыраак көлөкөлөө максат менен,
Аңгыча терекке да жетип калдык.
Жыл өтүп, ай айланып нечен-нечен,
Бул терек чымчыктарга болгон мекен.
Жүн ташып, саман ташып, жумшакташып,
Таранчы уяларын салган бекем.
Бирок да, маа белгисиз себеп менен,
Теректен бир балапан түшкөн экен…

Балапан чыйп-чыйп этип мойнун созот,
Канатын серпкен болот боюн козгоп.
Бирок да алы канча, жаны канча,
Айланып туш тарабын карап коёт.
Адамга аянычтуу кебетеси,
Талпынып, жаңы олтурган балага окшоп.

Бүт сары, оозу сары, темир канат,
Жаңыдан жаш чырымтал жүнүн сабап,
Багуусуз бактан түшкөн байкуш жанды –
Арсайган ач тайгандын көзү чалат.
Кым этип шилекейин жутту дагы,
Шимшилеп жетип барды ошол замат.
Жан сактап коргонуунун ордуна ал,
Бала да! Кайра ага таңыркаnat…

Сук неме, сугунмакчы болгон эле,
Мен айттым: тарткын тайган, жебе-жебе!
Аңгыча чырылдаган ыйы менен,
Уядан учуп түштү чиркин эне.
Болгон жок, барды тайган кайра жакын,
Агытып балапанга улам алкын.

Чырылдап баласына түшө калып,
Таранчы караган жок алды – артын.
Илсем деп имерилип кетпей турду,
Ит неме коё бербей иттик салтын.

Баласын өз жанынан артык сүйдү,
Курманга башын байлап жанып күйдү.
Жаш жанды жалмайм деген ит мурдуна,
Жана да, эки-үч жолу жаадай тийди,
Акыры ит бата албай оолактады,
Билбеймин же уялды, же баш ийди.

Окуучу! Ойлонуп көр ушул жерди,
Тайгандын таранчыдан күчү кемби?
Алдында ажыдаардай сезилсе да,
Тартынып таранчыдан чыга берди.
Жеңиштин андай болсо сыры кайда?
Бул жерде алдуусу эрби, алсызы эрби?
Эненин жүрөктөгү сүйүүсүнө, –
Кошулуп акыйкаттын күчү жеңди!

Мен күлдүм, ызаланган итти карап,
Ар-намыс адилет күч болду сабак.
Балага сен да ушундай күйдүң го деп,
Энемди элестеттим санаа санап,
Эненин, балапандын көңүлү үчүн,
Колума огу менен алдым жарак,
Тайганды так өпкөгө басып алдым,
Болсун деп сендейлерге ушул тамак,
Жөнөдүм. Эрктүү куштар кубанышты,
Салтынча кала берди салкын дарак.

*(* Орустун улуу жазуучусу И.С.Тургеневдин «Таранчы» деген аңгемеси боюнча).*

## БИР КАЙЫРЧЫ
***(Лермонтовду туурап)***

Табылбай ачкалыктан эч бир неме,
Арыктап кургап болуп байкуш дене.
Бирдеме берээр деген үмүт менен
Эшикте бир кайырчы турган эле.

Шордуунун сураганы бир үзүм нан,
Андыктан турмуш кыйнап колун сунган.
Колуна нан ордуна ташты салып,
Кандайдыр көпкөн бирөө шылдың кылган.

Сүйүүңдү кайырчыдай талап кылам,
Оюма тилек тийип качан тынам?
Жалдырап, жалын жутуп сени самап
Мен дагы шол кайырчы болуп турам.

Чиркин жан, сүйөт экен жүрөк барда,
Көп эле асылат деп көөнүңө алба.
Жактырбай жамансынтып санасаң да,
Муздатып сунган колго ташты салба.

## НЕГР ЖӨНҮНДӨ ЫР

Кимдер билбейт
    США деген өлкөнү?
Сырты жалтырак,
    Ичи калтырак,
Ярлык –реклама болот көркөмү.
Долларга толбойт

(Толтурууга да болбойт)
Түпсүз кудук
Бул өлкөнү –
Башкаруучулардын чөнтөгү.
Так ошол өлкөдө,
Каралар,
Актар деп –
Адам баласын экиге бөлөт.
Каралары негрлер,
Буларды
«Акпыз» деп долларчылар жек көрөт.
Жек көрсө да,
Алардын акысына алкын агытып
Тим эле өлөт.
Зордук да,
Уурулук да,
Кошоматчылык да ошол жерде.
Биринин согончогун,
Бири өбөт.
Шаарлары чоң,
Нью-Йорк,
Чикаго,
Вашингтон!
Ак жумушчулар,
Кара негрлер иштешет –
Күкүрт жыттанган заводдордон.
Илерки жумушчунун бири болуп,
Иштөөчү кара негр Робенс Жон,
Ал кара болсо да өңү жылуу,
Кадимки эле тынчтыктын досу –
Поль Робсон!
Завод ээси айдап чыккан –

Себеби Жон:
-Окту көп жасагандан көрө –
Балдарга конфет чыгарсак –
Боло деген соң.
Завод ээси айткан:
-Эх Жон!
Чыктың заводдон!
Тигине, жолуң вон!
Үй жай да берилбейт,
Маа десең көчөдө тоң.
Робенс Жондун аялы,
Жумушчулардын,
Бири болучу баягы.
Күндүз жумушка белин бууп,
Түнкүсүн кир жууп,
Катуу ооруга чалдыккан аягы.
Оор болуп шар,
Ага жолуккан дар –
Кургак учук.
Ал шордуу эчак жөнөгөн,
Ажалдын огуна учуп.
Мына ошентип Жон,
Каңгырап калган соң,
Колунан жетелеп,
Алты жашар баласын,
Эч таба албай,
Кайда барар аргасын.
Үзмөккө үмүттөнөт,
Турмуштун –
Моюнга салган чалмасын.

Мына ошентип Жон!

Каңгырап калган соң.
Тигил шаарда да болду,
Бул шаарда да болду.
Өңдөрүнөн азды,
Баласы экөө басты –
Толуп жаткан жолду.
Үй жай жок ар кайсы көчөгө конду.
Ошол күндөрдүн биринде,
Ээн скамейкага келди иңирде.
Керели-кечке басып
Экөө тең сандалды.
Күндөлүк оокат үчүн,
Болор-болбос ишке да жалданды.
Бир маалда чөнтөгүнөн –
Ошентип тапкан нанды алды.
Эки бөлдү.
Баласы өзүнөн мурун жегенге,
«Дагы кичи ата?» дегенге,
Таң калды…
Кайгырды,
Капаланды,
Көз алдынан жүгүрттү –
Бүгүн далай жерге барганды.
Көп көргөн эле,
Өзүнө окшоп жумушсуз калганды.
Тереӊ үшкүрдү.
Жерге түкүрдү –
Тилдеди акыйкатсыз жалганды.
Тереӊ үшкүрдү
Кыйланы эске түшүрдү,
Сулк жатты.
Бир аздан кийин,

Баласы менен терең уйкуга батты…
Ал жаткан эле,
Эркиндикти самап.
Ой кыдыртып
Жылдызды санап.
Мына мындай
Түштөрдү көрдү
Уйкуга чөмүлөр замат.

Жон кубанды
Жүрөгү дик-дик.
Түш тарабы –
Бүт эркиндик.
Эл биригип,
Такыр жоюлуптур
Ак жана кара –
Деген жок.
Түшүндө көрүп –
Ага-тууганды.
Жон абдан кубанды.
Анын бети нурланды.
Биздин Робенс Жон,
Көңүлү кубанган соң,
        Баарын айландыра карады.
Түрмөдө жаткан жолдошторун
        Түгөлдөп санады.
Баарынын тең ачык экен кабагы.
Тим эле кулак тундурат
Бири-бирине айткан саламы.
Жондун илгертен берки муңу тарады…
Биздин Робенс Жон,
Муңу тараган соң

Кенен дем алып,
Дагы эки жагын карады.
Элдин ортосунда
Поль Робсон турат.
Кең көөдөнүнөн –
Эркиндиктин жагымдуу ыры созулат.
Барлык эл жер дүңгүрөтүп,
Робсонго кошулат!

Робсон,
Агарып келе жаткан таңды көрсөтүп,
Узакка сунду колун.
Таң супсулуу,
Таң кандай сонун!
Элге кошо суктана карады –
Менин азыркы Жонум.
Таң жүзүн нурлантты
Карап турган нечен миллиондун.

Биздин Робенс Жон,
Жүзү таңга нурланган соң,
Андан айырган жок көзүн,
Дүйнөдөгү бактылуумун деп сезди өзүн.
Таңга алкыш айтмак үчүн –
Камдап турду сөзүн.
Биздин Робенс Жон,
Сөзүн камдап алган соң,
Таңга жакындап барды.
(Анын кубанычына ченем барбы?)
Ким сүйбөсүн бул таңды,
Кубандырып жатса бардык эзилген жанды.

Күндү күттү эле,
Бирок күн ордуна –
Күлүмсүрөгөн –
Ленинди көзү чалды.
(Мурун сүрөттөрүн гана көргөн)
Азыр өзүн көрүп,
Аң-таң калды.
Анын нуру –
Ого бетер жүзүн жарык кылып салды.
Жон колуна букет алды.
Дагы жакын барды
Ленинге аз эле калды.

Биздин Робенс Жон
Алардын жанына аз калган соң,
Кубанычтан,
Өзүн-өзү унутуп койгонбу?
Бек кучактап,
Экөөнү тең өбөм деп ойлонду.
Кубанычтан –
Көз жаш төгүп,
Ленинди кучактады.
Бирок…
Кучактап алган жок!
Өзүнүн скамейкасын –
Кучактап ойгонду
Кара негр Робенс Жон.
Скамейка кучактап ойгонгон соң.
Көзүнөн жаш кеткен –
Муундары бошоп,
Башын көтөрүп жан-жагын карады.
Бирдеме жоготконго окшоп,

Бирок,
Баласынан башка эч ким жок…
Чөнтөгүнөн кагаз алды.
Бир жыттады,
Кайра ыйлады шолоктоп,
Лениндин сүрөтү эле,
Ошол алган кагазы.
Жазып көрүп улам-улам карады.
Ал сүрөттү
Дагы эки-үч өптү.
Жаштуу көзүн айырган жок.
Кайра ыйлады,
Кайра ыйлады шолоктоп.
Шордуу негр Робенс Жон
Шолоктоп ыйлаган соң,
Таң атты.
Ал акырын баласын далыга чапты.
Анын таптармал башын сылап,
Түндөгү көргөн түшүн –
Баян кылат.
Дагы балага мындай деп айтты:
-»Айланайын,
Кичинекей тармалым.
Мына бул сүрөттү көрчү,
Кокус айрып албагын.
Ушул киши эчак эле айткан
Азыркы биз жашаган,
Дүйнөнүн жалганын –
Өз жолуңду өзүң тандагын.
Бирок да!
Ушул кишинин жолун
Адаштырбоочу жылдыздай кармагын.

Кантейин балам!
Мен да өмүр бою кармадым.
Караңгымын!
Карыдым.
Ичимде кетмек болду арманым.
Сен жыргалды көрөсүң балам,
Дагы айтамын:
Башка жолго барбагын.
Ар дайым жогору көтөр –
Ушул адамдын
Даңкын,
Ардагын!
Эми карыдым,
Азапта арыдым,
Сага тие албайт го жардамым»
Деди негр.
Дагы ойлонду.
Кесе тиштеп бармагын…
Жолдош негр Робенс Жон!
Тиштен,
Чыда,
Жашыңды бекер төкпө!
Күрөшсүз жеңиш болбос,
Күрөшкө төшүңдү тос.
Муңайба,
Чөкпө!
Азапка,
Акыйкатсызга,
Чыдадың көпкө.
Жеңишке сүрөйт.
Мизиңди бүлөйт
Ырас катыпсың

Лениндин сүрөтүн –
Жүрөктүн
Үстүндөгү чөнтөккө!
Жолдош негр!
Мен кыргызмын, сен негр.
Бирок,
Экөөбүздүн ниетибиз,
Тилегибиз бир.
Сенин каның
Адилеттин булагынан жаралган
Ичинде жок кылайган кир.
Жолдош негр!
Экөөбүз бир,
Бирок, мен –
Жыргалдын өлкөсүндө жүрөмүн.
Сен –
Үй жайсыз көчөдө түнөдүң.
Мен –
Эркин эмгектин үзүрүн сүрөмүн.
Сен –
Баланды жетелеп,
Багуусуз жүдөдүң.
Мен –
Ойноп-күлөмүн.
Сен –нан сурап,
Эшигин кагасың бирөөнүн.
Ошондой болсо да,
Тынчтыктын күүсүн чертет,
Сенин да, менин да жүрөгүм.
Жолдош негр,
Ниетибиз бир!
Бизди бөлбөй Атлантика океан!

Бизди бөлөт,
Жалган дүйнө сен турган.
Темселетип чулгап алган.
        Боз туман!
Ал туманды жоготууга,
Тилектешпиз –
        Дүйнөдөгү көп тууган.
Камыкпагын,
Кара негр,
        Качан болсо кол сунам!

Жолдош негр!
Ниетибиз бир!
        Жабыркаба,
                Чөмүлбө!
Ленинди түштө көрдүң.
Ал анткени,
        Көп ойлойсуң көңүлдө.
Аларды мен да көрөм,
        Мен да көрөм,
Түшүмдө да, өңүмдө.
Портрети күлүмсүрөп,
Дайым илинип турат төрүмдө.
Сенде үй жок,
Ала жүргүн
        Лениндин сүрөтүн,
Карап койсоң кайрат берет өмүргө!

*СК., 1951, №4*

## АТ

Кулун арка, кулан сын,
Кулпунган жибек жалы бар,
Кулжа шыйрак, аркар көз
Куп келишкен шаңы бар.
Куйган болот төрт туяк
Куш жетпес жерге барышар,
Куюшкан үзүп, жол таштап
Куюндар менен жарышар.
Кутулуп качса жеткирбей
Кууганына жабышар
Кум чөлгө чапса чарчабас
Куюндай учкан жаныбар,
Кыраандар минсе жарашкан
Кыргыздын кымбат малы бар.

Атасы асыл таза кан
Аргымак чалыш энеси,
Абалкы Манас таптаган
Ак Куладай элеси.
Жердеги тулпар байланган
Желесинен жетилген,
Чамгарактап жер чапчып
Чабактай ойноп секирген.

Табына келген тайгандай
Талыкпастан жүгүргөн,
Түйүлүп арыш таштаса,

Түпкүчтөй бели бүгүлгөн,
Үстүндө эрди көргөндө
Жанынан душман түңүлгөн.

Келишкен сындуу тулпардын
Кебездей жалы булайып,
Жазы маңдай кашкасы
Жаңырган айдай кылайып.
Эликтей кыргыз жылкысы,
Эрлерге кандай ылайык!

*ЛЖ., 1938, 23-февраль*

## АЛТЫН ЭЛ

Талкалап,
        Бузуп кирип –
                Душман чебин.
Таптакыр
Турбас кылып душман белин.
«Калк» деген
Катарынан орун алып,
Шаң менен
        Бүгүн он беш жашка келдиң.
Гүл сайып,
        Дарак тигип,
                Кендер ачып
Толтуруп курулушка
Жыргал жерим.
Тоо кесип,
        Суулар буруп,
                Чөл сугарган,
Күчүңдөн –

Айланайын калың элим!
Калың эл
Силерсиңер:
Ага-инилер,
Кемпир, чал
Кара көз кыз
Шайыр келин.
Майрамга баарың чыккын,
Калба бириң.
Майрамдын киймин кий,
Ар-ар кимиң.
Сталин берди сага –
Байлык,
Ырыс,
Өркүндөп
Өмүр бою
Колдон чыккыс.
Алтын эл!
Дагы өскүн!
Дагы гүлдө.
Укмуштуу
Өнөр билсин,
Сан уул, кыз.
Жер гүлдөп,
Мал дүркүрөп,
Өрүш артсын.
Күрпүлдөп,
Саба жарсын
Саамал кымыз.
Он беш жыл!
Эмгек менен
Өзүң курган.

Майрамың,
Куттуу болсун,
Алтын кыргыз!

*КК., 1941, 31-январь*

## ЭЛ

*«Көп түкүрсө көл болот».*
*(Элден)*

Күндө гүлдөп,
Күндө күчтөп,
Жаңырган.
Сен алтын эл,
Сен ташкын – сел,
Сен толкунсуң агылган.
Сенин күчүң,
Аалам үчүн
Белгилүү –
Ай-асмандан
Атылышкан,
Чагылган!
Океан да,
Тоо да,
Таш да,
Токой да
Кол куушурган,
Жалаң
Сага багынган.
Балбан элим,
Кыйын сенин –
Эмгегиң.

Саз кургатып,
Суу чыгарган –
Шагылдан!
Биздин ырыс,
Биздин жыргал,
Тамаша.
Ой, алтын эл!
Биз сен менен табылган.
Калың элим
Сен чыкканда күч курап,
Кандай тоскоол.
Кайрат
Кылат,
Бек турат?!
Канча душман,
Кандай сепил болсо да:
«Өлдүм эми –
Өмүр бүттү» деп турат.
Баарың жапырт,
Толо жык-жык,
Киргенде –
Таштар сынат.
Зоо куланат.
Тоо урап.
Байлык берип,
Ырыс берип,
Эмгегиң.
Сенсиң элим –
Эч түгөнбөс,
Мол булак.
Катуу чапкын,
Жерге батсын

Кетмениң,
Терең казгын
Ылдамдаткын
Тездегин.
«Күч бирдикте»
Күч билекте»
-деп айтчу
Калың элим
Кары кебин
Эстегин.
Кетмен урган
Чүйдү бурган
Калың эл!
Эмгегиңден
Мөл териңден
Мен –
Садага кетейин.
Улам шак-шак.
Батыра чап,
Кетмениңдин уңгусун
Тез оюлат,
Бүт жоюлат,
Тигил белес курусун.
Бел ашырып,
Тоо жардырып,
Жол салып
Багынткыла,
Агызгыла
Чүй суусун
Чөл сугарган
Кургак жерге
Суу салган

Куттуу болсун
Алтын элим
Жумушуң.

*ЛЖ., 1941, 25-май*

## КАНАЛЧЫНЫН ЫРЫ

Келе кетмен,
Келе лом.
Келе күрөк!
Ким чыгат?
Ким жарышат?
Ким кол түрөт?
Белим бар,
Элим да бар.
Деним да бар.
Кара жер.
Как жарылат, көңтөрүлөт.
Таш омкор!
Балбан колдор –
Кел болгула!
Кан-сөлсүз
Купкуу талаа
Бизди күтөт
Чексиз көл –
Күжүрмөндөр
Биз турганда
Канткенде –
Кургакчылык өкүм сүрөт?!

Ана,
Кара!

Купкуу талаа
Мелмирейт.
Бизди карайт,
Көзү жайнайт
Колун сунат
Бизге умтулат
«Келчи?» дейт.
Тили кургап,
Чөбү куурап,
Араң турат
«Келчи,
Келчи,
Келчи суусун –
Берчи» дейт.
Эй алтын эл!
Кел көңүл бер!
Бизден аккан мончок тер –
Кетпейт бекер
Чөл талааны сергитет.
Кана, кана
Сен ыкчамда –
Ой келин,
Эр болсоң ал!
Кызыл тууну желбирет.

Мына,
Чак-чук
Добушун ук
Менин урган ломумду
Катуусун көр!
Бектигин көр
Менин алган жолумдун.

Күчкө баймын
Талкалаймын
Мейли таштар жолуксун!
Толду кумдар,
Толду таштар,
Топурак,
Додо болуп,
Жолто болуп
Батпай кетти опурап.
Кел, келгиле
Баарын шиле
Күрөгүн!
Башкасы бар,
Жаңысын ал
Сабы сынса күрөктүн.
Тээтигинде
Көлөкөдө
Жалкоолонсо кээ бирөө –
Эр намыстан,
Уялгандан
Күлөмүн,
Жалкоолорго,
Жан бактыга
Эч чыдабайт жүрөгүм.
Жолдош башчы,
Ыкчамдатчы,
Билектен ал
Кызматка сал
Сүрөгүн!
Бүт кужурмөн
Кужулдөгөн эмгекте
Эч ким артта –

Эч ким артта жүрбөсүн.

Ой энеке,
Келдиң эрте –
Коё турчу –
Суусунуңду –
Суусунуңду –жармаңды,
Мен ылдамдап,
Кетмен шак-шак!
Кызып кирдим
Карай албайм аркамды.
Болбо жолто,
Бир аз токто!
Мына-мына
Мына-мына аз калды.

Канал бүтсүн,
Канал бүтсүн –
Кургак жерге суу чыксын.
Калайык-калк
Бизди мактап,
Кол чабышсын,
Кол чабылсын
Чуу чыксын!
Өйдө туруп
Багалегин
Этегин
Арта салып,
Кең далыга кетменин,
Көл чыгарсын
Сугатчы ага
Суу жыксын.

Алсыз талаа,
Алсыз талаа
Мооку кана –
Кере жутуп
Кенен Чүйдүн дайрасын.
Жашы ыргысын
Чери чыксын
Жадырасын жайнасын.
Жыргал элим,
Эгип эгин
Өзү көрүп эмгегин.
Ак буудайын
Сулу,
Арпасын айдасын.
Көркkө кирип,
Бак тигилип,
Булбул консун
Эрмек болсун!
Сайрасын.

*ЛЖ., 1941, 20-март*

## ЖАЗГЫ ТАҢ

Терезеңди –
Ача салсаң
Ача салсаң
Карасаң.

Уйкулуу көз –
Ушаласаң –
Ушаласаң
Уйку ачсаң

Жел үлпүлдөп,
Чачыңды үйлөп,
Селкилдетип,
Көңүлүңдү –
Сергитип.

Кытыгылайт
Кызыктырат
Жазгы таң.
Бир аз турчу
Көңүл бурчу
Кандай укмуш
Айлана туш
Кызгылт тарткан
Таңкы асман.

Кандай сонун!
Кандай сонун
Эртең менен
Күн чыгыш.
Көз жумбастан
Көз жумбастан
Карап турсаң
Бир ырыс.
Чыгыш көркү,
Чыгып жаткан –
Күн өртү,
Жүрөгүңдү
Элжиретет
Айтып кетет,
Айтып коёт
Бир шыбыш.

«Байкагын» –дейт
– «Карагын» –дейт
«Мына
Мен –жаз,
Келгемин.
Көкүл ачкан,
Нурун чачкан,
Жан жыргаткан
Мен бир сенин
Эрмегиң.
Жакын келип
Колуң берип
Эл!
Сенде
Менин сергегим.
Мен ырыстуу!
Деми кызуу –
Мен ырыстуу
Мен ырыстуу жердемин.
Алтын элим,
Жакын келгин,
Жакын келгин!
Менде сенин эмгегиң.
Эгин экчи,
Тукум сепчи,
Жер жиречи!?
Тердетип.
Жылда келген
Так ушул мен
Далай –
Д алай –
Сага таалай

Сага таалай
Бергемин!»
-дейт сулуу жаз.
Кытыгылайт –
Кытыгылайт –
Шыбырайт.
Таңкы торгой
Такыр болбой
Канат элеп
Бирдемелеп
Бирдемелеп
Булдурайт.
Үн улашат
Бирин-бири
Туурашат.
Жакын барчы!
Торгой
Жаздын жарчысы
Барган сайын
Баары дайын
Угулат.

Колхозчу ага,
Жазгы таңда
Тең жарыша
Торгой менен –
Бир туруп.
Сергек неме
Турат беле
Трактор да –
Кошо чыгат
Кошо чыгат

Торгой черткен
Күүнү угуп.
Жык-жык болуп
Элге толуп
Талаа жайнайт,
Асманга атат –
Кара түтүн удургуп.
Тракторист –
Бир теминсе,
Соко тиши жер тилсе –
Каңтарылып
Жер жарылып
Кара чымдар
Жатат сулк.

Ага,
Жеңе,
Кыз-уландар,
Кары, жаш
Жер жайнатып
Баары эмгекте
Баары эмгекте
Аралаш.
Жадыратып
Жан жыргатып
Эмгек балкып
Сонунсуң ээ!
Сонунсуң ээ!
Биздин жаз!

*(КК., 1941, 30-март)*

## ТЫЛ ЖАНА ФРОНТ

Бил душман!
Калк каптады
Ташкынга окшоп.
Чыдабайт,
Бардык тоскоол
Жексен болот.
Жаш дебей,
Кары дебей,
Миллиондор
Октолсо бир бешатар –
Баары октолот.
Ар дайым
Жеңиш ырын ырдап учат.
Таамайлап,
Биздин колдон
Атылган ок!
Тыл дагы,
Фронт дагы,
Жапырт туруп,
Калкымда,
Камылгасыз бир да жан жок.
Аскерлер
Бүт жарактуу
Тондуу
Аттуу
Тыл болсо,
Эмгек кайнап
Курсагы ток.
Бил душман!
Талкан кылат,

Жанчат– сени
Кош колдоп,
Фронт,
Тылдан урган токмок.

*ЛЖ.,1941,20-июль*

## 1-МАЙ

Жарк этип, жаз жаңырып келген сайын,
Көркөмүң көз кубантып турат дайым.
Силкинип, бүчүр байлап, арча, кайың,
Жарп болуп, жан-жаныбар бүт жактырат,
Жаралган жаз айынын жалгыз айын.
Төл кошуп, көк чыгарып, гүл жайнаткан
Көрктүү май кантип сени мактабайын?!
Күжүрмөн күчүн сынап эмгекчинин
Эзелтен белги болгон алтын Майым!

Жер сонун, эл да сонун, кары-жашы,
Көйкөлөт көркүн ачып өзөн сазы.
Калдайган колхоз малын куттукташат,
Каркылдап каадасынча өрдөк, казы.
Гүлдүү май! Табийгатка сен жаз болсоң
Мекеним бүт дүйнөнүн анык жазы.
Биздин эл, бак-таалайдын күрдөлүндөй,
Турмуш шат-анык жыргал гүлдөрүндөй.
Ар дайым алга карай арыш салдык,
Акылман Лениндин билгениндей,
Күн нуру-майдын нуру, бизге тиет
Жарк этип Сталиндин күлгөнүндөй!

Күрпүлдөп күүгө келип сан өзөн – сай,
Айланам бүт береке көңүлүм жай.
Мен эрке, эми шайыр, таалай артык,
Шарп уруп океандын толкунундай.
Көк чыгып жаратылыш көркүн берип,
Алтын май! Бардык айдан сен кызык ай.
Жыл сайын жан кубантып жашай бергин
Гүлгө бай,
        Күлкүгө бай,
            Сөөлөттүү Май!

*КК., 1949, 1-май (1961-ж. жыйнагында: «Май»)*

Койчу, секет, от-жалынга алпарбай,
Кыйналдым го эч кумарым таркалбай.
Ошентсем да көргүм келет күнүгө,
Тигилемин такыр көзүм тарталбай,
Эркке койбой ээрчиттиң го артыңдан,
Жал-жал карап жараланган аркардай
Үмүттөнөм, бирок сырың билбедим,
Же сүйөсүң, же жүрөсүң барк албай.

*1945-ж.*

## УКТАГАН УУЛУМА

Уктачы, уулум укта!
Менин ырымдан башка,
Азырынча сөз укпа!
Укта, балам укта!
Сен жаңы эле келдиң
                турмушка.
Ачуу-таттуу баштан өтөөр,
Турмуш деген укмуш да?!

Уулум укта! Үнүн угуп
атаңдын,
Жардамым деп
Жалгыз сага такалдым
Айланайын бузбайынчы
уйкуңду,
Азырынча бир топ жактан
начармын.
Уулум укта! Көзүңдөн
мен садага!
Тагдыр деген талант
берген мага да.
Уулум укта! Табийгаттын
бергени,
Тең болсунчу ата менен
балага!

Уулум укта!
Же жазуучу, же болорсуң
сүрөтчү,
Ошондуктан сенден
тилейм тилекти.
Келечегиң кемтик болбос
иш үчүн,
Керек болсо сууруп берем
жүрөктү.

Уулум укта!
Ойгонгондо күлүп кой,
Кирпик ачып көздү мага
тигип кой.
Атайылап мага арнаган

экен деп,
Атаң жазган ушул ырды
билип кой!

*1959*

## ЭНЕ

Булутсуз бир жеринде көпкөк асман,
Жылдыздар жылтылдашып көркүн ачкан.
Аткарып түн күзөтүп мойнундагы,
Суйкайып супсулуу ай бара жаткан.
Көшүтүп караңгылык жердин бетин
Эс ал деп урмат менен чапан жапкан.
Үлүшүн табигаттын ушул берген,
Адамзат жан-жаныбар баары таткан.
Бир үйдөн таң атканча чырак өчпөйт,
Ким болду тынчы кетип уйку качкан?
Акынбы сонун сөздү тандап тапкан,
Болбосо илимпозбу китеп жазган.
Акыры билдим аны сурамжалдап,
Алдейлеп эне экен бала баккан.
Чырымтал балапаны торолгончо
Чырм этип уйку албай кирпик каткан.

Баласын таптайт эне өтө кылдат,
Нечен күн, нечен айлар, нечен жылдап.
Эмгегин күүгө салып кубулжутуп,
Ырчысы кайсы элдин алмак ырдап.
Тагдырдын татаал жолу келсе чындап,
Балдарын алып өтөөр эне кырдап.
Гүлдөсө гүл бакчасы багып жаткан,
Жашараар күндөй күлүп кошо жыргап.

Жетилип балапаны учуп кетсе,
Кылыгы ар бир күнкү калаар эсте.
Белгиси өткөндөгү оор эмгектин,
Катарлап түшкөн бырыш айдай бетке.

Теңдешпес сенде күчкө эч бир нерсе,
Ала-Тоо чалкалаган боюн керсе.
Теңдешпес мээримине эч бир нерсе,
Лилиянын үлбүрөгөн гүлүн терсе.
«Апа» деп оозго кирээр эң биринчи,
Балага чулдур-чулдур тили кирсе.
«Апа» деп оозго кирээр эң биринчи,
Жигитке душман огу жанып кетсе.

## АТАМДАН КОРКТУМ

Атамды көрбөгөнгө көп жыл болгон,
Атайлап отпуска алып, барып консом:
Ал күнү майын берди, чайын берди
Деп айтты аркы-берки оңду-солдон:

– Атыма ардак кылбай баратасың
Сен үчүн жайда күйүп кышта тоңсом.
Элим бар, колхозум бар, эмгегим бар,
Өзүңдөн үмүт кылбайм, бир беш – он сом,
Карысам кайра сени багып алам
Мен үчүн ичкиликти таштап койсоң.

Ошентип атам чыкты эшик жакка,
(Окуучум, ушул жерден мени макта)

Чыңданып, чыбык алып сабайтко деп
Атамдан коркуп кеттим ошол чакта.

**БАЛА**

Жадырап ич ысыткан күлкүң менен,
Башкача кызыксың го бала деген.
Гүл да гүл – сен да гүлсүң жаңы ачылган
Таалайың кагылайын кандай кенен.

Башкача кызыксың го бала деген,
Адамды элжиреткен тилиң менен.
Экөөңдү эки жыттап жарпын жазды,
Эми эле эмгегинен келген энең.

**СҮРӨТТҮН АРТЫНДАГЫ ЫРЛАР**

***I***

Ар башка ар кимиси алыс-алыс,
Айт! – десе ажыратам болом калыс.
Акматов, Өмүраалы, Токуш, Шопок,
Мидин бар арасында акын чалыш.

Билгенге ушул мезгил кандай кызык,
Карырбыз чач агарып, бет бырышып…
Ошондо бул сүрөттү көрөбүзго
Бырс күлүп элестетип, ичтен сызып.

***II***

Каралдым каным бирге балам Чынар!
Бир талант жүрөгүңдө жаткан чыгар.

Кагазга түшүрүлгөн карааныңа
Канчалык кадалсам да канбайт кумар.
Карга да өз баласын аппак деген,
Андыктан кандай айтсам укугум бар.

***III***

Ушул кез, үшкүртөсүң улутунтуп,
Ушул кез, түк кетпессиң унутулуп.
Балдарым айтаар бекен мен өлгөндө,
«Атамдын жаш кези деп элден угуп,
Укмуштуу алда нече ойго түшөм,
Ойлонуп өзүмдү өзүм карап туруп.

## ӨМҮР

Секунд согот токтоосу жок ыпылдап,
Жашың санайт саат кагып чыкылдап.
Улам кемип өткөн сайын ар жылың,
Өмүр суусу тама берип тыпылдап.

Бул турмуштун бар экен го ар кылы,
Балалыгы өмүрүңдүн артыгы.
Санга бөлүп ар жашыңды санаарсың,
Жаш өткөндө карап алып артыңы.

Кечке оюн, көк чыбыктан ат кылып,
Бири ыйлап, экинчиси каткырып.
Балалык кез эң бир сонун экенсиң,
Оор кайгыны өз боюңдан жат кылып.

Жаштык сулуу жаздын назик гүлүндөй,
Жарк-журк этет жайдын ачык күнүндөй.

Кандайдыр күч алга карай дем берет,
Мукам чыгып кыл кыяктын үнүндөй.

Өмүр шамын өйдөлөтүп кармагын,
Ар күнүңдү эл-журтуңа арнагын.
Текке кетпес асыл эмгек жасасаң,
Ошол болот өлбөс болуп калганың.

Заманымда айга созгон арышын,
Балким табар адам өлбөс дарысын.
Билим өсүп табигатка багынбай,
Өз оюнча жапжаш кылар карысын.

* * *

Таарынчу элең мен жеткирип барбасам,
Эсиңдедир эгер мени танбасаң
Тагдырыма чоң ыраазы болчумун
Ээн басып эркин сени жандасам
Эми көрсөм эки кабат үй турат
Дале эсте дайны кеткен дарбазаң.

Мындай жүрсөм, өткүр элем, жинди элем
Сенден башка элди көзгө илбеген
Ээн түнү сени менен болгондо
Мокок элем карааныңдан сүрдөгөн
Көп айтчуумун өз ичимден кобурап
Ушул кыздан неге мынча ийменем.

Билесиң го олтурганбыз бир жерде
Калдыратты табыш берген бирдеме
Ак бетиңден араң-араң өпкөмүн
Карап турган ай булутка киргенде.

Өзгөчө го ошол түндүн кызыгы
Өчпөс болуп өмүрүмө сызылды
Дале болсо даана турат сезилип
Жумшак беттин албырттаган ысыгы
Ким өптү деп апаң айткан эместир
Эрке кыял сүттөн таза кызыңы.

Андан бери нечен укмуш күн өттү
Нечен сууну, нечен ашты түгөттүм.
Ушул түндү эске салбай эскиртип,
Архивине ката албадым жүрөктүн.

**АК КЕЛИН***

Көп жүрдүк го сыр чечишип жүрөктөн,
Көп ойнодук шап алышып билектен.
Коюндашып жалгыз жаздык жазданып,
Уйкусу жок эчен укмуш түн өткөн.
Алтын келин! Али менде катылуу,
Атыр куйган ак жоолугуң жибектен...

Бардыгы эсте! «Барк албастыр» дебегин,
Сонун мүнөз солкулдаган ак келин.
Келбеттериң кетпей менин эсимден,
Кечпи-эртеби келерим күт, кантемин...

Ат бастырып айлыңа көп каттадым,
Түндө күттүм элиң тегиз жатканын.
Кантип эле качып кетсин эсимден,
Камчы кармап каалгаңды какканым.

Желбегейчен артың карап элеңдеп,
«Ичикий, ий... ич көйнөкчөн элем» – деп,

Кадалчу элең менин муздак оозума
Эп келтирип эриндериң белендеп.
Как ушундай эзилишкен секундга
Караң калгыр, кандай учур теңелмек…

Ойлоп келсем, кызык тура ошол чак,
Эч дайны жок, эч сезилбей өттү бат…
Бирок турар, сыр жашырар түбөлүк,
Мен ат байлап көнүп калган алма бак.
Кучагына далай катты жай-кышы
Экөөбүздү чоочун көздөн далдалап!

Кызмат кыйын, кырдаал келсе барамын,
Эртели-кеч келер жагым карагын.
Көргөн түшүң көңүлүңдөй түз чыгып,
Жарпың жазар капа чеккен кабагың.
Бирок, алтын, болбосо экен үйүңдө,
Эриңмин деп ээлеп жүргөн жанагың.

** Биринчи куплетти өзүнчө бөлүп алып, «Кол жоолук» деген аталышта «Ак чүчкө» (1957) киргизген (3-сабынан гана айырмаланат). Архивинде кол жазманын үзүндүсү гана бар. Менимче, темасы, мазмуну жагынан булар бир эле ыр. Анын үстүнө, түзүүчү (Р.Ш.) авторго (М.А.) жакын адам катары бул ырды жакшы билсе керек. Ошондуктан ырдын аталышын да, өзүн да 1961-ж. жыйнагындагыдай калтырдык.*

## ӨКҮНБӨ

Муңканган үнүң угулат
Муң менен черткен комуздай,
Арманда жүрөм мен дагы

Ар дайым бирге болушпай,
Санаага көптү саласың,
Сары журт болгон конуштай.

## КОШТОШОРДО

«Кош!» – айтып катуу өпсөм колун кысып,
Албырттап алма бети кеткен ысып.
Жарымды жалдыратып таштай албай
Эзилди уу жуткандай ичим бышып.

Ай тийген аппак жүзүн бир карасам,
Кетиптир кара көздөн жаш кылгырып:
– Сагынбай саламат жүр,– дегенимче
Созулду паровоздон шум кыйкырык.

Кайыр кош, кайда жүрсөң кат күтөм деп
Капалуу калып калды ичтен сызып…
Адамды кээде алпештеп, кээде ыйлатып,
Жашчылык, махаббатың кандай кызык.
Өзгөчө укмуштуу го… ушул учур,
Өлгөнчө калбастырсың эстен чыгып…

Өткөргөн өзүң менен укмуш убак,
Жүз жолу жүрөгүмө берет кубат.
Таарынба талап туура чыкпаганга,
Тагдырга ким да болсо моюн сунат
Кантсе да кадыр-көңүл калышкан жок,
Астыртан карап жүрчү көңүл улап.

* * *

Бир кезекте сен жибек тал ийилген,
Жашырынып карыш чыкпай үйүңдөн.
Ал кезекте бир бечера жаш чагым,
Кызды көрсөм карааныша сүйүнгөн.
Бирок, жаным өз жашыңды көп дебе,
Азыр эрте, чыга элексиң чийимден.

* * *

Сыймыктап махабатың күтөмүн мен,
Өткөргөн бир секундга сени менен.
Өзүңө өмүрүмдү берер элем,
Алтыным, айткан антка ишенип кой,
Сүйүүдө сөзгө бекмин, менменсинем.

## СУЛУУ ЖАЙЛОО

Тармал төр, жайык конуш, көбүргөн бел,
Туш тарап сан жалбырак, көгөргөн жер.
Кайгыңды канча болсо таратпайбы,
Гүл жытын мурунга урган сапсалкын жел.

Бал татып балтыркандуу кашка булак,
Үнүнөн такыр танбайт уккан кулак.
Өмүрдө эч бир ырдай билбесең да,
Шыктанып бирдеме айткың келип турат.

Жайлоонун жайытынын көркү тура,
Уй мөөрөп, бээ кишинеп, кой чуркурап.
Калың мал, көк тескейди каптап жаткан,
Байлыгын биздин элдин маалим кылат.

Кең жайлоо ден соолук го кары, жашка,
Эл конуп Жантык конуш, Чатыр ташка.
Жыргалдуу малчыларга шаң эмеспи
«Ай!» — десе кошо ай! — деген бийик аска.

Кең жайлоо дүркүрөсүн өсүп малың,
Бай элим беш жылдыкта мөрөй алсын.
Жүрөктөн чын тиленип айткан сөзүм,
Ала-Тоо дагы асмандап алга барсын.
Челекке айран, жуурат такыр батпай,
Шарпылдап сары-саамал саба жарсын.

*(«Ысык-Көл правдасы». 1947, 19-июнь) (1961-ж. жыйнагында «Биздин жайлоо»)*

## НАРЫН

Көшүлтүп сулуу жаз келди,
Көк мөңгү карды ураткан.
Жылт этип оргуйт тунук суу,
Жымжырттa жаткан булактан.
Карааны сонун айланам,
Карап турсаң ыраактан.

Ар дайым эстеп сагынам,
Ардактуу жердин абасын.
Жыпар жел согуп таптаза,
Жыргатат адам баласын.

Саралтын берген мекенди,
Сагынбай кантип танасың,
Обонго салып жаңыртып,

Ала-Тоонун арасын.
Ак балыктуу кең дайра,
Абалтан бери агасың.

Тамшанып, Нарын таң калам,
Тамашаңа кызыгып,
Тамчыдай суудан көбөйдүң,
Таштардан чыгып сызылып.
Талыбай нечен жол бастың,
Талааны, ойду кыдырып.
Тар капчыгай кез келсе,
Тал тутамдай кысылып,
Сары аска ташка тиесиң,
Саамалдан бетер бышылып.

Жакалап бойлоп олтурсам,
Жазасың менин жарпымды.
Төрлөрүн ээлеп эл конот,
Төө жайлоо, Чалкак салкынды.
Ардакты менен Чырпыкты,
Аябай берет алтынды.

Алыстан кырккан жыгачын,
Аккайыңды Алыштын.
Аккөбүк тартып жулунуп,
Алда кайда агыздың.

Куу дөңгөч жана Кайыңды,
Куру сай, кургак Дөбөлү.
Кубалашкан карагай,
Курулушка жөнөдү.

*КК.,1948, 11-июль*

## ЖОЛДО

Бул жер тыптынч, токойго токой уланып,
Шамалга учат жалбырактар кубарып.
Жаш кайыңдар саргыч тартып алтындай,
Күзгү желге ыргалышат буралып.

Булут калкып кайың токой үстүнөн,
Көгүш тарткан көлөкөсүн түшүргөн.
Күүгүм талаш балдар үнү созулуп,
Бакыт-таалай багытына үндөгөн.

Сен уктуңбу ырлар чыгат талаадан?
Кимдин сөзү так угулган шалбаадан.
Ак кууларды ким учуруп асманга,
Арт жагынан кол булгалап караган?

Даана тааныйм ушул чыккан үндөрдү,
Далай баскам ушул асыл жерлерди.
Элестетем кең мейкинди карасам
Асыл калган, жаш балапан күндөрдү.

Жашай берет, өлмөк беле ыр деген,
Сөз да жашайт күү кошулган ыр менен.
Алда кайдан табышмактуу үн чыкса,
Жаш кезимди кайра баштан көрөм мен.

Жаш улгайып калган кезде токтолуп,
Жашчылыкка кездешкендей окшодук.
Экөөбүздө арманы жок ал кездин
Дайым жүрдүк эмгек менен дос болуп.

Азыр деле бизден жаштык кетелек,
Күрдөөлдүү эмгек алга сүрөйт жетелеп.
Баштагы ыр, баштагы ой, күч-кубат,
Оюбузда кадимкидей турат бек.

Биздин жүрөк таалай үчүн ачылган,
Биздин кубат таамай ишке атылган.
Таалай үчүн жүк көтөрүп мен менен
Эң эле эрте ишке кирдиң жашыңдан.

Карачы дос! айлана да келбетте,
Жаңылык көп, бүтө албайсың эсепте.
Көрчү, досум, чачыбыздын актарын
Белги болгон көп жылдаган эмгекке.

*Архивде:*
*1948*

## ЖЕҢИШ

Эзели такыр эстен кетпейт чыгып,
Өмүрдө бир жамандык, бир жакшылык.

Канткенде эки мезгил эстен калат,
Бири кек, бири даңкты эске салат.
Тынч эмгек, курулушта дуу дей түшкөн,
Калкыма кан жыттанган кабар тарап,
Ошол кезде партия айтпадыбы,
– Урушка уулдарым алгын жарак.
Биз алдык балка чапкан чымыр колго,
Белсенип беш атарды бекем кармап.
Сурданып антты берип жөнөдүк ко,
Кылчайып Ала-Тоону бир жалт карап.

Түтүндөн түш мезгилдер түнгө айланып,
Кыйрады кыйла темир күлгө айланып.
Канчалык душман күчүн жыйнаса да,
Ан сайын кайрат курап эч тыйбадык.
Аркадан Москваны медер кылып,
Лениндей атабызга бел байладык.

Дем болуп кайратына биздин элдин,
Партия Жанар тоодой күчтү берди.
Советтик армияга кол куушуруп,
Түбөлүк башын ийди кара Берлин.
Так ушул тогузунчу майдын күнү –
Тарыхта «Жеңиш» күн деп кала бердиң!

Желбиреп жеңиш шаңы кызыл желек,
Москва! бүгүн элге салют берет.
Бизге күч, душмандарга сүр эмеспи,
Күүлөнүп дүңгүрөгөн көп замбирек.
Ичи жат, согуш отун үйлөгөндөр,
Болк этип, эт жүрөгү болор селт-селт.
Тынчтыкты тилек кылган биздин өлкө,
Жыл сайын жыргал сүрүп алга кетмек.
Беш жылдык пландарын элим ойлоп,
Бейкутта берекеде кылат эмгек.
Эркелеп үч жашаарга жаңы толду
Так бүгүн жерге түшкөн көп Жеңишбек!

## ЭМГЕК ЭЛЕСИ

Көрккө келип,
    Көшүлүңкү туш тарап,
Көңүл толкуйт,

Эл эмгекке шыктанат.
Талаа бетин,
Тамылжытып шоолага,
Татынакай –
Таң сөгүлүп ык салат…

Жаз белгисин,-
Элим турган күтүнүп,
Камылгасын –
Капкачантан бүтүрүп.
Жаз келди деп,
Жапырт чыгып белгилеп
Тракторлор –
Түтүн бүркөт дүкү-дүк!..

Дың бузулат,
Кыртыш чарт-чарт жарылат.
Айдоо жерлер –
Улам кеткен нарылап,
Башка орундан –
Быйыл көчүп келгенсип,
Ар жаз сайын,
Дайым –
Айдоо жаңырат.
Ал анткени:
Суу мол берчү каналды
Жакында эле.
Бүтпөдүкпү барылап?
Ошон үчүн,
Быйыл түшүм –
Ойдогудай алынат!

Элим гүлдөйт!
    Жердин бетин саймалап,
Томкор чымды!
    Топуракты майдалап.
Талбай иште,
    Табигатты багынткын.
Таалай деген,
    Өзү сага байланат.
Сталин бар,
    Тынч эмгегиң колуңда,
Айдоо үстүндө –
    Ак көгүчкөн айланат.

*(ЛЖ.,1952, 14-март)*

## СУУСАМЫР

Ыр жаздым ышкыбоздонуп сени мактай,
Бир обон жүрөгүмө такыр батпай.
Салкында сайран кылып, таңыркандым
Сарала сан гүлдөрдүн атын таппай,
Суусамыр суктандырды сулуулугуң
Бур этип гүлдүн жыты мурун каптай.

Жайытың жарашыктуу, малга белен
Чынында сендей болсун жайлоо деген,
Алыстан эки өзөн суу башын кошуп
Айланаң алтын жайлоо кандай кенен.
Суусамыр, Суктандырды сулуулугуң
Керимсел, кечки соккон желиң менен.

Жапжашыл, жарашыктуу килем сыяк
Кулпунган кырбууларда кулун туйлап,
Калдайган колхоз малдын гүл азыгы
Капталдап калың чыккан кара кыяк.

Суусамыр сени кантип адам тансын
Мал-жанга жүрөктөгү ысык кансың.
Суусамыр кучагың кең жайда гүлдө
Жарыштан калың элим мөрөй алсын.
Төрт түлүк колхоз малы бүт дүркүрөп
Шарпылдап сары саамал саба жарсын!

## САААДАТ – КАНДИДАТ

Арыштап, алга шилтеп кадам.
Көбөйсүн билимдүү адам!
Илимдин, техниканын азаматына
Кубанбаганда,
Кантет элек анан?!
Ошондой болсо да,
Кайсы бир «Илимпоздорго»
        Таң калам…

Иликтеп билгендер кеп кылат,
Анын илимдерге кандайча
Кандидат болгонун,
Тапкан жолдорун.
Кантип бул атка конгонун.
Жалооруп көзүн карап,
Жумшак тили менен жалап –
Бир «кокуй» профессордун
                        колдорун.

Ишенбесең,
Алган темасынан эле болжогун.
Кээ бирөөнүн жазган темасы:
»Чегирткенин үнү»
Жээ «жарганаттын жүнү»
Ушуларды
»Изилдеген» имиш күнү-түнү,
Кээ бирөөнүкү,
Жөн эле эчак белгилүү
Иштердин бир түрү?

Андайлардын максаты:
Эптеп эле кандидаттыкка илинсе.
(Темасынын байланышы
Болсо дагы, болбосо да илимге).
Кээ бирөө мындай деп жазат:
«Төкөлдөштүктөрдүн тили –
кыргыз тилинде»
Бирок,
«Музоо» деген сөз
«Мосоо» болуп жүрөт биринде.

Мына ушундайдын бири –
Айдаркулов Саадат.
Биздин Саадат.
Башкалар күндөп өссө,
Бул «өстү» сааттап.
«Мына бул тамга – «Ың»
Куйрук коюлуп жазылары чын» –
Деди «айкындап».
Аспирантураны бир айда аттап,
Эң эле бат,

Боло түшкөн,
Илимге кандидат.
Биздин Саадат
Ырас, билет кат.
Бирок, оордук кылат
Кандидат
Деген ат.

Антпесе,
Дагы алга жылат эле арымдап
Он жылдап,
Ордунда турат,
Эскирди го
Бул кандидат.
Эң оор басып, эңилчек дат?!

*СК., 1956, 24-июнь*

## МАКМУТКА КӨЗ ТИЙДИ

Биздин физкультурник
Макмут,
бардыгына шапа-шуп.
Бүткүл дене
келишкен эле куп:
Кенен көөдөн,
чымыр булчуң,
узун бут.

Ал бардыгынан койбогон:
Турникте
ылаачындай ойногон.
Сууда сүзүүдө

ок жыландай сойлогон.
Жапырт кол чаап,
жактыруучу стадион:
Макмутту көргөндөр:
«Келечектеги чемпион»
деп ойлогон.
Бир жолу Макмут
секирген –
бийиктиги эки метрден.
Мына ошондон баштап,
өзү үчүн бир «ката»
кетирген.

Балаа болду,
барсайтып
үйлөй башташты четинен.
Кошоматчы, обу жоктор
анын тегерегине
жарданат.
Терин желпип,
колу бутун кармалап,
«Капырай» – деп –
кайсы бирөө
булчуңуна таң калат.
– Ой, койсоңчу,
көзүң тийип жүрбөсүн.
Бол тезирээк,
кийгизе салгыла?
күрмөсүн!

Дагы бир чечен
тилин кайрады,

мындай деп сайрады:
– Эй, Макмут иним!
Эми сен ким?
Ушуну билгин,
Сен Шахлин,
сен Чукарин!
Дүйнөгө дүңк дейсиң,
жүрө бер тим.
Баракелде Макмут иним!

Мына ушинтип
алаканга салышты.
Көтөргөн бойдон
окуган же,
иштеген жерине
барышты.
Көп жерде
мейман,
банкет.
Чакырса барат да,
Макмут кантет?!
Анда көп болот
жогору чалып мактаган кеп.
Тост көтөрүлөт:
«Биздин чемпиондун
урматына» деп.
Демек,
Макмут олтурат
Эл катары ичип,
Эл катары жеп.
Анда кызылы бар,
агы бар.

Макмут ууртап
көрбөгөндөрдөн
дагы бар.

Макмут көтөрүлө баштады
эң эле бат.
Бардык жерге делегат.
Мойнуна
толгон көпчүлүк иши
байкалат.
Ал аялдардын да,
ДОСААФтын да
жыйналышында,
Президиумга шайланат.
Акыры стадиондон
четтеди.
Кой-Сары
же
Жети-Өгүз жак болду
кеткени.
Бара-бара
байбичелердикиндей
Балжая баштады беттери.
Улам жакшы байкап
турсак:
Саландап кеткен экен
курсак.
Бука моюн болгону менен
булчуңдары жумшак.

Аны жетелегендер
»Көпчүлүктө көз тиет»

деп,
көлөкөдө баккан,
Көпшөк көбүк кылышты
үйлөй беришип ар
жактан,
Жолдош
физкультурниктер!
Макмуттун пайдасы
кайсы тапкан?
Сүйгөн ишиңдин
артынан түш,
Ушундай болуудан сактан!

*ЛЖ., 1958, 20-июль*

## ТИЛЕКМАТТЫН ТИЛИ

Байсалов Тилекмат,
Жакшы жазат.
Жакшы билет кат.
Анда,
Билим десе билим.
Орто мектептен кийин
Чалараак бүткөн,
Институттардын бирин.
Ошондой болсо да –
Тилекмат иним.
Оңдой албай жүрөт
Оозеки тилин.
Ал өзү,
Жамандык кылбайт кишиге,
Чын берилет

Аткарган ишине,
Комсомолдук милдетти
билет.
Коомдук ишке жан-дили
менен кирет.
Ачыгын айтсак,
Ак ниет жигит,
Өлкөбүздүн тилегин тилеп.

Жумушуна
Кечикпей барат
Тез бүтсөм деп
Күйүп жанат
Ага жат,
Ичкилик – арак?
Анда,
Тартип десе тартип,
Жалган жерден
Жамандайлы кантип?
Бирок,
Биздин Тилекмат
Үйрөнүп алган
Бир адат.
Ал жыйналышка
Барарын барат,
Кандай маселе
Болсо да
Сөз алат.
Трибунаны бек кучактап,
Сүйлөй баштайт бат-бат.
Кээсин кыргызчалап,
Кээсин орусчалап

Деги бирөөнү
айтса боло так.
Тим эле
Уккан киши уялат.
Маселен анын сөзү:
– Жолдоштор!
Качан выполнит –
Этилет биздин план?
Адин мен эмне кылам,
Астабайт эттик го улам.
Демек,
Сначит,
Эмне кылыш керек.
Өзүбүз киришпесек,
Кто жардам берет?
Канса-кансоп
Айта турган болчу,
Боло турган болчу болсок.
Өзүбүздө уят жок.
Биздин жерге баары өсөт го,
Свекла, хлопок,
И еще?
Мүйүздүү – рогатый скот.
Демек,
Сначит,
Все баарыбыз ишке
кирели?
Техниканы,
освоит этkенди билели?

Мына ушул,
»Сначит» менен «демек»,

Тилекматтын оозуна
»Аа» дегенде келет.
Качан болсо кайталай
берет,
Кур кыйкырык эмне
керек?
Мындай «чечендерди»
Эл айтат
»Кызыл кекиртек»
Жолдош Тилекмат!
бул сага жазылган кат
Жыйналышта сүйлөсөң
сүйлө,
Бирок,
Тилиң болсунчу так!..

*ЛЖ.,1958, 21-декабрь*

## АЛ ЭМИ КИМ?

***(Болгон окуя)***

Кичинесинен
Мен бир жигитти билем.
Аты Арстанбек
(Эгер чыгып кетпесе эсимен)
Азыр ага
ар түрлүү жерден кезигем.
Ошого арнап,
Калам кармап,
Ыр жазгым келди тезинен.

Эмесе,
Мындай кеп:
Төрөлгөндө ушул Арстанбек
Атасы ат койгон:
Уулум Арстандай болсун деп.
Ар кимде болот го
келечек тилек.
Эл бата берген
Уулдун узун өмүрүн тилеп,
Ырас, дуулдаган
Көпчүлүктүн батасы.
Чоң кызматта болуучу
уулдун атасы.

Күндөр өттү
Нечен санат.
Арстанбек боло баштады
Темир канат.
Кыйын эмеспи –
Эне-атадагы талап:
Аны аябай бапестеп багат,
Кээде шоколад,
Кээде мармалад.
Оюнчуктан
Каалаганын алат.
«Эшикке чыгарбайлычы,
Кокус суук тийип калат».
Балага пайда болду
эркелик адат.
Арстанбек калды
алтысында
меймандарды сабап.

Жетисинде мектепке барат.
Онунда колуна саат тагат.
Акчаны «мамасынан» алат.
Кайда болсо барат.
Кээде окуса,
Кээде окубай коёт сабак.

Онунчуну бүттү
»Папасынын» күчү менен
Көпчүлүгү «эки»,
Анда-санда «үчү» менен.
(Кантесиң,
Кайсы бирөөнүн күчү кенен).

Ушинтип
турмуш жолуна чыкты
«Чоңубуздун» уулу деген,
Оокат жайы белен,
Кээде «Арак!»
Кээде: «чылым чегем!»
«Папасы» институтка өткөрөт
»Без экзамен».

Арстанбек эптеп-септеп,
Университетке кирди.
Эми студент эмеспи
Билекке алтын саат илди.
Барыш-келиште
»Папасынын»
Машинасын минди.
Иши кылып
окумуш болуп жүрдү.

Жигит болгон соң,
Талабы чоң.
Дайыма чөнтөгүндө
жөнөкөйдө элүү –
майрамдарда беш жүз сом,
Ал үчүн
Китепканадан
Ресторанда жүргөнү оң...

Университетке батпады.
Анткени өзүнө «жакпады».
Көп сабактан кулап калса
Кудай менен атасы –
экөө сактады.
Бара-бара
Бардык институттарды
каттады,
Ошондо да болбой
»Мамакеси» мактады.

Бул жактан чыкты.
Баары бир,
Уулум болот деп мыкты
«Папасы»
Москвадан
бир жерге тыкты.
Тагдыр деген кандай...
Ал жерде
Бир жыл айланбай
Бирөө ийне менен сайгандай
качып келди
Агытылган тайгандай.

Эгер айтса чын:
Алган билими болуптур –
чоң ботинка,
чолок шым.
Үрпөйгөн чач,
узун костюм –
ушул сын.
Мына,
Чоңдун уулу кандай тың?!

Жетип калганбы убагы:
Айтор, «папашасы»
ачык ооздугунан
кызматынан кулады.
Арстаныма
Кырсык болду бу дагы.
Шалкая түштү
Шайкелеңи мурдагы.

Теңтуштары
Окууну бүттү тырышып,
Өлкөсүнө пайдалуу,
Өз оокаттарына бышык.
Арстанбекчи?
Арстан эмес –
Жөнөкөй эле мышык!
Анан ким?
Артына карай өссө?
Улутунуп калат
»Папасыныкындай» «Победа»
Анын жанынан өтсө.
Азыр көргөндөр айтат,

башын чайкап:
– Ар жаштан өнөр көп күтөт
Ата Мекен турагың.
Ээ, Арстанбек чунагым,
Атаңа жетсин убалың,
Эптеп-септеп кесип ал,
Бир жерден кызмат сурагын,
Алты сан аман, өзүң жаш
Иштей турган курагың.

*Чалкан, 1960, №1*

## КИТЕП

Мына бул алтын китеп!
Адам зат ушундан
    Ар кыл
        Акыл
            Күтөт.
Бул китепти олтурган
    Маркс
        Ленин да тиктеп!

Китепти окуган
Арыштайт, озот,
    Айга колун созот.
Анткени –китеп
    Акылга-акыл кошот!..

Китеп мүлк.
    Оокат –
        Нан,

Китеп окубаган адам,
Ал наадан.
Китеп билим –
Билимиң менен баалан!!!

Китеп курал
Ар адамга дайыма,
Китеп керек.
Шаарга да
Айылга.
Бирок жолдош,
Аны сыйла,
Бир барагын айрыба!!!

Китепти окуган
Турмушка канат,
Ошон үчүн алат.
Анткени, китеп
Эскини элестетет
Кемчиликтен,
Кеп салат.

Китеп керек
Балага да,
Карыга,
Китеп,
Жардам берет
Баарыңа!
Ошондуктан,
Кыя өтпөстөн
Алгыла!

## БАЛТЕК ЖӨНҮНДӨ БАЯН...

***(Тамсил)***

Менин Балтегим,
күндүр-түндүр үрөт.
Бир кезде карышкырдын,
элесин байкап калган көрүнөт.
Айылдагылар айтты:
– Сенин Балтегиң эч нерсени
көрбөй эле арсылдап,
Өзүнөн-өзү жар салат.
Алды го кулактын кужурун,
Деги, көрсөтсөң боло
бирдемени мурун?!

Алардын айткандарына ызамын
«Каап жок дегенде
коёнду көрсөчү» деп ичимен сызамын,
Чынында
Балтекти жакшы көрөмүн.
«Кой, арманы калбасын» – деп
зоопаркка жетелеп жөнөдүм.

Барарын бардык.
Белет алдык.
Кирээр замат эле... Арстан!
Балтек өзүмө келип бир тийди,
Демейде баатыр эле,
Билбейм, буга кандай жин тийди?
«Сен эрсиң» деп мактап,
Кээде ап-аптап.

Баарын,
Тааныштыра баштадым тактап:
– Тээтиги Кекилик,
Чил.
Улар.
Көп үрбөй жүр,
зыяны жок нерсе булар.
– Мына бул Сурчычкан.
Суур,
Кашкулак,
Ийинде жашашат,
билип алгын жакшылап.
– Тигил Мадыл, наркы Элик,
берки Сүлөөсүн.
Сен баарын эле
Карышкыр деп жүрөсүң.
– Карачы,
мына бул Бүркүт,
жанындагы чоң Жору
Экөөнүн эки башка жолдору.
Бүркүт кыраан болсо,
А, тигини кара,
муйтуюп турат колдору,
Тарп болот мунун конгону.
– Мына бул Түлкү – алдамчы
Өзүңө окшоп –
көрбөй үргөндөргө жардамчы.
– Тигине, тигине Карышкыр!
Көрдүңбү кабагын?!
Сен Коёнду деле ушул деп
санадың.
Мурун көрсөң караанын

эми өзүн карагын,
– Тигил – Крокодил,
Пил.
Баарын ажырата бил.
– Мына,
Аюу,
Жолборс,
Каман.
Жадатып эле,
жабыша бербе
Жарып салгандары жаман.
Ыгы жок катылсаң анан
Акыры калбайсың аман.

Экөөбүз зоопарктан чыктык,
(Балтек болсо куйругун кыпчып)
Калган окшоду
Ошондон кийин
Айыл-апанын кулагы тынчып
Мурун элестен башка –
эч нерсе көрбөсө Балтек
анан кантет?!

*(Чалкан, 1958, №2)*

## ЫЗА БОЛУУ

Зоопарктагы бир элик,
Кечке туруп эригип,
Көрмөккө айбандарды.
Ар бирине жакын барды.

Тартайган жираф,
Сүйлөдү эликти сынап.
– Бул шордуу ким кыдыйган,
Күрөшүп калса кокустан,
Жыгылат го чымындан.

Элик келсе эрбеңдеп,
Таңыркап чычкан салды кеп,
– Ой, мулуйган кургурум,
Кыска неге куйругуң.

Жанына барса анда аюу,
Кашын чайкайт кайгылуу.
– Жүнүң жок мынча такырсың,
Каяктан чыккан жакырсың?

Эшек дагы бакырып,
Анын сөзүн улады.
Келишимсиз неме экен,
Делдейип турбай кулагы.

Элик байкуш ыйлап качты,
Ызасын энесине айтты.
Жондорун тили менен жалады,
Мындай деп баласына карады.

Ар кимдин,
Отурсаң сөзүн угуп,
Эликте болсо узун куйрук,
Кандай болор элең чунагым,
Эшектикиндей,
Делдейип турса кулагың.

Башыңа,
Чыкса мүйүз каркайган,
Жирафтай,
Болсоң тартайган.
Аюунун,
Кошсо сапсак жүнүн,
Окшошор,
Желмогузга сенин түрүң!

## БАКА ЖАНА ЖЫЛАН

Кара суунун жээгин мелтиреген,
Бир бака кылган экен аны мекен.
Ысыкта болду көлөкө
Суу жээгинде жашыл жекен.

Камынып жаздын алдынан,
Ой ойлонду бака жан.
Балама жумшак болсун деп,
Уя салды балырдан.

Бакада болгон жок тыным,
Ал балдары үчүн.
Жыйып күчүн,
Кармады жөргөмүш, чымын.

Балырлуу чөпкө оронуп,
Балдары өстү торолуп.
Кадимки бака болушту,
Куйруктары жоголуп.

Кечке оюн каткыруу,
Турганда бака бактылуу.
Кокустан болду кошуна
Бир чаар жылан ачуулуу.

Бир кезде жылан ой ойлоп,
Ары-бери сойлоңдоп.
Кошунама барайын
Чуулганды салайын.
Кечки ичээр тамакка,
Бир баласын алайын.

Жылан калат эмеспи,
Жылан деген ат менен.
Анын алкымында болбойт ченем,
Бирок ага сокку берчү
Баканын балдарында бар го эне деген.

– Ассалоом аллейким,
Бака балчак аманбы?
Өңү-түсүн тааныйын
Өптүрүп койчу balaңды.

Хи-хи-хи-хи-ха-ха
Таңыркап бака караба.
Ачыгын айтсам мен турам,
Сугум түшүп балаңа.

Соймоңдоп ача тилдери,
Дагы жылан сүйлөдү:
Бүт кырылгың келбесе,
Бир балаңды бер деди.

Шордуу бака шолоктоп,
Не кылаарын билбеди.

Ой кошуна ийрегим,
Келериңди билгемин.
Балталап коём башыңды
Балдарыма тийбегин.

Баканын кетип амалы,
Турганда жетип ажалы.
Чабалекей дос өттү,
Жарып учуп абаны.

Түшүнүп начар абалды,
Жеткирүүгө кабарды.
Жааны көздөй жөнөдү,
Кубалап өтүп шамалды.

Тер кетип бойдон чыпылдап,
Жаага жетти зыпылдап.
Үйүнөн аны чакырды,
Чыкы-чыкы чыкылдап,
Чыкы-чыкы-чыккын бат.

– Жаа, жаа, баатыр жаа,
Атайы келдим мен сага.
Бака досум өлүмдө,
Жүр, жүрө көр жардамга?

Кийиминди тез кийгин,
Канатыма чап мингин.
Соймондогон жыланга,
Октой болуп түз тийгин…

Көрө коюп бир бака,
– Мына, мына мынакей,
Келе жатат биз жакка,
Анык дос чабалекей.
Анда бири сурады
Билгизип келип бу дагы,
– Баатыр жаа канакей?

Түшүндүрдү энеси,
Жаа жөнүндө кобурап.
– Араң анын денеси
Ийнеликтен чонураак,
Баатыр жааны чакең.
Канатына кондурат.

Жыландын азыр ою,
Баканы соруп тоюу.
Келгендигин сезген да жок,
Жаанын өзүн.
Жаа болсо, оюп түштү
Жыландын эки көзүн.

Эки дос:
Жаа, чабалекей,
Эне менен баланы жактап,
Калышты алардын өмүрүн сактап.
Үн салышты торгой, булбул,
Булардын эрдигин мактап!

Бака-бака-бака-бак,
Шайыр өмүр сүрүшөт.
Суунун боюн жакалап,

Чабалекей, жаа доско,
Айтышты чардап ракмат.

Ура-ура-ураалап,
Бакалар күлүп кубанат.
Суугa ойноп кирищти,
Бирин-бири кубалап.

## КАРГА МЕНЕН САГЫЗГАН

***(Тамсил)***

Кыш келип,
Аппак кар жердин бетин алган чүмкөп,
Асман кайгылуу кабак бүркөп.
Ышкырат муздак шамал шуу-шуу этет,
Дегенсип:
«Мен тытылгыс эрке тентек»…
Үрпөйүп,
Жонун түйүп.
Отурду бир бутакта карган карга,
«Тоём» деп канткенде жылуу канга,
Башынан эптеп-септеп жанын бакты,
Аңдып жеп,
Ар-кимден арткан тарпты.
Ушинтип,
түрү качып
Курсак ачып
Турган чакта.
Бир сагызган конду карга турган бакка.

– Шака-шака,
Мынча неге болдуңуз капа.
Жооп берди анда карга:
– Каак-каак,
Эсиме түштү бала чак.
Илгери, илгери,
(Көп жыл болду андан бери)
Мен күчөп турган тушумда,
Жыргап жүрдүм.
Жайында да кышында
Бөтөнчө жакын элем,
Бөрү менен кузгунга,
Ал кезим болсо,
Үңкүйүп отурат белем ушунда?!

Анда,
Тумшугум курч, канат күчтүү,
Мен ашпаган,
Мен баспаган,
Калган эмес жердин үстү.
Тамак белен
Уям кенен.
Деги койчу жыргагам,
Сендейлерди конокко,
Ала жүрүп сыйлагам.
Ошентип бакчу элем байкуш жанды.
Ал күндөр түштөй болуп алыс калды.
Ичинде катып койгон сыры бардай,
Кылчайып сагызганды карап алды.
Сагызган сезгич неме шык-шык этти,
Карганын ичте оюн дароо сезди.
Билебиз даңкыңызды,

Деги,
Тезирээк айтыңызчы,
Ичте жаткан баалуу кепти.

Анда карга:
– Менде деди бар арга.
Баралы этегине Ала-Тоонун
Көп жандар ээлеп жатат анын боорун.
Кээ бирөө сак болсо,
Кайсы бири момун.
Арасынан кезиктиребиз,
Арык-торук
Аттардын жоорун.

Бул ишти сен гана аткара аласын.
Доктормун деп,
Билгизбей шек,
Оору болуп келгендердин,
Оё бергин жарасын.
Мына ошентип,
Мени да, өзүңү да багасың.
Сагызган бул акылды
Аябай жактырды,
Азамат деп,
Карганы бек,
Далыга чаап каткырды.
Экөө тең
Тиктирип халат кийишти,
Эмне болгон керекти.
Дары-дармек, кебезди
Сумкага салып моюндарына илишти,
Көргөндөр буларды,

Сөзсүз доктор деп билишти.
Самаган жерге жетээр менен,
Кайран карга,
Бардык жанга
салды жар:
– Ээй, эл-журт, кулак сал!
Мында келди сагызган деген доктур.
Издегениңер менен мындай жоктур.

Ал салаар замат ийнесин,
Кичине кайжаңдап ийилесиң
Аз-аз чыдасаң,
Анан айыкканыңды билесиң.

Жашыңар-карыңар,
Бул доктордү,
Жактырасың баарыңар.
Ийнени сагызган сайса,
Менде тып баса коёр дары бар.
Коркпогула, биздин илимге керек
Эгерде,
Таамп калса каныңар.
Жан деген кимге болсо да керек,
Демек,
Ооругандар,
Жооругандар.
Баары келет.
Кай жери ооруганын,
Суратпай эле айтып берет.

Мына ошентип,
Сагызган

Ооорулардан ого бетер кан агызган.
Жылуу канга тумшуктарын малышкан
Курсагы ток,
Кайгысы жок.
Жыргап-куунап калышкан.

Оорулардын начарлады абалы,
Чогулушту кеткендиктен амалы.
Баарына калыс,
Көгүчкөнгө сөз тийди.
– Эй кургурлар,
Улуу-кичүү курбулар!
Алгыла айткан тилди.
Бир-бирибизди билебиз канаттуулар,
Сагызган менен карга,
Себепкер эмес жанга,
Булар алдамчы куулар.
Мындай деди анда ат:
– Биз үчүн дайым кам жеген,
Досубуз бар адам деген.
Жазалы кат,
Болгон ишти баяндайлы,
Жибергин деп бизге бир мерген.
Катты алып,
Канат кагып,
Көгүчкөн жетти кечинде,
Жем берип баккан ээсине.

Чыкылдаган,
Кышкы таңда,
Сагызган менен карга,
Таң-тамаша курган жайга.

Бир адам болду пайда.
Мылтык үнү,
Удаа-удаа тарс этти,
Эки сук,
Эки жакка жалп этти.
Момундарга
Бактылуу күн,
Таң менен кошо
Жарк этти.

## КЫЗМАТТАН ТҮШКӨН КОРОЗ!

Жеген-ичкени калыңбы.
Же,
»Чылыктардын» бирине малынды.
Айтор –
Ороз Орозович Короз
Кызматынан алынды.

Кээде сугарып,
Өз короосундагы –
Чөп-чарды, гүлдү,
Пежамасын кийип,
Короз
Үйүндө көпкө чейин бош
жүрдү.

«Эми кайсыга турар экен» деп
Эл кулагын түрдү.
Ага жорушту
Кызматтарды түрлүү.

Анткени
Кээ бирөөлөргө
Ороз Орозович Короз
Дале болсо сүрдүү!
Ал бир кезде
Өз кишисин орноштурам деп,
Нечендерди кызматынан  сүрдү.

*(Эск.: Архивден.*
*Бүтпөй калган же эки бети жоголгон)*

## КАРАГАЙ

Орустун бир өтө тыптынч шаары бар,
Чиркөөсү бар,
Коңгуроосу дагы бар.
Картошкалар,
Жүгөрүлөр жаш чыгып,
Айландыра жашыл тарткан багы бар.

Чукул өскөн терезеге жакындап,
Жаш кайыңдын жалбырагы самсаалап,
Уу-чуу түшкөн короз үнү басылса,
Шаар ичи кайра тынчыйт магдырап.

Көпүрөнүн нар жак өйүз жагында,
Калың шибер коюу чыккан багында,
Узун бойлуу, көз айнекчен, көк чапан
Көп басуута  көнгөн экен абышка.

Качан гана жаз чыгып бак гүлдөсө,
Тынбай сайрап күкүк булбул үндөсө,

Зериккенсийт буурул сакал абышка –
Жаш кездеги багы менен жүрбөсө.

Эрте туруп,
Салкын соккон таң менен
Жумушунда,
      Жаш жигиттей ал менен,
Аны бул жак.
Мичурин деп аташат,
Эл көп менен сүйлөшүүгө чал менен.

Абышкага мен да нечен барчумун,
Маектешип нечен кеңеш алчумун,
Короо-жайы кызыктырып кулпунса,
Көөнүм толуп далай аң-таң калчумун.

Кооз жыгач үй айлана кереге,
Эп келишип бир-бирине теңеле,
Суу бойлогон орундуктар көпүрө,
Куп жарашып көркөм болчу эң эле.

Самовардан чай ичишип кечинде,
Берилишип сөз сүйлөшкөн кезимде.
Аркы-берки кептерди уруп абышка,
Бир сөз айткан али болсо эсимде:

«Өмүр сүрүп ар ким көрөт өз күнүн,
Өз колунан ар иш келет эстүүнүн,
Өзүң тигип өмүрүңдү белгилеп,
Жок дегенде бир жыгачты өстүргүн».

Деп абышка сөзүн айткан жайма-жай,
Андан бери жылдар өттү бир далай,

Жапжаш эле.
Жашыл көчө четинде,
Өстү бекен өзүм тиккен карагай?

## БЛОКАДА ТҮНҮ

Түн ортосу,
    Невский проспект.
Кар мелтиреп, талаага окшоп тунжурайт,
Кыш тизилген,
    Баррикада өтө бек,
Душман өтпөс сепил болуп бек турат.
Терезеден катуу кайрат сезилип,
Согуп турган
    Жүрөккө окшойт Ленинград.
Мен өткөргөм,
    Өмүрүмдү бул жерде,
Өзгөчө азыр мага баалуу сезилет.
Түтүн басып, өрт жыттанып тим эле,
Жаным ачып, эт жүрөгүм эзилет.
Үйүр жүрүп, канонада басылбайт,
Жайкы бактан мылтык үнү тарсылдайт.
Сүйөм жерди,
    Артык көрөм баарынан,
Жайкы бакты ажырасам сагынам,
Фронт жакка эчак кетип баласы,
Иштейт эле,
    Карыш чыкпайт станоктун жанынан.
Мейли бүгүн караңгы болсо дагы,-
Чоң кубанычтуу Ленинград.
Түбөлүккө жаркырап,
Жүз жылдардын
    Өчпөс жарыгы күйүп турат.

## ЭҢ СОНУН АЙ!

Кылкылдап.
Кызыл тазыл
Туу көкөлөп.
Шат көңүл,
Шаңдуу чыккан
Музыка көп.
Ак шайы,
Гүлкайырды
Эл жамынган
Суусар бөрк.
Сайма калпак.
Жашыл көйнөк.
Ыр-ырдап,
Ыракатка
Чыккан калкка
Алтын күн!
Төкчү болсоң, нуруңду төк.

Калкымдын
Каалаганы –
Бүт шайма-шай!
Тынч эмгек,
Мол береке,
Көңүлү жай.
Жыл сайын
Жылып келип
Майрам тоскон
Тамылжып
Татынакай
Так ушул ай!

Табигат
Таң аралаш
Ойгонгонсуйт
Күрпүлдөп,
Күүгө келип.
Сан өзөн-сай…
Ааламда
Эмгекчинин тилегиндей:
Гүлгө бай.
Күлкүгө бай.
Бүгүн күн май!

Үн кошуп,
Бир-бирине алда кайдан.
Дүйнөнүн,
Эмгекчиси курат сайран.
Жер көркүн,
Эл көңүлүн көтөрүлтүп,
Май айы –
Эң кызык ай,
Бардык айдан.
Өзгөчө,
Биздин өлкө
Шаңдуу тосот
Өзүңө
Катар келип эки майрам!
Канчалык
Фашист каарын төксө дагы
Кан жуткан,
Бели сынган.
Кетип шайман.

Алактап
Амал издеп
Ажал издеп
Гитлердин –
Ушул айда күчү тайган.
Биздин эл,
Желмогузду жексен кылып,
Жеңиштин
Желбиреген туусун сайган.

*Чалкан, 1959, №5*

## МОСКВА –ТЫНЧТЫКТЫН ТУУСУ

Беш жылдан ашкан
Убакыт болду.
Дүйнө жүзүн солкулдаткан –
Кандуу согуш токтолду.
Канга.
Жанга,
Кумарланган жырткычтар,
Ойрондолду,
Күлү сапырылып жок болду.

Ошол күндөр,
Кечээ гана болгондой сезилет.
Бүлүнчүлүктү,
Жоготулушту эстеп,
Ичиң эзилет.
Аалам жүзү тынчыды го десек:
Кайра да.
Канды –
Каалагандар кезигет.

Алар кимдер?
Алар –ар дайым бизден.
Сокку жегендер.
Далай согуштан.
Сопол болуп,
Соңку күчүн,
Жыйып келгендер.
Өлүмдүн,
Өртүн жагам деп,
Өз көрүн өзү терендээр.
Ырас,
Алар ар кайсы жерден чогулган.
Биринин тарпы,
Мурун чыкса,
Бири кийин согулган
Эзилген эл,
Эрик талашып толкуса,
Ли Сын-ман,
Чан Кай-ши сыяктуулар,
Өздөрү эле,
Качып чыккан коңулдан!

Трумен,
Черчилль.
Маршалл,
Ачесон!
Жердин шарын,
Жумурткадай жутсак дейт,
Алардын абийиринен алкы чоң.
Ачык эле:
Өрт деп өкүрүп жатышат.
Акырында

Эл тилин албаган соң
Аялдын зары
Азаматтын жаны,
Булар үчүн бир сом!

Господиндер!
    Ар кимиңер –
Жер шарына жек көрүнчү сезилдиң.
Калк тынчытпай,
Кан деп кайра эсирдиң.
Балдары тороло элек,
    Кайгысы жоголо элек,
Өткөн согушта
    Кара кийген жесирдин.

Пагондору тытылган,
Мундирлери жыртылган,
    Чан Кай-ши менен
        Ли Сын-ман
Ушуларга,
Бийлик кылган –
Генерал Макартур!
(Уттурган кумарчыдай болуп,
Мунун өңү да сур)
Дүйнөнүн эли,
Ыраазы болсун,
Кореялык азаматтар,
Макартурга сокку ур!
Көпкүлөң тарткан Макартур!
Апаңа барып,
«Апаптатаарсың» шашпай тур.

Господалар,
    Кутурма жиндер!
От менен ойноп,
    Чокту кармадың.
Бекерге кетпейт,
Кореядагы жаңжалың.
Силерге зоокпу?
    Тынч жаткан элди –
Кымкуутка салганың.
Солдатың согушпайт эле,
Кээ бирөөнү акчага жалдадың.
    Кээ бирөөнү,
        Тим эле алдадың.
Деги көрөсүңөрбү,
Алардын үйүндө калганын?
Башынан сылабайсыңар,
Багуусуз балдарын.
Вашингтондо –Ак үйдө жатып –
Укмак белеңер.
Аялдарынын арманын.
«Жеңилдиң» деп
    Жекиресиңер го,
Кокустан тирүү барганын.
Труменге,
    Ачесонго,
Макартур сага да бербейт –
Кореядан «белек» үчүн,
Кармаган балдагын.
Анткени,
Балдакча көтөрбөйсүңөр –
Алардын буту жок салмагын.
Чектен чыккан силер

Господиндер!
Дүйнөгө салгыңар келет бүлүк.
Тынчтыктын туусуна жулунасыңар,
Байланган «Балтекче» үрүп.
Атом бомбасы менен тап бересиңер,
Жүн баскан билегиңерди түрүп.
Агерде
Тынч жаткан эл
Океандай толкуса,
Ойрон кылат
Атом эмес, отуз эки тишиңерди күбүп.
Атомго анча сыйынбагыла,
Биз силерди таш менен урат дейсиңерби?
Жеңилбес куралыбыз бар
        Шайма-шайбыз бүт.
Катылам десең,
        Гитлердин тагдырын күт!

* * *

Биз тынчтыкты сүйөбүз
Аны ааламдагы эл билет.
Тынчтыктын туусу –
Бизде
        Москвада,
        Кремлде турат желбиреп.
Молотов
        Вышинский –
Кайсы өлкөгө барса да,
        Эл ураалап,
        Бүт кубанат
Тынчтыкты жактоочулар келди деп.
Бакча өстүргөн дыйкан,

Бала эмизген аял
Баары Медер кылып карашат
Тынчтыктын чолпон жылдызы –
Сталинди белгилеп.

*(«Кызыл Кыргызстан», 1951, 25-февраль)*

## ЖАЙЛОО ТАҢЫ

Көк тескей көбүргөндүү көк жалбырак,
Көргөндө көркү менен көз кандырат.
Өйүзү арчалуу бет жайык күңгөй,
Корумдан койлор өтсө таш калдырап.
Суйкайган сулуусу ашкан биздин жайлоо,
Жүрөккө жүрө берчү так калтырат.
Пахтадай уяң жүндүү койлор аппак,
Тескейдин телегейин тегиз каптап.
Жайлоонун чымыны учпас салкынында,
Жок экен жондон өткөн ысык аптап.
Секиде серепчилеп сергек жатат,
Ударник комсомолец биздин Акмат.

Ичинен ышкырынып, ырдап коёт,
«ЛЖ»дан бүгүн көргөн ырды жаттап,
Жайлоонун жагымы күч жел аргысы,
Жакасын дилдиретет улам бат-бат.
Кандайдыр бир сөөлөткө толкуп кетип,
Кубанды өз ичинен, өзүн мактап.

Ударник комсомолец биздин Акмат,
Чиймелейт бир эсепти улам тактап.
Башында комсомолдук милдети бар,
Берүүгө быйыл төлдү аман сактап.

Эмгектен эл алдында сыйлык алуу,
Атага берген антын анык актап.
Күн-түнү соцжарыштын күүсү менен,
Ким болсо так ушинтип малды бакмак.
Кең жайлоо ар өзөнү малга толгон,
Байлыкка, берекеге белги болгон.
Капшытка айран-жуурат такыр батпай,
Канатташ чатыраган айыл конгон.
Кайгысыз карыялар карс-карс күлүп,
Кыдырып кымыз ичет бештен-ондон.
Дептерчен дем алышка келген кыздар,
Гүл терет мал баса элек жашыл жондон.
Канчалык алкы кетип асылса да,
Ким алмак бул сөөлөттү биздин колдон!

Чар жайыт, жашыл жайлоо ар кыл тарап,
«Ыр жаз!» деп шык туудурат турсаң карап.
Чаарташ, Ийри жылга, Белсаз, Жайык,
Корумтөр, койгон атка жетпейт санат.
Аскадан атып түшкөн мөл булактан,
Кочуштап бир жутканда суусун канат.
Удургуп урган суугa уу-чуу болот.
Уй мөөрөп, бээ кишинеп, койлор маарап..
Жыл сайын жылга-жыбыт көрккө келип,
Калың эл бактысы артып алга барат.
Ала-Тоо адатынча калкып жатып,
Алыскы Кремлге көзүн салат!

Акырын көлөкөлөйт жашыл тескей,
Кеч кирип, күн батканын такыр сезбей.
Жай-кышы, жандап жүргөн калың койду,
Алыстан айдайт Акмат айлын көздөй.

Түндүктөр бүт тартылган, айыл жапжай…
Кой үрксө, анда-санда үндөр: чай-чаай!
Түн калкыйт, айыл калкыйт көшүлөт да,
Мал аман, эмгек эли уйкуга бай.
Ойгонуп, жалгыз гана жай жүргөнсүйт,
Асмандан алпештентип нур төккөн ай.
Күн бою күү-шаа түшкөн эл эс алсын,
Тынчыган океандын толкунундай.
Магдырап бешик ырын угуп жатсын,
Күү черткин, күрпүлдөгөн сан өзөн-сай!
Шаңгырап үнү ачылып аккан булак,
Сөгүлгөн таң шооласын маалим кылат.
Биринчи дирилдеген сапсалкын жел.
Акматты өтө берди беттен сылап.
Имерип ак шейшебин кымтыланып,
Ийменип, ичиркенип көзүн жумат.
Таң атты, түш аягын көрүп алып,
Селт этип сергек Акмат ыргып турат.

*(ЛЖ.,1950, 22-сентябрь)*
*1961-ж. жыйнагында: «Жайлоодо»*

## УЧ КӨГҮЧКӨН

Ак көгүчкөн эбелейсиң канатты,
Үйүр болуп үйдөн жейсиң тамакты.
Эркин эмгек, эл каалаган тынчтыкка
Аалам сени белги кылып жаратты.
Эркин учкун! Көтөрүлгүн асманга,
Сени сыйлайт карылар да, жаштар да.
Көтөрүлгүн! Көп жерлерди көрүп кел,
Бомбасы бар самолёттон жазганба!

Уч көгүчкөн!
Уча турган убагың!
Алыскынын ал-абалын сурагын.
Канатына кан чачырап айланат
Кореяда так өзүңдөй тууганың.

Учкун досум!
Уккун менин ынагым.
Кармашууда кайраты зор тууганың
Белгиси сур кан жыттанган самолёт,
Уя бузуп, уйпалайм дейт турагын.

Уч көгүчкөн!
Тынчтык күчүн чыңагын!
Жоготолу эмки согуш туманын!
Жердин жүзү желмогуздай көрүшөт –
Черчиллдердин атом деген куралын.

Уч көгүчкөн!
Учкун жакын жолдошум.
Тынчтык туусу бардык жерге орносун!
Эмгек сүйгөн эл жашаган ааламда
Бак кыйратып, бала өлтүргөн болбосун!

Ук көгүчкөн!
Учкун тынчтык белгиси,
Ар ким келет сага салам бергиси.
Ук көгүчкөн! Уяң биздин өлкөдө
Ушунчалык медер кылат жер жүзү.

*(«Ак көгүчкөн»-ЛЖ.,1951, 2/X;*
*«Уч көгүчкөн»– ЛЖ., 1952,6/II;*
*Кл.сцен.1953,№1)*

## БИЗДИН ЖЫЛДЫЗ

Аалам жашайт
ачык тийген күн менен!
Күн батканда,
Ай жолдош го түн менен.
Ай жылдызга айкалышам
деп айтып,
Биздин колдон
Жылдыз учту үн менен.
Бекер учпай,
Милдет алды мойнуна
Эмгек, тынчтык
жашайт деген
түр менен.
Биздин жылдыз
Жердин шарын айланды
Ала жүрүп көп техника
шайманды.
«...Айланайын! Аз-аз калды
мага» деп
Аң таң калып асмандагы
Ай калды.

Биздин жылдыз
Жер айланса кылактап,
Аалам турду алакан чаап
кубаттап
Советтердин илимпозу турганда
Мындай жылдыз да көп учат ыраактап.
Ай-жылдызга
айчылоого жол ачкан
Адамзаттын акылына рахмат!

*(СК.,1957, 15-октябрь)*

## КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ!

Жымырылып жыл өтүүгө шашылат,
Жаңы жылга орун берип жашынат.
Өлкөм гүлдөп өнөр өсүп өркүндөп,
Ар жыл сайын жаштар жетип машыгат.

Улам бышып мөмөлөрүн жайнаткан,
Дагы бир жол өмүр гүлү ачылат.
Биз баскан жол ар жыл сайын жаркырап,
Алтын тарых барагына жазылат.

Жымырылып жылдар өтө карагын!
Жеңиш айтат алга деген саламын.
Канча жылдар катарлашып өтсө да,
Картайта албайт советтердин адамын.
Жүзүм жарык жеңиш менен айрыдым,
Календардын эң акыркы барагын.

Жымырылып жылдар өтөт сабалап,
Ар жыл сайын элим жыргал аралап.
Ый, кайгы жок шапар тепкен өлкөдө,
Жаш балапан канаттарын таранат.
Кел жаңы жыл! Бизде сенин ырысың,
Дагы сонун сени менен жаралат.
Ар жыл сайын ракатка жеткирген,
Эли-журтум түбөлүк бол саламат.

## КАЙЫК

Күрөшүп толкун менен алдас уруп,
Эң алыс эрбелеңдейт жалгыз кайык.

Шамалга кайрат кылат койгулашат,
Мен менсийт төшүн тосот, канат жайып.
(Мактанат, шылдыңдашат) эч билинбейт,
Чуулдап ак чардактар өтөт кайып.
Кантсе да кара өскөй күч баш ийдирүү,
Жок болду байкуш кайык көздөн тайып.
Таштагын! Эрдик, көктүк, курчтугуңду,
Турмушта сен да ушундай болбо майып.

## ВЛАДИМИР МАЯКОВСКИЙГЕ АКЫНДЫК ОТЧЕТ

Жолдош Маяковский!
        «Менин
        Бардык
        Акындык күчүм,
Атака,
        коюучу тап,
        Сен  үчүн»
Же:
– Я
Всю свою
Звонкую силу поэта
Тебе отдаю,
Атакующий класс!
Ырас!
Өзүң айткан класс,
Сандаган душманды,
Кылды го жылас.
Эл үчүн да,
Мен үчүн да курал –
Өзүң калтырган

Мурас.
Жүрөккө шык.
Талантка ык бердиң,
Ошондуктан
Сүйлөшөйүнчү бир аз.
Сен айткансың:
– Найзанын учуна
Каламдын учу теңешсин!
Эмне жазсам да,
Дайым келет
Өзүң менен кеңешким.
«Протоптанный путь легче,
Мени туурайт эмгиче» –
Дебессиң?!
Кантем анан,
Ашып түшкөн талант
эмесмин…

Ансыз дале,
Эми эле
Кээ бирөөлөр айтаар:
– Эй, курган Мидин,
Алыңды билгин!
«Казга теңелип,
Буту сынат карганын»
Мейли,
Сынса, сынсын.
Албай эле коёмун
Кайсы бир
Халтурщиктердин
жардамын…
Сөздүн чыны,

Окуучунун сыны болот
Менин таянар балдагым.
Кайсы бир,
Сынчылар
Айтышар:
«Ырды Маяковскийче түзөт.
Гонорар үчүн,
Аябай күчүн,
Бир сапты отузга үзөт.

Бирок,
Кайда «конфликт?»
Кайда «сюжет?!»
«Сол каарман» кайда?
«Оң каарман» кайда?
Сүйүү да жок,
Күйүү да жок.
«Проблемный» эмес,
Алган темасы майда
Бул поэма
Береби – дейт – бизге пайда...»
Бирок мен айтамын:
Жаза бер,
Айда, Мидин,
Айда!

Жолдош Маяковский!
Ырас,
Кыргыз башынан эле келген
        Поэзия менен.
«Манас» маселен.
Өлчөмү кенен.

Мааниси терең.
Ошондо жатат
Көркөмдүк деген.
Толгон томду
Жатка айтканда
Таң калар элең.
Чынында
Кыргызда аз учурайт
Эң жок дегенде
«Манастан»
Он ооз билбеген.
Баса, биздин поэзия
Кайсы улуттукунан кем?
Октябрда
Жаңы туулса да
Келе жатабыз
Досторубуз менен тең.

Жолдош Маяковский!
Биздин да
Акындарыбыз көп
Күжүрмөн калкына,
Эмгектин даңкына
Толкунданган.
Күүнүн күчү менен
Өз ичинен
Күнүгө бир сап
Ыр жазбай олтурбаган.
Карыларга каралдаш
Бир топ жаш
Акындар чыкты
Текши өсүп

Тескейдин
Ышкынындай солкулдаган.

Жолдош Маяковский!
Ырас,
Ыр – бомба,
Ыр – атылган ок.
Жүрөк өзү айтат:
Жазчу болсоң
Жакшылап сок.
Бизде да
Эл сүйгөн
Акындар бар,
Аларды
Айтканым жок.
Бирок,
Кудреватый – Мудрейко
Мудреватый Кудрейко
Бизде да бир топ.
Ошолорду
Чымчысын дедим
Азыркы
Сага берген отчёт.
Өзүң айткансың:
«Ар түрдүү
Жана жакшы
Акындар
Көп болсо экен».
Муну мен
Жүрөгүм менен
Кабыл этем.

Чынында
Кыргызда да
Ар түрдүү акын бар.
Кайсы бири жакшы.
Кайсы бири жөн эле,
Шар менен келе жаткан
«баатырлар»,
Сапат жагын айтпайм,
Алар,
Сан жагынан
Өзүңөн ашаар,
Эң жок дегенде жакындаар...
Анткени,
Жазаар замат,
Чыгууга шашат
Андай «гений»,
«Скромный» – капырлар.
Бизде сатирик аз,
Лирик көп.
Лирикабыз түгөнбөйт,
Мейлиң табактап,
Чакалап төк.
Ар кимибиз ырдап жүрүп,
Уйпаланып бүттү
Кызыл гүл,
Кызгалдак деген чөп.
«Унуткарып,
Анан барып жаз»
Десең да болбойбуз –
Мейлиң сөк,
Мейлиң бетибизден өп.

Лирика десе эле,
Дароо жазышат
Салкын булак – тунукту.
Жылдызды,
Бир кызды
Жана булутту.
«Оймок ооз»,
«Кыр мурун»,
«Кара көз» деп берет
Сулуулардын элесин.
Анда-санда кошо коёт
«Кымча бел» деген эмесин.
Кыйшык моюнбу,
Ийри бутпу,
Айтпайт башка денесин.
Анан
Бир ойго келесиң:
Сулууларда
Карадан башка
Көз жокпу? –
Акындарда
Мындан башка
Сөз жокпу?!

Мен айтпаймын:
»Күйбө да, сүйбө!
Жалаң эле
Ашкабак жөнүндө
сүйлө!»
Бирок сыртта
Калбасын да
Ашыкты да,

Акынды да
Жараткан дүйнө.

Кайсы бир акын
Маанисинен мурун
Уйкашка болот экен жакын.
Рифмач
Дечү белең
Андайдын атын?
Рифмачтардын
Жазгандары
Эң эле узун.
Бирок,
Кем кылып
Коюшат экен тузун.
Андайлар
Уйкашты
Биринен-бири кызганат.
Же
Акын деген
Ушундай болобу
кысталак?

Маселен:
«Ат» деген сөзгө:
«Бат»,
«Шат»,
«Кат» дегенди
Дароо алпарып кыстарат.
Нары жагында
«Жат» турса да
Турса,

Анан кантип кыскарат?
Жолдош Маяковский!
Ар бир акын
Ар кандай
Мүнөз менен жаралат.
Кээ бирөө
Коом менен кошо кетсе,
Кээсин алга
Жылдыра албайт экенсиң
паралап.
Мындайлар
Жүрөт
Эчаккы черткен
Бир эле «Камбарканын»
сабалап
Армяндын
Акындары
Жазат дешти эле:
Ереван,
Севан,
Арарат.
Эми биздин,
Адабиятты
Көрүп чыкчы аралап.
Биз да
Аларга
Жетип калдык чамалап.
Арпа,
Аксай,
Айта беребиз какшай.
Ысык-Көл,
Соң-Көл,

Салкын төр.
(Ишенбесең,
Өзүң окуп көр).
Мен таң калам.
Биздеги
Калем кармаган
Ала-Тоону
Алды миң,
Арты жүз
Кайталабаганы калбаган.
Ырас!
Акын болбойт го
Эл-жерди эсине албаган.
Бирок, билесиң го жөнүн
Ырдын көбүн
Жакшы эмеспи
Ошол жерди
Гүлдөткөн элге
арнаган.

Жолдош Маяковский,–
Бери карагын!
Айткым келбейт
Кыргыздын
Кырк жыл
Мурунку абалын.
Анткени,
Деги –
Менден жакшы билесиң
кабарын.
Көргөн жок көзүм,
Өзүм

«Аврораның» залпына
Аралаш туулган баламын.
Кейип-кепчип окуймун.
Менден мурунку
Тарыхтын барагын.
Кыргыздын
Ырыскысын
Октябрдан бери карай
санадым.

Канчада экенин
Карыялардан сура!
– Жашардым,– дейт
Колун суна.
Көрсө,
Кыйналган кыргыздын
Тилегин
Ленин
Эчак эле ойлоп жүргөн тура!
– Коммунизмдин нуруна
Ээрчи,– деди,–
Артымдан чуба!
Мына ошондон бери
Орус эли
Айткан жок го
Бирибизди ала,
Бирибизди кула.
Анан
Ким ыраазы болбойт буга?!

Жолдош Маяковский,
Өзүң айткансың:

«Партия менен Ленин –
Экөө бир тууган – бир эгиз.
Тарыхта,
Кимиси баалуу демекпиз?
Ленин – десек,
Партияны билебиз.
Партия – деп
Ленинди билебиз».
Ырас да!
Партия ким,
Ленин ким,
Айырмалоо кыйын
Биринен-бирин.
Экөө тең көтөрдү
Нечен
Кыйынчылыктын жүгүн.
Экөө тең тийгизди
Жыргалчылыктын күнүн.

Жолдош Маяковский,
Билесиң толук
Өзүң да жүрбөдүңбү
Күбө болуп,
Жеңиш деген
Кыйла күчтү суратат.
Адамды
Өзүнө-өзүн сынатат.
Эскини жаңы
Көп түйшүк менен
кулатат.
Антпесе,
Бир кезекте,

Жазбайт элең го
Күн-түнү менен
Плакат.

Сенден кийин
Нечен беш жылдыктар
Чубады.
Кулактар болсо,
Өзүң барда эле кулады.
Бир топ оор,
Милдети зор болду
Ошол беш жылдыктар убагы.
«Жалпы эл,
Жардам бер»
Деп,
Жалаң партиядан сурады.
Ал кезде:
«Жаштыкты бирге узатсак,
Ак үйдө жатсам кучактап»
Деп ырдаганды
Жөн эле
Өлтүрмөк болдук
Бычактап.
«Бетиң кызыл жошодой
Беш мүнөт колум бошобой,
Келбеди деп таарынба
Беш жылдык план ошондой».
Ошондой!

Мындай акынды
Бетинен өптүк кучактап.

Кийин кемтик толду,
Жылдан жылга
Оңолду.
Өзүң жазган холод, голод
Түбү менен жоголду.
Бирок,
Балаа болду…
Капыстан
Фашист катылды.
Караңгыда мылтык атылды.
Партия элди
Күрөшкө чакырды.
Ошондо сынадык
Эрди,
Катынды,
Баланы,
Карыны,
Калам кармаган акынды.

Согуш десем,
Сага белгилүү го нар жагы.
(Эл, ал жерге
Таш менен
Урушуу үчүн барбады).
Ошондо,
Ого бетер
Билинди
Партиянын,
Лениндин,
Орус элинин салмагы.
Ырас,
Баары барды

Ар улуттун балдары.
Пулемётке
Төшүн тоссо
Чолпонбай,
Дүйшөнкул
Чокту кармады.

Мына,
Булбул, гүлдү ырдаган
Акынды көрөйүн?!
Жабыла айтышты:
– Намыс үчүн
Кармашта,
Кан төгөйүн!
Партия үчүн,
Мекен үчүн,
Жөнөйүн!
Ошол
Кан жыттанган кыргында
Партия
Медери болду чынында.
Атаканын,
Тылдын да.
Акыры душман
Өзү учурады шылдыңга.
Аалам айтты
Совет эли жеңди деп.
Ленин туусу
Ого бетер
Көтөрүлдү желбиреп.

Жолдош Маяковский,

Кийин,
Элиң тынчыды.
Айыкты
Аксак – сылтыгы.
Бирибиз таш,
Бирибиз кыш
Коюп,
Бүтөлдү
Бөлүнгөндүн
Тешик – жыртыгы.
Ал гана түгүл
Шуулдап турат
Жаңы сайган чырпыгы.
Бул көрүнүш
Толкутат эле го
Сага окшогон ырчыны!

Ырас,
Тирүүңдө
Жок эле
Сенде тыным.
Чоң арышың менен
Көп жерлерди
Кыдырдың.
Билесиң
Элиңдин,
Жериңдин сырын.
Ошон үчүн,
Жазылды
Октой учкан ырың.
Эгер
Эми чыксаң жолго,

Мисал үчүн
Волга менен
Келе жатып
Бурулар элең оңго-
Бир маалда эле,
Сен түшкөн кеме
Сүзүп калмак Дондо.
Көзүңдү
Улам ушалап,
Жан жагың карап
Таң калмаксың ошондо!
Бул эчтеке эмес,
Далай
Жаңылар
Дагы бар.
Буга
Мынча таң болбо!
Эгер кыдырып чыксаң,
Эң жок дегенде
Бир ай.
Көз алдыңдан
Өтөөр беле
Нечен
Кубулган край.
Казактын
Кур талаасы,
Же болбосо
Алтай.
Мурун бизге
Жүрбөдү беле
Багынбай.
Курулушка,

Же турмушка
Пайдалуу нерсе табылбай.
Эми көрсөң
Ыргалат буудай
Жалт-жалт этип
Чабдар аттын жалындай.
Чамаа жетпей
Кез-кезекте
Кышка калат алынбай
Баягы
Өзүң жазган урожай…

Албетте,
Биз жакка да келмексиң.
Ала-Тоонун
Аскасын жаңырткан
Ырыңан
Окуп бермексиң.
Азыркы кыргыздын
Ал-жайын көрмөксүң…
Бардык акын
Тосмокпуз жабыла.
Гүлдөр сунуп
Барат элек жаныңа,
Кээ бирөөбүз калмакпыз
Ошол эле күнү шашып
Сага арнап
Ыр жазып,
Жанаша басып,
Колтукташып.
Ошондо сен
Турмаксың

Баарыбыздан
Ыр жагынан да,
Ой жагынан да,
Бой жагынан да
Ийниңче ашып.

Анан бизге
Жасамаксың
Доклад
Катуу чыгып үнүң.
Айкын айтмаксың
Адабияттын
Азыркы алган жүгүн.
– Кана,– демексиң,–
Эмне кылыш керек бүгүн?

Анан айтмаксың:
– Жолдоштор,
Көрдүм ишиңерди байкап.
Баса,
«Алдаяр алына жараша»
Жазып жатыпсыңар,
аныңарга рахмат!

Бирок
Эл турмушунан
Кай бириңер
Жүрүпсүңөр жалтайлап
Элге,
Кенге,
айылга
Барсаңар боло атайлап.

Мына ошентип
Жолдош Маяковский
Баарыбызды
алып чыгат элең айдап.
Араламаксың
Сары-Өзөн Чүйдүн
Кара-Балтасын,
Кеминин.

Үйүнө
Жатмаксың,
Даамын
Татмаксың
Меймандос
Кыргыз элинин.
Топурагын
Ушалап көрмөксүң
Кырдай үймөк
Кызылча чыккан жеринин.
Кыйла күн жүрүп,
Жазат элең
Көп сандаган
Саанчы келинин.
Алар
Майкөл,
Сүткөл кылды го
Кадимки эле
Уйлардын желинин.
Жолдош Маяковский,
Менде турат
Ошондогу элесиң.
«Муну

эмне жазбайсыңар?»
Демексиң.

Биздин
Түштүктүн эли
Ар жыл сайын
Ак алтынды мол берген.
Алардын
Пахтасы чыгат
Өзүңдүн боюң менен
Тең.
Теримчилерге
Аралаш жүрүп
Аябай сүйлөшөөр элең.
Дароо тартылат
Ошондогу элесиң.
Колуңа алып
Жупжумшак кебезин:
«Ушуну бергендер жөнүндө
Жазсак боло!»
Демексиң.

Жолдош Маяковский.
Бир кезекте
Кыргыздар көрбөптүр
Төрт дөңгөлөктүү араба.
Жүрчү экен
Тоодо,
Талаада.
Эми,
Кылымдын
Жолун басып

Кырк жылдык арада
Сызып жүрөт абада.

Жолдош Маяковский,
Бир кезде,
Жүрсө алар
Маданияттан кемип.
Эми,
Көрсөң келип:
Кыргыздан чыгып
Медик
Академик,
Ар түрдүү
Илимден жүрөт
Сабак берип.
Койчу,
Бардыгын
Айта албаймын терип?!

Бул эл
Мурун
«Манастан»
Башканы укпаган.
Эми,
Элимдин
Өскөнүн көрүп
Өзүмдөн
Өзүм суктанам.
Өткөн жылы
Бир жылкычыны
Көрдүм,
«Евгений Онегинди»

Окуп жатып
Башына жазданып
Уктаган.

Мен
Бир пахтачы
Абышканы
Билемин.
Бир күнү
Адатымча
Үйүнө киремин.
Ал
Китеп окуп
Олтурат.
Карасам –
Өзүң жазган
«Владимир Ильич Ленин!»
Кубангандан
Тамылжый түштү ирeңим.
Жетине албай
Толкуп кетти жүрөгүм.

Туш тарап,
Эмгекте,
Ташты талкалап,
Эс алуу да салтанат.
Бир күндүк жеңиш
Ыр эмеспи
Бир нече сабак.
Айланамдын
Ар бир сааты
Кулакка

Симфония салат.
Анан,
Аны ырдабай,
Жөн гана жай
Кандай акын тим калат?!
Анткени
Деги
Көрчү карап,
Моокуң канат.
Элде,
Береке –
Торгой
Кой үстүнө жумурткалап.
Жолдош Маяковский
Эсиңе салам,
Эмки жолу дагы күчтүү
Поэзия жөнүндө
Отчет менен барам!

*Ала-Тоо, 1957, №5*

## КАРЫГАН ДУБДУ КАНАТТУУЛАР КАНТИП САКТАШТЫ

Асманга айкалышып керип кулач,
Өсүптүр суу жээгинде бир дуб жыгач.
Өтсө да чубап жылдар эчен-эчен,
Турчу экен тамырлары өтө бекем.
Булбулдар дайым сайрайт бутагында,
Өстүрүп балапанын аман-эсен.

Чымчыктар жашашыптыр куурал билбей,
Жайкысын көлөкөдө ысык тийбей.
Бороондо кыйын күнү кычыраган,
Карган дуб калкалаган башын ийбей.

Мээримде мейкин жаткан убак өттү,
Жоготту кайран дарак жашыл көркtү.
Куурады ылдый карап башын салып,
Тиреген бутактарды мурда көктү.
Көрүшүп курбусунун мындай алын,
Кайгырып арча, кайың жашын төктү.
Күңгүрөйт соккон желден сурап кеңеш,
Алам деп карылыктан кантип кекти.

Көз жашын жыгачтардын агызганын,
Көрдү да, учуп келди сагызганым.
Олтурду ой-ойлонуп бир бутакка,
Сүйлөйм деп болгон ишти мен узакка.

Курбулар, көңүлдү бургула бат,
Андыктан болгулачы барыңар сак.
Биз өскөн, кайран дарак карыптыр
Ажалдан куткаруунун амалын тап!
Тартипке туугандарым келгилечи,
Аксакал каргага сөз бергилечи.
Тынчтанды бардыгы тең ошол замат,
Жабыла карга отурган жакты карап.

Бул карга узак жашап көптү билген,
Көз чарчап көз айнекти кулакка илген.
Канаттуу карап турчу анын оозун,
Сүйлөйт деп абышкабыз кандай тилден.

Кабагын карга турду катуу бүркөп,
Көптөн соң айта салды мындай бир кеп:
-Дуб калып, көлөкөсүн көрөм десең,
Барыңар бир адамдай тургула бек.

Тезирээк доңкулдакка баргылачы,
Кеңешти так ошондон алгылачы.
Доңкулдак курт тукумун куугунга алат,
Курбулар куткараарбыз ал жыгачты.

Жөнөштү чабалекей, бир чакчыгай,
Кабарды доңкулдакка тез айтчудай,
Сабыркап сансыз дарак кайгы чексе,
Кейишти кошо тартты кең капчыгай.
Эмгегин эң улуунун сыйлайлы деп,
Даракка дары издеди сан өзөн-сай.

Табышты доңкулдакты экөө барып,
(Кары арзын канаттуунун мойнуна алып)
Үшкүрүп чабалекей мындай деди:
-Кантебиз карыган дуб болду карып,
Карга айтты кабыгында курт бар го деп,
Андайга абалтадан сизсиз табып,
Абышка ак эмгегин кечер го дейм,
Андайды азырынча турсак багып.
Ушунча бизди өстүргөн атабызга
Жүр табып, учалычы канат кагып…

Анда айтты эр доңкулдак мындай бир кеп:
-Жыгачты айыктыруу менде милдет,
Эгерде курт жайылган оору болсо,
Баарыңар жектегиле мени тилдеп.

А балким андан башка себеп бардыр,
Барганда көрөйүнчү кандай илдет.

Ошентип аспаптарын колуна алат,
Атайлап камдап алып аппак халат.
Ээрчитип чабалекей, чакчыгайды,
Күн бата-күүгүм кире жетип барат.

Кубанып адегенде айтты карга,
-Чакырттым болобу деп сенден арга.
Жакшылап оорусун тап, жардам көрсөт,
Жабыркап жаны кейип турган жанга.

Жабышты дуб ооруна барар замат,
Каккылап тумшук менен улам бат-бат.
Доңкулдак көпкө чейин түйшүк чекти,
Оорунун атын билбей даана тактап.

Ургулайт убарада тука-тук-тук
Күч кетип ооруганча узун тумшук.
Кабыкта боюн катып бир кыйла курт,
-Кагылам канаттуулар баламсың –деп
Алкышын айтып жатты карыган дуб.

Баарыңды балапандан баккан менмин,
Баарыңа баалуу тамак тапкан менмин.
Тууганга кол кармашып катар жүрүп
Душмандан качан болсо сактан дедим.
Өлкөңө өлөрмандар кол салышса,
Майданда жеңип чыгып мактан дедим.

Баарыңа өнөр бердим аркыл-аркыл
Бирдиктүү, билимдүүлүк бердим акыл.

Айга учсаң канат кошкон заманың бар,
Көтөрүл бийиктиктен коркпо такыр.
Булутка башын малып бой тирешкен
Менин да аталарым болгон баатыр.

Айтайын уландарым силерге мен:
Азыр да тамырларым өтө бекем.
Азыраак мени илдетке чалдыктырган,
Ушакчы арадагы курттар экен.
Уулдар! Ушулардан таза болсун,
Уяңар – урматы күч Ата Мекен!

## ЭКИ БҮРКҮТ

Бир ишти жазсам деген көңүл согот,
Андыктан айтайынчы омоп-жомоп.
Азыраак ката кеткен жайы болсо,
Окуучум байкап оку, өзүң оңоп.
Азыркы бара жаткан окуянын,
А, балким кээси чындык, кээси жомок,
Жомокту чындай кылып көрсөтүүгө,
Чынында жазуучунун эрки болот.

### *I*

Жай кези. Тянь-Шанга бара жаткам,
Керилген кереметтүү кең Чүй жактан.
Таксини так айдаган жигит айткан:
– Жериңе жеткирем деп мени чапчаң.
Боомдон чыга берген кезибизде,
Суйкайган супсулуу таң жаңы эле аткан.

Машине тып токтоду, жүрө албастан,
Анткени бак тешилип, бензин аккан.
– Эй, балдар! Кандай жардам берейин деп,
Кайрылды бир абышка чабдар атчан.

Ошондо шофер айтты момундай кеп,
– Атаке, мен жетермин эптеп-септеп.
Калдастап машинамды оңдогончо,
Кантсе да бул агайым үшүп кетет.
Мен күтүп Балыкчыда тосуп турам,
Артымдан бул киши өзү жете келет.

– Жүр деди ал абышка үйү жакка,
Жанаша мен жөнөдүм чабдар атка.
Кемпири чака чайкап, уюн саады
Жаңыдан биз жакындап барган чакта.

Кемпир-чал турган экен жыргап-куунак,
Жаңыдан каймак бузуп, берди жуурат.
Байбиче балды берди, чайды, куйду
Болтойгон көмөч казан нанды туурап.
Абышка экөөбүз тең көп отурдук,
Кеп уруп чайдан ууртап жайдан сурап.
Талашып сүйлөшкөндүн ортосунда,
Кеп болду, тарыхтардан тарых куумак.
Жармы чын, жармы жалган дегенге окшоп,
Ал айтты илгеркинин изин улап:

– Ээ, балам, көп жерлерди каттаптырсың,
Көп сууну, көп арыкты аттаптырсың.
Жамандын жамандыгын бетине айтып,
Жакшыны жарыялап мактаптырсың.

Тарыхта мен билген бир икая бар –
Таарынам, так ошону жазбаптырсың.

Өтөт го Балыкчыга бул узун жол,
Баарыңар жүрөсүңөр оң кол, сол кол.
Ошондо шамал соккон жакты байкап,
Балдарым тоону карап кыялга тол.
Ысык-Көл, Какшаал жакты бетине алып,
Чалкаят батыш жактан Кызыл-Омпол.

– Ала-Тоонун боорунда бар жалгыз арча,
Биле албайм ал арчанын жашы канча?
Илгерки карыядан уккан кепти,
Кантсе да айтайынчы анча-мынча.

Кучактап арча башын бийик асман,
Бутагын бубак кылып булут баскан.
Бук болуп, буурул болуп байкуш неме,
Өзгөрүп өңү кеткен аздан-аздан.

Азыр да ал арчанын түбү бекем,
Турса да кылым бойлоп нечен-нечен.
Бир кезде бутагына уя салып,
Бүркүттөр мекен кылып алган экен.
Арча да канаттуу да көп жашайт дейт,
Айта албайм же калп бекен, же чын бекен.

– Канаттуу айланат го түштүк-түндүк,
Аларга биздин ай, жол жарым күндүк.
Жаңыдан ал арчага келип конгон,
Каржалып каруу кеткен картаң бүркүт.
Жаштыгын, жаралганын эсине алып,
Жапжалгыз ойго кеткен жашын сүртүп.

Аңгыча да бир бүркүт келип конду,
Ушул жер меники деп – аны түртүп...
Баштады картаң бүркүт мындай кепти:
Канчага азыр балам жашың жетти.
Калкылдап күчүң толуп турса дагы,
Кадырла, карыларда касиетти.
Ошондо тигил айтты:
– Сенби кары, менби кары?
Жөөлүбөй жөө жомокту барчы нары!
Көпкө учуп нечен кылым жашап жүрөм,
Белгилүү өзүм үчүн мунун баары.
Кай жерден, качан, келген карыя элең?
Калпыңа кошо түшүп айтчы дагы.

– Ээ уулум, – деди ал бүркүт – угуп тургун,
Сөзүнө абакеңдин көңүл бургун.
Элестеп эми байкап карап турсам,
Чоң атаң өзү болчу – менин курбум.
Уябыз ушул арча болгон эле,
Улуудан уялдым деп колду сунгун.
Тарыхты так белгилеп сага айтайын,
Мен болгом нечен жүз жыл мындан мурун...

Өскөмүн ушул жерде кыштап, жайлап,
Бул арча анда турчу бүчүр байлап.
Чыгышка чакылдаган суук берип,
Турчу эле Кызыл-Омпол шамал айдап.
Ал кезде бул Ысык-Көл жок болчу,
Жөн эле суулар акчу сайдан-сайлап.

Ордуна ушул көлдүн жашоочу калк,
Таптакыр башка болчу андагы салт.

Алдуусу алы жогун эзе берчү,
Антседа кедейи март, байлары калп.
Бир жылы жер титиреп жер оюлуп,
Ошол жер, ошол калаа болду эле жалп.

Кылкылдап суулар агып кырдан, ойдон,
Жыргалаң, Талды-Суудан жана Тоңдон.
Сан булак сай кубалап ылдый агат,
Чалкайган күңгөй, теской Ала-Тоодон.
Көп өзөн куя берип ойдуң издеп,
Көлкүлдөп бул Ысык-Көл пайда болгон.
Көп кылым өтүп кетип андан бери,
Көрсөм деп эми келдим ошол бойдон.

Кыдырып мекен кылдым далай жайды,
Индикуш, Какшаал жакты, Гималайды.
Улгайып учуп өскөн уямды эстеп,
Уламдан улутунтуп жүрдү кайгы.
Бир кезде кызыл жылдыз атып чыкты,
Жарк этип багыт алып асман айды.

Мен анда олтурганмын бир аскада,
Картайып, ал кеткенде ой башкада?!
Асмандан Индикуштан өткөн жылдыз.
Обонун айтып турду: «Сен Москва!»
Кантсе да жеримди бир көрөйүн деп,
Жөнөдүм кайрат кылып ичтен тына,
Жаңырган элди көрүп, жерди көрүп
Ээ, уулум, эми кетпейм келдим мына!
Салтыңдан айланайын, сагынган жер,
Өзөнү өзгөрүлгөн бейиш тура.

Караймын бул арчадан көз чаптырып,
Айлана адал эмгек, шат каткырык.
Жашарып жаңы канат күткүм келет,
Көңүлдү жаш кезимдей мен шат кылып.
Ансыз да күүгө келип күчкө толдум,
Телегейи тегиз жагын бүт жактырып.

Кубандым куттуктадым келгенде мен,
Чалкалап чар тарабым кандай кенен.
Да бир көл Орто-Токой жаралыптыр,
Алласыз, адамзаттын колу менен,
Камыштуу жылгын чыккан ойдуң эле,
Капкачан какшыган жер көргөн элем.

Жетпейт го баарын терип айтар сөзүм,
Ишендим. Ыраазымын көрдү көзүм.
Арчадан жыга түртүп мени куубай,
Сылык бол, сыпайы бол, балам өзүң.

Калыптыр эл да байып, жер да байып,
Көрөлү учалычы калкып кайып.
Тааныштыр, татынакай мекениңди,
Капыстан мен өлгөнчө жаза тайып.
Куу арча кубангандан бүрдөптүр го,
Жайнатып жаңы тармак тамыр жайып.

Билген соң башындагы өз катасын,
Жаш бүркүт алып учту чоң атасын.
«Көп кылым көрө албаган жерлеринен,
– Деп айтып бул абышка жаңылбасын.

Абалап экөө учат өзөн адыр,
Алдынан, өтөт Соң-Көл, Кең Суусамыр.

Төрт түлүк малга толгон журтту байкап
Карт бүркүт кабак ачып бир жыргаптыр.

Айланып алар көрөт жердин баарын,
Гүлдөгөн Ак-Сай, Арпа, Кочкор, Нарын.
Айылдын баарын көрөт, багын көрөт,
Жарашкан электрлүү аппак тамын.

Күүлөнүп кубат күткөн, эки канат,
Шыктанып алыс учат да сабалап.
Алдынан сызып өтүп толкундаткан,
Ак кардай пахтасы бар Жалал-Абад.
Ош жактан опол тоодой кенди көрүп,
Ошондо келген бүркүт мооку канат.

Карысы жашына айтты мындай бир кеп;
– Ээ, уулум, убадага болгунчу бек.
Келерки жаз чымырап чыккан кезде,
Ой кылам Москвага барайын деп.
Жылдызга жылдыз кошуп жаткан жерди,
Жымылдап жыргап учуп көргүм келет...

Дем кирди, дагы жашайм жылдап-айлап,
Жеримди кайра таптым, тагдыр айдап.
Мен түгүл мекен арчам жашарыптыр,
Замандын илебинен бүчүр байлап.

Ушунтип жашап калды эки бүркүт,
Жыл сайын өмүрүнө жыргал күтүп.
Жайкалып жалгыз арча кайра баштан,
Барпайды бутагына бутак бүтүп.

– Ээ, балам,– деди абышка мени карап, –
Жакшылап сөз айта албайм ырдап, жамап.

Укканын уламалап элге берүү,
Эзелтен карылардан калган адат.
Кантсе да анча-мынча чындык болор,
Деп айтты,– жазып койчу бир эки сап...

*(Эки бүркүт. –Ф., 1959)*

## БАЛДАК ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

### *(Поэмадан үзүндү)*

Жаманбы,
Жакшыбы
Бир ишти жазууга
      Жүрөгүм оолугат.
Уйкашын улап,
Негизин курап,
Көпкө жүрдүм өз ичимден кобурап.
Жолдош Сынчы!
Сабыр кылчы! –
Айтпасаң деле
Ала чокул жерлери жолугат.
Жазуучунун ыгы,
Жүрөктүн шыгы
Кимден уялат.
     Кимден корунат?
Эмесе
Айтайынчы жобурап!

Демек,
     Жазууга себеп
     Жаркымбаев Белек.

Жакшылап бере алсам
Орточо окуяга туура келет.
Иши кылып
    Айта берейинчи,
Олтурбастан –
-Сабын санап, көлөмүн ченеп.

Чыны,
Миң тогуз жүз кыркынчы жылы
Белек экөөбүз
    Тааныштык.
Достошуп кол алыштык.
    Китепканага да,
        Стадионго бирге
        Барыштык.
Бир күнү Белек:
– Эй. Мидин,
Бүгүн мени билгин!
    Стадиондо болот жарыш
        Бүбүш, экөөң болгула
            Калыс.
Талашып жатам
    Институтум үчүн
        Намыс.
Эрте баргыла,
Антпесе олтуруп
    Каласыңар алыс.

Чын айтам,
    Стадион менен
    Башынан эле ишим
                жок.

Бирок, дос үчүн
Туралбадым токтоп,
Бүбүштүн
Жетеги менен желип
олтурдум,
Базарга бара жаткан
Музоого окшоп.
– Бүкөш,
Букет алсак боло?
Деп тигиле
Карадым.
Ал мени карады,
Азыраак түйүлө түшүп
кабагы
– Алса, алалы,
Деги бирден кийин
болсо экен жанагы.
Кокус эң артынан келсе,
Букетибиз талаада
Калабы?
– Адам,
Кыз кезинден болбочу
сараң.
Белек артта калса,
Гүлдөрдү өзүм алам.
Анан,
Ийгиликтен үмүт үзүш
Жаман.
Ушинетип.
Бүкөштү жөнгө
Келтирдим араң.
Чоң стадион,

Жыкжыйма элге
Толгон.
Бүкөш экөөбүз
Алды жактан орун алдык.
Жөөлөшүп жүрүп оңду-солдон.
Кызыл майке кыздар,
Жашыл майке балдар,
Чубап өтүп жатты
Тасмадай
Татынакай
Жолдон.
Оюндан-оюн уланды,
Бардыгы чогулган соң.
Бүкөш экөөбүз
Букет менен
Олтурабыз:
Бир талын түшүрбөй
колдон.
Жаштык кез
Кандай шумдук?
Баары шай.
Шамдагай удургуп,
Мөөрөй талаша
Таң-тамаша
Ар кими
Өз командасын утуп.
Алардын арасында.
Биздин Белек,
Чымыр булчуң
Узун бут.
Алар үчүн
Жөн эле оюнчук

аттап коюш –
Алты-жети метр
Узундук.

Улам чыгып четинен
Бирден-экиден,
Катардан калат
Кокус ката кетирген.
Ошол кезде
Биздин Белек,
Эл жактырып,
Стадионго кол
Чаптырып,
Секирген
Бийиктен,
Эки жүз сантиметрден.

Бир маалда
Жарыш башталды.
Эл дуулдагандай болсо –
Тим эле
Стадион
Жарылып кетерине аз калды.
Мына,
Сыначы болсоң сына,
Кенен көөдөн
Аркар шыйрак
Жаштарды…

*(Акын бул поэмасын баштап аягына чыкпай калган).*

## ПУШКИН МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Ассалоому аллейкум,
Александр Сергеевич тармал чач.
        Көңүл буруп
Көз ушалап уйкуңду ач.
Тайманбастан
        Сүйлөшөйүн сен менен,
Ар – кору жок,
        Баатыр болом жылаңач.

Чынымды айтсам,
        Мендеги тилек.
Биздин акындарды айтып бермек.
Ушунтип,
Сени менен сүйлөшсөм,
Кээси айтышат,
        Мидин көөп кетти деп.
Катын ушакпы,
        Эркек ушакпы,
Мен жөнүндө
        көп жерлерге жеткирет.
Бирөөлөрдүн көрсөтсөм мен жөндүгүн,
Анда ал:
«Сойгону жатат» – деп билет.
Баарын эле,
        бабырлардан дебейин,
Ырас,
        арасында
Кээ бирөөсү кеп билет.
Эмесе болуптур!
(Бирден айтып көрөйүн)

Ошондо да калп айтты деп,
шекшинет.
Аалы Токомбаев деген бар,
Ал кыргыздын Державини.
Мен аны жакшы көрөмүн,
Ага теңебеймин бөлөгүн.
Жан биргедей сеземин
Жакшы деп жатып өлөмүн.
Ким болсо да унутпайт,
Анын,
Адабиятка кылган жөлөгүн.
Тарых айтар ачыгын,
Сындап көрүп өнөрүн.

Касымалы Баялинов,
Жыйырманчы кылымда.
25-жылында
Ажарды жазып ырымга,
Атагы чыккан кыргызга.
Кара сөздүн устаты,
Касымалы чынында.
Маликов Кубанычбек,
Адабияттан орун алган бек.
Санаңыз, Пушкин аке,
Муну да акын – деп.
Чыгармасын окуп көрүп,
Сын берүүнү өзүңүз чеч.

Жоомарт, Мукай, Жусуп,
Өзүңдөй жазышчу укмуш.
Кантейин,
Тиги жайга жөнөштү.

Калемдери турганда курчуп,
Үчөөнү:
        Кыргыз эли барктаган.
Ташкындаган таланттар экенин,
Кары тарых байкаган.
Мындай адамдарды,
Жасай албайбыз кайрадан.
Окугандар тамшанып,
«Кап» – деп башын чайкаган...
Мен буларды,
        Талант – деп айталам.
Кээ бирөө жактырбай
Мурдун көтөрсө,
Келиштирип жообун кайтарам.

Алыкул Осмонов,
Которду жолборс терисин.
Андан кийин арбытты,
Адабиятка арым керишин.
Жылдыздуу ырлар жаратты,
Аянбай жазып күнү-түн.
Пушкин ага түшүнгүн,
Жакшы акын Алыкул,
Эмгек кылган эл үчүн!

Жаштардан бар,
        Шимеев Смар.
Ал ырас,
        лирика жактан мендей.
Бирок,
        жүрөт сатирадан тең келбей.
«Характери» салмактуу сабыр токтоткон.

Өзү биздин эле Токмоктон.
Фантазиясынын күчүн көрсөң,
Ушул жерден туруп,
        Парижди соккон.
Балким жазса жазгандыр
Биз жакта ылайыктуу тема жоктон.

Эми бар,
        Акаев Кубаныч.
Жок, жок Пушкин,
Сиз Кубанычбекке аралаштырбаңыз.
Бул Кубаныч аягында беги жок.
Атым да, өзүм да,
Окшош болсом экен деген
        жери жок.
Жазганын дагы тереңдетсе,
Жакшы акын болоор эле
        шеги жок.
Ырас,
        Менде да бир аз
Жаңылыштыктар болгон.
Кыйын дебеңиз,
Ошончолук эле оркойгон.
Себеби:
өз билгенимди эч кимге бербей,
Кичине «буйнуюраак» чоңойгом.

Андыктан,
        Анча-мынча чатак салчумун,
пивнойдон.
        Жаш кезиң эстеп,
мен жөнүндө калыс бол.

Эстүү киши
жүрбөйт го дейм ошол бойдон.

Александр Сергеевич,
Калгандарын чепуха десем.
Айтышат Мидин акмак.
Ошондуктан пучиха деймин,
Адресин кереги жок тактап.
Сизге жетеби же, жетпейби,
Ырларын
ичтерине жүрүшөт сактап.
Билбейм,
өзүнчө күңкүлдөшөт,
талант, гений деген сөздү жаттап.

Жанакы пучихалар айтышат,
Галстуктары килейип.
Ийиндерине пахта койгон.
«Эй, Мидин оңолбойт,
Үстү-башын көрчү, бул ойрон».
себеби,
Менин какшыктарым
Пальтосунун пахтасынан өтүп,
Жүрөгүн ойгон.

Эми,
сынчыларга келейин,
Алар жөнүндө да кабар берейин,
Сынчыны,
Сынчы эмес киши сынаса,
Кандай,

ар кимге
асылган неме дебегин.
Бардыгы үчөө:
Бирөө Мукамбет Дөгдүрөв,
Ырас,
ар нерсени түшүнөт,
Адабияттын арасында кеп жүрүп.
Жалкып калган көрүнөт,
Жанакы,
чепуха, пучихалардын,
Жазгандарынан түңүлүп.
Жазуучу жагына мамиле да жасабайт,
Карай берип
Өзүнүн «Кызыл Кыргызстанын» үңүлүп.
Калим Рахматуллин,
Балким,
Сиз таң калаарсыз,
Бул кандай жорук.
Жок, жок,
ал «туллин» болгону менен,
Кыргыздын түшүн жоруйт.
Ал өтө сак!
өзүн,
Ар түрдүү бактериядан коруп.
Бирөөнү сынап жарыта элек,
Ушунча болуп,
Кээде сынамыш этет,
Сыртынан жонуп.
Пушкин аксакал!
Ушундай «осторожный» кишилерди,
Билесиз го толук.

Өмүркул Жакишов,
Мен мындайларга
Туралбаймын катылбай,
Апасы, же эжеси,
Сынчы бол дегенби,
Бирок,
Сынаган ишин көрбөдүм деп
Айталамын такалбай.
Улам эле жабыша берем,
Илгерки ала турган акымдай.
Чынында,
Ушунуку жакшыбы
Адабиятка,
Төркүлөп келген катындай.

Кой эми,
Александр Сергеевич,
Сөзүмдү бүттүм уктаңыз.
Мен жөнүндө такыр ушак укпаңыз.
Эми кызык,
Жогорку мен айткандар сурайт:
– Сен ким?
Мен айтам:
– Мен Мидин!
Мен Мидин
– Пушкин!
Көрдүңбү уйкаш аяк жактары «ин-ин»
Билсең да, билбесең да билгин,
Чынында ушул жооп менен
Турамын тим.

## «СЫДЫРЫМ ЖЕЛ СОГОТ...
## СЕЙРЕК БУЛУТ КАПТАЙТ...»

Рас,
Жакшы эле
Көрүп келе–
Жатабыз,
Илим, техникадан пайданы.
Нечен укмуш жаңылыктар кирди–
Капкайдагы.
Турмуштун,
Жумуштун–
Бардыгында жардамы
Гүлдөтүп,
Калааны,
Талааны,
Булардын күчтүү шамалы,
Эски калдыкты эң алыс айдады.

Бирок,
Аппараттан
Же аны башкарган «азаматтан»
Анда-санда
Ката–
Кетет рас.
Ушундай жорук Фрунзенин–
Аба ырайы бюросунда бар бир аз.
Алар күндө берет
Мындай деп:
« – Фрунзе областы боюнча
Сыдырым жел согот…
Тянь-Шанда бороон болот.

Ысык-Көлдө шамал–
Үстүн булут ороп.
Талас жымжырт,
Жел да жок,
Булут да жок…»
Бирок:
Эртеси
Таластын эли,
Үстүнөн суу шорголоп,
Жамгырдан жүрөт корголоп.

Эгер айтса:
« – Эртең бороон!»
Ага ишенип киесиң тон.
Мейлиң,
Жумушуң жок болсо –
Жууркаlistың орон».
Бирок,
Эртеси эч «балакет» жок!
Күн ысык!
Кызматыңа келесиң тердеп-ысып,
Чекеңден тер сызып.
Кейип-кепчип айтасың:
Кечээ эле берсе боло бышык.

Дагы жоругу бар,
(Радио менен салып жар)
– «Эртеңки абанын температурасын,
Биз айтсак туурасын
Жылуулугу он эки болот
градустар!»
Көз ушалап тура калсаң,

Мелтиреген кар.
Ушунтип,
Кээсин тапса, кээсин таппайт.
Сыдырым жел кээде сокпой,
Кээде сейрек булут каптайт.
Айтуучулар абанын ырайын
(Ошолордон сурайын)
Өз милдетин
Качан тактайт,
Качан актайт?

## ЭПИГРАММАЛАР

### *АКАЕВ КУБАНЫЧКА*
### *(Өзүнүн стили менен өзү жөнүндө)*

Оң колумда тынбастан,
Болот калам ойногон.
Менин жазган ырларым,
Оо, курбулар!
Газета, журнал, радио
Баары жогун жойлогон.
Эртең болор майрамды
Бир ай мурун ойлоном.

Себеби: сезгич менин каламым.
Дароо уйкаш табамын.
Көкүрөктө так билем
Календардын барагын.

Менделеев өлгөнгө
Бир ыр жазып чыгарам.

Циолковский туулса,
Бир ыр жазып чыгарам.
Окшош болсо баары бир
Текке кетпейт убарам.

Артиллерист, танкист күн
Баарын жазып бүтүрдүм.
Дагы келер датаны
Календардан күтүндүм.

Жолдош Акаев!
Чын
Бар каламың?!
(Чычалабагын).
Жазгандарыңды окуп
карагын.
Сөз бар эмеспи:
«Тууларын күтпөй,
Турарын күт баланын»
Мына!
Ушуга жарагын!

*(СК.,1953, №1)*

## *УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВГО*

Өзүңүзгө караганда
Өңүңүз жаш.
«Бул азыр бала» дегизбейт
Буурул тарткан баш.
Анткени менен,
Жазгандарыңыз аз...
Талантыңыз бар –

Жалгыз болсо да,
Жакшы ыр:
«Сүйгөн жар».
Либретто:
«Айша менен Айдар».
Бул эмгек,
Сиздики десек –
Композитордун ичи тар.
Убадаңыз даяр,
Бирок,
Убараңыз далай бар.
Сизден бир «персент» күтүүгө
Эл зар!
Ооба!
Жазасыз
(Түзөсүз)
Хрестоматия!
Бул – жылдан жылга
Кийгизилип келе жаткан
Эски такыя!
(Кайчы менен желим)
Жаңыга улайсыз –
Эскинин теңин,
Ыраспы ыя?!

*(СК.,1953,№1)*

## *КАСЫМБЕК ЭШМАМБЕТОВГО*

Сиздерден суранам:
Эшмамбетов жаздыбы
Поэма,
Повесть,
Же роман?

Эл оозунан
«Саринжини» жазды эле
Ал эчак кулаган.
«Мен жазуучумун» деп
Чыга калат туурадан.
Айткылачы!
Дагы көпчүлүктөн суранам?
Акынбы,
Драматургбу,
Сынчыбы,
Ким анан?
Деги бул –
Адабиятта ким деген адам?
Котормочумун дейт,
Орусча ким болсо билет.
Бирок,
«Полктун уулунан» кийин,
Кыргызча тил билерин ким билет?!..

*(СК.,1953,31)*

## АДАБИЯТТЫК ПАРАД

Мына, адабияттык парад,
Көргүлөчү, өзүңөр карап.
Ар бирин чымчып өттүм;
Аша чапсам, баары биригип –
Мени «төө бастыга» алат.

*(Советтик Кыргызстан, 1956, №1)*

### *МУСА ЖАНГАЗИЕВГЕ*

Сан жагынан Жангазиевди алсак,
Жакындап келет Лев Толстой, Бальзак.
Тигил экөөнү сатат…
Окуучулар талашып, жаңжал-чатак.
Жангазиев жаны тынч складда жатат.
Ушундайда билинет экен сапат…

### *СМАР ШИМЕЕВГЕ*

Бир кезде –
«Лириканы» чыгардың,
Шимеев Смар.
Анын,
Азын окуп,
Көбүн окубай койду кыздар.
Анткени,
Анда эмгек жок,
Жалаң гана:
Тунук булак,
Түнкү убак
Ай менен жылдыздар.
Эми сурашат:
«Бизге жагаар,
Дагы кандай ырыңыз бар?»

Жазганы да чын,
«Париждин каарын»
Аралап келгенсип,
Франциянын,
Борбор шаарын.

Кантип элестетти экен,
Ошондогу,
Окуянын баарын…

Өзү
Өзүбүздүн эле Токмоктон.
Фантазиясынын күчүн кара,
Ушул жерден туруп,
Парижди соккон.
Балким,
Жазса жазган чыгар,
Биз жакта,
Ылайыктуу тема жоктон.
Жолдош Смар,
Окуучу ишенет,
Ошону акта,
Ырыңды такта,
Убара болуп улай бербе,
Качан болсо жетесиң,
Уйкаштуу сапка.
Эми лирикадан кутулуп,
Алга умтулуп,
Париждеи көчүп кел,
Биздин жакка.

* * *

Билип бер – деп акындан сурап,
Кыйнап жатат лирика деген чунак.
Булбулдун кирпигинен
Мончок жаштар кулап.
Бир жагынан шолоктойт салкын булак.

«Анык лирик мени кыйбайт эле» – деп,
Асманда ай турат.
Кейип-кепчип, акынды жоктойт,
Керимсел жүргөн, кечки убак.
Эң аягында кыздар:
– Эми эле карып калдыбы дейт,– Смар!

## *ААЛЫ ТОКОМБАЕВГЕ*

«Көзүмдү ачып карасам,
Көрүнбөйт менин айланам…»
Ушундай болгон ырлардан
Жазсаңыз боло кайрадан?

* * *

Аалыкем эл акыны – элүү бир жаштагы
Бирок, күчөп эми чыкты таскагы!
– Карылыктын алды ушу – деп,
Кара сөздөн баштады.
Этек жагын ырдап кетпесе экен
Эсине түшүп жаш чагы.

* * *

Жаңы жыл келип,
Аалыкемдин эшигин чертти
Ток, ток…
– Эмне үчүн, мен келгенге чейин
«Токтогул» романы бүткөн жок?!
Сыяңыз тоңгон болсо,
Аяз ата эле жагып берет от.

Ансыз деле буурул тартып бара
жатасыз,
Токомдун өзүнө окшоп.
Өзүңүз билерсиз
Айта албаймын андан башканы
козгоп...

## *АЙТМАТОВ ЧЫҢГЫЗГА*

Азыраак сөз айталы,
Айтматов Чыңгызга.
Чыңгыз,
Чыгармасын арнады,
«Жамийла» деген бир кызга.
Жаңыдан жазып көрүндү,
Жалпы биздин кыргызга
Тандап алган жолуңдан,
Тайгаланып жылмышпа!
Алымкул Үсөнбаевге

Көпчүлүккө чыксаңыз,
Көөдөнүң ырдын кениндей.
Жазуу жакка келгенде
Жай жүрөсүз эринбей.
Кашаң тартып кеттиңиз
Камчыланбай теминбей.
Төрдө олтуруп көнбөңүз,
Төркүлөгөн келиндей.

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВГО

Рас,
Китептериңиз чыкты кабат-кабат.

Аны баарыбыз окудук баалап.
Сизде бир адат
Романдан башканы
Байкабайсыз карап.
Аңгеме, очерк –
Азыркы шартка
аябай жагат.
Сизден күткөн ушул –
Жаңы жылдык талап!

* * *

Түгөлбай жазам десе далай сыр бар,
«Тоо арасында» өткөрдү нечен жылдар.
«Апий ботомду» айтып бүттү «Абысындар».
Эми Түкөм тоо арасынан ылдыйлап келсе,
Завод, фабрика, пахта жөнүндө бирдеме берсе.

## *ЯСЫР ШИВАЗАГА*

Чыдай албай чыныга жазды ыр
Биздин Ясыр.
Чыны сынып калат,
Кагазга жазар кез келди азыр.

## *КАСЫМААЛЫ БАЯЛИНОВГО*

Жаңыртып эмгек берсе деп,
Жалпы элдин турса оюнда.
Миңдеген сиздин окуучу,
Милдетти такса моюнга.

Көп олтуруп алдыңыз,
Көгөргөн «Көлдүн боюнда».

### *КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВГО*

Жаштыктан нараак, карылыктан берээк,
Кубанычбек,
Кийинки жылдары,
Жакшы ырдады,
Табийгат көркү татынакай элестеп.
Эмки кеп,
Кубанычбек!
Күтөбүз «Орто токойду» жазат деп.
Бирок, шашып эле –
Бере салбаңыз будалап,
Артыңыздан жоо жүргөн жок
кубалап,
Окуучулар ушуну суранат.

### *ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ*

Ыр жазам дедиң Темиркул,
Ак алтындуу талаадан.
Анжиян,
Араван, Караван.
Жазган ырың али жок,
Көп жыл өттү арадан.

### *АЗИЗ САЛИЕВГЕ*

Азиз сынчы,
Аны ырчы деп айтсам жаңылам.

Бирок, өзүн көрсөтө элек абыдан.
Бир эмгекти сынайт деген үмүт бар:
Эң жок дегенде... философиялык
жагынан.

## *КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВГЕ*

Бир жагынан жомокко жакындап,
Экинчи жактан романга жакындап,
Кээде повестти такымдап,
Түзүк жазылды «Каныбек» –
Кара шакылдак.

Автордун оюна койсо,
Какемди улам өзгөртүп турмак,
(Кээде калпак кийгизип,
кээде тумак)
Илимдер академиясына –
Мүчө-корреспондент кылмак,
Же Каныбек министр болуп жаны тынмак.

## *НАСИРДИН БАЙТЕМИРОВГО*

Кыйын бастың кырманды,
Оп, майда, оп майда, оп!
Түшүмүң: «Жаш муундар» –
«Салтанат» жана бир топ.
Азыркы китебиңдин аты:
«Акыры ок»
Деги «акыркы» дебей жүрчү,

Кээ бирөөлөр айтпасын:
– Мындан башка дүрмөтү жок!

### *АБДЫРАСУЛ ТОКТОМУШЕВГЕ*

Абдырасул Токтомуш,
Сөзгө кулак тоссоңуз:
«Какшаалдан кат» ыйлатты
Көп кайгырып кошпоңуз!
Биякта да тема бар,
Чектен ары озбоңуз
Ясыр агаң жанында
Эч ким тийбейт коркпоңуз.

*1939. Акын Токтомушевдин архивинен*

### *ӨМҮРКУЛ ЖАКИШЕВГЕ*

Эч ким чыкпаган соң сындап,
Халтуранын кашка чымыны –
Учуп жүрөт дыңылдап.
Кээ бирөөлөрү сынчылардын –
Тим эле, мурдуна конот ыр – ырдап.
Эгер Өмүркул шыйпанып койсо,
Бир чымындын буту сынмак.
Ошондуктан унчукпайт,
Өмүркул сак, Өмүркул кылдат…

* * *

Билип бер – деп акындан сурап,
Кыйнап жатат лирика деген чунак.

Булбулдун кирпигинен
Мончок жаштар кулап.
Бир жагынан шолоктойт салкын булак.
«Анык лирик мени кыйбайт эле» – деп,
Асманда ай турат.
Кейип-кепчип, акынды жоктойт,
Керимсел жүргөн, кечки убак.
Эң аягында кыздар:
– Эми эле карып калдыбы дейт,– Смар!

## *ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВГО*

Драматургияда эмгегиң ак.
«Тар капчыгай», «Кумдуу чап»,
Коюлуп турса болот эле кап!
Эмки ишиң ийгиликтүү болсун
«Атабектин кызын» жакшы бак!

* * *

Кинодон бизге көрсөттүң,
Алыскы тоонун арасын.
Ачыгын айтса өткөн жыл,
Ал үчүн элге жагасың.
Жаңы жыл күтөт сен жактан,
(Алыс эмес бер жактан),
Жаңыртып тема табарсың!..

## *АБДЫЛАС МАЛДЫБАЕВГЕ*

Абалы өзүң баштадың
«Ээй кызыл жоолукчан».
Дагы эле келет колуңдан,

Картайганда оолуксаң.
Анда да кызык болбойбу
Азыркы –
Атактуу, ак жоолукка
жолуксаң.

«Ээй кызыл жоолукчан
Наркы уйларды тосуп кой»,
Быйылкы жылдын күткөнү,
Ошого,
Чоң нерседен кошуп кой.

### *МУРАТБЕК РЫСКУЛОВГО*

Ролдоруңда,
Кээде каткырып күлөсүң,
Кээде кадимкидей ыйлап,
«Дездемонаны,
Ак жеринен кыйнап».
Ошол чеберчилик үчүн –
Олтурабыз сыйлап.

Кээде жаш жигит
Кээде кереге сакал абышка.
Жакшы чыгып келдиң
Декададагы жарышта.
Бир жарадың намыска.
Мындан ары да арышта!
Жакшы жардам күтөт
Жаштар өсүп,
Өз катарыңа барышка.

## *НАСИР ДАВЛЕСОВГО*

Азамат деп айтабыз,
Азырынча ойлодуң.
Бирок,
Аз ойлонтот бизди да,
Анда-санда
Арбынырaак чойгонуң.
«Ой булбул» менен
«Ой тобо»
Ошолорду да ойлогун.

## *ТАҢ ТОРГОЮ*

Алыскы Ала-Тоонун аркасында,
Төгүлгөн күн чыгыштын ак таңында.
Тил кирди, боз торгойлор чулдурады,
Бүлбүлдөп таң жылдызы батканында.

Таң атар салкын жели Ала-Тоонун,
Мелмиреп жүрүп турса кандай сонун.
Көтөрөт, тамашалайт, эркелетет,
Так тилдүү, таң жарчысы, таң торгоюн...

Боз торгой кош канатын тең күүлөдү,
Желпинип жел сүрөшүп көтөрүлдү.
Жел жүрүп, торгой сайрап чулдураса,
Эмгектүү жазгы таңдын кандай көркү.

Асманга атып чыгып канат күүлөп
Адамга түшүнүксүз тилди сүйлөп.

Эрбеңдеп эки канат бир тынбай,
Жагымдуу черткен күүсүн түшүндүрөт.

Айтканың түшүнүктүү таңкы торгой,
Сайрай бер, көкөлөгүн жерге конбой.
Таңдагы үнүңдү угуп кантип жатсын,
Колхозчу ага, жеңем бүт ойгонбой...

Сайрай бер, көкөлөгүн, канат каккын,
Үнүңдү көтөрө сал, катуулаткын.
Укканда уйкусунан чукуранып,
Салкындап жеңем туруп түндүк тартсын.

Сайрай бер, көтөрүлгүн канат каккын,
Күүңдү так кайыргын такылдаткын
Ойгонуп сенин черткен күүң менен
Трактор көк түтүнүн буркуратсын.

*(ЛЖ.,1938, 20-май)*

## ЭЛГЕ

Калк – океан
        Аккан кыян
                Каптаган сел
                        Алтын эл!
Чалдар да эр,
        Балдар да эр –
                Бардыгы эр.
Жапырт каптап
        Жоого аттанат
                Жарактанат.

Эр жигиттей
Бүт күжүрмөн
Селкилер.
Алтын элим
Бүтпөс кенсиң
Мен сен менен мактанам,
Жеңип келген
Жана жеңген
Баарың мерген
Эч бир жаза атпаган.
Сен эмеспи
Окуп көрчү –
Тарыхтагы элести
Сен эмеспи –
такыр жоодон
качпаган!
Эл билесиң,
Напалион,
Вилгелм
Мактанышкан
Нечен жолу каптаган.
Бирок алар
Бүт жарадар –
Болушуп.
Кырылышкан
Октон, оттон
Ачкадан.
Мына Гитлер
Дагы ушундай
көп иттер,
Алкын бузду
Биз тийбесек катылды.

Көп узабай
Бизди
Жеңип алчудай,
Туштан чыкты
Капыс жерден качырды.
Мейли урушсун
Мейли билек түрүшсүн,
Мүрзө толот
Жексен болот
Жексен болот акыры.
Айтчы, алтын эл,
Бизди жеңүү
Колдорунан келеби?!
Айтчы, алтын эл
Алар бизди жеңеби?
Гамбургду алып,
Кыйсыпырын чыгарып,
Жүр, алтын эл
Унутулгус
Укмуш сокку берели!
Жүр, алтын эл!
Берлинине сайылсын
Желбиресин
Революция желеги!

*(«Кызыл Кыргызстан», 1941, 9-июль)*

## МЕН! МЕН! МЕН!

Кээ бир жолдоштор мекеменин коллективи жөнүндө унутуп коюп эле, мен, мен деп жөөлүй беришет. Алар бардыгын өзү бүтүрүп, өзү гана кыйналып жаткандай

көрүнүүгө умтулушат. Андай жолдоштор чыгып сүйлөгөндө төмөнкү сөздөр кулактын кужурун алат:

Менин сыным… Менин айтарым… Менин сунушум… Менин сөзүм… Менин билишимче… Мен айткан элем… Бул жерде мен жаңылбаймын…

«Мен, мен!!! – дейсиң төштү муштап чечинип,
«Чоңго» күлүп, «Кичирээкти» жекирип.
Жоругуңду жолдошторуң сынга алса,
Түйүлөсүң түндүк бою секирип.
Өз оюңда, жалгыз сенде айып жок,
Калгандардын «баары ката кетирип».
Ээлеп алдың «мен, мен!» деген обонду,
Эми кантет күкүк менен кекилик?!

*(Чалкан, 1955, № 5.)*

**«ӨҢҮМДӨ»**

*(Чалкандын частушкасы.*
*«Түшүмдөнүн» обону менен).*

Гонорар учуп дирилдеп,
Ташыган акча күрүлдөп,
Аң-таң болуп келатсам,
Котормочу жан досум
Койчу, койчу,
Кантем, кантем...
Алдымдан чыкты күлүңдөп...
Алдым-жуттум жагынан,
Көп кызматтан четтеген.
Айла тапкыч бул досум
Бирди-бирге эптеген.
Окумуштуу болууга

Койчу, койчу,
Кантем, кантем...
Билими мунун жетпеген.
Орусча аз-маз тил билет
Кыргызча такпы? Ким билет...
Сурасам ар ким кеп кылат.
Койчу, койчу,
Кантем, кантем...
Бул досуң, котормого кирди деп.
Оң колунда Тургенев,
Сол колунда Шекспир.
Шодокондун бүркүтү
Өзү болуп кетиптир.
«Котормочу» деген ат
Койчу, койчу,
Кантем, кантем...
Бул досума бекиптир.
Өз эркинче жан досум
Өйдө-төмөн чоюптур.
«Мала» – десе, «кара» деп
Мазмун жагын жоюптур.
Которгонун окусак
Койчу, койчу,
Кантем, кантем...
Кокуй күн кылып коюптур.
Баарыбыз жакшы билебиз
Балта – топор, суу – вода,
Бирок,
Чыгынган киши которбойт
«Чымын» керек буга да
Азыркы айткан жан досум
Койчу, койчу,

Кантем, кантем...
        Болбосо боло убара?!

*(Чалкан, 1956, № 6.)*

## ЭМГЕК ЖАЗЫ

Төшөктөн тура калып эртең менен,
Өмүрдө бир сонунду көргөн белең.
Сөөлөтү табийгаттын кандай кызык,
Мелтиреп уч-кыйрына көз жетпеген.
Кызарып күн чыгыштан алтын шоола,
Бир ойго чөмүлдүрөт опсуз терең.
Жазгы таң! Жан-жаныбар аракетте,
Жалындуу жарашыкка болбойт ченем.
Жан кайыш, каамыттарды камдай чыгып,
Сарайдан унаа кармап ага, жеңем.
Эмгектин эр көкүрөк элин күтүп,
Айдоонун талаалары кандай кенен
Эмгектин күчү менен эркке койбой,
Өндүрүп чылк алтынды кара жерден.
Жыргалдуу биздин элдей такыр эл жок,
Жыл сайын мол түшүмүн ала берген.
Боз торгой такыр болбой канат элеп,
Чулдурап жерге конбой бирдемелеп
Мал төлдөп, келгин келип, күн чымырап,
Эмгектин эбегейсиз көркүн берет
«Жарыктык, Жакшы чык!» деп үрөнчүлөр,
Талаага таалай үчүн данды себет,
Жээкке майда толкун шарп-шарп уруп,
Көрк жакшы, көл да тунук, асман тунук.
Кылтыйып күнгөй-тескей Ала-Тоодон,

Көрүнөт, анда-санда аппак булут.
Кубанам таалайлуу жер, кең Ысык-Көл
Жаздагы сөөлөтүңдү карап туруп.

*(«Ысык-Көл правдасы», 1947, 27.03). Эск.: Бул ырдан «Жаздын көркүнө» (1949) 7сап алган.*

## ДИРЕКТИВА МЕНЕН*[1]

Жазгандарың көп токтом
Жанында турат телефон
Директив менен буйрукту
Таркатасың ошондон.

Саясый окуу кызыл үй,
Санап жаздың эскерип.
Аягында бирөөнү,
Көрдүң бекен текшерип?

Жакшылап бүтпөйт бардык иш
Жаадырып токтом жазсаң да.
Жайбаракат отурбай,
Жакын болгун массага.

## СЫНДЫ СҮЙБӨГӨН*[2]

Өпкөңдү өйдө көтөрүп,
Өз киймиңе сыйбайсың.
Калчылдабай кайрат кыл.
Кармабасын «безгегиң».
Кыянат кылып жатат деп,

Кычыратпа тишиңди.
Сын сындырбайт эч качан,
Сын менен оңдо ишиңди.

## КИТЕП МЕНЕН ДОС ЭМЕС*[3]

Магазинге барасың,
Том-томдоп китеп аласың.
«Арманда» кылдың аларды,
Ачып көрбөй арасын.

Лев Толстой ким? – десе
Айтасың дароо «акын!» – деп.
Чыгармачылык жагынан,
Лирикага жакын деп.

Жалкоолуктан ыраак бол,
Окуу менен ынак бол.
«Эс алып» жаткан үйүңдө –
Китептериң сунат кол.

## АЛ СҮЙЛӨГӨНДӨ*[4]

Ал качан сөз алганда,
Уккан да «арманда»,
Укпаган да «арманда».
Президиумду кылчактап тиктеп,
Кайра залга колду шилтейт.
Сөзүнүн орто жерине барганда,
Графиндеги суудан жутат.
Тамагы кургай калганда.
Саясый окуунун санын,

Фактынын баарын айтат.
«Жолобойт» такыр жалганга,
Калп экенин араң билесиң,
Качан өз катасын –
Мойнуна албай тангында.

** 1-4. ЛЖ.,1952,24-февраль.*
*Бул төрт ыр карикатурага*
*жазылган, автору жок.*
*Текстолог М..Алыбаевдики деп эсептейт.*

## КАЙРЫЛАМЫН

Кайрыламын! Силерсиңер катарым.
Ушул күндө уу жуткандай капамын.
Арак деген азап оору болбосо,
Анча деле жок эле го чатагым.
Кийинчерээк ылдый түшүп баратат –
Коммунисттик, жазуучулук атагым.
Далай мага күтүп, түтүп келдиңер
Дагы бир жол кеңеш сурап жатамын…

Жаным күйүп жар башында турамын,
Не болорду өзүңөрдөн сурадым.
Калың элим калыс болчу мелдеште,
Чуркайм десем, чуркап койчу курагым.
Таалайымды таш каптырган өзүммүн
Тартып ал деп, кимге колду сунамын?!..

Алдастапмын абалымды элебей.
Аракечте ар болобу кенедей?!

Жан-жагымды эми карап олтурам,
Жайытынан жалгыз калган немедей.

Күңгүрөнүп жүрөгүмө кеңешсем:
– Сен да ашкын! – дейт, силер ашкан белестен.
Арак – оору алыс алып кетпесе.
Ачык айтсам, араңарда мен өскөм…
Канча кубат, канча жөлөк көңүлгө
Караан улап, катарыма теңешсем.

Чылбыр таштайм, сүрөп, коштоп кеткиле
Алсыз, арсыз, кереги жок дебестен.
Оюм учат он бөлүнүп бириндеп,
Бирок, чиркин, ал кимдерге билинмек?!
Эл-журтум бар, балдарым бар, максат бар
Селт бурулуп коркуп кетем зирилдеп.
Антип калсам, кээ бирөөлөр айтышар:
– Акыр түбү ушул болмок Мидин деп.

Дагы айтамын, баратыпмын нарылап…
Үмүт үзбөй ойлонгула баарылап.
Медицина берсе гана, жардамды.
Силер эле алгылачы дарылап!

Улуу-кичүү каламдаштар суранам:
Жалгыз менмин жаман жерге кулаган.
Жардам кылып жабыла кол берсеңер.
Жарпым жазып туруп кетем, тура алам!
Партия бар, өзүңөр бар – элим бар
Ушул болот эң акыркы убадам!

*(ЫЖ.,»Медерим», 2007)*

## СҮЙГӨН ЖАРГА КАТ

Заңгыраган жасалгалуу капчыгай,
Ай нурунда жай теңселип тургандыр.
Булут түнөп бүркүт учкан бийик жай,
Мен суктанчу салтанатын кургандыр.
Мен сүйгөн жар түн уйкусуз козголуп,
Муңдуу жүзүн биздин жакка бургандыр.
Көкүрөккө укмуш терең ой толуп,
Суу кирпигин ак бубакка жуугандыр.

Мен дем алган боз желаргы аркырап,
Жар жөлөнгөн ак кайыңды терметер.
Мен суу ичкен алтын булак
шаркырап,
Жар санаасын өрөпкүтөр беш бетер.
Алда кайдан ыр угулса акырын,
Менин үнүм угулгансып селт этер.
Кошулган түн, айрылган түн кадырын,
Сындырбастын жайын ойлоп эс кетер.

Жан сергитип жыпар жыты аңкыган,
Көз алдымда сен узаткан салкын төр.
Булут тарап көк бетиңде калкыган,
Коштошконсуп жай баракат батты үркөр.
– Душман туусун,– дедиң,– жыгып,талкалап,
Жарык жүздүү болуп жайнап келе көр.
Урматыңды чаң жугузбай калкалап,
Күткөнүңдү журт алдыңда сынап көр.

* * *

Жоголуп бир кездеги кызык жорук,
«Сен» дебей «сиз» деп айтып
коомойлонуп.
Сенде да, менде дагы жүрөк сууган,
Эчакки өчкөн жанар тоодой болуп.

## ЖАЙКЫ ЖАМГЫР*

Мен десе ыргып турган алтын жеңе,
Укмуштуу бир мезгилиң эсте бардыр.
Дабырттап үзүктөн үн берди беле,
Жабыкса жан сергиткен жайкы жамгыр.

Түндүктү чүмкөй тартып эшик түрдүң,
Желетчен жалаң көйнөк ичиркендиң.
Уул деп ууртумдан бекем сүйүп,
Жаныма жал-жал карап жакын келдиң.

Шабырап конуштагы сан жалбырак,
Өзгөчө өсүмдүктүн мооку канган.
Кашка тай, тору бээлер, сары аргымак,
Желени тегеренип окурунган.

Чагылган улам чарт-чурт эткен сайын,
Селт этип кучагыма кыналганың
Антыңдай бекем тутуп аны ар дайым
Эсимден алтын жеңе чыгарбадым.

** Ырдын архивдеги алгачкы варианты. «Ак чүчкө» (1957) кайра иштеп чыккан 2-варианты кирген. Биринчи куплети гана окшош, калганы 1-ирет жарык көрүүдө.*

* * *

Өмүр өтөт, жакут өңдүү таң атса,
Өзүм өлсөм, өз көлөкөм калат да.
Ойноо кезим, ой жоготкон таптакыр
Ойрон болоор ушул мүнөт саатта.

Көзү түшкөн күлүп ийип көрчүдөй…
Бетине алып дароо көңүл бөлчүдөй,
Курган жаштык кастар тутаар бекенмин,
Өлсөм дагы күлүп жатып өлчүдөй…

*Мидин. 17 жаштагы курагы.*
*Бул ырды сүрөтүнүн артына жазып калтырган. 1934.*

## КЕЧИРИП КОЙ МЕН СҮЙҮҮДӨН ЖАҢЫЛСАМ*

Айткым келет, мейли мага
таарынсаң,
Кечирип кой, мен сүйүүдөн
жаңылсам,
Жалгыз сага жарашкансып көрүнөт,
Кайсыл күнү кандай жоолук
салынсаң.

Эч пайдасыз эстеп жүрөм эринбей,
Жооп берчи сүйбөйм десең
керилбей,
Кээ бир тушта беттен сылап коёсуң,
Июлдагы көк конуштун желиндей.

Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай,

Жүрө албаймын күндө сени
сагынбай,
Мээ сергитет менде жүргөн элесиң
Мелмилдеген Ысык-Көлдүн
таңындай.

Сен деп миндим махабаттын
кайыгын,
Сары алтын деп санаа менен
байыдым,
Кагылайын карааныңа теңеймин,
Капчыгайдын суу бойлогон
кайыңын.
Тарттырсаңчы тагдыр берген белектен,
Мен да өтөмүн, сен да өтөсүң мен өпкөн,
Өмүр бою соолбогон гүл болобу,
Экөөбүз тең чыгабыз го керектен.
Ойлон алтын бирөө байкоо салабы,
Сары жалбырак самсааласа теректен.

** Эл жазуучусу Зуура Сооронбаеванын эскерүүсүндө бул ырды Мидин ушул аталыш менен ага арнап, сүрөтүнүн артына жазып берген. Ырдын экинчи варианты «Ойлончу» деген ат менен жыйнактарына кирип жүрөт*

* * *

Түшүптүр эки сулуу мени карап,
Сүйсөм дейм, бул экөөнүн бирин
тандап,
Бирок да экөөнө тең жеталбастан,
Уйкусуз түн өткөрүп жүрөм зарлап.
Сулуунун бирин билем,

билбейм бирин,
Чарчадым билгениме өтпөй тилим,
Акылдуу, акын Зукеш ойлонуп көр,
Өтөбү сага жетпей курбуң Мидин.

## ЛИРИКА ЖӨНҮНДӨ

*(М.Алыбаевдин архивдеги кол жазмасынан. Лирикалык ырларга пародия катары жазылган)*

***1. Кийинки күндөрдөгү лириканын окшоштугу:***

Алтын булак алда кайдан угулат,
Ашыгына азоо жүрөк жулунат.
Алда кайдан мени тартып илебиң,
Көңүл чиркин сени карай бурулат.

***2. Эми сулууну сүрөттөгөндө:***

Капкара көз, жазы маңдай, кыр мурун,
Так секирип ойногонуң жаш кулун.
Чачың узун, белиң ичке, бетиң ак,
Көз тайгылтат күмүш тишиң эң мурун.

Сен дегенде от боломун, жанамын,
Колго тийсең кор кылбастан багамын.
Кокус башың ооруп калса бир күнү,
Жүрөгүмдү сууруп алып чабамын.

Лирикалар жалаң эле аялдарга жазылып жүрөт. Даже кыздар дагы кыздарга жазат.

***Мидин.***

# АҢГЕМЕЛЕР

## АЧЫЛБАГАН КАТ

Сатардын үшкүрүнүп келип кроватка жыгылышы Керимди таң калтырды. Анткени Керим Сатарды жолдош болуп бирге өскөндөн тартып, мындай абалда көргөн эмес. Ырас, Керим анын күлгөнүн да, урушканын да, ыйлаганын да нечен жолу көргөн. Бирок, бул үшкүрүш өтө башка үшкүрүштөй сезилди. «Маспы?», «Чарчадыбы?», «Бирдемеси өлдүбү?» деген ойлорду кайра– кайра кыдыртты да:

– Сага эмне болду?

– Жай айтам. Андан көрө мага кеңешиңди айт, мен бир жакка, бир нече күн жоголуп келбесем болбойт, – деди Сатар.

– Ой төбөңдөн тийгир, ууру кылган киши жоголуп кетет. Же баягы жылаң аяк кезибизде дарбыз уурдоочудай, бирдемени көрсөтпөй сурап койдуң беле?

Керимдин бул тамашасы айта жүргөн сөздөрүнүн бири болсо дагы зээни кейип капаланып турган Сатарга анчалык жага берген жок. Ал көпкө чейин унчукпай жатты дагы ордунан туруп Керимге мостоё карады.

– Сыртка, командировкага бир-эки ай чыгып келейин. Тамашаны азыр коё туралычы. Сен экөөбүз кичинебизден тартып ушул жыйырма бир жашка чыкканыбызга чейин тамашалашып жүрүп дале мүйүзүбүз чыккан жок. Мен атайын бир сөз айтайын десем деле болбой какшык сөзүңө саласың да. – Керимге карап бир

үшкүрүп, кайра сыртынан жылмая күлүмүш болуп коюп, сөзүн улады. – Мен бир жакка безип кетейин деген жерим жок. Бул жерде жүрсөм жумуш да кыла ала турган эмесмин, уктай да алгандай көрүнбөйм, көңүлүмдү башкага бурайын деп китеп окусам да болбоду.

– Деги эмне болду, айтчы? – деди Керим.

– Ошону айтып келе атпаймынбы, токтосоң. Мен эчтеке болгон жокмун. Бир болбогон эле ишке жүрөгүмдү оюнчук кылып алмак болду. Ошого ичим күйүп жүрөт. Ошону үчүн бир жакка барып сууп келүүм керек.

– Ким? Сабирабы? Ал кандайча сени күйгүзүп жүрөт?

– Кандайча болгон ишти кийин айтам. Азыр кетишим керек. Сен кандай дейсиң?

– Мен эмне дейм... Анчалык кыйын ишиң болуп калса барып келсе да болот. Бирок болбогон бирөөнүн кызы үчүн тыяк– быякка урунбай эле жигитчилик кылып, өзүңдү-өзүң токтотуп, кармап койсоң деле анчалык болбос дейм, – Керим тике бир карады да, көпкө туруп, – өзүң бил, – деди.

* * *

Сабира менен Гүлай сабактан келе жатышат. Март айынын түнү болчу. Сөздөн-сөз чыгып отуруп Гүлай мындай деди:

– Менин оюмча Сатарды бая күнкү комсомолдун чогулушунан кийинки көпчүлүктүн оюнунда таарынтып жиберсең керек. Эмне үчүндүр ошондон бери аны көрө элекмин. Сени көрүү үчүн күндө ушу көчөдөн өтүүчү эле.

– Ошондой болсо керек, сенин Кеимиң да жалгыз басып калыптыр го?

– Аны мен кечээ эле көрдүм, андан көрө тайсалдатпай мага жооп берсең?

– Ошо күнкүгө таарынса жигитчилиги да, – деди Сабира.

– Таарынса таарынып эле калат. Ошого жигитчилик кетиптирби? Анын мүнөзүн мен сенден жакшы билем. Бир нерсени өтө бат сезет да, өтө бат таарынат.

– Мүнөзүн жакшы билсең өзүң эле жүрчү. – Сабира ушуну айтып кичине күлдү да, томсоро түшүп, – жок эмнеге таарынат эле. Мен дале анчалык одоно иш кылган жокмун го. Эл билбесин дедим. Аны өзү түшүнөт. Анан аныкы жакшыбы, президиумда олтурат дагы, менден эле көзүн айырбайт. Бир жагынан ичим жылыса, экинчи жагынан жиним келип олтурду. Көпчүлүк оюнунда сен дагы бар элең го. Аны эми баштан-аяк айтып берейин: Сатар экөөбүздүн жүргөнүбүздү эч кимге билдирбөөгө убадалашкан болчубуз. Көпчүлүктүн арасында бир-бирибизди кайдыгер гана кишилердей кармайлы дешкенбиз. Ырас, Сатар көпкө чейин өзүн билгизбеген болуп эле жүрдү. Баягы «жолдош сурамай» ойногондо эмне үчүндүр Жумабайдын кызын Сатар улам эле сурай берди. Менин ичиме ошондо эки ой түшө калды. Биринчиден, мени менен жүргөндүгүн элге билгизбейин дегениби дедим. Экинчиден чын эле ошону сүйөбү деп да ойлодум.

– Апий, ичиң ушунчалык тар ээ, Сабира? – деди Гүлай, оң колтугундагы дептерлерин сол жагына алып жатып.

– Жоок, жок, ичи тарлык эмес... Мурун ошо Жумабайдын кызы Бурул менен кат жазышып жүрөт деп укканмын. Анан ошол «жолдош сурамайда» Бурулду бирөө сурап калды эле, аны бербейин деп алаканынын баарын кызартты окшойт. Чынын айтайын ошондо жаным кейип кетти да, «Эмне үчүн мен ошонун жанына олтурбай, башка бир кыз олтурат. Сатар колун мен үчүн оорутса боло, Сатар үчүн мен дале алаканымды тосоор элем...»

деген ойго келдим да, тиштенип олтура бердим. Эмне үчүндүр так ошол учурда Бурул менин көзүмө жаман көрүнүп кетти.

– Сен Бурулду жакшы көрөсүң го?

– Ырас, жакшы эле көрөм, бирок так ошол учурда гана жаман көрүнүп кетти.

– Ич тарлык деген ошол эмеспи? – деди Гүлай.

– Койсоң, антпечи? – деп Сабира Гүлайга күлө карап сөзүн улады. – Бурул менен Сатар жанаша олтургандан кийин, экөө эмнелердидир сүйлөшүшүп, күлүп олтурушту. Сүйлөшүп жатып Сатардын анда-санда мага карап коюшу, менин жүрөгүмдү тикен менен сайгандай сезилип жатты. Аңгыча болбой эле алакан чабышып «башка оюн баштайлы» деген сунуш киргизилип, «жоолук таштамай» ойномок болдукпу? Бир маалда Бурул менин жаныма чуркап келди да «Сабира, сен көңүлүңө алып жүрбө. Сатар сенден коркуп олтурду. Улам эле Сабира ичинен эмнелерди ойлоп жатты экен деп эле мага айта берди» – деп Бурул менин көңүлүмдү улады. Чынында Бурулдун ушул келишин дагы мен «эмне үчүн мынчалык шектенет экен» деп түшүндүм. Анын үстүнө тиги Сатардын: «Сабира эмнелерди ойлоп жатат экен» деп Бурулга экөөбүздүн жакындыгыбызды билдирип койгондугуна да кыжырым келди. Аңгыча болбой стулдар кырка тизилип «жоолук таштамай» башталып калды. Ырас, мен ойнобой эле коёюн деп турдум эле, сен болбой оюнга катыштырып койбодуңбу. Сатар эмнеликтен экенин билбейм, же менин таарынганымды билип, жазайын дегениби, же экөөбүздүн жакындыгыбызды эл билсе билсинчи дегениби, жоолукту улам эле мага таштай бербедиби?

– Ырас, экөөңөр улам эле кууша бердиңер, – деди Гүлай күлө сүйлөп.

– Эми Сатардын ошонусу туура эмес да. Байкагандар деле: «Кандай жеңил жигит?!», – деп айтышпайбы?! Оюн созула берди. Бир маалда Сатар менин чөнтөгүмө бир деме салып, мени акырын түртүп койду да, өзү элге билинбеген болуп оюнга аралашып кетти. Чөнтөгүмдөгү кичинекей кагазга «жүр кетебиз» деп жазып коюптур. Мен дагы оңтоюн келтирип кагазын өз колуна карматып «Гүлай менен кетем» дедим.

– Мен жалгыз деле кетпейт белем. – деди Гүлай.

– Анда сенин Керимиң жок эмес беле. Сени жалгыз кетирип коюп, анан бирөөнү ээрчип кеткеним жакшыбы?

– Койчу сүйгөн кишиңди да «бирөө» деп айтасыңбы? Анын сенде зарыл сөзү бардыр, ошон үчүн бирге кетейин дегендир.

– Оюн бүтө электе эле кетип калсам, кыздар эмне дейт? Сүйөт десе эле кетип калсам кыздар эмне дейт? Сүйөт десе эле уят– сыйытка карабай басып кетет бекен, – деди Сабира. – Ырас, мен таарынтып койдум. Ошондон кийин жанына да барганым жок. Ал эки– үч жолу да, эч нерсе айталбастан унчукпай барып, көлөчүн, пальтосун кийип, кылчайып карабастан эшикке чыгып кетти. Чынын айтайын ошондо жүрөгүм зырп дей түштү.

– Ал таарынды, – деп Гүлай жер карады.

* * *

Гүлай менен Сабирага окшоп, Керим менен Сатар да бири-биринен сырын жашырчу эмес, эмне ойлогондорунун баарын айтышчу. Ал экөө кичинесинен бери бирге жүрүшөт. Мектепти да бирге бүттү. Азыр да бирге иштеп, бирге жатышат. Кийинки эки-үч айдан бери экөөнүн сүйлөшкөн сөздөрүнүн көбү Сабира менен Гүлай жөнүндө

боло турган болду. Азыр да так ошол көп сөздөрдүн бири.

– Деги Сабира экөөңөр элдештиңерби?

– Ээ, эмне кыласың. Таптакыр болбогон ишке таарынышыптырбыз. Районго болбогон эле иш үчүн барып бир ай жүрүп келбедимби. Барбай эле койсом болмок экен, – деп Сатар күлдү.

– Гүлай экөөбүздөй көп деле жүргөн жоксуңар. Жүрө элек жатып эле таарынышып кетип жатасыңар, бешик бооңор бек болбойт го дейм, – деп Керим бир аз күлүп, – деги бетинен өптүңбү? – деди.

– Кеке, чынын айтсам өбө элекмин. Өбөйүн деп келсем эле жүрөгүм дүкүлдөп кетет.

– Оой жерге кир десе, кулаалы да чымчыкты алайын–алайын деп келип эле коркуп кетип, кайра кайып кетет.

– Эмнеликтен экенин өзүм да билбейм, ушул кыздан сүрдөөчү болдум. Өзүм ушунчалык катуу сүйөм, кокус көпкө чейин кезикпей калса жүрөгүм үзүлүп түшчүдөй болуп турат. Күндө эле көргүм келет. Көчөгө чыкканда, театрга барганда, чогулуштарда, элдин арасынан көз жиберип издегеним эле ушул Сабира. Бая, өгүнкү таарынышканыбызда да жөн эле келесоо немедей болуп жүрдүм. «Мени чандыбы, эмнеликтен көңүлүн калтырып койдум экен?» деп эле күйүп бышып жүрбөдүмбү. Кийин сүйлөшө келсек экөөбүз тең жоругубузга күлүп, боорубуз жок. Ал дагы мени катуу сүйөт го дейм. Кандай дейсиң, Керим?

– Гүлайдын айтуусуна караганда, ал да сени сүйүү керек. Бирок ушул убакка чейин бетинен сүйбөгөнүң кызык экен. «Бул эмне өлүк жигитпи?» деп ойлобойбу, кудай урган, – деп Керим каткырып күлүп Сатарды далыга чапкылады.

– Жок, кокуй мени уяңдык кылып жатат деп турасыңбы? Жөн эле өзүмдөн өзүм чочуйм. Киши ар түрдүү ойго кетет экен. «Бирөөнүн бетин жалмалаган кандай кокуйгун эле»деп айтпайбы дейм. Кокустан мен өбөйүн десем кагып коёбу, түртүп жибереби деп ойлойм. Бая бир түнү үйүнө жеткирип барып дарбазанын тушунда бир аз сүйлөшүп туруп, эмне болсо да өбөйүнчү деп ойлодум эле, аягандыктанбы, корккондуктанбы, оюмду дагы аткара албай калдым, – деп Сатар күлдү да, – кой эми бул сөздү бүтөлүчү, – деди.

– Бүткөндү коё турсаң. Бир топко чейин сүйлөшүп олтуралычы. Ар дайым эле мындай бош убак боло бербейт эмеспи,-деп Керим ордунан туруп, Сатардын жанындагы стулга келип олтуруп, колуна карындаш алып, бир нерселерди жазган болуп турду да,– ушул эки кыздын кимиси жакшы деп ойлойсуң ыя? – деди да кичине күлүп, кайра чиймелеген болду.

– «Кимиси жакшы?» деп суроо берчү беле? – деди Сатар.

– Берсе эмне болот эле. Алар угуп олтурат дейсиңби, экөөбүз сүйлөшүп жатабыз да.

– Экөө тең жакшы – деди Сатар.

– Ошентсе да бирөө жакшы болот да.

– Экөөнүн тең жакшы мүнөздөрү бар.

– Жаман жактары да толуп жатат, – деди Керим.

– Туура айтасың. Бирок мен Сабиранын жаман жактарын аз көрөм, анткени – сүйгөндүгүмдөн мага билинбесе керек. Сага көрүнүктүү го, айтсаң.

– Көңүлүңө албайсыңбы?

– Албайм.

– Гүлай жөнүндө сен да айтасыңбы?

– Маакул.

– Сабира болсо жаман кыз эмес, – деп келип Керим Сатарга бурулуп: – Кой кудай урган өңүң кумсарып бара-тат да, – деп тамашалай коюп сөзүн улады. –Бирок мурун-ку кыргыз кыздарынын мүнөзүндөй өтө уялчаак, киши менен ачык-айрым сүйлөшө албайт. Өзү комсомолка болсо да, көпчүлүктүн жумушуна салкын карайт. Бир болор–болбос нерсеге таарына түшөт. Көзү жетпей туруп эле ичи тарлык кыла берет. Кыскасы Европалык кыздардын мүнөзү Сабирада азыраак. Маселен өзүң ойлоп көрчү. Сабирада билим десе билим бар. Ар нерсеге түшүнөт. Айылдан жаңы келген жок. Ошондой болсо да, бая, өгүнү Сабиралар оку-ган мектептеги комсомол уюмунун күчү менен дене тарбия-чылар командасы уюштурулуп, көнүгүүлөр жүргүзүү үчүн стадионго келишиптир. Алардын ичинде Сабира менен Гүлай да бар экен. Кыздардын баары чечинип, жеңил кий-им кийинип жатышса, жалгыз гана Сабира болбой коюп-тур. Гүлай ага канчалык жалынып жатып эч нерсе чыгара албаптыр. Эми өзүң ойлочу! Бул жорук Сабира үчүн эч кечиримсиз эмеспи?! Мен билген кемчиликтер ушулар. Буларды жойдуруп алууга болот. Сендей активдүү комсо-молецтердин колунан келбей, кимдин колунан келмек эле.

– Ии... Кайран эр. Ал эми сын-сыпаты жагынан эмне дейсиң,– деп Сатар күлдү да, Керимге дагы жакыныраак олтурду. Сатар Керимдин оозун карады.

– Сын-сыпаты эмне болмок эле. Өзүң көрүп турбай-сыңбы! Жакшы, – деп Керим күлүп, Сатарды карады эле, Сатар шилекейин жутуп:

– Ии, дагы эмне дейсиң? Айтсаң. Өзүң ашыксың го деймн, – деп күлдү.

– Менден чочубай эле кой. Дагы эмнесин айтайын. Чачы менен кашы өтө эле көмүрдөй кара эмес, – деп Керим күлүп, – кана эми Гүлай жөнүндө сен айтчы, – деди.

– Жоок, Кеке! Мен Гүлай жөнүндө эч нерсе айта албайм. Айтууга да оозум барбайт.

– Эмне үчүн, айтам дебедиң беле?

– Жоок... Айтпайм. Ал кыздын жаман жактарын көрө элекмин. Жакшы жактарын айтып олтурууга сөзүм жетпейт.

– Эмесе мен келесоолугумдан айтып берген экенмин да, – деди Керим. Бирок, Сатарга таарына түшкөндүгүн билдирмексен болуп күлүп.

– Мейлиң бүгүн айтпасаң бир күнү айтарсың, – деди да ордунан турду.

– Ой, Кеке. Сен менин айтпаганыма таарына турган болсоң билгенимче эле айтып берейин.

– Жок. Эми кереги жок, – деп Керим эшикке чыкты.

* * *

Күн артынан күндөр чубап өтүп жатты. Бул төртөөнүн барган сайын сүйүүлөрү арта берди. Бир күнү Сабира Сатарга телефон аркылуу кечинде жолугушууну сүйлөштү.

– Бүгүн кечинде саат сегиз ченде театрдын маңдай жагындагы бактын көлөкөсүндөгү скамейкадан мени күт, – деди Сатар.

– Макул күтөйүн. Бирок, кыз күтпөй жигит күтсө жакшы болор эле, – деп Сабира күлдү. Сатар менен телефон аркылуу эмес бетме-бет сүйлөшсө, уялчаактыгынан «кыз күтпөй, жигит күтсүн» деген сөздү балким айта албас беле, айтор азыр тамаша иретинде айткандай болду.

– Мен нечен жолу күткөндө, сен бир жолу күтүп койсоң эчтеме болбос, – деди Сатар.

Сатар «күт» деп убада бererин берип алып, бүгүн комитеттин бюросу болорун унутуп коюптур. Мына азыр

кеч кирди. Саат жети жарым болду. Бюронун болорун Сатар эми эстеди . «Кап… Сабирага бекер айтыптырмын да, ал байкуш күтө берет. Анан кетет. Эртең ал мага сөзсүз таарынат. Менин жообума кайдан ишенсин. Эми анын бетин кантип карайм. Кой, Сабирага барайын, жолугайын. Бир күнкү сүйүүнүн иши үчүн бюрого барбай койсом эмне болот? Кой бюрого эле барайынчы, көп болсо Сабира таарынып-таарынып жөн болор». Ушул ойлорго Сатар чөмүлүп чыкканчакты, саат сегиз болорго аз эле калды. Дароо ордунан туруп бюрону карай жөнөдү.

* * *

Сабира келип скамейкада олтургандан бери он беш минутача өтүп кетти. Ал Сатарды күтүп олтурат. Аны биринчи жолу күтүшү. Мындан мурунку күтүүлөрдүн баарын Сатар өткөрчү. Бирок, Сабира көп кечикпей келип калуучу. Мына азыр ал күтүп олтурат. Ал: «бул скамейкага саат сегиз боло электе эле Сатар өзү келип калбагай эле. Деги мен күттүм болуп калсам болот эле. Скамейкага мен мурун жетсем экен», – деген ойлор менен шашып келип олтурган болучу. Азыр болсо санаасы ар кайсы жакка чабагандап, Сатар жөнүндө ар нерселерди ойлоп бир топ убакыт олтуруп калды. Сабира көп күтүп калганына ачууланат. Бирок кимге ачуусу келгенин өзү билбейт. Бир эсе Сатардын келбегенине, бир эсе аны ушунчалык күткөн өзүнө кыжыры кайнайт. Бирок, сүйүүнүн күчү менен бул ачуусу унутулуп да келет. Сабира кээде терең ойго чөмүлөт. Ой менен Сатарды көзүнө элестетет. Сатардын кишини күлдүрөм десе күлдүрүп, ыйлатам десе ыйлатчу өткүр сөздөрү, ар дайым күлүп сүйлөгөн мүнөзү, кара тору тартып майланышкан жүзү,

тигиле караганда кандай гана кыз болсо да, жер караткан курч кара көздөрү, узун өсүп келип тал-тал болуп, силкилдеп ылдый караса көзүнө түшүп, кайра башын силкесе артына жыгылчу чачы, типтик тарткан орто бою, киши менен көрүшсө колго ороло түшкөн шадылуу ничке колдору, ушул элестердин баардыгы биригип келип, Сабиранын Сатарын түзөт. Ушул элестер менен Сатар анын алдына тартыла түштү да, үшкүрүп скамейкадан туруп, ары-бери басып, эки жагын карады.

Караңгы эчак кирген. Саат онго жакындап калды. Нечен жаштар колтукташып, май айынын мээримдүү түнүн жамынган укмуштуу бакты шаңга бөлөшөт. Өтүп жаткандардын кээ бирлери каткырып катуу күлүп да калышат. Жигити же кызы күлкүлүү сөз айтып жиберсе керек. Кээде шыбырашып жай сүйлөшүп калышат. Тээтигинде бир Сатар кебетеленген жигиттин ийнине колун кыналтып бир кыз бара жатат. Алар Сабиранын көзүнө жылуу көрүнөт да, жүрөгүн кытыгылайт. Кээде ичин да күйгүзөт. Эгерде ал чын болсо Сабиранын ичи күймөк түгүл, өрттөнүп кетер эле. Бирок ал Сатар эмес. Ал Сатар келер жактагы бактын ичиндеги жолдун чыга беришинде бир чоң электр лампочкасы күйүп туруучу. Сабиранын көзү да ошол электрден кем эмес эле. Ал улам ошол жакты караган сайын эки электр чагыла түшөт. Ошол электрдин жанынан Сатар кебетеленген жигит өтсө Сабиранын жүрөгү зырп эте түшөт. Жакындап келсе эле ал болбой калат. Тигине ошол аллеядан бир жигит чыкты. Кебетеси, басканы Сатарга окшойт. Костюму да, шапкеси да ошондой. Бирок Сатар көбүнчө жылаңбаш, костюмун желбегей жамынып, эгер кийсе да топчуланбай жүрүүчү. Ал өтө ылдам басуучу эле. Бул жигит ошол жактарынан гана Сатарга окшобойт. Эмнеси болсо да алдын тосо чыгуу үчүн Сабира ордунан дагы туруп акы-

рын ошол жакты карай басты. Ал жигит жакындап келгенде Сатар болбой чыгышы Сабиранын жүрөгүн солк эткизип денесин дүркүрөттү.

Ал олтурган скамейкасына кайрылуудан жадап, ындыны өчүп, бакты көргүсү келбей үйүн карай жөнөдү. Бактагы шайыр жаштардын бака-шака түшкөн күлкүсү, тынбай чыккан музыканын үнү Сабирага эч кызыксыз сезилди. Ал Сатардын бюродо олтурганы менен иши жок. Ар түрлүү кыялдар менен барып уктады. Сатар жөнүндө укмуштуу түштөрдү көрүп чыкты.

* * *

– Эмне үчүндүр кечигип келдиң да, –деп Керим Гүлайга мостоё карады.

– Сабакка даярданам деп кечигип калсам керек. Кечирип коёрсуң,–деп Гүлай баштагы мүнөзүндөгүдөй эмес кайдыгер бирөөгө айткандай жооп берди.

– Ой, Гүлай мен качан сени сабагыңдан үзүүгө себепкер болуучу элем. Андай сабагың болсо кече убадалашканда эле айтпайсыңбы. Бүгүн дем алыштын алдыңкы күнү болгондуктан сүйлөшүп олтуралы деп үйгө чакырбадым беле. Эгер сабагыңа тоскоолдук кылсам, азыр деле сабагыңды окусаң болот. Эретең сүйлөшүп алабыз. Биз бири-бирибизден уялышат белек. Кайсы убакта болсо деле сүйлөшүп алабыз го,–деп Керим Гүлайга сумсая карады.

– Андай зарыл сөзүңүз болсо, азыр деле айтсаңыз болот,–деп Гүлай Керимге сурдана айтып келип, азыраак күлүмсүрөмүш болду.

Гүлайдын азыркы «Андай зарыл сөзүңүз болсо...» деп айтышы Керимдин бүткөн боюн дүркүрөттү. Анткени –

мурун «сен», «мен» дешип эле ысык сүйлөшүп жүргөн немелер азыр «сиз» деп калышы өтө өөн учурады. Керим Гүлайдын эмнеликтен мындайлыгын андан сурап билгиси да келген жок. Билүүгө да кызыкпады. Ичтен тынып гана ойдун артынан ойго түшө баштады, Гүлай да унчукпай алдына бир китеп алып коюп, окумуш болуп олтура берди. Керим Гүлайдын эмне себептен таарынганын билүүнүн аракетинде болду. «Буга эмне болду? Эмне үчүн кечигип келдиң» деп орой сурап койдумбу?.. Жок... жээ мурда күнү бирөөнүн аялы менен бир жумуш үчүн бирге басып бара жаттым эле, ошондонбу?.. Жок... жээ мени такыр жактырбагысы келгенби?.. Жок, андан да эмес. Эгер андай болсо мени ушунчалык сүйөт беле. Бул үйгө келбейт эле го. Эмнеге таарынды болду экен?» деген өңдү ойлорго Керим чөгүлө берди.

Чынында азыркы окуя Гүлайдын Керимге таарынганынан эмес, андан да кыйыныраак окуя эле. Таарынган киши кандай болбосун кайра жазылат эмеспи: Гүлай таарынгандай Керим ага эч кандай жорук кылган жок. Аны Гүлай өзү да жакшы билет. Бул таарыныч эмес, бул сүйүүнүн муздагандыгы эле. Гүлайдын жүрөгү башка кишинин колуна өткөндүгүнө аз гана күн болгон. Ошол башка кишинин колу, анын жүрөгүн барган сайын кармап, барган сайын мыкчып жана элжиретип бара жаткан. Бирок, ал башка киши Гүлайдын жүрөгү анын өзүнүн колунда экенин билүүчү эмес, өзүнүн жүрөгү башка бирөөдө болчу. Ал башка кишилер Сатар менен Сабира эле. Муну Гүлай өзү жакшы билүүчү.

Керим ойлонуп-ойлонуп оюнун учугуна жетпегенден кийин, оюн башкага бурду да, убакыттын бир топ өтүп кеткендигин билип, маңдай жагында китеп окуп олтурган Гүлайга карап:

– Кой эмесе, бүгүн айта турган сөзүм деле жок. Кийин сүйлөшөбүз. Бүгүн капаарак көрүнөсүң,–деди.

– Жоок, мен анчалык деле капа эмесмин, өзүңүз капа болбосоңуз болду. Чын эле эртең, же бир күнү сүйлөшөлүчү, – деп Керимге карады да, ордунан турду.

Гүлай үйүнө барып шумдуктуу ойлорго чөмүлдү. Анын көзүнө Керим менен Сатар биринен улам бири элестеп турду. «Менин эмне үчүн Керимден сүйүүм өчүп бара жатат. Ал кимден кем?.. Өңү-түсү эч бир жигиттен кем эмес, ал түгүл Сатардын өзүнөн да сулуулук кылат. Ак жүзү, кара көзү, жапысыраак бою, ар дайым ак көңүл мүнөзү, мына мына ушулар мени өзүнө тартып Керим ушул жорук, ушул кебетеси менен өзүн сүйгүзбөдүбү. Ырас, ал мурун сүйдү, бирок мен кийинчерээк аны өзүнөн да кыйын сүйүп кетпедимби. Мен качан аны түшүмдө көрбөй жатчу элем. Түшүмдө Керимди кучактап жатып, ойгонуп кетсем жаздыкты кучактап калганыма далай күлчү элем го. Ошону да айтканым жок ээ?! Ал партиянын мүчөлүгүнүн кандидаттыгына жаңыдан өткөн күнү кечинде куттуктап гүл бергенимде мени биринчи жолу өппөдү беле. Ошол өпкөнүндө же сүйүнгөндүктөнбү сүрдөп, калчылдап кеткенимди кантип унутайын. Менин биринчи сүйүүм Керим эмеспи. «Биринчи сүйүүдөн кызык сүйүү жок» деп айтышчу эле го. Андай болсо, эмне үчүн менин көзүмө баштагыдай көрүнбөй калды? Ал мага жамандык кылдыбы? Жок, жок. Эмесе мен эмне үчүн башканы сүйүп калдым? Баягы эл айтчу жигиттен жигит тандап, гүлдөн-гүлгө конуп жүргөн көпөлөктөй кыздардын бири боломбу? Жок, мен андай болгум да келбейт. Болбоймун да. Бирок мен сүйгүм келет. Сүйгөндө да кадимкидей катуу сүйгүм келет. Эмесе менин катуу сүйгөнүм Керим эмес, Сатар болуп калды. Анын кыздар-

га жагымдуу, күлкүлүү ачык сөздөрү Керимге окшоп анча-нерселерди «кыздарга сырымды билгизбейинчи» деген-сип жашырбагандыгы, жупуну жүрүшү мага жагат. «Жагат» деген сөзүм «сүйөм дегеним эмеспи. Чын эле сүйөм! Капырай ошону мен эң жакын жолдошум Сабирадан да кызганчу болдум да. Ал эмнем? Айтпаса кызгануу, күнүлөө деген сүйүүдөн чыгат дечү эмеспи эле. Мен ошол баланы Сабирадан кантип бөлүп алам. Койчу, мен андан бөлүп алганда Сабира эмне дейт? Сатар мени сүйсө го жакшы, сүйбөсө өлбөдүмбү. Эң мурун анын сүйгөндүгүн билейинчи. Анын сүйгөндүгүн билүү үчүн өзүмдүн сүйгөндүгүмдү билдирүүм керекпи? Койчу, эми кыз башым менен кантип кат жазайын? Эгер мени сүйсө дале ачык айтпайт го. Анткени, Керим билип калса экөө жолдошчулуктан кечишпейби? Сатар жолдошчулукка абдан кароо жигит эмеспи? Айтор акыры бир билер. Азыр чыдай турайынчы. Бирок, көргөн сайын жүрөгүм эзилет. Ошону менен баскым келет. Сүйлөшкүм келет. Таң атыргым келет...» – деп Гүлай оюн бүтүргөнчөктү болбой ачык терезенин тушундагы теректин бутагына дир этип учуп келип чымчык сайрап жиберди. Ошондо таң куланөөк болуп атып, эрте ойгонгон чымчыктардын бири ушул чымчык эле. Жазгы таңдын урган муздак жели, төшөктө жаткан Гүлайдын жылаңач ийиндерин чыйрыктырып жибергенде, ал төшөгүн өйдө тартып жамынып, жел соккон бетин тосту да ар нерселерди дагы кичине ой ойлоп жатып, таң алдындагы таттуу уйкуга чөмүлдү. Сүйүү толкунунун күчтүүсү ай! Ушул толкунга минип алып, аны менен бирге жарышып, тиги жарга кагылышып жатып, таң атырды. Таңды ой менен, санаа менен атырды. Гүлай көшүлүп уктап жатат. Экиге бөлүнүп өрүлгөн узун кара чачы азыр жазылып ак жаздыктын

теңин жайпап жатат. Жанагы санаа, жанагы ойлор менен уктай албай, ары-бери толгонуп жатып, чачын кичине уйпалап алган. Ошол уйпалангандан бөлүнүп калган кээ бир тал чачтар терезеден соккон сыдырымга үлпүлдөп турат. Кырынан жаткандыктан, керилген маңдайынын теңи жупжумшак ак жаздыкка баткан. Демейде бат-бат ирмелген узунураак кара кирпиктери жарадар аркардын көзүндөй жалооруган көздөрүн жаап эң бир сонун көрүнөт. Эч кандай терилбеген, боёк да сүрүнбөгөн, табигат берген кара кирпиктери, каштары азыркы сөгүлүп келе жаткан таңдай жаркырайт. Ичке тарткан татынакай мурун, таңдын салкын абасын алып куландай таза денесинен демин чыгарат.

Гүлайдын кара сур тарткан өңү ак шейшепке түшүргөн таңдын шооласы менен укмуштуу кубулуп көрүнөт. Демейде шакылдап-шукулдап, ачык-айрым күлдүрүп жүргөн Гүлай, азыр уйкусунда деле тынч жатпаса керек. Мына, колдорунун шадылары кыбыр-кыбыр этет. Адатынча мандалин чертип же рояль ойноп жатса керек. Мына-мына, кашын көтөрүп жылмайып койду. Кимге күлүп жатат экен? Тигине-тигине эбелектей эриндери, бешиктеги баланын оозундай бүлк-бүлк этет. Бул эмнеси? Мындан 17 жыл мурун эмизген апасынын ак мамасын соруп жатабы? Жок… Азыр бир жигит менен аймалашып, өбүшүп жатат. Ал ким болду экен? Керимби?.. же Сатарбы? Ким билет.

* * *

Июнь айынын укмуштуу түндөрүнүн бири. Асман чайыттай ачык. Анда-санда гана ак булуттун үзүндүлөрү калкыйт. Бирок, алар мээримдүү тийген айдын нуруна

эч тоскоолук кылыша албайт. Кайра алар окчун-окчун жылжышат. Түн ортосуна жакын болуп калган. Жай түнүнүн салкын сыдырымы четки теректердин жалбырактарын шыбырыштырат да, далдоодогулардын албырактарын козгоого күчү келбейт.

Түн тынч. Сатар менен Сабира түнт аллеянын бирине түшүп алышып, көпкө чейин сүйлөштү.

– Эмне үчүндүр Гүлай менен Керим сууп бара жатышат да?

– Гүлай сенин жолдошуң эмеспи, андан сурабайсыңбы,–деди Сатар.

– Мен сураганда айпайт. «Баштагыдай элебиз»дейт да анда– санда үшкүрүп коёт. Ал эмнеси экенин билбейм. Керим таарынтып койсо керек. Андан сурасаң, ал сенин досуң эмеспи, сырын айтаар.

– Жок, кеп таарынтууда эмес, кеп башкада болуу керек. Эгер таарынса эртең эле жараштыра коёбуз. Эртең дем алыш го биздикине Гүлай экөөң келгилечи. Төртөөбүз кеңешип туруп эле алардыкын чечип коёбуз. Керим таарынбайт. Кайра ал Гүлайды үзүлүп түшүп сүйөт. Анан Гүлай эмне эси жок кыз дейсиңби. Керим аны таарынткан күндө да ал Керимди сүйсө, эч качан таарынбайт. Таарынса да сен экөөбүзгө окшоп бат эле жарашып алышар эле. Өзүң айтчы–сен экөөбүз канча жолу таарыныштык,–деп Сатар Сабирага карады эле, Сабира каткырып күлүп жиберди. Анын күлкүсүнө Сатар да кошулду. Экөөнүн күлкүсү биригип, мемиреп жаткан бактын ичин дароо кыймылга келтиргендей боло түштү. Баятан бери экөө тең бактын бутактарында сайраган булбулдардын үнүнө,сыдырым козгогон жалбырактардын шыбышына көңүл салышкан жок. Азыр бир аз унчукпай калышкандан кийин гана алардын ою, көңүлүн булбулдун үнү алды.

Кайсы теректин кайсы бутагынан сайрап жаткандыгы белгисиз бир булбулдун үнү Сатардын да, Сабиранын да жүрөгүн кытыгылады. Эмнеликтендир экөө тең ошого моокуму кангыча уккусу келип, унчугушпай ары-бери басышты. Сабиранын көйкөлгөн ак жибек көйнөгүнүн үстүнөн кийген, денесине ченеп тиккен кара күрмөсү бар эле. Анын сол жакасына бая эле бир кызыл гүл тагып алган болчу. Аны тагынганын сөздүн кызуусу менен унутуп да калган. Сатар сур костюмун адатынча желбегей жамынып, Сабиранын сол жагына чыгып, кээде кыска колтуктап, кээде жөнөкөй басып сүйлөшүп жүргөн.

Бакты аралап көпкө чейин айланып басып жөргөндөн жадагандыктанбы, же түндүн сыдырымы чыйрыктырып жибердиби,бир мезгилде Сабира токтоду да:

– Сатар түн ортосу болуп калды го эми кайталычы, сен да укта, мен да уктайын. Калган сөздү эртең дем алышта төртөөбүз чогулганда сүйлөшөрбүз,–деп Сатарга коштошо тургансып колун сунду. Анын айдын нуруна чагылышкан аппак жүзү, өзгөчө нурга– нур болуп жалжылдаган кара көздөрү Сатарды элжиретип жиберди. Сатар коштошуга даярданып колун берди эле, Сабира анын колун катуу кыса кармап:

– Эртеңге чейин эсен тур,–деп жылмая күлүп, Сатарды кыйбоочудай ага дагы жакындады. Так ушул минут, ушул учурда Сатар аны кучактап өөп, таң аткыча ажырашпагысы келди. Анын жүрөгү туйлады. Жүрөк канча кылган менен, Сатарды бийлеп кетти. Ал Сабиранын колун коё берип бек кучактады. Ал да мейличи дегендей кылып Сатарга ыктады. Сатар эмне кыларын билбей барып төшүндөгү кызыл гүлдү жыттамак болду эле, Сабиранын жумшак ээги анын жаагына, уурутуна тие түштү. Сатар гүлдү коюп Сабиранын эриндерине гүлгө конгон аарыдай кадалды...

Жаштыктын ушул кызык учурун, Сатар үйүнө барып көпкө чейин ойлоп жатып уктады.

* * *

Сабира, Сатар, Гүлай, Керим төртөө сүйлөшүп олтурганына бир топ убакыт болуп калды. Сабира менен Гүлай столдун ары бир жагында, Керим менен Сатар бир жак тарабында олтурашат. Обочоорок турган кичинекей стулчанын үстүндө патефон бар, аны улам эле чуркап барып Гүлай табактан-табак алмаштырып ойнотот. Ал үчүн патефондон башка эч кандай кызык жок сыяктанат. Ар түрдүү вальсты, фокстротторду коюшат. Сабира менен Сатар, Керим менен Гүлай бийлешет. Бир мезгилде Сабира:

– Койгулачы, ар дайым эле адашып кетише тургансып бийлешип жатабыз да, андан көрө Гүлай экөөбүз бийлейли, Сатар менен Керим бир бийлеп көрүшсүнчү. Эки жигит кандай бийлер экен, көрөлү да, – деди.

– Эки кыз, эки жигит болуп бийлегендин кандай кызыгы болмок эле. Андан көрө Гүлай мени менен, Сабира Керим менен бийлесинчи. Ич тарлыгың жокпу , Керим? – деп Сатар күлдү.

Сатардын бул сөзүн укканда Гүлайдын бою дүр дей түштү да, чымырап кетти. Ал «Менин сүйгөнүмдү билип жүргөн экен ээ...» деп ичинен бир аз кымылдады да: «Жоок, кайдан билсин, жөн эле айтып койду го...» деп да ойлоду. Сатар аны менен бийлемек болуп кучактап, колун кармаганда анын колдору Гүлайга эң бөтөнчө назик, эң жылуу учурады. Сүйүнгөндүктөнбү? Же чын эле ошондойбу? Анын бийлегени Керимдин бийлегининен сүйкүмдүү сезилди. Патефонго коюлган табактын күүсү бүткөндө Гүлайдын ындыны өчө түштү. Сатардан кыйы-

лып туруп ажырады. Анткени Гүлай аны менен дагы кичине, дагы бир эле минут болсо да кучакташып бийлегиси келди эле. Бирок Гүлайдын бул оюн Сатар билбейт.

Бийлеп-бийлеп келишип, кайра столду тегеректеше олтурушту. Нечен сонун тамашалар өттү. Ырдашты. Күлкүдөн күлкүлөр чыкты.

– Эми, Сатар, жаңы ырың болсо окуп берчи, – деди Керим Сатарга карап.

Сатар кечеги Сабира менен өткөргөн түндү чөнтөк дептерине жазып койгон. Бирок азыр окуудан көпкө чейин тартынып турду.

– Бааланбай эле окусаң эми,–деди Сабира.

– Ырларыңдын баарын окуп кээде менин кулак мээмди жейсиң. Кээде түн ортосунда туруп алып ыр жазасың. Окусаң ошол ырларыңдан. Деги бир эле ыр окуп койчу,–деп Керим, ордунан обдолуп Сатардын ыр жазган дептерлери турган стол жакка басты.

– Кой,кой чөнтөгүмдөгү эле ырды окуюн,–деди Сатар. Ал чөнтөк дептерин колуна алып,Сабираны күлүмсүрөп бир карап алды да, ырын баштады.

Жайдын түнү, аба салкын, ай жарык,
Көпкө жүрдүк бак аралап айланып.
Бир мезгилде мындай сунуш киргиздиң,
– Болдучу эми, түн ортосу, кайталык.
Жоодурадың, мага карап токтодуң,
Колду сундуң, коштошууга окшодуң.
–Эсен тур,– деп оң колумду бек кысып,
Ич жылытып, жүрөгүмдү козгодуң.

Кучактадым, мен сен жакка ыктадым,
Сен да ыктадың, кучагымдан чыкпадың.
Шылтоо кылып, чочубасын дегенсип,

Жакаңдагы кызыл гүлдү жыттадым...
Ошол түнкү бир учурун жаштыктын,
Көпкө чейин ойлоп жатып уктадым...

деп Сатар ырын бүтүрөр замат:

– Алда эр ай. Гүлдү жыттамыш болуп барып, өпкөн экенсиң да,–деп Керим күлдү эле:

– Барчы нары,–деп Сабира аны тарс бир муштады да күлүп, жоолугу менен бетин басты. Сатар күлүмсүрөгөн бойдон дептерин чөнтөгүнө салып, Керимди бир, Сабираны бир карап тигинин уялымыш болгонуна күлкүсү келип олтурду. Ошол убакта Гүлайдын ою ар кайсы жакка чабагандап турду эле. Ал: «Эмне үчүн ушундай ырды мага жазбайт. Мен жакама кызыл гүл тагып ушул Сатарга жыттата албайм. Кайра мен анын жакасындагы кызыл гүлдү жыттаар элем го. Мага бул мындан да артыгыраак ырлар жазаар беле. Койчу, мага ушул олтуруш эң эле кызыксыз» деп нечен жолу ой артынан ой чубуртуп олтурду.

Чынында да азыркы төртөөнүн олтурушу Гүлай үчүн эң кызыксыз эле. Сатар менен Сабира үчүн кызык экендиги чын, анткени алар бирин– бири сүйүшөт. Керим үчүн да кызык. Ал Гүлайды сүйөт. Гүлай эстүүлүгүнөн ага сыр билгизбеген болуп тамашаласа тамаша кылымыш болуп олтурду. Бирок Гүлайдын Керимге күлүп, аны тамашалоосу таптакыр муздак, таптакыр жалган эле. Гүлай үчүн бир гана кызык–ал Сатарды көрүп аны менен бет маңдай олтурушу эле. Бирок, Сатар менен Сабиранын алышып ойноп олтурушу анын жүрөгүн мыккып, ичин өрттөп турду. Гүлай бир жагынан Сатардын жанынан чыккысы келбей, анын кебетесин, мүнөзүн, сонун сөздөрүн, тамашасын уккусу келип олтурса, экинчи жагынан ушул жерден качкысы, үйүндө ысык жаш менен бетин жууп солкулдап ыйлап жаткысы келип турду.

* * *

Күз. Чакыруучулар пунктунан Керим менен Сатар сүйлөшүп жай гана келе жатышат. Экөө тең шайыр. Экөөнүн тең жүздөрү күлүмсүрөшөт. Сөздүн кызыгына киришкендиктенби, эки жакка эч көңүл бурушпайт. Күздүн керимсел жели менен бактардын бутагына жабыша албай самсаалап түшүп жаткан сары жалбырактарды мындан эки ай мурун эле экөө секирип үзүп алышып, кыздарга беришчү эмес беле. Азыр ал жалбырактар өздөрү самсаалап түшүп жатат. Бирок, буларга азыр алардын кереги жок. Анткени, Керим менен Сатар жалбырак үзүп ойноо убагынан өтүп, эл коргоо, элдин ишеничин актоо үчүн бара жатышкандыгын бүгүн гана сезишкендей болушат.

– Мени боюң кыскараак экен деп албай коё жаздашпадыбы, ачуум келип кеткен экен, комиссиянын башчысы менен уруша кеттим эле күлүп жиберишти. Көрсө тамаша кылып жатышыптыр,–деди Керим.

– Сени кайсы бөлүккө алды? –деди Сатар.

– Танкага.

– Кидийтип сени кантип артиллерияга алсын. Мен артиллерияга кеттим, – деп кичине мактанган болуп койду Сатар.

– Сени артиллерияга алгандыгы – бою узунураак неме ок ташып, ящик көтүрүп берүүгө жарар дегени го, мени болсо, чымыр, кыйын неме экен, танканы зырылдата айдай алат ко деп албадыбы,–деп Керим Сатарга күлүп, – эчтеке эмес, эми экөөбүз тең эле жакшы иштесек болду, – деди.

– Жакшы иштебегенде эмне, биз элден кем белек. Кайра ушу сага окшогон неме орден алып келет го, деп корком,– деп Сатар тамашалады.

Экөө сөздөн сөзгө түшүп олтурушуп эң акыры кыздары жөнүндө сүйлөштү.

– Сен Сабираны качан алайын деп жүрдүң эле айтсаң?

– Быйыл аскерге барбай калсам, январь айында кошулалы деген ой бар эле, Сабиранын да ою ушундай болчу. Эми эмне кыларымды билбейм. Мен аны аскерден келегенимче күт деп да айталбаймын. Күтпө дейин десем, жүрөгүм эзилет. Деги кат аркылуу чечилем го. Кече мен чакыруу пункутуна бара жатсам мен кеткенден кийин Сабира ыйлап калды деп уктум. Ушунусу туура эмес да. Менин аскерге бара жатканыма ыйлагандыгы үчүн менин кыжырым келип да, сүйгөндүгү үчүн ыйлагандыгына ичим жылыйт. Бирок, Сабиранын ушундай жумшак мүнөзү мага жакпайт, – деп Сатар оор үшкүрүп Керимге карады.

– А, менин Гүлайым болсо, мындай кубанычтуу иштерге ыйлабайт эмеспи,–деп Керим сөз баштады: «Менин Гүлайым» деп айткандыгы Гүлайдын ичинде эмне бар экенин билбегендиктен эмеспи. Керим Гүлайды баштагысындай эле сүйөт, ал үчүн баштагысындай эле күйөт, ал үчүн баштагысындай эле алектен-алекке түшүп жүрөт.

– Ал ыйламак түгүл, менин аскерге кеткенимди угуп, узатууга камынып, гүл даярдап жүрөт,– деп Керим Сатарга кубанычтуу өңү менен бир карады да, кайра кабагын кичине бүркөй түшүп мындай деди: эмне үчүндүр ал мага, мурунку мүнөзүндөй сезилбейт. Же мүнөзүн ушундай кылып өзгөрттүбү. Сүйбөйт го деп ойлоюн десем такыр ишенээрилик иш эмес. Ал мени сүйөт. Сүйбөсө мени менен жүрөт беле, – деп Керим Сатардан жооп күткөндөй жалдырады.

– Албетте, сени ал сүйөт. Бирок, эмнеликтен кийинки күндөрү экөөңдүн жүрүшүңөр өтө сейрек болуп кетти.

Каталык сенден кетип жүрөбү. Же Гүлайданбы, ким билет. Деги, Кеке, бул кебетеңер менен, ушу аскерге жөнөө аркылуу гана ишиңерди бүтүрөсүңөр го дейм. Гүлай желмогуз сени үч жыл күтүп жүрө албас бекен! – Сатар Керимди ызалантмак үчүн тамашалап күлдү.

–А Сабира сени күтөт деп турасыңбы?

Күтсө күтүп жүрөр, күтпөсө маа окшогон жигиттер түгөнүп калды дейсиңби. Деги ушул кыз өзүнүн теңин тапса эле болду.

– Мен дагы Гүлай жөнүндө ушу сеникиндей ойдомун. Бирок, канткен менен кишинин ичи күйөт экен,– деп Керим үшкүрүп, кайра күлүп жиберди.

–Кыскасы, аскерден келгенден кийин экөөнү тең көрөбүз го. Балким экөө тең балалуу болуп калар. Ким билет. Үч жыл деген оңой эмес. Үч жылга чейин кыздын кызы күтөт эмеспи. Экөөнү ошондо сынайбыз да, –деп Сатар сөзүн бүткөнчө үйгө келип калышты.

* * *

Вокзалдын ичи-тышына эл батпайт. Поезд жөнөөгө дагы жарым сааттай бар. Кичине үйтүгүлөп күздүн жамгыры жаап турат. Ага да болбостон шаңдуу чыккан музыканын үнү алдында жаштар бийлеп жатышат. Музыка кичине эле токтосо күбүр-шыбыр башталат. Бири баласына акыл айтып, бир кат жазуу жөнүндө сүйлөшөт.

– Кудай ден соолук берсе эки-үч жыл деген эки айдай эле өтүп кетет, балам, – дейт уулуна, тээтиги көк ала сакал чал.

– Сенин таптакыр кат жазбай коймой адетиң бар эле. Эрикпей эле жазып турсан, – деп күйөөсүнө тигинде бир келин жалдырайт.

– Балакетиңди алайын, оорукчал элең – деп уулуна айтып тиги кемпир көзүнө жаш алды эле:

– Койсоңчу, жарыктык. Менин денем соо болгондуктан аскерге жарап жатам да. Элдин энелери ыйлабай–сыктабай эле узатып жатат. Анан сен эле ыйлап мени элге уят кылбасаң, – деп уулу чөнтөгүнөн жоолугун алып, энесинин көзүн аарчып, энесине күлөт.

Аскерге жөнөөчү балдар поездге түшө башташты. Сабира менен Сатар кол чатырга далдаланышып эң акыркы жолу өбүшүштү да «кош» дешти. Сабира колундагы букетин Сатарга берип жатып, көзүнөн жаш кылгырып кеткенин өзү да сезген жок. Поездге түшүп жатканда Гүлай колундагы бир букетин Керимге, бир букетин Сатарга сунду.

Паравоздун биринчи кыйкырышы төрт жүрөктү тең зырп эттирди. Поезд ордунан козголгондо төрт жүрөк төртөө тең козголду. Поезддин терезелеринен Сатар менен Керим кол шилтеп улам нарылап узай беришти. «Барып келгиле, балдарым, азаматсыңар, мен силер менен мактанам» дегенсип Ала-Тоо чалкалап кала берди. Сабира менен Гүлай бир кол чатырдын алдында колтукташып поезддин карааны үзүлгөнчө карап, кирпиктерин ирмеген сайын берметтей тамчы куланып кетип жатты. Ой, чиркин сүйүү! Экөө тең бир гана жигитке ыйлашты. Экөөнүн тең жүрөгүн ошол жигит алып кетти.

Сатар менен Керим жолдо бара жатканда да, мурун да бирге иштейбиз го деп ойлоп жүрүшчү. Бирок, экөө эки башка жакка кетишти. Сатар Ленинградга, Керим Украинага кетти. Сабирага да, Гүлайга да ал экөөнөн каттар келе баштады.

Бир күн! Гүлай үйүндө олтуруп алып адатынча терең ойго чөмүлдү. «Кой, мен мынча сүйгөндөн кийин, ушул

сүйүүнүн аягына чыгуум керек. Мен Сатардын колундагы жүрөгүмдү кайра өзүм алам же анын жүрөгү менин колумда болууга жетишүүм керек. Ырас, ал менин сүйгөнүмдү билбейт. Мурун ага билгизүүдөн уялчу элем, тартынчу элем. Азыр ачык айтууга убакыт жетти. Эгерде мен ушул максатыма жете албай калсам, Керимге да, Сатарга да тийбөөм керек. Алар билбеген эле неме менен турмуш курам»–деп ойлонуп олтуруп кат жазмак болду. Электрди күйгүзүп, столго жакын келип, тартмадан кагаз издемекчи болду эле, колуна Керим, Сабира, Сатар болуп түшкөн сүрөт кезикти. Ушул сүрөткө былтыр жайында түшүшкөн болуучу. Гүлайдын көзү дароо эле Сатарга кадалды. Көпкө чейин бетине кармап бирде күлүмсүрөп, бирде сумсаят. Ичинен алда канча шумдук ойлорду ойлойт…

Акырында калем сапты колуна алды да, актай дептердин барагына из түшүрө баштады. Бир аз жазып келип, кайра ойлонуп аны сызды да, баракты айрып тытып таштады. Дагы тытты… Дагы баштады. Дагы тытты, көөнүнө жакпады. Үч-төрт баракты тытып олтуруп эң аягында мындай деп кат баштады:

«Алтын Сатар!

Эсенчилигиңди суроодон мурун сенден кечирим сураймын. Таптакыр күтпөгөн кишиден алдым деп балким таң каларсың. Мейлиң, тан калсаң таң калгын. Менин ушу катымды жапжалгыз олтуруп алып окурсуң. Сенин жанында жолдошуң Керим, сүйгөнүң Сабира да жок. Ошондуктан мен да жапжалгыз олтуруп алып, кыштын узун түнүнүн ортосунда жазып жатам.

Сен мени жакшы билесиң. Менин мүнөзүмдү, кыялымды Керим, Сабира үчөөңдөн башка ким билет эле. Мен баягы эле Гүлаймын. Бирок, сен кете электе мен

ачыктыгымды токтотуп, жабык болуп жүрдүм. Мен сени сүйгөнүмдү үчөөңө тең билгизген жокмун. Чочуба! Ырас мен сени сүйөм. Сабира менен Керимден айбыгып гана мен сага унчуга албай жүрдүм. Сүйүү, кыз башым менен болсо да сага сунуш киргизүүгө мени далай түрткүлөгөн болучу. Бирок, оозум барбады. Канчалык ачык мүнөзүм болсо дале батына албадым. Сени өзү түшүнөт го деп ойлоп жүрчү элем.

Эсиңдедир, баягы силердин үйдө бийлеп жатчуда эмне үчүндүр сенин көздөрүң менин көзүмө укмуштуу кадала түштү. Сен экөөбүз көпкө чейин тиктешип калдык (Аны тигил экөө сезген да жок). Эң акырында адатыңча сенин көзүң курчтук кылып, мени жер каратты. Мен ошондо сени түшүндү го дедим эле. Ошол окуядан бир топ күн кийин, төртөөбүз Сабиралардыкына дагы чогулбадыкпы. Ошондон тарап оозгу үйгө чейин чыгып, мен галошумду кийгени жатсам сен жалгыз чыгып, менин галошумду таап берүүгө жардам кылбадыңбы, ушул учурда мен сени соо чыккан жок, бирдеме айтат го деп ойлоп, кымылдадым эле. Мен бир галошумду кийип, экинчисин киемин деп жыгылып бара жатсам, сен кучактай калбадыңбы. Ошондо өбөт экен деп ойлогомун. Мен бардык жүрүш-турушум менен биригип, сени сүйгөнүмдү сага билдирүү аракетинде элем. Бирок сен билбедиң. Же билмексен болчу белең? (Эмки катыңда жаз).

Сен «Жүр, Сабира!»деп аны колтуктап үйдөн алып чыккан сайын менин жүрөгүм үзүлүп кетчүдөй болор эле. Силердин артыңардан Керимдин колтугунда бара жатып, силерди көрүп ичим бышып кетүүчү. Мага Керим ар нерселерди сүйлөй берсе, калп эле «Ооба! Ошондой!»деген болуп коюп, эстегеним, оюм сен болчусуң. «Ичим бышчу эле» дегеним Сабирадан кызгангандык эмес, мен аны

абдан жакшы көрөм. Бирок, менин ичимди бышырып жаткан сүйүү эмеспи. Менин Керимдин сөзүн укпагандыгым аны киши катарында көрбөгөндүктөн эмес, ал мага эч кандай жамандык кылган жок. Мен аны чанган жокмун. Кайра менин биринчи сүйүүм ошол, Керим эмеспи. Бирок, менин анык сүйүүм башкага ооп кетпедиби. Менде бир гана жүрөк бар эмеспи. Ошол жалгыз жүрөк сенин колуңа өттү. Эмне үчүн? Эмнеликтен? Аны мен өзүм да билбеймин. Эгер менде үч жүрөк болсо бирөөнү сага, бирөөнү Керимге, бирөөнү Сабирага берер элем. Үчөөңдү тең жакшы көрөм. Бирок жакшы көрүү менен сүйүүнүн ортосу асман менен жердей эмеспи.

Сен менин далай түшүмө кирбедиңби. Азыр дале түшүмөн кетпейсиң. Мен бекер кыйналып, бекер санаа тарткандан көрө, сенин оюнду билейинчи дедим. Мен сенин жаныңда эле жүргүм, сени күн сайын көргүм келет. Сен кийин балалуу болсоң деле сенин балдарыңды деле эркелетким келет. Ошондой болсо да мен сенин сүйгөндүгүңдү билүүгө тырышам. Сен эң жок дегенде менин сүйгөндүгүмдүн жарымындай эле мени сүйсөң болду. Мен ошону сенден билсем, өзүмдү сүйүү жагынан ырыстуу деп санаар элем. Мен сени карыганча күтүүгө да макул болоор элем («Өзүнөн өзү жабышкан кандай жеңил баа кыз эле деп ойлой көрбө! Ойлосоң ойло!»). Өгүнчөрөөк сен Сабирага жазган бир катыңда бир ырың бар экен:

Жаштыкта махабаттай эч кызык жок...
Жүрөктө бирде көк муз, бирде ал чок...
Сабира! Калганыңды эч унутпайм,
Кол булгап эки көздөн жаш мончоктоп.

Ошол сен жөнөгөндө мен да ыйлаганмын. Сен да, Сабира да, Керимге ыйлап калды деп ойлосоңор керек.

Чынында мен сага ыйладым. Менин көзүмөн жаш кылгыртткан, мени ыйлаткан сен элең. Ушул катты алып окуп жатканыбызда менин зээним кейип кетти. «Эмне үчүн Сатар мага мындайларды жазбайт? Мен эле анын артынан ээрчип азап жейинби?» деген ойго келдим.

Сатар! Эми сөзүмдү кыскартам. Эң жок дегенде кымындай кагазга эки-үч ооз сөз менен жооп жаз. Ошол кагазыңды, сенин колуңду өмүрүмчө сактап жүрөйүн. Кош, жүрөктөн чыккан саламым менен Гүлай.

«Кат жаз, кат күтөм,
Кандай жооп келер экен?»

«Мен да сени сүйүп жүрдүм эле деп келер бекен? Жок Керимди таштап мени сүйбөй эле койчу деп келет го дейм» деген ойлор менен Гүлай алек болуп жүргөнү эки айдан ашып кетти. Гүлайдын азыркы ою, санаасы «Эмне үчүн жооп жазбайт. Ошону окуп чыгып туруп Керимге жиберип коюп жүрбөсүн. Жок, Сатар андай эси жок жигит эмес. Балким менин катым жетпей калып жүрбөсүн. Бир жерде калган го? Эгер Сатарга тийсе сөзсүз жооп келет эле»... Мына ушундай ойлор менен Гүлай алек болуп жүрдү.

Так ушул тынчсыз күндөрдүн бири... Гүлай сабагынан келип, кийимин чечип, столго жакын келди, столдун үстүнөн, сырты көп жүргөндүктөн жыртылып, айрылып бараткан боз конвертти көрдү. Бул Гүлайдын санаа тартып жүргөн Сатарга жиберген каты. Гүлайдын жүрөгү жылан көргөндөй шуу дей түштү. Конверттин бир барак бурчуна жабыштырылган үрөйү суук ак кагаз бар. Чынында да үрөйү суук кагаз эле. Гүлай бүткөн бою калтыраган бойдон конвертти колуна алды да, жабыштырылган кагазды көрдү. Анда «Муратов Сатар өзүнүн кужурмөн постунда туруп совет элинин, душмандары

менен болгон күрөштө, чыныгы эрдик, анык патриоттук менен курман болду. Катыңыз өзү жокто келип калгандыктан, ачпай кайра жиберебиз»– деп жазылган эле. Гүлай муну окуп алып, делдейе түштү. Анын көзүнөн жаш да чыккан жок. Ал ындыны өчүп, акырын басып кроватына жыгылды. Ал солкулдады, шолоктоду. Азыркы минутада дүйнө жалгыз Гүлай үчүн астын-үстүн сезилди.

Бирок Гүлай өзүнүн жаштык доору бүткөнчө арылбай турган бир азаптан жеңиле түшкөнүн кайдан сезсин.

Гүлай шолоктоп кроватта жатканда Сабира кирип келди. Гүлай эмне үчүн ыйлап жаткандыгына түшүнө албай, аны кучактап алып «Эмне болду Гүлай, айтчы? Сенин кайгыңдын теңин тең бөлүп алайын. Айтчы?» дей бергенде, ый аралаш үнү менен Гүлай «Сатар... Сатар өлүптүр» дегенде Сабира аны кучактап алып ыйга ый кошту. Анын ысык жашы Гүлайдын кайгысынын теңин бөлүп алды. Ал экөө бири– бирин эми билишти. Экөөнүн тең жүрөгү ачышып, экөө тең ыйлап, экөө тең шолоктоп, экөө тең солкулдады. Экөө тең кайрылгыс жакка сапар тарткан Сапарын жоктошту...

* * *

Ээсин таппай, ачылбай темселеп кайра келген кайгылуу катты Гүлай ары-бери кармалап туруп, мештеги алоолонуп күйүп жаткан сөксөөлдүн жалынына ыргытты да, ал таптакыр күйүп бүткөндөн кийин оор үшкүрүп ордунан туруп пальтосун кийип портфелин алып, сабагына жөнөдү.

Гүлайга далай балдар кат жазуучу. Ал далай жигиттердин жүрөгүн өрттөгөн. Бирок, ал жигиттер бир тең,

Сатар бир тең болучу. Эмичи? Эми Гүлайга баары бир. Гүлайдын оюу Керим да, Сатар да таанybaган бир жигитти сүйүп, ошо менен турмуш куруу эле. Ал ушул оюн орундатты... Гүлай турмушка чыкты. Биринчи баласынын атын күйөөсү менен талашып отуруп Сатар койду.

Мына ушинтип арадан төрт жыл өттү. Баягы кыз Гүлай азыр балалуу, чакалуу, токтоо, сонун аял болду.

* * *

Гүлай күндүн ысыгына чыдабай Сатарын көтөрүп бактын көлөкөсү менен жай басып бара жатты. Анын алдын тосо бир кызыл аскер келе жаткан эле. Аны Гүлай байкаган да эмес. Ал жакындаган сайын басканы, кебетеси жылуу учурай берди. Ал өтө чукул келгенде гана Гүлай анын Керим экенин тааныды. Эчак тынчып, жайбаракат жатып калган жүрөк азыр болк– болк этип, катуу кагып жиберди. Керим Гүлай менен кол алышып, баласын колунан алып бетинен өптү. Ал Сатарды өөп жатса, мындан беш жыл мурун биринчи жолу Керимге өптүргөнүн элестетип, көзүнө жаш алды.

– Кой, кудай урган, жашык болуп калгансың го,– деп Керим күлдү эле, Гүлай жоолугунун учу менен көзүн аарчып, күлүмсүрөдү да:

– Эчтеке эмес, өткөндү унуталычы,– деди.

Керим Гүлай менен сүйлөшүп, Сатарды көтөрүп эркелетип турду. Сатар кичинекей бытыңдаган колдору менен Керимдин төшүндөгү «Кызыл Жылдыз» орденин кармалап өзүнөн-өзү аракеттенип жатты.

*ЛЖ, 1941, 22– 30– март;*
*Советтик адабият жана искусство, 1941, №4*

## АТТАЛБАЙ КАЛГАН ОК

Акбермет, Акбермет болуп атанып чыккан себеби, ал күйөөсүн өтө сүйүп, сыйлап, ага чеги жок ак болгондугунан аталып чыккан экен. Акберметтин күйөөсү да «Аялдардын баары менин Акберметимдей болсо, кандай болор эле. Аны менен баш кошконума азыр 15 жылдан ашты. Бирок ал ушунча болуп менден жаңылган жок жана ал жөнүндө эч кандай ушактар да уга элекмин» деп мактануучу экен. Эл дагы, аял-эркек дебей: «Ай, дүнүйө, ай, Акберметтей аял болор бекен. Аял-эркектин ортосундагы законду бузбоо жагынан мунун алдында эч ким чыга албайт ко» - деп тамшанышчу. Акбермет өзү да: «Капырай өлүгүңдү көрөйүн аялдар күйөөсү болсо да, анын көзүн будамайлап башка бирөөлөр менен жүргөнду кызык көрүшөт экен. Ушундайларды уксам төбө чачым тик турат» - деп өзүнүн теңтуш-телилерине айтып жүргөн имиш.

Кыскасын айтканда, элдин баары Акберметти таза, ак жүргөндүгү үчүн жакшы көрүшчү экен.

Ошол заманда эл менен эл чабышып жүргөн кездери болсо керек. Кээ бирөө найзадан, кээ бирөө октон жарадар болучу экен. А кээ бирөөсүнө ок тийип, денесине токтоп калып түшпөй кыйноочу экен. Ал кезде азыркыдай хирургдар кайдан болсун. Ошентип кыйноодон кыйноо болуп жүрүп түшпөгөн октун дарысы табылыптыр. Табылганда оңой табылбай, өтө кыйындык менен табылыптыр. Анткени күйөөгө тийгенине кеминде он жыл болуп, ошондон бери күйөөсү экөөнүн ортосундагы законду бир жолу да бузбаган, ток этер жерин айтсак, күйөөсүнүн көзүн тазалабаган аял келип, ошол ок тийген жерди аттаса, бир чай кайнамдан кийин ок түшүп калуучу экен. Андай аялды издеп суунун башынан аягына чейин кы-

дырышчу экен. Табылса табылып, табылбаса табылбай калган күндөр да болуптур.

Ошол замандагылардын ханы күндөрдүн биринде жарадар болуп, ок жамбаштан тийип, анын май куйругунун орто жерине токтоп калат. Хан жалпы элин чогултат. Чогултуп туруп жар чакыртат, кимдин ак нээт аялы аттап менин жамбашымдагы окту түшүрсө, башын алтынга, аягын күмүшкө бөлөймүн дейт. Элдин баары эле: «Акбермет жарайт. Хан таксырга Акберметти алдыргыла» дейт. Хан өз атын токутуп бир мыкты жигитинен жетелетип жибергени жатса элден бирөө чыгып: «Кокуй таксыр, Акбермет күйөөсүнүн гана тилин алат. Жолго чыкса жалаң күйөөсү менен чыгат. Күйөөсүнүн өзүн жибериңиз» – дейт. Хан анын күйөөсүн жиберет. Ал өпкөсү-өпкөсүнө батпай сүйүнөт. Сүйүнбөгөндө кантет. Ошончо элден жалаң анын аялы Акбермет гана касиеттүү ишке керек болуп жатат да! Ал үйүнө жетип, аттан түшө элек жатып эле кыйкырат:

– Акбермет! Кийинип чык. Ханга барабыз. Ага ок тийип түшпөй жатат. Жалгыз сени жактырып, өз атын менден жетелетип жиберди. Жаны кыйналып жатат, жүр!

– Койчу, касиеттүү кишини кантип аттайм!

– Сен андан касиеттүүсүң... Жамбашын эле атта, анын башын аттамак белең. Жан талашкан неме ок башына токтосо деле аттатат эле десеңчи. Бол кийин, мин атка, – деп шаштырып Акберметин ээрчитип жөнөйт.

– Кокустан түшпөй койсо эмне кылат экен? – дейт Акбермет жолдо баратып.

– Кайдагы «кокус»! Сен сүттөн таза болсоң түшпөй койчу беле?

– Ошондой болсо да дейм да? Деги түшпө койсо жазалабайбы? – деп Акберметтин эси чыгып жатканынан шекшинип күйөөсү:

– Хан мени жөнөтөрдө анын молдосу айтты: «Бир эки жаңылыштык кылып койгон болсо жолдон өзүңө айта келсин. Баары бир мен бул жерден бал китептен көрүп коём, калп айтканы үчүн башы алынат жана тиги дүйнөдө тозокто болот», – деди. Ошондуктан чынынды мага эле айтсаң болду деп күйөөсү такыды эле: «Койчу айланайын, аттабай эле коём ээ» деп атын кежеңдете тартып туруп алды. Бул эмнеден коркуп жатканын күйөөсү сезди да:

– Эч, эч нерсе болбойсуң бир-эки жаңылыштыгың болсо жалгыз бара жатпайбызбы, мага айта бер, – деди. Акбермет толгонуп толгонуп турду да айласы кеткенде «эми ачыгымды эле айтайынчы» деп ичинен айтып.

– Үч эле жолу сенин жоктугуңдан пайдаланып койдум эле, - деди.

– Ии, ушинтип эле чыныңды айтып барганың жакшы эмеспи, качан? Ким-кимге жаңылдың эле?

– Бири сен алган жылы жылкычы уул болбой эле... экинчиси сен Анжиянга кеткен жылы баягы Акмолдо дечү жигит... Үчүнчүсү болуш акемдин улуу уулу...

– Ушул элеби? Оо, кокуй эчтеке эмес тура. Жүр эми, дагы ойлон, унутуп калып да башыңан айрылып калба, – деди күйөөсү. Акбермет кетип бара жатып күйөөсүнө дагы кылчайды да:

– Эми экөө калып калыптыр, бири Жумагул бийдин кайниси, экинчиси атын унутуп жатам, баягы биздикине жатып жүрчү сопу.

– Оо, сопу менен пирдин тукуму эчтеке эмес. Дагы эсте, араң эле бешөө болдубу? – Ушинтип Акбермет бирден-экиден айтып жүрүп олтуруп эң аягында дагы токтоду да:

– Эгер хан таксырдын өзүлөрү тараптан болсо да айтамбы? – деди.

– Ойда, ошону айтсаң сооп эмеспи, ок ошондо түшөт, - деди эле:

– Анда эмесе бая күнү сен Чүйгө кетчүдө хандын бир жигити куш салып келип биздикине 5 күн жатты эле, ошондо…

– Аты ким эле? Кандай неме өзү?

– Атын билбейм. Минип келген аты, ээр токуму, алдыңкы сен минип келген аттын өзү болчу, – деди Акбермет.

Ханга жуп жетер замат Акберметтин күйөөсү айткан экен:

– Ээ, таксыр ханым. Жакында эле сиз жарадар болордун алдында сиздин бир жигитиңиз сизге каршылык иш кылыптыр. Акбермет тазалыгы таза экен, бирок сиздин жигит зордукчулук кылып кеткенин айтып олтурат. Демек, кудаанын буйругу менен сиздин куйругуңуз жакында айыкпай калды го, – деген экен. Кан жигитти чакыртып алып сураганда жигит: – Зордук кылган эмесмин, ыктыярдуу иш эле, – десе да болбой жигиттин башын алган экен.

Ок болсо жогорку себептер менен атталбай калыптыр. Кандын куйругу айыктыбы, же ошол бойдон курттап ал өлдүбү, аны жомок ачык айтпайт. Бирок Акберметтин бети ошентип ачылган экен.

Акбермет эмне болсо ошо болсун, азыркы аялдар андай эмес экендигине ишенебиз.

## СЫРДАН ЧЫККАН ЧЫР

Садыктын аткарган кызматы дайым эле жибек көйнөк менен желпинип көк столду же кызыл столду кучактаган кызматтын бири эмес эле. Ал ар дайым командирав-

када жүрөт. 15–20 күндө бир же болбосо бир ай, бир жарым ай жүрүп калган да күндөрү болучу.

Кызмат ушундай болсо кантмек эле? Өкмөт кайсы жакка буюрса, ошол жакка барат да. А дегенде жадап жүрүп, эми аябай көнүп алды. Көнмөк турмак «Эми командировкага чыксам экен?» деп тиленүүчү болду. Көнбөй эмне болуптур. Сөздү кыскартып айтканда, Садык кызматынын көбүн командировкада, сыртта өткөрөт. Ал аялы Зуура менен турмуш курганына быйыл үч жыл болду. Мындайча айтканда, беш күн ажырашса беттери бозоруп, бир жума көрүшпөсө куса болуучу доордон өтүп калышкан. Зуура болсо, Садык сыртка чыкса башка бирөөдөй болуп: «Кайда барасың? Кайда жүрөсүң? Качан келесиң?» деп да сурабайт. Себеби, жедеп көнүп калды. Садык жөнөрү менен шып эшигин илет да, үшкүрүп да, улутунуп да койбой өз оокатына кирише берет.

Садык болсо күлүңдөгөн жүзү менен командировкасына карай жөнөйт. Жөнөгөндө кылчайып да койбойт. Кылчайбаганы, башым аман болсо болду, көчүгүмдү карышкыр же аюу жесин дегендиктен эмес. Анын башка кубанычы бар. Аны азыр айтабыз.

Ал командировкадан жөн жүрбөй ошол жерден бир Акинай деген аяш менен таанышкан. Кийинки бир барышында таанышуудан да өтүп, «сиздин» ордуна «сен» дегендерди колдонуп, кол беришүүлөрдүн ордуна моюн, ооз беришип, кыскартып айтканда, эзилишип калышкан. Анын дайым эле Кара-Балтага командировкага чыгып калганы мына ушундан!

Сүйүү чиркин кыйын да. Акинай аяш өзүнүн жүрүш-турушу, жароокерлиги, сый-сыпаты менен биздин Садыкты эки эмчекти тең эмген тел карабоздой кылып алган. Чын да! Садык шаарга өзүнүн Зуурасына «Командиров-

кадан жүдөп келеби? Тыштакы киши ток болот, ач болот» деп сактаган даамдуу тамагын ичет. Кара-Балтага барса Акинай аяштын: «Шаардын көк сорпосу менен шыргалаң пивосун ичип, үйү жок неме жүдөп келер» деп чый-пыйы чыгып катып жүргөн сүр эттерин жеп, анын да сыйын көрөт. Акинай аяш экөөнүн эзилүүлөрү барабара ылжырап кетип, экөөнүн ортосунда ойдон-ой, пландан-план чыга баштады. Садык аны менен таанышканда эле «бойдок» экенин билдирген. Акинай да мурун күйөөсүнүн ичи тарлыгынан ажырашкандыгын айткан. Эмики кеп экөөнүн баш кошууларында гана калды.

Биздин Садык: «Акинайдын адамгерчилиги, сыйы бул болсо, келбети тиги. Үй ичи тиги болсо, төркүнү бул. Кай жагынан ойлосом да туура келет... Үйдөгү Зуурачы? Акинайдын сыйына, сымбатына, килем-жууркандарына кызыгып ЗууранЫ кантем? Канткен менен кыз алдым эле. Мындан да, тигинен да айрылбай эки үйдүн эркеси болсом эмне болот? Иши кылып экөөнү бири-бирине билгизбей, кыскача айтканда, жүз көрүштүрбөй алып жүрсөм болбодубу?» – деп бырс күлүп, өзү-өзүнө ыраазы болуп жүрдү.

Акинай аяш болсо, ал дагы Садыкка сырын толук алдырбай: «Иштеген жери жакшы экен. Өзү менден эки жаш кичүү болсо да эстүү көрүнөт. Демек, тыңдыгы да. Мени ай сайын болбосо да, жылда бир маал кийинтип турар. Мурун Оштон канча эрден чыгып келгенимди сураштырып олтурмак беле? Азырынча бир эле күйөөдөн чырдашып чыгып кеткенимди айтканым оң...» деп ичинен ойлонуп катуу чечти. Чечти да так ошол сааттан баштап өзүн Садыктын өмүрлүк жарымын деп эсептей баштады. Экөө биринин жүрөгүн бири чеңгелдеп, бирин-бири беш колдорундай билгенден кийин куру сыпайычылыктын эмне кереги бар?

Күндөрдүн биринде Акинай жеңе эски көкүрөк оорусу бар экенин билдирип, курорт маалы келип калгандыгын Садыкка айтып өттү. Так ошол минуттан баштап ал жанын жалынга, башын ташка ургулап жүрүп бир путевка тапты да: «Мынакей, Зукеш» деп алып чок баскандай, чочуп кетип кайра «Акиш» деп оңдогончо тиги кыраакы капыр: «Каяктагы Зукешиң?» деди эле мукактанып, тыяк-биякка темтеңдеп жатып араң кутулуп: - Мынакей, Акиш. Болгондо да «Койсарыга» барасың. Муну алуу үчүн кызматымдан да кичине пайдаланып койдум. Кудай өзү кечирсин,- деп муңайып койду.

Тагдыр чиркин адамды күтпөгөн жерден сүйүнтүп, кокус жерден күйүнтөт эмеспи. «Эки адамдын башы тийишет, эки тоонун башы тийишпейт» деген бар эмеспи. Бир тууган агасы аскерден жаңы келди деген кабар менен койнуна кубаныч толуп, Зуура Ысык-Көлдөгү төркүнүнө камынып, барууга баштанды. Үйдүн ачкычын «Садык келгенде берип койгула, мен деле 10–15 күндө келем», – деп Зуура коңшусуна айтып, агасына алган белектерин көтөрүп вокзалга жөнөдү.

Кудаанын кудуретчилиги менен так ошол күнү Акинай аяш 8-вагондун терезесинен башын чыгарып коюп, табигатка ашык болуп, ойдон-ойго, санаадан-санаага түшүп Койсарыга карай келе жаткан. Чынын айтсам, тоолордун башы тийишсе тийишсин, тийишпесе тура берсин, бирок Зуура жеңем менен Акинай жеңемдин башы ушу 8-вагондон тийишмек болду. (Муну Садык кайдан билсин. «Тий-тий десем тийбейт, тийбе-тийбе десем тиет» деген табышмактай кылган тагдырдын устачылыгын сезип коюптурбу?).

«Жамандыкты жүрөк сезет» деген жалган экен! Зуура 8-вагонго кирер замат эле Акинай аяш: «Келиңиз ме-

нин жанымда бош орун бар» деди. Анын ушунчалык адамгерчилиги Зуурага пахтадан жумшак сезилди. «Ичи каранын түгү сыртына чыгып турат» деген такыр жалган экен. Эч ишенбегиле! Акинайдын бетинен түк эмес, чырымтал да Зуурага сезилген жок. Кайра жылмайган татынакай жүздүү болуп көрүндү. Экөө тең терезенин түбүнө маңдай-тескей олтурушту.

Поезд бир кыйкырып ордунан козголду.

«Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишенешкиче» дегендей Зуура менен Акинай аяш бирин-бири такыр көрбөгөн болсо дагы, бая эле бир сыйра кашынып өтүшкөн. Бирок аз жерден кудай сактап, жалаң гана ким каякка барышарын билишкен... Анын үстүнө «кашынышууга» аялдар өтө эптүү жан болушат эмеспи? Ал гана түгүл, кимиси кайсы жерден экенин да билип ала коюшкан...

Экөө тең терезеден жайкы жашыл талаанын көркөмүнө көздөрү тоюшуп, өзүлөрүн табигаттын эркеси сезип бара жатышат. Аялдын жүрөгү кандай гана назик? Саамай чачын үлп эткен жел сылап өтсө да аялдар каткырып, эштенип, күйөөсү болсо күйөөсүн, баласы болсо баласын өпкүсү келет эмеспи. Ушундай жыргал учурларда аларга уйдун мурду да татынакай көрүнүп кетет ко. Эшектин кулагы да кайчыдай кооз көрүнөт да.

Бир жагынан табигатка эркелеп, экинчи жагынан өзүнүн ички кубанычына ыраазы болуп, Зууранын башынан бутуна, бутунан башына чейин карап, Акинай аяш; «Ии, Татынакай болуп эби менен кийинген неме экен бечара! Өңү башы да татынакай экен. Ушундай неме кантип жаман күйөөгө кор болсун. Эркек эмес, менин сугум түшүп бара жатат. Күйөөсү бардыр. Же фронттодур, же колунда бекен? Жеткенче жолдош эмеспи, дагы билермин. А балким күйөөсүн таанырмын. Сүрөтүн

көргөзөөр. Балким өзү, же күйөөсү мага жек-жаат чыгып калаар...» деп ичинен ойлонуп бара жатат. Зуура болсо бир жагынан табигатка эркелеп, экинчи жагынан өзүнүн ичиндеги кубанычы кытыгылап, анын үстүнө вагонго кирер замат ыпылдап-шыпылдаган маңдайындагы келиндин адамгерчилиги жагып: « Ырыстуу гана немеге туш келүүчү аял экен ээ... өзү да ырыстуу эле неме го. Үстү - башынын тазалыгын карачы... Кийимичи, каалап тийгени жарашса кара катын ак болот, ак катын такка конот деген эмеспи! Такка конгону чын да! Кийими тиги болсо, өзүнүн өңүндө деле өлүп кетерлик оору көрүнбөйт. Бирок курортко бара жатат. Күйөөсү да күчтүү кызматта иштейт ко, жыргасын бечара, ырыстуу аял экен. Деги таанышып алам го, деги ушундай неме менен кошуна болуп, же илик-жаат болуп алса. Жакшы неме экен. Мен Ысык-Көлдөн келгенче Садык командировкадан келип калар. Мен да путевка алдырып курортко барбасам» деп ичинен айтып келе жатты.

Машинага түшкөндө арылдаган жел согуп экөөнүн ого бетер көңүлүн ачып, эштентип жүрүп олтурду. Акинай ырдагысы келсе, Зуура кошулгусу келет. Зуура жылмайса, Акинай каткыргысы келет. Акинай жыттаса, Зуура өпкүсү келет. Ушинтип экөө тең эң ынтымактуу болуп бара жатышат. Акинайдын башында калыңыраак атластан салынган косинкасын көрүп, ага Зуура чөнтөгүндөгү үлпүлдөк жука жибек косинкасын « барганча салынып барыңыз» деп берген. Бир бөтөлкө сүттү да экөө бөлүп ичишет. Бир печенье болсо да бөлүп жешет.

«Жылкы кашынганча, адам сүйлөшкөнчө» дейт. Бул экөө кашынышуудан да, сүйлөшүүдөн да өтүп сырдашууга жетти. «Жолдошуңдун аты ким?» дегенден мурун «Жолдошуң кайда иштейт», «Жолдошуңдун ден соолугу

кандай?» дегенден мурун «Канча айлык алат?» деп суроо аялдардын адаты эмеспи.

– Жолдошуңуз кайда иштейт? – деди Зуура.

– Фрунзеде, Жогорку судда.

– Менин жолдошум менен бирге тура. Балким таанырмын.

– Садык… – деди Акинай.

Муну укканда Зууранын денеси дүр дей түшүп кетип, эмнегедир кайра жазылып: – Аны кайдан тааныйсың? Мени чычалатпай жолдошуңдун атын айтсаң. Мен тартып албайм, – деди.

– Чын айтам. Чыкканыма он күн болду. Сени чычалатып эмне. Эмнеге чычаламак элең, – деп күлдү Акинай.

– Чычалабаганда анан, менин эримди айтып олтурсаң? Тамашаңды коюп чыныңды айтсаң, Акиш? Садыкты кайдан тааныйсың? Мени деле таанып жаткан турбайсыңбы? Айтам да. Өңүң эле жылуу учурайт. Бир жерден көрдүм эле дейм да сени. Садык ошо силердин Кара-Балтада командировкада эле, мен ага айтпай эле үйдү бекитип коюп төркүнүмө баратам. Мен келгенче келип калса ачка болоор бекен, – деп Зуура сөзүн улаганда Акинай делдейип эле туруп калды, бети бир кызарып, бир кубарды. Анын өңүнүн бузулганын Зуура сезген жок көрүнөт: – Кана, Акиш, айтсаң күйөөңдү. Деги биздин Садык жакшы жүрөбү, көргөндүрсүң. Өңү буруу көйнөк кий десем болбой ак жибек көйнөгү менен кетти эле, кирдегендир, – дегенде Акинай ого бетер кумсарып (Ак көйнөктү Акиш нечен жууп, үтүктөп, эми мурунку эринин боз көйнөгүн кийгизип келген). Акиш эми ишенди. Ал: – Анык акмак экен ээ, ушундай да айбан болобу? Аялым бар десе мен оозун үзүп алат белем? – деп кайра айтты. Зуура да селдейди. Селейди да дале ишене алган жокпу: – Ой, чының-

ды айтчы! Башка Садык болуп жүрбөсүн! Мына булбу? Же башкабы? – деп сумкасынан Садыктын сүрөтүн көрсөттү. Акинай көрө коюп кирпи чечен жыттаган иттей каңк этти: – Ушул, өлүксүз, – деди.

– Өзүң өлүксүз, алам деген эркекке макул дей берген, – деп Зуура эми ачууланды. Анын сөзүнө Акинай да чыдай алган жок. Экөө аябай бирин-бири «катырышты». Сөгүшүүгө колдоно турган сөздөрдүн баары жумшалды.

Экөө тең колдорунан келсе машинаны токтотуп, кайра Фрунзени карай жөнөшкүсү келди. Бирок айла жок. Мен ошо жерден түшүп калып калдым. Экөө сөгүшкөн бойдон кеткен. Зуура Балыкчыдан кайра тартты деп уктум. Бирок Акинайдын башындагы ичи жылып өзү берген косынканы кантип жулуп алганын билбейм. Же тиги өзү башынан ала коюп тоголоктоп туруп «ме» деп бетке урдубу же жөн эле шамалга ыргытып ийдиби? Балким экөө тең ачуу менен косынканы унутуп калышкандыр. Акинай болсо кайра бурулбай Койсарыга кете берди деп уктум. Деги эми бир эрге тийсе аты-жөнүн чоочун аялга айтуудан жалкып калды го.

Ушинтип кээде сырдан чыр чыга берет экен.

Бул окуянын баштоочусу Садык дегенибиз Фрунзедеги үйүнөн да ажырап, Кара-Балта жакка да кадам шилтей албай, ошону менен катар иштеген жеринен да куулганын өз көзүм менен көрдүм.

*Ленинчил жаш, 1946, 6-апрель*

## «ОСМОНААЛЫ ЛӨӨКҮЙ»

«Тулпар тушунда, күлүк күнүндө» дегендей Өмүраалы Келдибеков өз учурунда далай дүңкүлдөгөн. Анын кыдырбаган жери, кылбаган кызматы калган эмес. Кош жаздык-

ты чыканактап Өмүкең нечендердин төрүндү олтурган. Далай чоң чогулуштарды жеке башкарган күндөрү да болгон.

Бул Өмүраалы Келдибековдун өткөргөн иштери. Эмичи? Эми иш төмөнкүчө: мурда борбордон иштеп жүргөн Келдибеков областтарда боло калып, андан жылмышып түшүп, райондон калганына көп убакыт болуп кетти. Азыркы кезде кой фермалыкка иштөөнү оордук көрдү эле, анда алты жылдан бери алдыңкылардын бири болуп келе жаткан Карабайдын келини Жамал иштейт экен.

Күндөрдүн биринде Өмүраалы өзүнчө олтурду дагы өткөн-кеткендерин ойлоп келип, бардык документтерин алдына жайды. Эскиргендиктен саргыч тартып кеткен кагаздардан: кайсы кызматка тургандыгы, минтип бошогондугу, мүнөздөмөлөрү, толуп жаткан бир айлык, эки айлык, үч айлык курстарды бүткөндүктөрү жөнүндөгү справкалар биринин артынан бири келип жатты. Мына ошолордун ичинен бир жылдарда «малчылардын кадрларын даярдоо» курсун бүткөн справка колуна тиер замат, азыркы райондун жетекчисинин бири Табалдиев Тайлак эсине түшө калды. Эмне үчүндүр Өмүраалы кубанып кетти. Анткени, ошол курста Табалдиев да окуган. Ал ичинен «Карачы! Мен улам ылдыйлап, өз айлымдагы келиндерден кызмат талашып калдым. «Суу жукпас» болсо, бир районду бийлегендердин бири болуп жүрөт... Эми эске алар бекен?» деп бир үшкүрүп кагаздарын жыйды...

Табалдиев Тайлак Өмүраалы менен бир кезекте моюн алышып түшкөн сүрөтүн бир топко чейин кармалап олтуруп, кайра Өмүраалыга берди дагы:

– Эми сени кандай кызматка коёмун?

– Өзүң... э... өзүңүз билиңиз, – деди Өмүраалы жер карап.

–Өзүң кайсыга иштесем дедиң эле?

–Мал чарбачылыкты бирге бүттүк эле го. Ошол жак эле болсо... Мал доктур кантип боло албайын?!

–Ээ, Өмүке,– деди Тайлак башын чайкап,– баягы эле бойдон турбайсыңбы, кокуй! Ага билим керек!

–Койдун куйругу курттаса көк таш салат. Жоорго жалбырак жабат, ушуга да билим керекпи? –деди Өмүраалы алаканын тырмап.

Эки дос ары кетишип, бери кетишип жатып, акыры Өмүраалы «Жаңы– Күчкө» ветеринарлык фельдшер болуп дайындалды

Колхоздордогу малдын өлүм– житими боюнча райондук отчет Табалдиев Тайлактын кабинетинде жүрүп жатты. Табалдиев ар бир колхоздон канча мал киреше, канча чыгаша болуп жаткандыгын «жетекчилик көз» менен өтө кылдат карап олтурду. Канча мал, эмне менен өлгөндүгүнө да көңүл буруп жатты.

«Жаңы-Күч» колхозу боюнча эсеп-кысап жүрүп жаткан учурда Табалдиев Тайлактын колуна тайтаңдаган кол менен жазылган актылар урунуп калып турду. Аны же орусча, же кыргызча жазылганын ажырата албай, Тайлак аксакал талдап, бөлөк коюп отурду.

Бир мезгилде райондун башкы ветврачы Жапаркуловду жанына чакырып алды дагы:

– Мына мында эмне деп жазылган? –деди эле Жапаркулов жакшылап окуп ажырата албай:

– «Осмонаалы Лөөкүй», – деген оору менен өлдү дегенин гана түшүндүм, башкасын билбейм.

– «Осмонаалы Лөөкүй» деген оору болобу? –деди Табалдиев.

–Жок. Мындай ооруну уккан эмесмин.

–Институт бүтүп келип ушундай ооруну билбейсиңби? Карачы, «Жаңы-Күч» колхозунан жалаң «Осмонаа-

лы Лөөкүй» менен он беш козу, төрт улак өлүптүр. Бир айдын ичинде ушундай чыгымга учураптырсыңар, – деп Табалдиев колхоздун председателине олоңдоп карай баштаган мезгилде Жапаркулов жанагы актыларды аябай шыкаалай карап жатып каткырып жиберди да:

– Оо, кокуй, аксакал. Бул актыны Келдибеков Өмүраалы жазган турбайбы? Ал киши ветеринария менен эч кандай иши жок неме экен, «Осмонаалы Лөөкүй» эмес, «воспаление легких» деген ооруну айткысы келген тура, – деди.

–Келдибековду өзүңүз жибердиңиз беле? Сиздин жаңы кадр, – деп колхоздун председатели жемеден кутулганына кубанды.

Табалдиев болсо «Осмонаалы Лөөкүй» деп бир айтып, «воспаление легких» дегенди экинчи айтып, Келдибеков досу менен түшкөн кап-качанкы сүрөттү элестетип, башын чайкап өзүнчө ойго кетти.

*Чалкан, 1956, №7*

## ТӨЛГӨЧҮНҮН СЫРЫ

Канчанчы жыл экени эсимде жок, айтор кийинки согуш жылдарынын бири. Жайдын күнү болучу. Шилбили дегенди өрдөй Соң-Көлгө жалгыз бара жаттым эле. Жанымда жолдош жок эригип, эрикkенден барып уйкум келип, талыкшып бара жатам. Зооканын түбүндөгү көлөкө менен өткөн жолго жаңы түшкөнүмдө алдымдан бир жөө чыкты. Саламдашып, алик алыша баштагандан кийин эле:

–Ээ, иним, маңдайың жарык ырыска шерик, жолуң ачык, адамга жамандыгың жок, ак пейил жигит экенсиң. Төлгө ачтыра кет, – деп алаканын жайды.

–Төлгөчүсүңбү?

–Ооба, иним. Кудай таала кайсы ишти буюрса ошону кылган адам боломун. Быйыл отуз алтыдамын, кудаанын айткан жышанасы менен сол колум тубаса чолок, – деп шилбинин дүмүрүндөй манжалары жок сол колун жеңинен бир чыгарып көрсөттү да сөзүн улады: – Төлгөчүлүк менен бирөөнүн келечегин, бирөөнүн өткөндөгүсүн жана азыркысын айтып берем. Кудайга куру күнөөкөр болбоюн. Пайгамбардын кырк бир дамбыр ташынын айтканын айтам, – деди да менден макулдук сурабай эле башындагы чоң кара калпагын төшөп коюп, койнунан кичинекей баштыкты сууруп чыкты. Мен дагы муну эрмек кылганча атымды чалдырып алайын деп, эки буттан тушап коё берип, алдыма жая салынып келе жаткан боз шинелди көлөкөгө төшөнө олтуруп:

–Кел, эми төлгөңдү тарт, – дедим.

Кара калпактын үстүнө кыпкызыл жүгөрүдөн чыгарып алган төлгөсүн жайып, көзүн жумуп бир демени күбүрөп, көзүн ача коюп сөөмөйү менен улам бир ташты сайгылап ичинен сүйлөшкөн болуп, көптөн кийин чычайган кара мурутун эки-үч сылап, жерге «чыйт» дедире бир түкүрдү да, мага карап сөзүн улады:

–Иним, кырк бир таштын атынан, алдымдагы тогуз топ таштын айтканын айтам. Иним, бактылуу экенсиң, –деп мени бир карап алды. («Бактылуу дебей, суук тумшук экенсиң деп кантип айтмак элең?» деп мен ичимен ойлондум). Төрт жолу ажалдан калыптырсың, төлгө ачык айткан жок, согушта жүргөнүңдөн болсо керек. Аскерден келгениңе туура эки ай болуптур. Оң бутуңан жарадар болуптурсуң, эч нерсе эмес, эки жарым жылда соо бутуңа теңелип, аксабай каласың... Оюнда көп нерселер бар экен... баары тилек... Ал тилектериңдин үчөө орундалат, бирөөнө айлыңдан бир киши каршы чыгып орун-

далбайт. Иним, төрт тилегиңдин биринчиси: «Чоң кызматка турсам экен, аябаган көп айлык алсам экен» дейт экенсиң. Бул тилегиңе жетесиң. Бирок жакын арада болбойт. Анткени, көтөрмөлөйт деп бир кишини карап турасын, ал бирдеме берер бекен деп сени карап турат. Берсең эле көтөрүлөсүң. Анан ал кишиге кошомат кылууну унутпа. Экинчи тилегиң: «Аял алып, бала чакалуу болсом» дейт экенсиң, бул тилегиң да орундалат. Үчүнчү тилегиң: «Азырынча бир кызматка тура турсам экен, ылайыктуу табылар бекен» деп бош жүрүп жатыпсың. Үч күндөн кийин ал тилегиң да орундалат. Төртүнчү тилегиң: «Өкмөттөн чоң сыйлык алсам» дегенде эки көзүң төрт экен. Бирок өз айлыңда бир киши сени өкмөткө жамандап, алдырбай жүрүптүр. Сен да ошону жамандабасаң болбойт. Мындан ары жолуң ачык, маңдайың жарык экен. Оомийин! – деп сөзүн бүттү.

–Төлгөңө канча аласың?

–Жыйырма сом... деп мукактанды.

–Ме, жыйырма эмес, отузду алгын, – деп отуздукту чолок эмес колуна карматтым да, – сен төлгө салат экенсиң. Себеби, тиги колуң казыктай болуп керекке жарабаса, өзүң кат билбесең эптеп жан багышың керек. Төлгөгө ишенгендер азыр эл арасында бар, ошондуктан эл кыдырып эптеп курсагыңды тойгузганыңа каршылыгым жок. Бирок азыркы мага тарткан төлгөңдө башынан аягына чейин ырысыңды жеп чыктың... – дедим эле ээн үйдөн сүт ичип жатып, байкоосуз шилиден алдырган күчүктөй чакчайды. Чакчайды да:

–Эмне болду? Айтчы! –деп кылмыштуу көзү менен мага тигилди.

–Айтсам: а дегенде эле «аскерден келиптирсиң» дедиң. Оорулуу болгондуктан, келмек турмак бара элекмин.

Алдымдагы шинелди көрүп алып айттың көрүнөт. Муну былтыр Токмоктон үч пут жүгөрүгө сатып алгамын. Кичине сылтып басканымдан жарадар го дедиң көрүнөт, жарадар эмес эле өтүгүмдүн мыгы бутума өтүп жүргөндүктөн сылтып жатам, аны азыр экөөлөп сууруп ташта-сак эле айыгып калам. «Биринчи тилегиң чоң кызматка туруу» дейсиң. А мен болсом, азыркы кызматыма жеткениме кубанып ушундан түшпөсөм экен деп жүрөм. Анан пара берип, көтөрүлбөй эле койдум. Көтөрүлсөм өз эмгегимден көтөрүлөрмүн. А менин аял алганыма эки жыл болду, бир балам бар экенин кайдан билесиң? Аял алууну тилемек турмак, ушул аялымды бирөө бузуп алып кетпесе экен деп тиленем. Үчүнчү «тилегиң азырынча бир кызматка турсам экен» деп жүрөсүң дейсиң? Айтып олтурбаймынбы, кызматтамын. Мурун участковый зоотехник элем, азыр старший зоотехник болгонума бүгүн сегиз күн болду. Ушундан түшүп калбай эле турсам жакшы. Сыйлык маселесинде ырас, тилегим бар. Өкмөт сыйласа, мен да, сен деле жок дебеспиз, досум?! Бирок аны актап алышалы. Ырас, ичи тарлар, ушакчылар тоскоолдук кылар, бирок, анык алууга тийиш болсок алабыз. Эми эң аягында менин айтарым: минтип айтканыңдын баары чындыкка жолобой турса, өзүң элге жолобой каласың. Бул жерде менин оттоп турган атымдан башка эч ким жок, ушул төлгөдөн канча табасың? Ме, бул отуз сомду да ал, сырыңды, чыныңды айтчы баатыр, мен эч кимге айтпайм, – дедим. Төлгөчү көпкө чейин жер карап олтурду да:

– Ээ, иним, иши кылып, өзүң айткандай оокат да, – деп коюп кайра: – Буга ишенгендер да бар, өзүңө окшоп ишенбегендер да бар, – деп жылмайымыш болду.

– Деги өзүң ишенесиңби?

–Чынымды айтайын, иним, –төлгөчү эки жакты карады, –чынымды айтайын, өзүм деле ишенбейм, –деп борсулдап күлүп, мурутун сылады да, –иши кылып бир айла да, жүз сөз айтсам эптеп үчөө– төртөө туура чыгат. Жүз үйгө төлгө салып чыксам кокусунан бир– эки үйдөн айткандарым чындыкка жакынырак болуп калат. Анан өзүң билесиң го эл: «төлгөчү, төлгөчү. Бул анык олуя экен» деп чуулдап келе беришет эмеспи хе... хе... хе... Көпчүлүгүн өзүң айткандай болжоп зуулдатамын. Маселен, бир кемпир төлгө салдырса, кантип аны «Чоң кызматка турганы жаткан экенсиң» дейин хээ... хэ... хе... өзүңдөй кээ бир жигиттер тарттырып калса чоң кызматты ошондо козгойм. Анткени, баары ошону каалашат экен. Сүйүнгөндүктөрүнөн кээ бирөө элүүлүктү да ыргытып кетишет. Мен сенден жыйырма сом сурагандыгымдын себеби ошол. Мен сүйүнүп кетти го дедим эле. Чынында жыйырма эмес, бир сом берсе деле ыраазы болом. Деги төлгөнү тартаарда алдыңдагы кишинин кебете-кешпирине, үй ичине карай байкоо саламын. Мына ушуларга карата гана көздү жумуп коюп сого беремин... хе... хе... хе... ха... Маселен, бир аял үйүнө чакырып барып төлгө ачтырам десе мен аны көрөр замат канча жаштарда экенин болжой баштаймын. Үйүнө кирем... кирер замат үй ичине, казан– аягына көз жүгүртөм. Чөйчөк, чыныларынын, кашыктарынын чекелери кетик болсо, «демек, майда балдары бар экен го» деп байкоо салам. Эгер үйүндө баланын кийим кечеси, оюнчуктары көзгө илинбесе «ии ... куубаш экен го» деп байкоо салам. Эгер бир үйдө түрүлгөн көшөгө илинип турса, төлгө тарттырып жаткан неме картаң аял болсо: «Үйүңүздө сизден уялган ыймандуу кишилер бар экен. Алар экөө...» деп коём. «Ии... айланайын, балам менен келиним. Балам аскерде. Кеткенине баланча жыл болду»

деп өзү эле айтып берет. Мына ушундайларга болжоп айтып калсам бир тобу туура чыгып калат. Маселен, бир боз бала, шапкесин же калпагын бир жагына кыйшык кийип алып, жанына бир кызды ээрчитип келип: «Кана эми, тартчы, айтсаң ток этер гана жерин айта кой» деп бөйрөгүн таянат. Ал тигил кыз уялымыш болот. «Ии... алганы жүргөн бала экен, Өзү кыйгач көөп жүргөн кези экен бачагар!» деп ага жараша сүйлөп калам. (Албетте: «Сени эч кандай кыз сүйбөйт экен» десем төлгөмү чачып кетет. Сени эки кыз бирдей сүйүп жүрүптүр» десем шапкесин бергенче шашат).

Адамда ар түрдүүлөр көп болот эмеспи. Кээ бирөөлөр өзүлөрүнүн оюн өздөрү айтып беришет. Бир жаш жигит мени ээн чакырып барып: «Мен бир кыздын артынан түшүп жүрүп убара болдум. Ошол мени сүйөбү? Сүйбөйбү?» деп үшкүрүндү. Өзү артынан түшүп жүрсө, анан үшкүрүгү бул болсо, демек, кыз сүйбөйт экен да. Ага: «Кыз азырынча жактырбайт экен. Аны бир жигит азгырып жүрөт. Ошону менен өлбөгөн жерде кал. Түпкүлүгү кыз сеники болот», – десем мени кучактап өөп жибере таштады. Дагы бир келинчек келип: «Менин күйөөм жыйналышты, жумушту шылтоолоп эле күндө кеч келүүчү болду. Жүргөн кишиси барбы, жокпу?» дейт. «Ичи тар баатырдан экенсиң ээ» ичимен ойлоп төлгөнү тарттым да: «Сиздин күйөөңүздүн жакындашып жүргөн кишиси бар экен, бирок сиз ич тарлыгыңыз менен аны ого бетер өчөштүрөт экенсиз...» дедим эле: «Деги түбөлүгүбүз кандай болот?» деп сурады. «Эгер ичи тарлыгыңыздан күйөөңүздү куура берсеңиз ажырашып кетесиздер» деп төлгөмдү жыйдым. Келинчек капаланган бойдон колундагы 100 сомдукту мага ыргытты да көзүнөн жашын чубуртуп үйүнө кетти.

Дагы бир чал келип мындай дейт: «Мен бир бээмди айлыбыздан бирөө уурдап союп алганынан этин, терисин кармап алдык эле, төлөп береби, жокпу?» «Эгер ич ара келишебиз дебей, өкмөткө билдирсеңиз төлөтүп аласыз. Болбосо, көпкө суу кылат», – дедим эле: «Ой, төлгөңдөн айланайын. Ошо тууганча сүйлөшөбүз деп бир жыл сүйрөбөдүбү», – деп кубанып калды.

Кайсы жерден экенин эсимде жок, бир келин мени үйүнө чакырып барды да, эшигин ичинен илип коюп жалдырайт: «Менин жолдошум аскерге кеткенине бир жарым жыл болду. Азыр боюмда бар, эмне болом?» дейт. Мен ичимен ойлоно калдым. «Эмне болом дегени эмнеси чунак келин? Күйөөсүнүн кеткенине бир жарым жыл болсо? Эмнеси болсо да «аман-эсен көз жарар бекемин» деп жаткан жери жокпу?!» Деги дөөдүрөп көрөйүн, туура чыкпаса секирип кетер, анда айтып баратып оңдоп коём» деп ойлондум да төлгөнү тартып: «Аяш, ичиңизде кыйын санаалар бар экен?» деп өзүн карап калдым эле, оор үшкүрүнүп «таптыңыз», – деп башын ийкеди. «Ал санаа ичиңиздеги бала жөнүндө экен?» деп дагы тиктедим. Дагы башын ийкеди. Ии... эми үстүнөн чыктым го деп жүрөк токтотуп алдым дагы «эмесе, төлгөнүн сүйлөгөнүн төкпөй-чачпай айтып берүү менин милдетим болот. Ичиңиздеги бала никелеш жолдошуңуздан эмес экен!» деп дагы карадым. Аяшым кызарып, уялбай кумсарып алды да «туура» деп дагы башын ийкеди. «Кимден экенин жана канча ай болгонун менден жакшы билерсиң. Эмне болооруңузду гана айтып берейин» дедим эле: «Ошону айтыңыз» деп жалдырады. «Эмесе, эч нерсе болбойсуз. Аман-эсен эркек бала төрөйсүз. Ушул азыр да бойдон түшүрүү үчүн көп аракет кылат экенсиз. Чын эле эл билбейт экен, кенен көйнөк кийип жүрө бериңиз

десем», – десем: «Бир топ аялдар боюнда бар деп жүрүшпөйбү», – деп жалдырады. «Алар калп эле чычалатмакка айтып жүрүшөт. Андайга кулак салбаңыз. Эч ким менен урушпаңыз, ошо уруштан ырбатып аласыз», – дедим. «Күйөөм менен эмне болом?» деди эле: «Аны менен болсо баштагыдай эле каласыз. Жок, «бир нерсеге түшүнгөн жигит болсо сиз менен турбайт» деп төлгөмдүн аягын жөн эле кеңеш сөз кылып бара жатканымды сезе коюп: «Иши кылып өзүңүз жиберген каталыкты өз мойнуңуз менен тартасыз. Түбү уят болбойсуз» демиш болуп төлгөмдү жыйдым. Ал менин ичиндегисин тапканыман олуя деп калды. Көп нерселер берди.

Эми мындай учурлардын нечен жүздөгөнүн айтууга болот. Төлгөдөн ушинтип оокат кылып жүрөм. Кээ бир жерлерге барганымда өзүңө окшогон жигиттер оюн– чындан: «Баланча үйгө барсаң аты– жөнү мындай. Иштеген иши тигиндей» деп баарын толук айтып беришет. Мен андай үйгө барып алып, бардык укканымды төкпөй– чачпай айтып берем. Алар мени пайгамбардын кара чечекей бөлөсүндөй көрүп калышат. Азыр элдин арасында төлгөгө ишенген туюк көкүрөктөр бар. Ошолордун аркасы менен эптеп жүрөм. Же чот какканды билбесем, анткени, кээ бир бухгалтерлер дале мен сыяктуу жол менен акча табышат экен. Ушинтип жүрөм. Төлгөгө өзүм да ишенбейм деп менден алган акчасын чөнтөгүндөгү кош тутам акчаларга кошту.

Мен атыма минип жолума түштүм эле узап калганымдан кийин:

– Ээй, батыр! Мени көргөн жерден абийиримди кетире көрбө. Сырымды сага гана айттым! – деп кыйкырды.

Ошол бойдон мен аны көрө элекмин. Дагы бир жерде жобурап олтургандыр.

## АЧЫЛУУ АЯШ

Чымырбай экөөбүз дос болгонубузга өтө көп жыл болуп калды. Окууга бир кирип бирге бүттүк. Ал кичинесинде эле уялчаак, мокок жана коркок эле. Бирок, өзү бир сырлуу болучу. Калп айтканды, ушак сүйлөгөндү, ууру кылганды билчү эмес. Чогултуп айтканда момун эле. (Момун десем буламыктай болгон байкуш экен ээ дебеңиздер). Ал акылдуу момун болуучу. Тамашалашканга, балдар менен мамилелешкенге жана кыздарды сыйлаганга да кыйын эле.

Анын коркоктугун ушундан билчүмүн: балдар чогулуп барып бирөөнүн арабасынан дарбыз уурдасак, биздин Чымырбай алда кайда качып тамдын көлөкөсүндө туруучу.

Семичкем түгөнгөндө башка балдардан сурасам, жок десе болбой чөнтөгүн аңтарып көксөөм суучу. Ал эми Чымырбай жок десе ишенип басып кетүүчүмүн.Себеби, анын бир жерден да калпын кармаган эмесмин.

Кыскасы, биздин Чымырбай ушундай эле. Ошол бойдон окууну бүткөндөн кийин жүз көрүшпөгөнүбүзгө он үч-он төрт жыл болуп калган эле. (Ырас, мындан үч жыл мурун бир кат алганмын. Ал катында: «Кымбаттуу курбум! Көп жылдар бою кабарымды билгизип кат жазбаганым үчүн кечир. Карыш ажырашкан карыганча көрүшпөйт» деген ушул экен. Менин керт башымдагы жаңылыктарды сурасаң, үйлөнгөнүмө үч ай болду. Боюнда бар деп билдирген).

Деги, «эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген макалдын кажаты жок белем. Чымырбай экөөбүз кечээ жакын аранын ичинде эле кокусунан жолугушсак болобу? Көрүшкөндө да капысынан карпа-курп чыга калы-

шып, адегенде тааныша албай ормоюшуп барып андан кийин гана учураштык. Көпкө кучакташып туруп, бирибирибиздин эсен-соо экенибизди көрүшүп тургандан кийин, «амансыңбы, эсенсиңби?» деген артык баш сөздү айтып олтурбай эле, «Сен кайдан, мен кайдан?» деп баштадык. Ойлоп көрсөң он үч-он төрт жыл оңой жыл эмес! Ал кезде өзүбүз он үч-он төрт жашта болуп чырымтал бала элек. Эми кыздар өпкөн бетибизди кыл сакал басып калды...

Сөздөн сөз түгөнбөйт. Балалык кезди эске салып улам эле энтиге сүйлөшө бердик. Ал каякта иштегенин, мен кайсы жерде иштегенимди айттым. Айтор, өткөн– кеткенди айтышып олтуруп, кечтин кандай өткөнүн да сезбей калыптырбыз.

Эң аягында ээн жерге олтурдук да, эзиле сүйлөшүүнү ошондо баштадык көрүнөт. Үйлүү-жайлуу болгонумду, баламын аты-жөнүн, аялымдын атын, төркүндөрүнөн өйдө мен айтып чыктым.

– Мен да үйлүү-жайлуу болгомун. Бир балам бар, – деди да Чымырбай оор үшкүрүнүп, даңылдатып столду черткилеп эки жакты каранды да кайра дагы үшкүрүндү.

– Эмне эле кайра-кайра үшкүрүнөсүң? Сага эмне болду?

– Ээ дос, эмне кыласың? Оозум барып айткым да келбейт.

– Айтчы бай болгур, аяш оорулубу? –деп шекидим эле:

– Ошол оорубай жерге кирсин, ал ооруса сүйүнбөймүнбү, - деген Чымырбайдын сөзүнөн улам көрө элек аяшым аман-эсен экен, бирок, кеп башкада го деп ойлондум да:

– Айтчы, кеп эмнеде? – дедим эле:

– Эми, дос сырды сага айтпай, атамдын куйкасына айтат белем, –деп Чымырбай сөзүн улады:

–Аялды аларын алдым го, азили арылбаган азапка калдым го. А деп үйлөнгөнүмдө жан дилим менен үзүлүп түшүп сүйүп жүрүп алдым эле. Эми көңүлүм үч көчкөн журттай эмес, үчөөндө тең төөм жыгылып, казан-аягым кыйраган журттай калды.

Адеп үйгө келгенде дегеле жибектей созулуп оюм менен ой, боюм менен бой болуп сонун эле. Үйүмө кут конгондой кубанычым койнума батпай, колума самап жүргөн кушум конгондой көңүлүм көккө көтөрүлүп, дүйнөдө менден бактылуу эч ким жок, – деп жүрчүмүн. Көрсө, жөн эле сыр алдырбай жүргөн тура. Анын кыялын эки айга жетпей менин энемди орусча, кыргызча аралаштырып сөккөнүнөн баштап түшүндүм. «Кой балам, жаманбы, жакшыбы иши кылып өзүңө ыймандуу болсо болду», – деп энем башка уулунукуна кетти. Андан бир ай өтпөй ыйманды токтотуп коюп эле, мени да жапшырып өтчү болду. Ырас анда азыркыдай катуу эмес эле. Бирок «көк мээсиңби?» «келжиребечи» деген сөздөрдү угуп калчумун. «Жаш эмеспи оңолор» деп ойлочумун, – деп Чымырбай бир улутунуп алды да, сөзүн улай берди.

– Андан бир аз убакыт өтпөй, көптөн бери сыйлашып турган бир кошунабыз бар эле, үтүккө сала турган көмүрдөн чатак чыгарып анын аялын каарып өткөн экен. Уяттуу кишиникине ушул убакка чейин кире албай жүрөм. Эми башкасын айтып эмне кылайын, деги ачуусу жаман. Тебенээк чаар ат көздөнүп эле тура калат. Быйыл үйлөнгөнүбүзгө үч жыл болот. Урушсуз күндүн өтүшүн санап чыдап эле келе жатам, – деп Чымырбай сөзүн токтотту.

– Үй-бүлө эмес, казан-аяк деле кагышат эмеспи, өзүңө кандай, деги айтсаң үйгө келген киши– кара менен мамилесичи? – деп сурадым эле, Чымырбай папиросун бир

оп тартып, түтүндү үшкүрүк аралаш үйлөп дагы сөзүн улады:

– Өзүмө курусун, ошо өзүмө жаман. Алганыма үч ай өтпөй жатып оозунан жогорку айтылган сөздөр чыкканда, үч жыл болгондон кийин эмнелерди айтпайт дейсиң. Анын үстүнө балалуу болгонго ого бетер катуу кетчү болду. Бир ачуусу келгенде чапкан аттай эле чаң салып жиберет. Үйдөгү фарфор, айнек, карапа тукумунан жасалган идиштердин бардыгы аяшыңдын өз колунан каза табышты. Темир идиштер болсо эптеп чыдайт экен. Ошентсе дагы бөйрөктөрү бырбыйган чака, чайнектердин, капшыттары капшырылган мискейлерди гана көрөсүң... Эми ушунун баарын эле кыйратып бүлдүрүп жибергени эмнеси? Өзүнөн өзү эле чамына берген жиндиби? – деп сураарсың. Ырас, ал жинди эмес. Эси-акылы бар. Бирок ачылуу. Токтоно албайт... Ичи отуз үчүнчү батинкадан да тар. Мен жыйналыштан кечигип калсам да, командировкада көбүрөөк жүрүп калсам да чатактын түйүнү даяр болуп калат. Көчөдө аял менен басканымды көрсө, кандай аял экенин, жумуш мененби, же тууганчылык иш менен бастымбы, аны сурабастан эле тумшугу менен бир тиет. Бир жолу жакын туугандарыбыздын кызы менен бара жатсам көргөн экен. Сен эмне аны менен шынаарлашасың? Мени кетире турган болсоң ачыгын айт, наступление жасады эле, тиги кыздын паспортун көрсөтүп жатып кутулдум.

Келген-кеткендерге кандай деп сурадың, дос. Келген-кеткен дос-тамыр, тууган-туушкандардан айрылып бара жатам, дос. Былтыр бир топ жолдошторумду чакырдым эле. Ошолордун ичинде бир өзүңө окшогон жолдошумдун аялына тамаша кылып аяк сундум эле, ошого ичи күйүп, элдин көзүнчө мени эшек деп тилдегенден кийин,

эл чакырып тамак берүүнү токтоттум. Мен барда конокту ушинтип сыйлайт, мен жокто сыйлаган конокту мага айтат беле. Ушинтип элден да чыгып бара жатам.

Нечен аракет кылдым. Жакшы да айттым, жакпады. Жаман айтып кой-ай десем жаакташып жатып алат. Эркексинип, какыс-кукус кылайын десем канжар ала чуркайт. Үнү скоро помощтукундай ачуу. Элдин баары чогулуп эсим кеткидей. Ал уялбаса да мен уялып, кулуюп тим болом.

Мен жададым, дос! Мени ушундай ачуу тилдер менен тилдейт, аны сага айтып олтурбайын. Айтор, аялдар урушууга колдоно турган сөздөрдүн бирин калтырбай расход кылат жана эркектердикинен да бир-экөөнү кошуп алыптыр.

Ырас, мени ар дайым эле жалаңкычындай көрөт деп айталбайм. Кээде мени эркелетип, өзү да эркелеп жарк-журк этип калат. Жарк-журку курусун, анысы мага элден мурун чалапка шыкап туруп, андан кийин чаначтан чайкап кымыз бергендей сезилет. Менин көңүлүм калды. Аялдан ачуу тил уккандан кийин ичиң жылымак беле. Эркектин жүрөгүн билесиң да, – деп Чымырбай ыйламсырап сөзүн бүттү. Бир жагынан боорум ооруп, экинчи жагынан өзүнүн боштугуна жиним келип:

– Андай аялдан ажырашып тез кутулуш керек да, – дедим.

– Кокуй, нечен ажырашайын деп деле көрдүм. Анда, «же сенин колуңа өлүп берем, же сени өлтүрүп туруп кетем» дейт да, баланы лык эттире жерге таштап жиберет. Дагы баламды өлтүрүп коёбу деп эсим чыгат. Эми эмне болсо эле «балаңды жерге чаап алайынбы» деп коркутат. Же ага теңеле албайм. Айласыздан унчукпай кутуламын, – деп Чымырбай дагы жалдырады.

– Ээ, досум, андай болсо аяшым сендеги бардык стратегиялык пункттарды бүт ээлеп алган турбайбы?

– Чын, досум, аяшың ачылуу, – деп күңкүлдөдү Чымырбай.

«Ушундай аяштан бирди мен дагы кайсы жерден көрдүм?» – деп ичимен ойлондум.

## КОНОК КОЙДОН ЖООШ ЭМЕС

Меймандостук биздин ата-бабаларыбыздан калган. Конок күткөндү, сыйлаганды, кыскартып айтканда, бири-бирибизди конокко чыкырганды баарыбыз жакшы көрөбүз.

Кээ бирөөлөр болсо үйүнөн конок үзүлбөгөнгө мактанат. Чын мактана турган жайы бар! Саамордон түтүн үзүлбөйт, казан тулгадан түшпөйт, ошондойлордун бири азыркы мен айта турган Сырдыгулов Сылыкбек.

Сылыкбек аткарган кызматынан деле өтө көп акча албайт. Ошондой болсо да райондогу казан-аштуулардын бири болуп саналат. Конок мына ушулардыкынан үзүлбөйт. Бирок бир-эки сөз айта кетүү керек: ал көрүнгөндү эле чакыра бербейт. Маселен, сберкассанын сторожу Калдыбай такыр чакырылбайт. Ал гана эмес, райондогу башка кызматчылар да Сылыкбектин эшиктөрүн көргөн жок.

Сылыкбек чоңураак кызматчыларды, же болбосо иши түшө турган немелерге кызыл бышкан көмөч казан нан болсо да жеткирип турат. Эгер кээ бирөө албаса да оозгу үйгө таштап кетет. Андайлардын өтүгүнүн таманынан тартып, тебетейинин тышына чейин мактайт. Эгер балдары болсо өпкө боорун, жүрөгүн баш кылып чычыркай, карын майын кошуп ошого чабат.

Сылыкбек районго келген уполномочендерди же болбосо жаңыдан бир ишке келген кызматчыларды дароо үйүнө колтуктап барат. Чакырып барат да «эт бышканча» деп бир литр суюк нерсени эрмек кылып олтурушат. Ичсе да ичет, ичпесе да ичирүүгө тырышат. Эрмек кылып жаткан учурда бирөөнү жамандап, ошону менен аралаштырып өзүнүн мүдөөсүн да айта олтурат.

* * *

«Районго жаңы прокурор келиптир» деген сөздөр ооздон оозго өтүп жүрүп Сылыкбектин кулагына шак дей түштү. «Чын эле мурунку прокурор түшкөн экен го, ал көптөн бери областка кетип эле жок. Көрсө аны ал жерден алып, муну жиберген тура» –деп Сылыкбек ичинен кайра– кайра айтып, не болсо да билмекчи болуп прокурордун конторун карай басты. Чын эле андан желбегей жамынган неме чыкты да, как эшиктин алдында көк түтүн булатып соруп турат. Сылыкбек бактын көлөкөсүндө отурган бирөөдөн сурады эле: «Билбейм жаңы прокурор ушу дешет го. Өзү эки күндөн бери прокурордун үйүнө барат, кеңсаларына келет, жүрөт» деди. Сылыкбек: «Саламатсызбы... жакшы келдиңизби? Биздикинен чай– пай ичпейсизби?» деген сөздү ичинен беш– алты жолу айтып, жаңы прокурорду көздөй басты.

Сылыкбектин аялы да өзүнөн өткөн сылык эле. Жаңы прокурор үйүнө кирээр замат ыпылдап-шыпылдап тигинин желбегей пальтосун, башынан шапкасын ала коюп илип жиберди. Жаңы прокурор кара көлдөлөңгө отурар замат дасторкон жайылып, эки-үч күндөн бери күтүп турган бөтөлкөлөрдүн бирөө кошо келди.

Стакандарга куюлар замат:

– Кана эмесе аксакал, биринчи жолу жүз көрүшкөндүгүбүзгө,– деп Сылыкбек менен прокурор бир сыйрадан кагып жиберишип, кайра экинчисин куюшту. Ушу аранын ичинде Сылыкбек тигинин кайсы жерден экенин гана сурап, башкасын «кызыганда» сурармын деп: – Менин түп таякелерим да ошо сиз жактан... Биздикине келип кетип туруңуз, – деген сөздөрдү айтып олтурду. – Кана эмесе, эсендикке-соолукка бир көтөрүп ийели, – деп Сылыкбек стаканды асмандатканда:

–Ракмат, жолдош, бирди ичтим, болду. Болбосо мас болуп калам.

–Оо, кокуй аксакал. Ичиңиз, эки стакандан мас болуп эмне. Эгер кызып калсаңыз бу деле өзүңүздүн үй.

– Жоок жолдош, бул капырды мен ичпей койгон эмесмин, ичкенмин, бирок менин каным суюк, ашыгыраак ичип койсом эле алдырып коём. Ошондуктан нормадан тышкары иче албайм, –деп жаңы прокурор алдындагы стаканды карап шилекейин жутту. Муну кыраакы аяш байкап калды да, баары бир ичет го дегендей болуп:

– Конок, мен дагы сизге сүрөөн болоюнчу, – деп стаканга куюп аяш да көтөрдү. Анын жароокерлигин кыя алган жокпу, чын эле ичкиси келдиби, жаңы прокурор мукактанып туруп тартып жиберди.

– «Конок койдон жоош» дейт, иче бериниз аксакал, – деп Сылыкбек дагы бирди куйду да, экинчи бөтөлкөнүн оозун ачты. Жаңы прокурор дагы бир аз кетенчиктеп туруп үчүнчүсүн дагы жөнөтүп жиберди. Мына ошондон кийин көңүлү көтөрүлүп, сөзгө кызуу аралашып тигинин жакпаган сөздөрүн кагып да коюп олтурду. Бешинчи стаканга келгенде дагы бир такалды эле: «Конок койдон жоош», дагы көтөрүп коюңуз, –деп көтөрүп жиберди. Тигинин кызып калганын билип «эми айта турган

сөздү баштайын» деп Сылыкбек өзүнүн арыз-муңуна кирди. Ал адатынча кошомат кылып жаңы прокурорго жалпаңдап бүткүчө аяш колду жуудуруп, этти алып келип алдыга тартты. Прокурор эттен анда-санда кесип жеп коюп, ала чакмак болуп, көзүн коюлтуп тигинин сөзүнүн кээсин укпай, кээсин угуп олтура берди.

– Эми мына сиздин мурунку прокурор...

– Ким?

– Алакеев Султан.

– Эмне экен? –деп прокурор көзүн аңтарылтты.

– Эмнеси курусун. Анык акмак неме экен кызыталак, – деди Сылыкбек

–Эмне, пара жедиби, толук айт! –деди прокурор.

–Айтсам, бул акмакка дал ушул үйдөн нечен чакырып тамак бердим. Ичсе да, уктаса да, ушунда болучу эле. Бирок бир ишиме да жарай алган жок. Бир жакын агаларым болор-болбос иш менен кармалды эле, ал үчүн менден бир кой, бир түлкү алды. Азыр үйүндө тартылып турган туш кийиз да менин туугандарымдыкы...дагы жегендерин билем.

– Жесе эмне экен? –деп аңтарылды прокурор.

– Жейт деңизчи, аксакал. Ансыз жалаң айлык менен мен деле, сиз деле оокат кыла албайсыз. Бирок жегенге жараша сиңире тургандай кылып жеш керек. Ыгы жок ала бергенде эмне?

– Сиңирбей эмне, кусуп коёт деп турасыңбы? Же кустуруп алайын дейсиңби? – деп прокурор дагы аңтарылды эле: «Эмне болду? Бул жактырбай жатат го. Өзү да аябай жеген немеби? Же мени тамаша кылып жатабы? Андай болсо сурданбай эле күлүп айтат эле го. Эмне болду?» –деп ойлонуп:

– Ээ мейли, аш болсо болсун, болбосо койсун, деги көп алганын айтам да, – деп унчукпай этин туураганга кирди.

Чын эле азыркы отурган конок өзү айткандай каны кызуу көрүнөт. Сылыкбектин сөзүнөн мурун эле урушаарга жоо таппай, урунарга тоо таппай турду эле, ордунан бир козголуп алды да:

– Тигини, кустуруп алам дейт тура, атаңдын башын кустуруп ал... – деп аңтарылып Сылыкбекти карады эле, Сылыкбек чайнап жаткан этин ууртуна токтото коюп прокурорду карап «кокуй чын эле мас тура,кайран арак, кайран сөз талаага кетти» деп өзү да аңги-деңги болду:

– Ысык сорпо ичиңиз, – деди.

– Сорпоңду урайын! Чакырып келип алып ушу сөздү айтасыңбы? –деп чыныны алып аңтарылганда баягы «ичиңиз» деп жалдыраган аяш ордунан тура калды. «Эми анык кудай урду ээ» деп Сылыкбек:

– Кичине жатып эс алыңыз?

– Жатпайм. Менин жаталак болду дейсиңби? Сенин үйүңө жаткыча, түлкүнүн ийнине жатам. Эмне дедиң, билесиңби? –деп майланышкан коюу көзү менен Сылыкбекти карап энтикти. «Катыгүн, эми эмне дейин?» –деп Сылыкбек мукактанып турганда прокурор дагы баштады: – Эмне дедиң, эшек?! Менин жездемди паракеч, акмак дедиң. Мен анын бир бир тууган кайниси болом. Бүгүн кечинде келет. Ал акмакпы, сен акмакпы, чечиштирем. Сени сүйрөп барам. Жебейм этинди, –деп табакты көмкөрө тепти да, колундагы чыныны терезени карай урду эле короодо оттоп жаткан тооктор кымкуут болду.

Сылыкбек да кызуу эле көзү чайыттай ачыла түштү. Аяш: «Кокуй ай, эми балээ болду ээ. Кайниси тура, кайниси тура, Сылыкбек оңбоссуң» деп ичинен чый-пыйы түштү.

Айтор сынбаган чыны, кыйрабаган тарелка калган жок... «Конок койдон жоош» деп ичире берип Сылыкбек

азоо кармагандай алек болду. «Койдон жоош конок» чакчалекей салып жатып керебетине жыгылып коңурукка кетти...

Чийки май жегенсип ичкен тамагы аш болбой Сылыкбек калган. Сынган-бүлүнгөндөр жерге кире койсун. Башка жак жаман.

Күн жаңы батып прокурор келээр замат Сылыкбек анын үйүнө жетти да: – Ассалоом алеким, мал-жан аман келдиңизби? Ботом, кайниңиз келген экен, – прокурордун аялын жалт-жалт карап, – чоочун элде эринбесин деп бүгүн биздикине чакырып барып конок кылдым. Ой, сонун жибектей жигит экен бечара. Тамашакөй экен.

– Деги эч нерсе ичирген жоксуңбу, Сылыш? Ичип алса эле жок жерден кыйкым таап урушчу эле. Каны кызуу, –деди эжеси.

– Жоок, эки стопкадан арак ичтик.

– Арагыңдан бизге да калдыбы? – деди прокурор.

– Сиздики ар дайым сакталуу эмеспи. Жүрүңүздөр, барып ичели даяр эт да бар, – деп экөөнү ээрчитип жөнөдү. Жөнөдү да жолдо кетип бара жатып прокурорго: – Кайниңиз сонун жигит экен бечара. Жездеңиз биздин районго иштегенине быйыл эки жыл болот. Ошондон бери бир жаман аттысы чыга элек десем жетине албай сүйүнүп калды, – деп божурады.

Прокурордун аялы үйүнө кирээр замат керебетте же өлүү эмес, же тирүү эмес жаткан инисин көрүп: «Ден соолугу начар балакетиңди алайын, кичине ичсе эле же чатак салат, же жыгылып калат. Бирок ошол мас болгондогусун бирин унутпай мага айтып берчү эле» деп чекесинен өптү. Анын «бирин унутпай айтчы эле» деген сөзү тиги аяшты селт эткизди да, Сылыкбектин жүрөгүнө дагы уйгак жабыштырды.

Тамак алдыга коюлуп, арактан эки-үч стопкалар жөнөгөндөн кийин эле Сылык кадимки айта жүргөн сөзүнө кирди:

– Ботом, сиз командировкада жүрсөңүз да: «Түшүп калыптыр ордуна башка киши келет имиш» дешип дүңкүлдөтүп жиберишти, – деп сөзүн чубатып келе жатканда прокурордун аялы, аяшка бурулуп:

– Аяш, баягы чоң сүйрү тарелкаңар кайда? – деп сөздү бөлүп кетти.

Нары жагы эмне болгонун өзүм да билбейм. Тиги жигит жездесине айттыбы, жокпу, аны да сураштырган жокмун. Деги коноктун баары эле «койдон жоош» боло бербейт экен...

## ӨЗҮҢӨ ОКШОШ

Ушул аңгемени жолдош окуучу, уйкуң келип турса да эринбей окуп чык. Анткени, кызык жана болгон нерсе. Эмесе баштайын.

Кулубай аскерге кетип бара жатканда Бүбүнурдун ичи күймөк турмак жүрөгү эзилип эжигей болуп кете жаздаган. Көз жаш кылуу, ыйлоо быякта эле тура турсун, улупуңшуп өчкирип, кой деген элге ээ-жаа бербей жаман кылган. Узаткан элдин баарысы, анын ичинде мен дагы: «Ай, чиркин ай, аял болсо ушундай болсун, кайран Кулубайдын камчысы жакшыга түшкөн экен. Ыйлаганын карачы. Мындан ары эми жарынып эле өлбөсө, же жардан алыс кетпесе эми кантет? Же ийне жутуп өлсүнбү? Ай, бечара ай, өтө күйүмдүү экен...» дей турганбыз.

Чын эле кыйын ыйлаган. Кулубай кеткенден кийин да жаман болуп жүрдү. Бүбүнурду «Турмушка жаңы чыккан неме ысыгы тарай элек да, кантсин» деп айтар-

лык да эмес болучу. Анткени, ал Кулубайга келгенине эки жыл болуп калды. Бул ал түгүл бир жолу боюнан да түшкөн. «Кой, бала эмеспи, ооба бечара неме эзилет да, кантет анан» деп айтарлык эмес эле. Анткени, ал Кулубайдан мурун бир мугалим менен же ага атайылап тийгени, же тийгенге камынып жүрүп айныганы билинбей келген. Кыскасы, азыр мурункусун териштирип эмне кылалы Кулубайга күйүмдүүлүгүнө, сүйүмдүүлүгүнө ичибиз жылып эле калды.

Ушинтип ичибиз жылып жүрдү. Бир ай өттү, эки ай өттү, үч айда эл оозунда элек барбы: Кулубайдын келинчегинин баштериси бузулду, деген сөздөр чыгарды. «Баштериси кадимки эле бойдон, жүрөгү башкага бурулуп жүрөт» деп кээ бир куулар да өзүнчө кыт-кыт күлгөн болуп калышат. Андан бир жума өтпөй эле: «Кулубайга деп сайган жоолугун баягы мугалим балага бериптир» деп калышат. Андан бирөө: «Жоолугу менен курусун, аны колунан жулуп кетсе келесоо болсо да алатко, бирок ошол мугалим бала Кулубайдыкынан таң куланөөк болуп калганда аттанып жөнөгөнүн эки жолу көрдүм» – дейт. Анда бирөө: «Ээ, эмне кыласыңар жаш болгондон кийин оюндагысын кыла берсин. Өзүндө кайнене да, кайната да жок ээн бечара экен. Итин ал бирөөгө агытып, бирөөгө байлап коёт экен. Өзү билсин эмне кыласыңар»-дейт. Мен бул сөздү угуп делдейип эле калдым. Бирок, жакшы ишене албай, мен өзүм да байкоо салуучу болдум. Мен антип-минтип жакшылап байкаганча да үч-төрт ай өтүп кетти. Эл оозундагы сөздөр да ар түрдүү боло баштады. Бири: «алат экен» десе, бири «тиет» экен дейт. Бири айтат: «Жоок, ишенбегиле Бүбүнур андай иш кылса киши эмес», өлсөм сөөгүм сенин улагаңдан чыгат. Башкага көөнүм бурулса ант арбакка кой… Сенин төшө-

гүңдү чоочун бутка бастырсам «бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да жакшылык көрбөйүн» деп Кулубайга жазган катын өзүм окугам. Муну мугалим бала менен жүрөт дегениңерге ишенбейм. А да мугалим, бу да мугалим, экөө бир иштегенден кийин бирге сүйлөшүп койсо эле кыргыз акем башкача жоруй бересиңер» деп бирөө чыгып кетет. Анда аны бирөө: «Ой, жерге кир десе, качан шыйрагынан кармап алмайынча эле ишенбе!» - деп кейип кетет. Мен аң-таң болуп эле жүрдүм.

Деги Бүбүнур мурункусунан өңү-башы жайдары жана кийимди да мурункудан кыйын кие баштаганына чочуп да коюп жүрдүм. Бир күнү кайсы жумушка жана эмне үчүн мынча эрте турганымды билбейм, жерге жаңыдан жарык түшө баштаганда Бүбүнурдун эшигинен өтүп бара жатсам ал желбегей жамынып бир киши менен эшикке чыкты да, аны колтуктап басты. Мен терек менен терек болуп далдоолоно түштүм. Алар түз эле мага келе жатат. Мага он чакты кадамча жетпей тура калышты да, өлүп кете тургансып дагы бир сыйра өбүшө кетишип тарашты. Мындан мурун жылып жүргөн ичим бир кил бал муздак жегендей боло түштү.

* * *

Мына ушинтип Кулубайдын аскерге кеткенине 7 ай болду. Элжиреп эзилип, эчкирип ыйлап узаткан Бүбүнурдун боюна бүткөнүнө да бир ай болду. Ал эмне кылар айласын таппай, мурунку кызыл өңүнөн азып, кээде өзүн тилдеп, кээде мугалимди тилдеп жүрдү. Күндүз тынчы жок, түнкүсүн уйку жок. Кандай болсо да ичи билине электе айла табыш керек. Айладан ойлонуп-ойлонуп олтуруп нечен ойлорго келип токтоду: өлүш керек – жан

таттуу, ичтегини алдырып салыш керек – доктор тил албай койду. И, ушундай бир айлык болуп, эч нерсенин шеги жок кезинде Кулубайга барып, эң жок дегенде 2 күн жатып келиш керек, же Кулубай келип калсачы. Болбосо уят-сыйытты жыйыштырып мугалимге тийиш керек эле. Анын аскерге кеткенине бүгүн алты күн болду... Мына ушинтип биздин Бүбүнурдун башында эң шаштысын кетирген доор турат.

Кудай деген аксакал кээде, иши карага дале жардам кылат көрүнөт. Күндөрдүн биринде: «Отпускеге чыктым... Үйдө беш-алты күн турам» деп Кулубайдан телеграмма келип калды. Кулубайдын эки эле күнгө кереги тийип турганда бул кабар Бүбүнурду укмуштуу кубантты. Ал сүйүнгөнүнөн терезеде эчтеке менен иши жок бүкчүйүп турган карала мышыкты эки-үч мертебе өпкүлөп жиберди.

Кулубай келерин келип өзү айткандай беш күндөн кийин кайра кетти. Кудай берейин десе айла жок, беш күндүн ичинде (эркекпи кызбы аны кудай өзү билет) бир айлык бала даяр болду. Ал кеткенден кийин эки, үч ай өткөрүп барып Бүбүнур «Алтыным Куке! Сүйүнчүнү өзүмө бер, менин боюмда бар» деп билдирди.

Убакыт жетти. Ичтеги бала суукка да учураган жок, ысыкка да жолуккан жок. Сасык тумоолобой этпей жетилип бир күнү «баа» деп жерге түштү. Эл кубанды. Кулубайдын туугандары жаңы бөбөгү даяр болгонго ого бетер кубаныштты. Кой союп түлөө кылышып бири «Аскербек» болсун деп, экинчиси: «Жеңишбек» коёбуз дешип жатып «Кокустан атасы келе электе акыретке кетпесин дешип баланын атын Бектур коюп салышты. Ар ким барып жентек жеп жатышат. Келе, «Кулубайдын жаман уулуна көрүндүк» дегендер көгөөндөй ызылдашат.

«Жаман уулбу, жакшы уулбу аны ким билди» бирок өзүнүн уулу эместигине өзүмдүн мурдумдай ишенем деп ичимен күңкүлдөп он сомду Бүбүнурдун өзүнө бердим эле, төшөктө жаткан бойдон жаркылдап күлүп алды да «ыракмат, бөбөгүңүздү көрүңүз» деди. (Мени «эчтеме билбейт» дейт көрүнөт). Мен эңкейип көрдүм. «Таруудан таруу, буудайдан буудай» дегендей так эле мугалимдин өзү. Күңкүлдөп ышкырынып басып кеттим. Бектур бөбөк бек турмак түгүл кас туруп, кас турмак түгүл басып калганда Кулубай келди. Кулубайдын алдынан көтөрүп чыкканда тиги басып жыгылып, жалынып, жалбарып жаны калган жок. Себеби, уулу да! Үйгө келгенден кийин оңбогон Бүбүнур: «Кукеш, карасаң уулундун кыялы да өзүң, басканы да өзүң. Карасаң»- дейт. «Көзү да өзүң, мурду да өзүң» деп айта албайт, себеби, Кулубайдын көзү капкара, Бектурдун көзү көгүш. Кулубайдын мурду чологураак, Бектурдун мурду эмитен эле коңкогой. Кыскасы, мурдуна, көзүнө жолобой гана башка окшоштугун айтат капыр. Кулубай канетсин жаны-маны калбай жалынып, уулум, деп калды. Уулум демек турмак: «Мурдун карасаң, борбоюп чоң таякелерин тартып калыптыр» – дейт экен Кулубай да. «Бул башка бала» десең да ишенбейт. Кулубайга жароокерленип жалынып, Кулубай чарчап келип үшкүрүнсө да: «Уулуңду карачы, тентектик кылып жатат, кой дечи, капырай, баары эле өзүң» деп жүрүп Бүбүнур баарын билгизбей калды.

Күндөр өттү... Жыл айланып жыл келди. Баягы мугалим да келди. Кулакдар болуп жүргөн Бүбүнур аны келе жатканда эле билген. Мугалим келер замат эле учурашкан жок. Ал кокусунан учурашууну каалап жүрдү. Бул жолу да тилеги ордунан чыкты... Бүбүнүр Бектурду жетелеп бактуу көчө менен ээн басып келе жатканда ал-

дынан мугалим чыкты. Бүбүнурдун назик жүрөгү кабынан ыргып кете жаздап болк этти да, бети албырып кызарып кетти. Кызарып кетти да көзүнүн жашын эки-үч имерип алды. (Мындай немелердин жашы бат эле мөлт дей түшөт эмеспи). Бир топ сүйлөшүп келип, Бектурду көрсөтүп акырын үн менен:

– Карачы, өзүңө окшош, – деди.

Ай, турмуш, кызыксың да. Аялды назик жаратканыңа да ыракмат. Бирок көпчүлүгүнүн жүзүн жука кылып, Бүбүнурга окшогондордун бет терисин крокодилдин терисиндей кылып калың жаратканыңа да ыракмат.

## ЖАНТЕКТИН КЕРЭЭЗИ

Жантек чал ооруп төшөктөн турбай калганына үч күн болду. А дегенде эле ичим деп жыгылган, ушу убакка чейин басалбай, басалмак тургай ооруганы күчөй берди, ал гана түгүл көзүнө алда немелер көрүнүп чыкты. Жантек эч нерсе түшүнбөй турган чалдын бири эмес. Ал жөнөкөй сасык тумоо болсо ичтен кармабасын түшүнөт. Эгер ич бурап ооруса же жел өткөн, же күптүнүн кесепети экенин түшүнөт. Андай учурда кантип айыгып кетүүнү да жакшы билүүчү. Азыркы оорусу тигиге да, буга да окшобой бир түрдүү сайгылашып, эң катуу чымырап ооруп жатат. Демек, башкача оору. Ысык чай ичип тердеп да көрдү. Көмөч да басты, болбоду. Ысык күл, кууруган кумду тартып көрдү, эч натыйжа чыкпады. Кыскасы, а деп жыгылганда «эчтеке эмес, кудай буюрса айыгып кетем» деген Жантек азыр тереңирээк ойлоно баштады.

Бул күнү Жакең эң жаман болуп чыкты. Чыдатпай ооруганды коё туралы, баарынан да көргөн түштөрү жа-

ман болду. Түшү чакчелекей: кээде Жантек үңкүргө кулап кетет... кээде аны бир өңү суук неме: «Жүр, Жантек» – деп сүйрөйт... Баарынан да Жантектин эсинде калганы – эчаакы өлгөн атасы учкаштырып жүрүптүр... түшү жаман. Жаман болгондон кийин камынышсын.

Ал ойлонуп-ойлонуп жатып: «Коош: –деп ичинен айтты. – Коош, түш жаман... бул оору жан алуучу оору. Анын үстүнө быйыл алтымыш үчкө, мүчөлүмө келдим. Эми кудайды сакта десем да болот, сактаба десем да болот. Андан көрө кудаадан тиги дүйнөнү тилейин. Ал мени улам эле сактап отурмак беле. Үч жеткен ажалдан алып калды. Илгери кой кайтарып жүргөнүмдө көчкү алып баратканда, кудаанын кудуретчилдиги, тонум арчага илинип калып аман калдым. Экинчи жолу чөп чаап жүрсөм бутумду жылан чагып шишик чокума келгенде кайра жанып... дагы аман калдым. Бу да кудаанын колдогону. Баягы жылы жазында Кабактын капчыгайында кетип бара жатсам, казандай таш кулап мага тийбей, минип бара жаткан атыма тийип ал өлүп, мен аман калдым. Бул дагы кудаанын колдогону. Ушинтип үч жолу сактады. Үчтөн кийин чүч дейт. Мына эми «чүч» болом го. Деги өзүм деле топук кылышым керек, улам эле колдой берип кудай мага бир тууган жээн беле. Андан көрө балдарымдын өмүрүнө береке берсин. Мага тиги дүйнөдөн жай берсин...» деп ичинен ойлонду да бир келме келтирип алып, тиги «дүйнөнү» ойлой баштады. – «Кош, –деди Жантек. – Коош, жан көкүрөктөн кеткенден кийин эле Үңкүр Манкир сурай баштайт. Өмүрүмдө эмне соопкерчилик кылдым, кыянатчылык да кылдым. Өздөрү эсептээр, бирине-бирин тороштурар. Баарын кайдан санай алам. Бирок мен кийинки жылдарда балдардын тилине кирип орозону үч жылы кармаган жокмун. Быйыл такыр намаз окуган жокмун.

Баякы жылы дүкөндө сторож болуп турганда көп эле майга бышырган токоч жеп жүрдүм. Кандай майга бышырганын билдим. Коош... булардан тышкары эмне кылдым? Бая күнү Ныязбайдын кетменин алып жүрө бердим эле. Бу да күнөө! Ысактын кара ала итине былтыр мен ийне берип, Жаңыл кургурга шылтадым эле. Бул болсо эң бир оор күнөө! Ушулардын баарын тирүүмдө, тилим күрмөөгө келип турганда айтып моюнга алыш керек... Коош... дагы эмнелер калды...» деп Жантек ичинен улам ойлонуп, улам келме келтирип жатты да, кемпирин чакырды.

– Ээ кемпир? Менин ишим начар… Мен тиги дүйнөгө жөнөйт окшойм. Эки баланы тең чакыр, керээзимди айтып калайын, –деди.

– Ок! Жөн эле дөөрүбөчү, – деди кемпири.

– Жоок... жөн эмес. Кийин арманда калып жүрбө, керээз айтам, чакыр. «Бул ооруганда минтип сүйлөөчү эмес эле, чын эле бирдемени сезип жатат ко» деп ичинен айтып кемпир балдарын чакырып келди.

– Коош, балдар! – деди Жантек. – Экөөңдү бактым, чоңойттум, өз тизгиниңерди колуңарга бердим. Мен эми тиги дүйнөгө жол тартам. Мурун азапта жүрсөм да совет чыкканы жыргадым. Аз да болсо силердин убайыңарды көрдүм. Кош... Эми айтарым, кемпирди Ысак, сен колуңа ал, – деп кичи уулуна айтты.

– Үй да сенин колуңа өтсүн. Шадыкан, сен таарынба, эгер апаң сенин колуңа өтсө аялыңдын кыялы таранчыдай эле чырт-чурт деп турат, кемпирди кагып-силкип коёр, – деп уулуна айтты. Торгашка бээ менен жээрде атты, Шадыкан, сен ал. Ысак, сен чаар уйду, сары атанды ал. Менин коногума көк байталды, эки кой сойгула, ошол жетишет. Коош... Эми менин мүрзөм жөнүндө. Коош... мени балдар, өзүбүздүн огороддун аяк жагындагы жалгыз теректин

түбүнө койгула. Ошол жерди жакшы көрөм. Кööш... эми келиндерди чакыр, – деди кемпирине. Ушинтип Жантек сүйлөп жатканда кичүү уулу Ысак ыйлап жиберди.

Эки келини келээр замат: – Кööш... айланайындар, мен тиги дүйнөгө жөнөмөк болдум, – деп кичи келинине жалынып: «Ырыстуу болосуң, айланайын», – деп колунан өптү да улуу келинин: «Бул кыялың койбосоң, балам, кор болосуң», – деп бурулуп кетти. Бурулуп кетти да тескери караган бойдон: – Ныязбай, Ысакты, Жаңылды чакыргылачы, – деди. Ошол замат кичи келини менен кемпири айтылган кишилерди чакырганы кетишти. Ысак шашып ат токунуп, районго догдурга жөнөдү.

Ныязбай, Жаңыл, Ысак келер замат Жантек оң бурулду да: – Кööш... силерди чакырганым: мен тиги дүйнөгө жөнөп бара жатам. Үчөөңөрдүн алдыңарда тең менин күнөөм бар. Өлөөрдө кечирим сурайын дедим, – деп тигилерди жалдырап карады.

– Айтыңызчы, Жаке, кечиребиз, – деп тигилер чурулдашты.

– Кööш... Айтсам Ниязбай! Сенин бир кетмениң аңызда жатса сурабай алып келип, сабын сууруп ыргытып ийип, жаңы сап саптатып катып койдум эле, атканада, акырда турат, ала кой. Кööш... Дагы короонун оозун бекиткен бир чынжырды чечип алып, тамдын үстүнө каттым эле аны да ал, анан күнөөмдү кечир, – деп Ниязбайга тигиле карады.

– Ой жарыктык, аны мен Жээналыдан көрүп жүрдүм эле. Кечирдим, кечирдим, – деп шашып жооп берди Ниязбай.

– Кööш... Айтсам анда мындай, – деди бир кезде отургандарды карап: – баягы жылы кышында ийне жутуп өлгөн кабаган карала итиңди мен өлтүрдүм эле, сен байкуш Жаңылдан көрдүң. Анын убалына калдым. Экөөң тең кечир.

– И-и, Жаке, капыр Ысак ошол ити үчүн мени нечен каргантты го. Аскердеги жалгыз уулумдун көзүн көрбөй калайын деп карганбадымбы, – деп Жаңыл тызылдап бара жатты эле: – Э, койчу, – деп жиберди Ысак.

– Э жарыктык, каралага эмне үчүн ийне берип жүрөсүз?

– Ээ Ысак, күнөөнү мойнума алып жаткандан кийин ары жагын сурабасаңчы, – деп Жантек онтоду.

– Жоок, Жарыктык, шарыятта бардык чындык тиги дүйнөдө күнөөнү жеңилдетет эмеспи.

– Коош. Анда эмесе угуп тур. Мен аны өлтүргөнүм… бастырмаңдын үстүндөгү бедеңден алып жээрдеге… – деп дагы онтоду.

– Ии, ошондой, – деп Ысак күлүмүш болду, күнөөнү үчөө тең кечирип, үйлөрүнө кайтышты.

Ысак докторду ээрчитип үйгө киргенде атасы дале керээзин айтып бүтө элек эле. Доктур ары-бери ичин басып көрүп туруп: – Оору коркунучтуу эмес. Сокур ичеги деген ушул. Муну бат эле айыктырам, операция кылыш керек, – деп чалды ооруканага алдырып жөнөдү.

Жантек эсин жыйып, көзүн ачса чоочун үйдө жатат. Ичинин ооруганы басылып калыптыр. Бирок ооруган жери өтө ачышат. «Неге ачышат мени сойдубу же соё элекпи…» – деп аң-таң калды да жанындагы кыздан сурады:

– Коош, кандай, мени сойдубу?

– Сойду. Ооруңуз сокур ичеги деген экен. Союп, кесип таштап, кайра тигип койду, – деди.

– Эмне үчүн ооруган жок?

– Дары жыттабадыңызбы?

– Ыя, дары жыттаганы эмнеси?

– Дары жыттайт деген сөз, чыдабайбы деп өлтүрүп туруп анан сойду, – деди.

– Чын эле өлдүмбү?

– Ооба. Өлдүңүз анан тирилтип койдук, – деп кыз күлдү.

«Мына кызык… Мен өлдүм. Эмне үчүн Үңкүр-Маңкир келип сураган жок?» деген ой менен алек боло берди.

Жакем бир жума өткөндөн кийин эле үйүнө чыгып барды. Дагы бир топ убакыт өтпөй, майда-чүйдө оокаттарын кыла баштады. Бирок ичинен айтат: «Коош… Мен өлүп, тирилдим. Мындайча айтканда тиги дүйнөгө барып келдим. Неге мени эч ким сураган жок? Үч жолку ажалдан кудай сактады эле, бир жолкудан доктур сактады. Доктур деле кыйын тура. Керээзиң түшкүрдү бекер айтыпмын», – деп тиштенди. Ушинтип Жантек жакшы айыгып кетти. Балдарына эч кандай энчи бөлүп бере элек. Өзүмө деп сактаган кепиндик алты метр акты шейшеп жасаттырды деп уктум. Баягы: «Мени ушул жерге көмгүлө» деген теректи кыйып, дүмүрүнөн өйдө казып, анан ордуна ашкабак тигип жатканын көрдүм.

Ныязбай, Ысак, Жаңылдар болсо Жакем барса кет дешпейт, бирок чыгарда кандай кеткенин байкап турушат. Улуу келини болсо: «Мени өлгөнү жатып жаман көздөрү менен карады эле тирүүсүндө кантип жакшылык кылсын», – деп абысынына ар дайым айтат экен.

Жантек болсо докторго миң мертебе ыраазы болуп, кабагым-кашым дебей эле оокатын кылып жүрөт.

## ЭНЕНИН СҮЙҮҮСҮ

Эмилбектин эби жок эркелигин айылдагылар бүт билет. Көбү жактырбайт. Анын эне-атасы удаа үч кыздуу болгондон кийин, ушу Эмилбекти көрүшкөн. Алар үч

кыздын арасында жалгыз эркек бала болгондуктан, анын үстүнө эң кенжеси деп артыгыраак эркелетишээр эле.

– Балаңарды анда-санда кагып-согуп койбойсуңарбы дегенде:

– Эч нерсе эмес, мектепке окугандан кийин өзү эле таштайт, – деп көбүнчө атасы айтчу.

Мына Эмилбек мектептен окуганына быйыл төрт жыл болду. Ал эркелигин азыр да коё элек. Эмилбек атасынын тилин коркконунан гана алат. Апасын болсо таптакыр тоготуп койбойт. Эмилбекке апасынын айткан сөзү чиркейдин дыңылдаганындай да сезилбейт. Ал чоң ата, чоң энесинин да тилин алмак түгүл, алардын бүкчүйгөн белин туурап шылдыңдап кетет. Анын жакшы сапаты сабакты жакшы билет, китепти көп окуйт. Жүрүш-турушунан дайыма «3» кээде «2» ала койгону менен, жыл сайын класстан-класска жакшы баалар менен көчөт. Окуучуну жалаң гана жакшы баа алганы үчүн жакшы дебейбиз да?! Ал жакшы да окуп, ошону менен катар сабактан бош учурда эне-атасынын майда-чүйдө ишине кол кабыш кылышкандыгынан да жакшы көрөр элек. А Эмилбекте болсо, биз айткан экинчи сапат жок. Апасынын тилин албагандыгы аз келгенсип, ага каяша да айтат. Кээде кедеңдеп айтыша да кетет. Буга апасы көп капа болот.

Күндөрдүн биринде, Эмилбектин апасы короого кир жайганы жатып:

– Эмилбек, тетиги шаты менен чыгып, мына бул жиптин учун тамдын бурчуна байлап берчи кир жаайын, – десе:

– Өзүң жайып ал! – деп короодон чыгып кетти.

Анын апасы кейип-кепчип, эптеп шаты менен чыгып жипти байлап, түшүп келе жатканда шатынын тепкичте-

ринин бирөөсүнүн мыгы бошоп калган экен, салмагын көтөрө албай чыгып кетти. Эмилбектин апасы жыгылып түшүп, бутун чыгарып алып, кокуйлап жатып калды. Аны айылдагылар эптеп ооруканага алып барышты. Эгерде Эмилбек тил алган болсо, жеңил балага тепкич сынбайт эле, апасы да мындай азапты көрбөгөн болор эле. Буга Эмилбек кабагым-кашым деп да койгон жок.

Анын алтынчы класстан окуган эжеси Алма, жүдөп-какап жатып эптеп тамак бышырып, кичирээк кострюлга куюп:

– Эмил, сен апама бул тамакты жеткирип кел. Мен үйдүн ичин жыйнап, казан-аякты жууп коёюн, – дегенде:

– Барбайм. Эмне, анын бутун мен чыгардым беле, – деген сөзүн эшиктен кирип келе жаткан атасы укту дагы:

– Сен эмитен ушинтесиң, чоңойгондо апаң экөөбүздү тирүүлөй кордукка саласың го, шайтан! Эси жок наалат! – деп белиндеги кайыш кур менен куйругун ысыта чапты. Эмилбек ыйлаган бойдон чоң атасына качып барды. Чоң атасы анын маңдайынан сылаган жок, кайра:

– Ырас кылыптыр балам сага, олтур эми, – деди. Чөнтөгүнөн шише чакчасын алып насыбайдан атты дагы чыйт түкүрүп коюп:

– Энени да, атанын да тилин алып жүр, балам. Мына сенин атаңдын атасы менмин. Атаң Жапар сендей кезинде менин да,апасы Даананын да тилин алчу, – деп кемпирин карап коюп сөз баштады. – Атаң ушул азыр да, мен, же мына бул чоң энең катуурак сүйлөп койсо унчукпай калат. Ал өзү чоң болгону менен биздин тилди алат.

Ушул сөздү айтып жатканда Эмилбек атасы Жапардын мурдагы жылы мас болуп, аттан жыгылып келгенде, чоң энеси да, чоң атасы да катуу тилдешкенден кийин, ал ошол күндөн баштап аракты таштаганын эсине

түшүрдү. Ал гана түгүл, чоң атасы анын атасын таягы менен жонго тарс эттире бир чапканын эстеди.

Чоң атасы насыбайдан бир атты да, оңдонуп олтуруп:

– Сен Эмилтай, жомокту жакшы көрөсүң. Мен сага бир жомок айып берейин, чынында бул жомок эмес, өзүм көргөн окуя, – деп сөзүн баштады.

– Илгерки өткөн жылдардын бири эле. Чоң энең Даана экөөбүз Белек деген байда малай болуп жүрөр элек. Атаң Жапар там-туң баскан кезеги. Биз былтыркы силердин пионер лагери орношкон Көлмө жайлоосунда элек. Чоң энең байдын оор жумуштарын кылып жүрүп, бир күнү ооруп төшөккө жатып калды. Ал кезде доктур, оорукана деген жок болор эле. Мен ар кайсы тамырчыларга барып, акырында Кулунбай деген тамырчы чоң энеңдин тамырын кармап көрүп:

– Аркардын этинен арашан кайнатып берсең айыгат, – деди. Аркарлар тоо-тоонун башында эркин жүрүп, дүйүм чөптөрдүн бүрүн жейт, чын эле дарылыгы бардыр, – деп чын ишендим да аракетке түштүм. Ал кезде менде мылтык кайда. Айылыбыздагы Бакай деген мергендин бараңы бар эле. Асылып жатып бир чыгып келүүгө сурап алдым. Өзүм да анда-санда бирдеме ата коюп жүрүүчүмүн. Аркарлардын кайсы жерде болорун да билчү элем. Мен кой жайып чыккан төрлөрдөн анда-санда аларды учуратып калып, мылтыгымдын жоктугуна өкүнүп тим болчумун. Бакайдын бараңын асынып ушул Көлмөнүн Ой-Кашка-Суу деген коктусун өрдөп жөнөдүм. Ой-Кашка-Суунун төрүнө жакындап калганда, жыттуу көк гүл жыш чыккан бир аянтчада отурдум дагы, бир аз оозанып, эс алып, жонумдагы байлаган айранымдан ичейин деп чаначтын оозун чечтим. Айран өтө коюу болгондуктан жута албадым. Мен олтурган жердин туура жа-

гындагы төө таштын түбүнөн оргуп чыгып жаткан булактан кошуп, айранды чайкадым. Тим эле кымыз болуп калыптыр. Суусаган жаным жыргай түштүм.

Эки жагымды карадым. Эмне үчүндүр бир боз чымчык жаны калбай чыйпылдайт. Ал мен олтурган жерден тегеренип алыс кетпейт. Кээде төбөмө коно кала тургансып жакын келет. Кээде, менин жанымдагы уйдай таштын үстүнө конот, кайра учуп чөптөрдүн башына конот. Анын жаны-маны калбай чыйпылдаганына караганда мен уясына жакын олтуруп алдым го деп, эки жагымды карадым. Ал жайлоонун узун чөптөрүнүн арасына уя сала турган чыйпылдак деген боз чымчык экенин тааныдым, «Бул байкушту бекер чебелентпейинчи» деген ой менен орун которуп туруп бассам, үч кадам алдыга аяктай таштын түбүндөгү уяда төрт кызыл эт балапан бар экен. Мынча көрбөгөнүмдө басып алмак экенмин. Мен эңкейип карасам, төртөө тең сапсары болгон ооздорун ачышып, жем сурады. Энебиз курт тиштеп келди деди го? Аларды көрүп боорум ооруду. «Атам аркар атып келер бекен» деп менин Жапарым да ушинтип оозун ачат ко, деп санаам сай кыдырды. Ошол учурда баягы чымчык келип төбөмө айланды.

– Ой, чиркин эне ай, – деп мен оолак басып барып чоң таштын түбүнө олтуруп, аркарлар оттой турган жерлерге көз чаптырдым.

Олтурган жеримде мылтыгымды жакшылап дагы бир сыйра тазалап чыктым. Дүрмөттөдүм, дагы бир сыйра айланама көз жүгүрттүм.

Мына, менин жогору жагымдагы көк жайыкта жалгыз аркар жуушап жатат. Кызык! Аркар жалгыз жүрчү эмес эле. Калгандары кайда? Мен көзүм талыганча жерди артып карадым. Ал чынында жалгыз экен. Бирок,

анын алды жагында бүдүрөйгөн боз неме жатат. Көзүмдү айырбай карасам, ал козусу экен. Бул бир жактан куугунтук жеп, өзүнүн үйүрүнөн ажырап, баласын ээрчите качып келип ээн жер деп ушул төргө келгенин билдим. Эми кандайча кылып жакыныраак барыш керек?

Аркар башка кийиктерге караганда жытчыл жана көрөгөч болорун жакшы билчүмүн. Жер менен жер болуп сойлоп олтуруп, аркардын оң жак тушундагы таштын далдаасына келип карап жаттым. Ал менден шек алдыбы, же өзүнчө элеби, ордунан турду. Турар замат козусу кошо туруп, сереңдеп келип ээмп калды. Аркар тынч турду. Ошол учурда баласына сүтүн ийип берип жаткан го дедим.

Мен дагы кичине жылып барып мылтык сундурдум. Кароолго мелтиретип келип басып калдым эле, аркар түтүн менен кошо жыгылды. Козусу бир аз делдее түшүп тыбырчылап жаткан энесин жыттагылады. Аркар тура албай башын жерге чапкылап жатты. Анын туруп кете албастыгына көзүм жетип, жанына чуркап бардым. Ал кан жууп кеткен мойнун улам көтөрүп, алыстап качып бара жаткан козусун жалжылдай карады. Ошол учурда анын желмогузу, анын жан алгычы мен мылтыкты таянып жанында турсам, мага көңүл койбогондой эң акыркы жолу башын көтөрүп, козусу качкан жакты бир карады дагы, алсырап шайы кетип, жалооруган көздөрүн жума баштады. Анын ошол учурдагы алына катуу кайгырдым. Ал: «Мен болсо ажалдын огуна кабылдым. Дегиаралдым сен кутулар бекенсиң»– деген үмүт менен өз жанын коё туруп, баласын карагандыгы, мени ого бетер аянычтуу сезимге учуратты.

– Мына, эне деген ушундай болот, Эмилбек! – деп абышка сөзүн бүткөндө:

– Ошону атпай эле койсоң экен, – деп кемпиринин көз жашын аарчып жатканын көрдү.

– Ошондон кийин балалуу кийикти атканды койгомун. Уясы бар өрдөк, кекиликти атпай жүргүлө. Деги, балалуу нерсеге тийбегиле, – деди абышка.

– Чоң эне, жүрчү апама тамак алып баралы! – деп Эмилбек чоң энесинин мойнунан кучактады.

***Жаш ленинчи, 1956, №2***

## АК БАЙТАЛДЫН ИРИМИ

Апасынын «чийки суу ичпей жүр» деген тилин укпастан суудан суук тийип, сабагынан эки күн калган Медер бүгүн чоң атасы Алым менен үйдө олтурган эле. Апасы менен атасы кызматта. Алым абышка небереси Медерге ар түрлүү кептен салып олтуруп, эң аягында өзү көргөн окуяны мындай деп баштады:

– Медештай, угуп турчу, балам, апаңдын тилин албай, эки күн сабагыңдан калдың. Атаңын эмгегин эсиңе албай турган болдуң. Сени мектептен окуткан мугалимдериң, класс жетекчиси болсо, үйдө окуткан апан, атаң болот. Эне-атанын тилин албаган бала ээн өсөт да эселек, эси жок болуп калат. Эне-ата бала үчүн суукка тоңуп, ысыкка чыдайт. Мен дагы сенин атаң Маамытты жонума көтөрүп, жоолугума конфет түйүп берип баккамын. Чоң энең болсо, «ылай суу кечпе, ыгы жок ойнобо» деп күн-түнү аракеттенчү. Маамыт биздин тилди алып, тартиптүү болуп, азыр өзүнчө жакшы билим алып инженер деген атка конду. Эгер атаң тил албаган эселек, тентек болсо мындай жакшы адам болмок эмес. Анткени, ал мектепте мугалимдердин айткандарын угуп, үйдө

чоң энең экөөбүздүн тилибизди алуучу. Ойноймдегенде өзүбүз уруксат беруучубүз. Кээде бизге жардам бер деп иштетчүбүз. Маамыт атаң мына ошентип өскөн, балам.

Эми мен сага бир көргөнүмдү айтайын. Илгери-илгери сен эмес, сенин атаң Маамыт жокто, Мекелей деген жаман заман кезде Дордой деген бир бай бар эле. Мен ошонун жылкысын багуучу элем. Бир жыл эмгегиме бир тай, бир эчки алуучумун, аны да бир кулунун карышкырга жедирсем кармап калуучу. Дордойдун жылкысы көп болоор эле. Жылына 300–400 бээси тууучу.

Жаздын күнү, май айынын орто чени. Көкөмерен деген дайраны китептен окуп, картадан көрүп жүргөн чыгарсың. Көкөмерен – Суусамыр, Каракол деген эки суудан кошулуп, аскасы асман тиреген капчыгай менен агат. Ал капчыгайдын аты да Көкөмерен деп аталат. Ошол чоң сууну бойлоп, аскалардын алдынан, үстүнөн өткөн кыя жол болоор эле. Аны менен Суусамыр жайлоосуна эл көччү. Мен, дагы эки-үч жылкычы болуп, Дордойдун жылкысын чубатып калдык.

Көкөмерен дайрасынын аскадан-аскага артылып түшкөндөгү ак көбүктүү шары сөздү такыр эле угузбайт. Араңараң жаңдап сүйлөшөбүз. Ал эмес жылкылардын кишинегени араң-араң угулат. Капчыгайдын көркүн айтпа! Кекилик, чилдер жаңыдан чыгарган боз тоголок балапандарын таштан-ташка секиртип, артта калганын эне-аталары улам күтүп алып ээрчитип жүрүшөт. Дайранын наркы өйүзүндө жаш улактарын телчитип жанында турган кийик, эчкилерди көрөсүң. Суу бойлогон ак кайыңдар, чекчейген кызыл четиндер, күлжүйгөн кара теректер Көкөмерендин көбүк ыргыткан желине кубанат да, кулпунушат.

Боз чалма болуп күрпүлдөп кирген суудан коркпогон жалгыз жаныбар балык менен суу чымчык деген болсо

керек. Балыктар боорун жарк эттирип иримден-иримге секиришет да, кайра чулп этип шарга кирип кетишет. Суу чымчык деген жону кара, боору апапак чымчык болот. Ал жардан башы көрүнгөн таштарга конуп, күүлөнүп, куйругу менен бийлейт да, култ этип иримге кирип кайра чыгышат. Анткени, суунун киргени, асканын дайранын шарын тууpаганы, тегеректин сулуулугу силердин май майрамыңардай болсо керек.

Көкөмерен капчыгайынын кумдуу жерлеринде согон жапайы пыяз чыгат. Ошол кезде согондун болуп турган кези болот. Биз, жылкычылар, ар кайсы жерге түшө калып, чачысы самсаалаган согондордон канжыгабызга кабат-кабат бөктөрүнүп алып жүрүп олтурдук. Ат үстүндө кетип бара жатып, канжыгамдагы согондордон бирден чубап, ачуусуна карабастан бартылдатып жеп жүрүп отурдум.

Дордойдун жылкысы көпчүлүгү буурул болоор эле. Ырас арасында карасы, жээрдеси, торусу, сарысы да бар болучу. Көп жылкы узун жол менен чубалганда алдыарты эки-үч чакырымга чейин барат. Жаңыдан торолуп келе жаткан кулундар знелерин ээрчишип, эрбеңдешип кээде желип, кээде басышат. Кайсы бирлерин энелери улам токтоп эмизип алышып, дагы ээрчитип жөнөшөт.

Көкөмерен капчыгайынын орто ченинде «Сейиттин урункайы» деген бийик аска бар. Жол ошол асканын үстүнөн өтөөр эле. Алды жагы мелтиреген көк айлампа ирим. Көбүктөнгөн дайра килейген таштан артылып келип түшүп имерилип тынчый түшөт. Мына ошону ирим дейт.

Мен баккан жылкылардын арасында Ак байтал дей турган бир байтал бар эле. Өзү кооз, мойну, буттары ичке, жорго болучу. Жылкыны ак деп айтпайт, балам. Боз дейт. Биз Ак байталды ак дегенибиз ал сары болучу. Жылкынын сары түстөгүлөрүн кула, кер сары, гүлсары

жана ак сары дейт. Ал ак сары эле. Ошондуктан Ак байтал деп эркелетүүчү элек.

Биз көчүп бара жатканыбызда Ак байтал жанагы асканын үстүндөгү жолдо өзүнө окшогон татынакай ак сары кулун тууп, жаңыдан телчиктирип, эптеп-септеп эмизип турган экен. Анткени ал биринчи жолу тууганы ушул эле. Мындайды туңгуч деп коёт. Туңгуч мал бөтөнчө баласаак келет.

Чубаган жылкы Ак байталды жандап өтө албай токтоп калды. Анткени, жол тар да! Ошол убакта эки-үч жигити менен арт жактан жете келген Дордой:

– Кырылгырдын малы эмне үчүн кысталыш жерге токтоп калды? – деди.

– Бай, тетиги Ак байтал ушул жерге тууган экен, кулуну жакшы телчиге албай жатат.

– Тигини, «жаман уй жарда музоолойт» деген ушул. Эми бул кесепет үчүн түртүшүп далайы аскадан алыс кетишет. Карачы, шыкалышканын?! Тур, бар дагы кулунду сууга ыргытып жиберип, жылкыны чубат! Бол тез! – деп, бай мага акырая карап, буйрук берди.

– Байым, жаш кулунга убал го?

–Убалды эмне кыласың! Бир кулундан Дордой кедей болбойт! – Ал төшүн кага сүйлөп: – Ал үчүн калган малдан айрылайынбы?

– Мен жылкыны жолго салып, кулунду энеси менен алып калып, арт жактан барайын?

– Тигини, артта калып сейилдик курганы жатышын?! Бол, ыргыт дейм!

– Байым, сиздин деле бала бар го, бала бардык жанга бирдей эмеспи, – деп мен жер карадым эле:

– Сен мага акыл айтпа дейм? Ыргыт, ыргыт! – деп демитти.

Мен байдын заардуу буйругуна баш ийип, кулундун жанына келдим. Бирок энесине окшогон татынакай кулунду көрүп, уулум Маамытымды элестеттим. Атаң ошол кезде төрт жашар болучу балам. Анын үстүнө Ак байтал кулунуна улам имерилип окуранып, түшө калып, жыттагылап эмизип турат.

–Бол, тез эми! – деди бай.

Мен дагы жакындап бардым. Ошол учурда кулунун кызганып Ак байтал мага чунаңдады. Ал улам баласын имерди. Мен анын бирден-бир ырыскысы, таалайы, эрмеги – жалгыз кулунун алып кетчүүчү жалаңкычындай сезилдим да, кайра кетенчиктедим. Кылчактап Дордой байды карадым.

– Бул сенин малыңбы, менин малымбы? Ыргыт! – деп мага боржойгон кара чаар жүзүн үйүрдү. Мен бардык кайратымды жыйдым дагы:

– Жок, бай, колум барбай турат. Дордой аттан ыргып түштү дагы, мени акырая карады. Ошол учурда аскадан мени түртөбү деп жаным калган жок.

– Жаман алында боорукерин? Сенин колуң барбаса өзүмдүн колум барат, – деп кулунду кучактады. Ушул учурда Дордой менин көзүмө анык мыкаачы болуп көрүндү. Ал эми Ак байталдын көзүнө кандай көрүнгөнү белгилүү го?! Алсыз кулун тыбырады, туйлады. Ал эми энеси болсо кулунду эмне кылаарын билбесе да, чебеленип түшө калып турду. Дордой ага карабастан бийик асканын кырынан келип, ыргытаарда мен көзүмдү жуумп жибердим. Ал кулунду ылдый карай урду да, атына минип кылчайбастан жүрүп кетти.

Ой, эне чиркин ай! Ак байтал чебеленди, чыңырды, кишенеди. Аңгыча болбой асканын кырына келип; айланган көк иримди карап мойнун созду. Андан тырба-

лаңдып, жан талашып калкып жүргөн ак кулунду – жалгыз каралдысын көрүп, алды жагын улам жыттагылап туруп, кулунун куткаруу үчүн аскадан боюн таштады. Мен көргүм келбесе дагы, кайрат жыйып карап турдум. Ак байтал өлбөй калды. Суунун тереңинен түбүндөгү ташка тийген эмес көрүнөт. Суудан чумкуп чыгары менен башын силкип кулунун издеди. Кулун да калкыды, энеси да калкыды. Бир маалда баласын карай кылкылдап сүзүп, тумшугу менен түртүп кулунду суунун наркы өйүзүн карай четтетти. Ал ажалдан өзүнүн да, баласынын да жанын талашты. Нечен аракет менен улам түртүп олтуруп, акыры суунун наркы өйүзүнө чыгарып кетти. Өйүздө азыраак кумайлуу жер бар эле. А дегенде ошого жетишип, анан кулунду тамтаңдатып ээрчитип, сеңселген ак кайыңдын түбүндөгү көк чөптүү жерге алып барып, эмизүүнүн аракетине киришти. Ошондон кийин ушул жер Ак байталдын ирими деп аталып калган, балам.

Мына ошентип ажалды эненин жүрөктөгү сүйүүсү жеңди.

– Анан кулун эмне болду? – деди Медер чоң атасына карап:

Анан мен санаам тыңгылык болгондон кийин, чубаган жылкынын артынан кеттим. Кеч киргенде биздин айыл Көкжайык деген конушка конду. Мен жылкыларды жайытка таштадым да, Кысык деген жердеги солкулдак жаман көпүрөдөн атымды жетелеп өтүп алып, Ак байталды кулуну менен жеткирүү үчүн жөнөдүм.

Ай сүттөй жарык. Капчыгайдагы түн кандай сонун. Кээ жерге көлөкө түшсө, кээ бир жерге айдын нуру төгүлөт. Ар кайсы жердеги карагандардан суунун шарына аралаш:

– Сүт ак! Сүт ак! Сүт ак! – деген үндөр угулат. Ал сүтак деген түндө сайрай турган чымчыктын үнү. Анда-санда:

«Бау! Бау! Бау!» деп бабыргандын үнү угулат. Кээ бир учурда борс, борс үргөн түлкүнүн үнүн кулагым чалат.

Мына ошентип бара жатам. Кээде жакшы жол, кээде жаман жолго кезигем. Айдын жарыгы болбосо кыйналмак экенмин. Суу бойлогон муздак жел ичиркентип бетке тийгенде, жаздын кыска түнү аяктап таң белгисин берди го деймин. Бир маалда алыстан улуган карышкырдын үнү угулду. Менин бүткөн боюм дүрүлдөй, жүрөгүм шуу дей түштү. Ал менин корккондугуман эмес, балам. Баягы кулун эсиме түшө калды… Жаздын ушул мезгилинде карышкырлар өзүлөрүнүн бөлтүрүктөрүн тууйт. Карышкырдын күчүгүн бөлтүрүк дейт, билип ал. Ошол бөлтүрүктөрүнө жем таап берүү үчүн түн бою жортуп чыгышат да, күндүз аларды багат, үйрөтөт.

Жанагы улуганы, бирин-бири чакырганы болот. Кээде бирден, кээде экиден болуп алышып, алда кайдан жем издешет. Ушул мезгилде өтө жырткыч келишет. Менин санаам алда кайда кетти…

Байкуш Ак байтал өз жанынан кечип жатып куткарып алган кулунун ач карышкырдын бөлтүрүктөрүнө жем кылып жибердиби, же өзү да ошондой болдубу? Балким ушул азыр да анын татынакай аппак кулунуна, арсайган карышкыр тап берип жаткандыр?! Курган эне кулунуна түшө калып аны төрт аягына катып «сага бербейм» деп, кээде тээп, кээде тиштеп, эне кайратын кылып, жан талашып жатат бекен? Ээн капчыгайда жалгыз калган шордуурга ким жардам бермек? Жарыкка жаңыдан чыккан жаш кулун коргонууну кайдан билет? Кайра улам эмчекке тырмышып энесине тоскоол болуп жатабы?

Ушулардын баарын элестетип, жолдун татаалдыгына карабастан ылдамдата бастырдым. Кокус карышкыр жакын бара электир деп капчыгайдын аскасын жаңыр-

тып кыйкырдым. Жакын жерде адам бар экен десин дедим.

Кулун түшкөн көк иримге жакындаганда суйсалган сулуу таң атты. Ак байтал кулунун эмизип олтуруптур. Кубанып кеттим. Көзүнөн караан учуп турган неме мени көрүп алды да кишенеп жиберди. Ал анын кубанычы эмеспи. Кулун тыпылдап тыңып калыптыр. Кээде өңөрүп, кээде ээрчитип олтуруп күн батаарда аман-эсен айылга жеткирдим. Эшикте эл менен олтурган Дордой, сараң неме тигил экөөнүн амандыгын билип, кубанганынан:

– Алым, быйылкы жыл үчүн, алдыкы кулунду сен ал, – деди.

– Ракмат, байым, – деп мен да сүйүндүм.

– Анан эмне болду, чоң ата? – деп Медер абышкага тигиле карады.

Анан ал кулундун атын Аксары коюп атаң Маамытка энчилеп бердим. Энеси оттоп жатса, оюн салып башынан аттап ойноочу. Ошондуктан күлүк болотко деп ичимен ойлоочу элем. Келерки жазда керилген сонун тай болду. Балдар үйрөтүп алып жарышса, баарынан чыгуучу. Тайында кунандардан, кунанында чоң аттардан чыгып, Маамыттын Аксарысы деген атактуу күлүк болду.

Бир күнү Дордой мени үйүнө чакырып алып:

– Сенин кайсы атаң күлүк чапты эле? Же атаңдан калган ат беле? – деп кайра алып койду. Ордуна түйтөйгөн чабдар тай берди.

– Чоң ата, сен Дордойду милицияга айтып, сотко берип эле Аксарыны кайра албайсыңбы, анан?– деп Медер чоң атасына аянычтуу карады.

– Ээ, балам, ал кезде милийса деле, сот деле ошол Дордой өзү болучу. Андайларды тетиги атаң – абышка

сөөмөйү менен Лениндин сүрөтүн көрсөтүп, – Жок кылып бизге теңдикти алып берди, – деди.

Абышка аңгемесин токтотуп:

– Балам, көрдүңбү? Эне деген эмне экенин билдиңби? Мындан кийин эне-атаңдын тилин аласыңбы?– деди. Медер ойлоно түштү да:

– Дайым алам, чоң ата!

**«АКЫН»**

***I***

Ар ким көргөнүн жазат. Ошондуктан ушул аңгемеде мен анык көргөнүмдү жазам. Ушул азыр да эмгек кылбагандарды көрсөң, өмүрүндө жүзүн жуубаган немени көргөндөй жийиркенесиң. Жаныңа жолоткуң, үйүңө киргизгиң келбейт. Ырас, элдин баары эмгек кылат. Бирин– серин эмгектен качкандар «чөп башылап» кызмат кыла башташты.

Ырас, ар кимдин өзүнчө кесиби бар. Ар ким өз кесиби боюнча эмгек кылат. Бирок, кандай кесип? Ушул кесип жөнүндө бир топ талаштар бар. Кандай талаш? Кимдер талашат? Кесиптен куру калгандар талашат да. «Кесиптен кантип куру калышты экен?» деп сурарсыңар. Бул суроого жооп эң оңой… Алар төмөнкүлөр:

Биринчиси – мурун райондун «көрүнүктүү» кызматчысы болуп жүрүп, кийин кызматтан алынып, кайнагаларыныкында. Алты-жети ай жатып, аларды жүдөтүп, азыр кызмат издеп чыккандар. Экинчиси – мурун айыл мектебинде мугалим болуп (кышкысын отун үчүн директор боло калып) быйылкы аттестацияда (мугалимдердин сыноосунда) жай бөлчөктү жакшы чыгаралбай калып, мугалимдик-

тен бошотулуп, колхоздо иштөөгө моюн жар бербей айыл менен шаардын ортосунда же тебетей кийбей, же шапке кийбей калгандар. Үчүнчүсү – «чоңдор» десе, баласынын ойногон мышыгынан өйдө ала чуркап бирөөгө жагынып, бизди жамандап жүргөн кошоматчылар. Төртүнчүсү – агрономдук окуусун үч ай окуп, доктордук окуусун эки ай окуп, соттун курсунан окуп жатып «ооруп» калып, азыр же айкүр эмес, же таа эмес болгон «интеллигенттер» жана ушул сыяктуулар.

Булардын баары ушул күндө ичинен азап тартып жүрүшөт. Анткени «эмгектин тартибин жолго коюу жөнүндөгү» партия менен өкмөттүн токтому бардык жерде кең жүргүзүлүп жатат. Ар ким өз билген ишинде иштейт. Жогорку мен эсептеп өткөндөрдүн колунан же докторлук, же инженерлик, же мугалимдик келбейт. Кара жумуш иштөөгө моюндары жар бербейт. Алар ичинен ойлошот: «Кесиптүү болуу үчүн окуу керек… окуюн десем жаш өтүбүрөөк кетти, эң жок дегенде Токмок менен Балыкчынын ортосуна шофер болуп алсамчы…»

Мына ушундай ойлор менен башын айлантып, эмне кыларын билбей эси кетип жүрүшөт. Айласы кеткенде өтө жакындарына акыл салышат. Жакындары мындай деп акыл айтат: «Жаныңа тынч десең мугалим болууга тырыш, акчаны көп табам десең акын бол!» дейт. Ырас эле, акындык жагына асылып көрсөм кандай болор экен. Мугалимдик болсо колуман келбейт. Ушул акындыктан түзүгү жок ушул… ушул… деген жыйынтыкка келет.

## *II*

Силерге калп болбоо үчүн, айласыздан болгон бир «акындын» тарыхын айтып берейин. (Атын ачып айтпай эле ко-

ёюн. Анткени талма оорусу болсо, эки күнү ишинен калат. Ачуусу келет. Нерви кайнайт... Мени чийкилей жегиси келет...) Силердин эсиңерде калуу үчүн ошол «Акынга» өзүбүзчө ат коёлу: мейли Торгой Булбулбаев болсун.

Ушул Торгой Булбулбаевди бир топ жылдан бери билем. Мындан бир топ жыл мурун кооператив техникумунан төрт ай окуп, анан акча техникумуна кирип, анда азыраак окуп жүрүп: «Бухгалтер болуп, акчага сынып, кесилип жүргөндөн көрө» деп андан да чыккан. Андан кийин өз айылына барып биринчи класстын мугалими болуп жүрүүчү эле. Ал жерден үйлөндү.. Аялы да мугалим болду. Мен алардыкына көп баруучу элем. Терезесинде жыйылып турган эсеп, химия, ботаника китептерин көрчү элем. Бир дагы кооз адабият китебин учуратуучу эмесмин. Булбулбаев менен сүйлөшкөндө:

– Акын-жазуучулар «жарамазанчыга» окшогон бир кызык калксыңар ээ, – деп шылдың аралаштырып күлүп коючу эле.

– Артисттер менен жазуучулар калпты-чынды аралаштырып оокат кылышат да, – деп аялы бир жактан чыгуучу.

– Ырас, окуп-окуп мугалим болгондон жакшысы жок, – деп мен көңүл улоочу элем.

– Зээндүү кишилер окубай деле мугалим болот. Мен эч нерсе бүтпөй эле эки жылдан бери мугалим болуп жүрбөймүнбү, – деп мактануучу Булбулбаев.

Мындан үч жыл мурун болгон мугалимдердин аттестациясында жарабай, окуу китептерин кучактап, мектептен сүрүлүп чыккан эле.

Шаардан мага учураган сайын ал-абал, сыр сурашып Торгой экөөбүз көпкө чейин сүйлөшчү элек. Адегенде «сыр» билгизбей: «ал-абал мыкты. Үйүм паланча көчөдө, түкүнчө

номурлуу. Өзүм паланча кызматта иштеймин» деп жүрчү эле... Бара-бара учураган сайын эмне үчүндүр башкача боло баштады... Жолукканда: «Амансыңбы?» дегенден кийин эле «айлыгың канча» деп сүйлөшчү болду. Бул сөзүнөн кызматы жайсыз экенин билүүчү элем. Анткени айылда мугалимдиктен сүрүлгөн кишиге шаарда ого бетер кыйын эмеспи.

Кийинки бир кездешкенде «ылайыктуу кызмат бар болду бекен» деп сурады. «Шаардык мончого кассир керек» деп газетада кулактандыруу жүрөт эле деген сөздү айтайын деп ойлоп, уруша кетерин билип оозумду жыйдым. Анткени андан башка ага ылайыктуу мен билген кызмат жок эле.

Ушинтип Булбулбаев экөөбүз көп кеңешчү болдук. Ал мага бардык сырын жашырбай айтат.

– Өзүңө окшогон көп эле көңүлү жакындар менен сүйлөштүм, – дейт Торгой. Көпчүлүгү артист бол, театрга өт дешет, жакында жаңы артисттерди алат экен ошого барып көрсөм кантет.

– Ушунча болуп сенин ырдаганыңды уга элекмин. Үнүң жакшыбы?

– Бала кезде жакшы эле ырдоочу элем. Азыр өзүм да ырдай элекмин, – деп күлгөн болду.

– Ар дайым эле опера болуп турмак беле, драмтеатрдын жакшы артисти болсо болду да.

– Мен да ошол драма жагына ал дейм го. Ушул артисттик да түзүк оокат көрүнөт. Бетиңе боёк сүйкөп алып, дептерге жазылган сөздөрдү жаттап айтып берүүнүн эмне кыйыны бар? Артист эле болоюн,– деди. «Артист болуу үчүн талант керек. Эгер өтсөң азабыңды режиссер берер» деп ичимен ойлоп:

– Бар, эгер алса театрга кир, сендей неме колго түшкөн уурунун ролун аткаруучу эле, – деп тамашаладым.

### III

– Сенден жашырып эмне кылайын, – дейт Торгой, – менин бардык башымдан өткөргөнүмдү ук. Өзүң билесиң, былтыртан бери театрда иштейм. Режиссер сүйлөнгөндөн бери аялым театрга келбей койду. Адегенде эки ай эч нерсени иштебей эле мага көшөгө тарттырып койду. Үч ай суфлер болдум Андан аялдын айта турган сөзүн эркекке окуп берип, эртесинде бир сөгүш алдым. Ай, ай... артист болгондон көрө тынч гана арабакеч болгон жакшы экен. Баарынан режиссер дегендин азабычы... кайкаласаң да жакпайсың, эңкейсең да жакпайсың... «Тактайга тизең менен жыгылып түш» дейт, жыгылып түшөм. «Ыйла» дейт ыйлайм... «күл» дейт, жинди болгон немедей күлөм... Баары да жакпайт. «Ажал ордунада» качкын кыргыздын ролун аткарасың дешти... Куп, болот,– дедим. Ырдаган кыргызга кошулуп ырдасам: «Үнүң кошок билбеген кемпирдин үнүндөй экен» дейт режиссер. Айлам кеткенде ырдаган элдин оозуна карап оозуму ачып, жаба берем. «Жөнөкөй кыргыздын ролун аткара албайсың... мандаш токунуп отурууну үйрөн! Өтө эле интеллигент болуп көнгөн неме экенсиң»,– деп жеп салды. «Деги театрдан чыкканда, көчөлөрдө учураган колхозчуларды көрүп, кыргыздын кебетесин үйрөнсөң боло» дейт режиссер. Мен аялымы ээрчитип атайын базарга барам. Жүгөрү саткан, чөп саткан кыргыздарды көрөм. Кайдан келгенин сурайм... кебетесин карайм. Режиссер «үйрөн» деген. Эмнесин үйрөнөм? Баары эле төкөлдөштүк колхозчулар... Мага Ысык-Көлдөн келген колхозчулар керек. Анткени пьесадагы окуя Ысык-Көлдө болгон. Төкөлдөштүн колхозчулары менен Ысык-Көлдүн ортосунда айырма чоң. Төкөлдөштөн үйрөнүп барсам режиссер дагы курутат. Ысык-Көлдүктөр тебетей, калпак

кийишет. Төкөлдөштүктөр болсо шапке кийүүчү болушуптур. Башына тебетей кийсе, бутуна батинке кийишет. Айтор, айырма чоң... эч нерсе үйрөнө албайсың... Ушул бойдон кайра режиссерго барасың. Ага эмне деп жооп айтам. Кыргыз таппай койдум дейминби? Айтор, артисттик мага жага турган эмес... «Артист болуу үчүн ык керек, талант керек, билим керек. Ар киши эле артист боло албайт... Андан көрө башка кызмат тапкын жолдош Булбулбаев», деди режиссер бир күнү. Ошондон баштап театрдан үмүт үздүм... Эми театрга билетти бекер берсе да келбеймин. Бул кесипти койдум... – деп аңгемесин бүттү Торгой.

– Эми эмне кылайын дейсиң?

– Деги искусствону жакшы көрөм. Ушунун тегерегинен чыкпасам дейм, – деди.

– Кино жагына ооюн дейсиңби же сүрөтчүлүккөбү?

– Ой оңбогур, акындык жагына такыр жолоткуң келбейт ээ?! – деп мага өпкөлөгөн болуп күлдү.

– Кудай жалгасын, акын болсоң андан жакшы, бирок, акындыкты жаман көрчү эмес белең, – дедим.

– «Бажа-бажаны көрсө башы кычышат» эмеспи. Мен мугалим болуп жүргөндө эле ыр жазуучумун. Акындын ичи тар болот эмеспи. Бири-бирин көрө алышпайт го. Ага таарынба, – деди Торгой.

Торгойго акын болууну ким айтты болду экен. Мурун эч жазбаганын жакшы билем. Кийинки күндөрдө анын ырлары кээ бир газеталарга, журналга чыга баштады. Анын ырларынын подписи (аты, фамилиясы) коюлбаса да, мен дароо тааныйм. Токемдин ырлары мындай деп башталат:

«Биздин жыргал заманда
Жарык тийди ааламга.
Бакыт тийди адамга...
Анан «каламга», «кадамга» ж.б болуп узара берет.

Булбулбаев көп убакка чейин мага келип ырларын окуп жүрдү. Мен анын катасын көрсөтсөм «өзүң эч нерсе билбейсиң» деп кетчү болду. Бирок ал мени менен сырдашып, бүгүнкү жазган ырын бүгүн, эртеңки жазган ырын эртең окуп берет. Майда ырлары кандай жазса ошондой эле газетага чыга калат. Анткени саясий жагынан туура... уйкашы өз ордунда... кармап туралбайсың...

Бара-бара майда ырлар калып, поэма дегендерге түшө баштады. Бир күнү мага чоң дептер толгон поэма көтөрүп кирди (чынын айтайын, майда ырларын араң укчу элем, поэмасын көрүп алып, эсим чыгып кетти). Жакын отуруп алып поэмасын окуй баштады.

«Колума алдым каламды,
Муруңку доор караңгы.
Тарых айтып турган соң
Жашырып аны жабамбы?...»

ж.б. деп созо берди. Чынын айтайын, ал аны окуп жатканда мен: «Сенде акындыктын жыты да жок. Ырыңды газетага чыгарып коюп, сен экөөбүздү тең убара кылган редактор оңбосун... Ушуну окугандан көрө аялыңдын кошогун алып келип окуп берсеңчи...» деп ичимен ар нерселерди ойлоп жатып үргүлөй баштадым.

Ал поэмасын окуп бүткөнүн билбейм. Же бүтпөй эле кетип калганбы, белгисиз. Мен кызык уйкуга кетипмин... Ал ошондон бери мага ыр окуганын койду. Мен да сүйүнүп калдым.

Торгой Булбулбаевдин бир жакшы «касиети», күндөлүк газетаны окуп жүрөт дагы, кандай жаңы окуя болсо дароо ыр жазмакка киришет. Акындык кесипке ээ болгондон бери мурунку мүнөздөрүнөн башкача боло баштады. Сүйлөсө «лирика», «поэма», «поэзия», «талант» деген жаңы үйрөнгөн сөздөрүн аралаштыра сүйлөчү болду. Му-

рун редактордун кабинетине кирүүдөн чочучу эле, эми сыя челектин маңдайына чукул отуруп алып, ырын баспай койгон күнү редактор менен силкилдешүүгө жарап калды. Жыйналыштарда: «Биз жазуучулар! Адам жанын куруучу...» деп баштоочу болду.

Булбулбаевдин алдында мен айыптуумун (чынын айтайын, күнөөмдү кечире көр!). Бир күнү үйүнө барсам өзү жок экен, столунун тартмасын кокустан ача коёмун деп, «кол жазмасын» көрдүм. Окусам кат экен. Улам кызыгып отуруп бүт окуп чыктым. Катын өзүнө окшогон кесиптен куру калган немеге жазса керек.

Анын мен уурдаган каты мына:

«Кадырлуу досум! Сен өткөн катыңда менден акыл сурапсың. Акыл таптым. Тилимди ал... Менин айтар кеңешим – акын бол. Акын болуу ат такалагандан да арзан экен. Мен деле сага окшош эмес белем. «Ырды кантип жазам» деп ойлорсуң. Эң эле оңой... адегенде ыр китептерди көп сатып ал, былтыркы, мурдагы жылкы чыккан газеталарды таап алып, ыры болсо кыркып ката бер (маа да, саа да кереги тиет. Кээ бир ырлардын аягынан, башынан кыркып ал (муунуна кара), маанисине карап жабыштырып, өзүң да уйкалыштырып бир неме кошуп кой (кат билесиң, «акылды», «какылды» ж.б. уйкаш сөздөрдү деги билесиң). Эң негизгиси саясый жагынан жаңылба. Редактор билбейт. Ал былтыркы ырларды жаттап жүрүптүрбү? Ырдын ээси сени менен мушташа албайт. Чатакты чоң көтөрөм десе: «таланты бирдей келсе, ырлары да окшош болот» деп кутулабыз. Адегенде бир-эки ырың чыгып элге тааныласың. Анан акындарга тааныш болосуң. Жыйналыштарда бирин-бири мактошат (ошол мактагандардын бири мен), сын деген аз болот. Менин айтар акылым ушул. Мындай оңой кесипти

өмүрүмдө көргөн эмесмин. Баарынан да акчасы (бир жолу – он сом)!..

Кош, колуңду кысып акындык саламым менен Б.Торгой».

Мына! Оңой кесип издегендер дароо эле Торгойду табышсын. Азыр Торгой акын... Мугалимиң менен иши жок. Режиссерду кежигемдин чуңкуру көрсүн деп айтат дейт. Жакында ырлар жыйнагынын үчүнчү китебин тапшырыптыр деп уктум. Эми аны акындардын арасынан сынамак тургай, укурук менен куусаң да чыгара албайсың.

Жаман көрбө, Торгой жолдош! Сенин атыңды айтпасам да, ичиңди ачып койдум. Келечегиңди күтөм.

## ТОЛКУН

Чыгармачылык менен жүргөн кишинин башкалардыкынан айырмасы чоң. Чыгармачылар деп обончулар, сүрөтчүлөр, жазуучуларды айтабыз. Бул эң кыйын кесиптер. Анткени бирдеме чыгаргың келсе ошого бүт берилишиң керек. Маселен обончу – обон чыгарганы жатканда эркин болуусу тийиш. Ал чыгара турган обонун а дегенде ичинен күңүлдөп, анан барып сыртына чыгарып, акырында гана нота же инструментке сала баштайт эмеспи. Демек, ээндик керек.

Эми жогорто мен айткан чыгармачылардын ичинен токтолуп өтөрүбүз – жазуучулук. Жазуучу – ал адегенде жаза турган окуясына толкундайт, анан барып ага бүт берилет да калем алып, эки билекти түрүп коюп столго олтурат. Олтургандан кийин да машакаты бар: ошол толкунданган оюң менен жазганыңдын башынан аягына чейин чыгышың керек. Кыскасы толкунду жүрөккө бек кар-

май билиш керек. Болбосо, баштап келип айнып кетмейлер да болот. Айнуу ар жазуучунун жүрөгүнө жараша чыгат. Жүрөгү кабелтеңдер олтуруп ойлогонун жаза беришет. Жүрөгү назиктер кызуу жазып жаткан учурунда мурдуна чымын конуп кетсе эле толкуну токтоп, ындыны өчүп, ордунан тура калат.

Көбүнчө акындыкы кыйын. Акындардын ичинде да «Лирик» дегендерибиз болот. Булардын жүрөгү жаңыдан сүйүүнү түшүнгөн кыздыкынан да назик. Ушундай «лирик» акындын бирөөнү жакшы билем. Ал көп жылдан бери жазат, нечен китептерге ээ болду. Толкундабай такыр жазалбайт. Өзү оңой менен да толкундабайт. Толкундоо үчүн бир шарты келсе, бири келбейт. Маселен ай жарык болсо шаркыраган суу жок, суу болсо булбул жок. Ушинтип ары – бери удургуп көптөн бери жазбай да калды. Ал бир күнү толкундап келди да столуна олтуруп калемди алды. Бир колун жаагына таянып ыр баштады:

«Оймок ооз, капкара көз, кырдач мурун,
Салпылдап сага жетпей, ай курудум», –

деп жазып, калган уйкашын ойлоп жаткан кезинде эмнеликтендир электр өчүп калды. Мына эми толкун бул акындын жүрөгүнөн качты. Эми жаза албайт. Жарык бир аздан кийин эле кайра күйдү, «лирик» ага да болгон жок. Эмне кыларын билбей ордунан туруп эки колун «Ф» тамгасына окшотуп бөйрөгүнө такап ары-бери басты. Анын жазбай эле басып жүргөнүн көрүп, аялы оозгу үйдөн башбакты эле:

– Чылапчынга муздак суу алып келчи, – деди.

– Башыңы жууйсуңбу?

– Жоок. Бутум ысып кетти. Ошол муздак сууга салып коюп жазам, – деп батинкесин дароо чечип ыргытып ийди, столдун алдындагы муздак сууга эки бутун салып кайра

олтурду. Бирок ал да пайда кылбады. Баары бир толкундай алган жок... Кайра туруп терезени чоң ачып эшикти карады. Салкын түн. Ай тийип турат. Бактын арасындагы арыкта суу жылтылдап агып жатат. «Лирик» карап туруп жаңы толкунга минди. Жүрөгүнө толкун пайда болду... Кайра келип столуна олтуруп, мурунку баштаган ырын сызып таштап жаңысын баштады:

«Ай жаркырап
Суу шаркырап», –

деп келе жатып толкун менен чылапчындын кырын басып алды да андагы суу тактайга жайнай түштү. Акын кайра кабагын чытыды... Толкун дагы качты... Ушуну менен калемди таштап ал ордунан туруп кетти.

Ушинетип биздин «лирик» акын көп күндөн бери, кыйналып жүрөт. Чын эле «лирика» жазган акындар толкун издеген маалында өңдөрүнөн азып кетишет экен. Анткени: «Булбул», «толкун», «жүрөк», «кызыл гүл», «ай» деген сөздөрдү өңүндө да, түшүндө да айтып жүрүшүп, аларды самап кыйналышат тура. Кээ бир акындар түшүндө жалаң гана Манас менен кошо жүрүшөт деп уктум.

Мен жазып олтурган акын: «Толкун чакырар бекен» деп арак ичип да жазып көрдү. Ырас, бир стопка ичкенде бою башы жибип, кичине фантазиялар чыга баштады: экинчисин ичкенде мына лириканы ошондо жазгысы келди да калемди ала коюп блокнотуна бирдемени бат–бат айдатты да кайра үчүнчүсүн ичүүгө кылчактады, аны тартып ийгенден кийин барды да мышык менен ойноп олтуруп алды. Төртүнчүсүн соккондон кийин аялы менен урушуп жатып алды деп уктум. Өзүм көргөн жокмун.

Баягы стопканы уруп туруп жазган ырын эртеси окуп алып ойду-тоону дөөрүгөнүн өзү да сезди дешет. Ошол түнкү уктаганында мындай түш көрдү: «Бактын арасы,

салкын түн. Ай жаркырап тийип турат. Түбүндө биздин акын уктаган жаш кайыңдын бутагында булбулдар сайрап турат. Сайрашат да «Лириктен» коркпой анын кроватынын башындагы салаңдаган кызыл гүлдөрдү келип чокушат. Карачач, кырдач мурун, ичке бел, оймок ооз (унутуп калыпмын көзү да кара?!) кыз арык, дагы бир балаалар койгон патунусун көтөрүп шаркыраган тунук булактын суусун балтырына чыгара кечип чыгып жазып жаткан лириктин жанына келип олтурат. Олтурат да анын ырларынан коңгуроодой үнү менен ырдайт, ал ырдап жатканда биздин лирик ойгонуп кетет. Ойгонсо перинин кызы эмес эле, баягы карала мышыгы эшикке чыга албай тырмалап, мыёлоп жаткан экен. Биздин акын уйкулуу көзүн ушалап, куйкасын тырмалайт да, оозун кере ачып эстеп: «Кап! Түндөгү түштөй болсо толкубас белем а?» дейт.

*Ленинчил жаш, 1946, 27-октябрь*

## КӨРЖЕМЕЧИ

Айнагүл менен Зулайка университетке киргенден тартып бүтөөр-бүткөнчө бири-бирине өтө ынак эле. Алардын ортосунда айтылбаган сыр, ойлобогон ой калган эмес.

Бирок эң биринчи алдыга койгон максаты – университетти ийгиликтүү бүтүп, элине кызмат кылуу болучу. Кыздын кыялы комуздун кылындай болот эмеспи, алар өзүлөрүнөн башка эч кимге чыгарбай келечек турмушту, үй-бүлөнү сүйлөшүп, кайра каткырып күлүп жиберишчү.

– Кой, адегенде окууну бүтөлүчү!

Чын. Айнагүл да, Зулайка да самаган максатына жетишти. Окууну жакшы бүтүштү. Зулайка өзү жактырып

жүргөн жигити Алаңбай менен Жалал–Абадга кетти. Алар ал жерден турмуш курушуп, күйөөсү орто мектепке директор, өзү мугалим болуп иштеп жүрүштү. Эки жаштын тирлик турмушу жаркырап жайнап өтө берди.

Айнагүл сүйлөшүп жүргөнү Темирбек болуп Фрунзеде калышкан. Мына ошентип эки кыздын «үйлөнүү тоюбузду чогуу өткөрөлү» дешкен максаты гана ордунан чыккан жок. Ал эми үй турмуш жөнүндөгү максатычы? Балалуу болуу, бактылуу болуучу? Ал жөнүндө сөз төмөндө болот.

Жылдан жылдар өттү. Алаңбай директор, Зулайка мугалим болуп иштеп жүрүшүп, алар куралгандан-куралып жакшы шарттуу, оокат-тиричиликтүү болушту. Ал гана түгүл Эркинбек, Эмилбек деген эки уулдуу болушту. Дем алыш күнүн калтырбай коноктордо болушуп, өзүлөрү да жайыл дасторкон экендигин билдирип дайым конок чакырышчу.

Албетте, андай жерлерде жалаң сүт ичип, быштакты закуска кылбайт эмеспи, арак, винолор мол коюлуучу. Жалаң гана дем алыштын эртеси башы зыңгыраган Алаңбай жүз элүүнү жутуп жиберип, мектепке кирүүчү болду. Демек класска кызуу кирүү адатка айланды. Эл арасында «табат да ичет, табат да ичет» деген сөздөр тарай баштады. Аны уккан Зулайка уялып, кечинде Алаңбайга:

– Сен байкайсыңбы? Эмне болуп бара жатасың? Башта ушундай белең? Кадырың кетип бара жатат.

– Ээ, мен эмне болмок элем... Коём десем эле коюп коёмун. Келе, бир бөтөлкө алып кел. Ошону ичип анан такыр таштаймын, – деп Зулайканы сооротткон болуп, кайра эле иче берүүчү.

Алаңбай бара-бара адам баласынын ажыдаары – арактын курчоосуна түшүп чыга албай калды. Акырындык

менен директорлуктан түшүп, жөнөкөй мугалим болуп, анан андан да ыргыды дагы, жалаң Зулайканын тапканына таянып бош калды. А, Айнагүлдөрчү?

Айнагүл баягы эле Темирбек экөө Фрунзеде. Алар бир кыз, бир эркектүү болушкан. Айнагүл мугалим. Темирбек болсо, бир көрүнүктүү чарба кызматчысы болуп кеткен. Ал түгүл «Москвич» машинасы бар. Турмуштары жакшы. Заңгыраган жаңы үйлөрдүн биринде турат. Бирок... Ошол «бирок» жөнүндө дагы айтабыз. Жайдын толук кези эле. Алаңбай эч жерде иштебей калгандан кийин үй-бүлөөсү менен өзүнүн айлы – Фрунзенин тегерегиндеги бир колхозго көчүп келген. Мурунку иштеген жеринен эң жакшы мүнөздөмө алып, Зулайка иш жөнүндө Эл агартуу министерствосуна келген эле. Жумушун бүтүп, жай баракат Дзержинский бульвары менен кетип бара жатканда алдынан Айнагүл чыга калды. Экөө тең: «баа!» – деп бакырып жибере жаздашты. Кучакташа кетти. Экөөнүн көздөрүнөн тең жаш кылгыра түштү. Сен кайдан, мен кайдан деген сөздөрү бүткөндөн кийин:

– Жүрү биздикине, – деди Айнагүл.

Экөө жолдо эмнени гана сүйлөшөөрүн билишпей, «баягы, баягы» дешип,– биринин оозунан сөздү бири жулуп сүйлөп жүрүп олтурушуп Айнагүлдөрдүкүнө кандай келгенин өзүлөрү да билбей калышты. Зулайка диванга олтурар замат, Айнагүл ашкана жактагы жумуштарына шашып жөнөдү. Бардык аялдын адаты эмеспи, тигил ашканадан келгенче Зулайка тегеректин баарына көз чаптырып чыкты. Үй ичи кандай жасалгалуу, барлыгы өз ордунда жана кымбат буюмдар. Ал азыркы олтурган шартты, өзүнүн шарты менен салыштыра койду да, бир үшкүрүп алды. Бул үшкүрүк ичи тарлыктан чыккан үшкүрүк эмес эле. Ал өз башынан өткөн турмушту кылт

эсине түшүргөндөн чыккан үшкүрүк. Айнагүлдүн мындай турмушуна ал чын жүрөгү менен кубанды. Кубанды да аны көргүсү келип:

– Айнаш, ээ Айнаш! Келчи эми, сүйлөшөлү! –деди.

Экөө жай олтуруп алышып, эмнелерди гана сүйлөшпөдү? Башынан өткөндөрдү чубуртуп өтүп алардын сөздөрүнөн кээде үшкүрүк чыгып жатты. Экөө эмне үчүндүр кийинки 4–5 жылдан бери кат жазышпай калышкандарын, кызматтарын, балдарын, алардын кылык-жоруктарын бир сыйра айтып өтүштү. Бир маалда Зулайка Айнагүлгө бир аз тигиле карап алып.

– Айнаш, мен сенин турмуш жайыңды көрүп абдан ыраазы болдум. Кубанам. Бирок...

– Эмне бирок? – деп Айнагүл сурап калды,

– Бирок, өңүң азыңкы да. Ооруп жүрөсүңбү?

– Оорум деле жок. Бала багуу, тиричилик дегендей кеп да! – деп Айнаш ылдый карап улутунуп койду.

– Балдарың бакчада экен. Үйүң жайында. Башка санааң барбы?

Айнагүл бир топко чейин терезе жакты жалдырап карап туруп көзүнүн жашын бир ирмеп алып, Зулайканы кучактап ыйлап жиберди. Зулайка аң-таң.

– Эмне болду, эмне, Айнаке? Айтчы?

– Азыр айтам, токто.

Ал көз жашын тыйып, оңдолуп олтурду дагы Зулайканын колун бирде сылап, бирде кармалап сөзүн баштады:

– Зукеш, мен сенден башынан эч нерсе жашырбаган, эми жашырат белем?! Сага Темирбек менен кандайча турмуш курганымды айтып бербедимби. Эми калганын түшүндүрөйүн. Менин өңүмдүн азыңкы экенин байкадың. Рас, азыңкы. Муну көргөндөр көп айтат. Менин азгандыгым тамактын жоктугунан, шарттын начарлыгынан

эмес. Маселен, күйөөң Алаңбай ичкилик жагынан сени кайгыга салып жүрсө, Темирбек мени башка жактан эзип жатат. Алаңбай балким таштап койсо, турмушунар кадимкидей болуп көңүлүң жайланып кетүүгө мүмкүн. Ал эми Темирбектики башы менен кошо жатчу оору го дейм?

– Эмне, айтчы?

– Ал көржемечи. Чын, Зукеш. Ал жеткен көржемечи жана айласыз питир. Мындайча айтканда битин сыгып, канын жалайт. Мен сага барлыгын чын айтам. Өз күйөөмдү өзүмдүн жүрөктөш курбума кантип жамандайын. Темирбек экөөбүз адеп турмуш курган күнүбүздөн баштап эле, анын майдачыл экенин сездим. Бирок өзүмдүн балалык акылым менен «мейличи, адегенде турмушубузду оңдоп алалычы деп жаткан го»– деп ойлоп жүрдүм. Бир жылдан кийин уулум Маратты төрөдүм. Анын атын койгондо үч киши чакырып 4 консерва, бир бөтөлкө вино менен «той» бердик. Ошондо биз бир жыл иштеп калдык эле, жалпы элдин салты кылып жакшыраак өткөрүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар болучу. Менин айткан кеңешиме:

– Барлык болгонубузду той кылып жиберсек, баланы кантип багабыз, – деди. Мен эрдимди тиштеп жөн болдум. Дагы жарым жылча иштеп жүрүп, Темирбек өзүнүн 4–5 жыл окуп жүрүп алган кесибин таштап, соода мекемелеринин бирине иштемек болду. Мен канчалык каршы турсам да:

– Кийимибиз бүтүн, курсак ток болсо болду да, бул кесибим менен иштеп жүрүп олтуруп профессорлукка жетип, анан айына 12–13 миң сом алууга көп бар. Андан көрө эмитен эбин таап оокат куруп алайын, – деп мени ынантты. Албетте, Темирбектин мындай жоругу өз келечегине ишене албагандыктын белгиси эле. Мен

мунусун ага түшүндүрөйүн десем да эч болбоду. Мына ошентип ал бара-бара чарба кызматчысы болуп кетти. Акырында: «Мейли, кайда иштесе да өзү билсин, үй-бүлөөгө тынч болсо болду» деп жөн болдум эле.

– Ырас, Темирбек мага, ишине так, боюна сактай эле сезилет. Ошондой болсо да, эмне үчүндүр менин жүрөгүмдү канааттандырарлык касиети жоктугун байкап турам.

– Зукеш, мен сенден кантип бирдеме жашырат элем. Эгер ишенсең ушул азыр да чый-пыйым чыгып турат. Кокус келип калса жаман көзү менен экөөбүздү тең бир карап алат да кайра калп эле күлөт. Сени сыйлаган болот. Бирок, сен кеткенден кийин мени тозокко салат. «Ал эмне үчүн келди, ага тамак жасаган чыгарсың, оокат деген эмне, билбейсиңби..? деген сөздөрду айтып жатып мээмди эзет. – Зукеш, менин сөзүмө ишенип койчу. Ал акчаны өзү кармайт. Мага базарга бараар каражатты өлчөп кана берет. Ал гана түгүл «сен эмне үчүн эки сомдук картошка аласын? Аз алсаң болбойбу?!» деп жекирет. Жадаганда бир кило этти колуна салмактап көрүп: «Ушул кантип бир кило болсун? 800 грамм эле го?» – деп жемелейт. Зулайка! Мен эмне кылмак элем. Эки баламдын айынан гана жашаган кеп. Мени эч жерге иштетпей койду. Курсагым ток, кийимим бүтүн болгону менен жүрөгүм түтүн болуп жүрөт, Зукеш!

Ошондо Зулайка терең улутунуп алды да: « – Айнаш! Сенин күйөөң көржемечи болсо, менин күйөөм аракеч болсо, таалайбыз тең чамал экен. Азыркы заманда эзилүүчү биз бекен? Өкмөт бар, партия бар, мындайларды жарыяга салалычы, балким оңолушаар! Сен экөөбүз өлбөйбүз бизге тирек – Ата Мекен!

Зулайка сөзүн бүтөр замат экөө кучакташты, жаш аралаш беттеринен бекем-бекем өбүштү!..

## «АМАН ЭЛЕ БОЛСУН...»

Башыбызга баса кийилген кара тумак, ийинибизди талдырган кара тон, катар-катар чулгоо үстүнө кийилген кийиз өтүктөргө карабастан, кыштын кечки суугу колубутубузду тызылдатып, ичибизди солкулдатып жиберди, Аттардан чыккан тер ак бубакка айланып, тондорубуздун жакасына чейин ак буурул болуп кетти. Аттардын буттарына турган шакшактар кардын кычыраганына кошулуп шалдыр-шулдур болуп дабышыбызды алда кайда угузат. Аңгыча болбой биз бара жаткан кыянын алдынан жарыша үргөн эки иттин үнү угулуп калды. Жакындаган сайын түтүнүдүн жыты да мурунга бур дей түштү.

– Ушул жерди «Ойтал» кыштоосу деп коёт. Бул жерде «Үлгү» колхозунун көп жылдан берки кой баккан чабаны Адамкул абышканын үйү бар, – деп зоотехник Акмат сөзүн бүткөнчөктү:

– Ии, ушунун үйүнө түшөлүчү, – деди үшүгөнүнөн араң келе жаткан медициналык врач Антонина Александровна.

– Ырас эле. Ушунда конуп, тыныкпасак болбойт. Аттар да чарчады. Өзүбүз да үшүп бүттүк. Калган кыштоолорду эртең кыдырабыз. Анын үстүнө бул үйдүн ээси Адамкул эң жакшы абышка. Өзү кичи пейил, меймандос, сөзмөр киши. Ушунда эле конуп алалы, – деп мал доктур Жумалы ит абалаган үйдү карай бура тартты.

– Адаке, барсызбы? Аа, Адаке !

– Адам, Адамкулдан башкабыз адам эмеспизби?

– Түшкүлө,– деп койлорду жаңыдан санап кийирип, короонун оозун бекиткен кемпири аттарыбызды суулуктан калды.

Жайдын саратанын жеген кой көңдү доолдото чоң калаган мештин тегерегине олтурар замат, өзүбүздү ырахатта сезип калдык. Аппак чүпүрөк менен фонарды туп-

тунук аарчып, чыракты коюп жиберип, байбиче көзүбүздү дагы умачтай ачты.

– Адакем кайда кеткен? – деди Жумаалы чай ичип жатып.

– Адакең жакага уулуна азык жеткиргени кеткен. Кечикти. Эмне болду? Деги Сагынбегимдин дени сак болгой эле, садагаң болоюн.

– Канчанчыда окуп жатат?

– Быйыл онунчуда окуйт, айланайындар. Уулубузду жумасына бир жолу көрүп турбасак, санаабыз тынбайт. Колдо болгонубузду эле ошонун оозуна кармап турабыз. Баягы өзүң мактаган тору бээни быйыл сойдук. Буюрса азыр казысын жейсиңер. Анын жарты этин да Сагынбекке жеткирдик. Кечээ абышка тузагына бир улар түшүрүп алыптыр. Сагынбексиз эти тамагыбыздан өтпөй, ошону алып барып берейин деп кеткен эле. Эмне болсо да Сакиштин оозуна кармайбыз, айланайындар.

– Сагынбекти катуураак эркелетип койбодунарбы? Онунчуну эчак бүтөт эле. Эркелигинен 8-класста эки жыл олтуруп койбодубу? – деди зоотехник.

– Аны эркелетпей кубарыбызды эркелетебизби? Эми адам болуп келе жатат. Быйыл сербейтип чач коюмуш болуп алыптыр, садагаң болоюн. Жалгыз уулубуз болсо кантебиз. Эми эптеп эле ошонун үйлөнгөнүн-жайланганын көрсөк болду, айланайындар.

– Азыр үйлөнүүгө эрте. Онунчуну бүтсүн, анан институтту. Анан барып үйлөнсүн. Тилегиңер жакшы апа, Сагынбегиңер эр жетер. Силер карырсыңар. Ошондо анын төрүндө олтуруп сый табасыңар, – деп Антонина Александровна байбиченин көңүлүн улады.

– Сыйласа сыйлап алар. Деги аман эле жүрсүн, – деп байбиче абышкасынын кечиккенине кылчактап: – Абыш-

кама эмне болду? Минген аты чалпоорок эле, жыгылып-тыгылып калдыбы? – деди.

Казандагы этти улам оодарыштырып коюп, байбиче меймандарга көргөн-билгендеринен колунан келишинче кобурап берип олтурду. Ал абышкасы экөө «Үлгү» колхозунун малын көп жылдан бери баккандыктарын, канча жолу сыйлык алышканын, ал гана түгүл, Сагынбекке деп каткан оокаттарынан өйдө айтып берди. Кемпирдин эки сөзүнүн бири эле Сагынбек болуп жатты. Баласынын кылык-жоругун, мүнөзүн, кылган иштерин айтты. Аны канчалык сүйгөндүктөрүн, кокус сыркоолоп калса эси чыгып сарсаана болгондорун айтты. Абышкасы экөө келечекте Сагынбектен күтө турган тилектеринен өйдө божурап берди.

Эшиктеги ит азыраак үрүп барып эле жаагы жап болду. Адамкул абышка эми араң келди көрүнөт. Кемпир дароо эшикке чыкты да, үшкүрүп, онтогон абышкасын үйгө колтуктап кирди. Адамкулдун башы-көзү таңылган. Өң-даалет жок. Коноктор жабыла чочуп кетишти Антонина Александровна ордунан тура калды. Абышканын кебетеси өтө аянычтуу көрүндү.

– Өмүрүңдө кишиге жаман сөзүң жок эле, кокуй эмне болду сага? – деди кемпири.

– Өөх... Бала деп жүрүп өлмөк болдук го, кемпир. Каран калган уларды канжыгама чала байлап койгон экенмин. Жар коктудан өткөндө чечилип кетип салаңдап калса, тору бышты жалт берип кетип, мен ооп түштүм. Жөн жыгылып калсам эмне, бир бутум үзөңгүгө илинип калып, ал тепкилеп жөнөдү. Бел көчүгүм жанчылып калгандай болду. Ики!.. Кокуй... Башым эмнеден жарылганын билбейм... Айтор, бир ажалдан калдым... Аттан дайын жок. Улар менин жаныма түшкөн экен.

Эптеп сүйрөлүп олтуруп жеткирип бердим, кайра да жөө келдим. Тартчы кемпир, бутумду,– деп абышка алсыз бутун сунду. Антонина Александровна Адамкулдун башын оңдоп таңып, көк-ала болгон жерлерине компресс басып, мешке жакын олтургузду.

– Эй, жарыктык ай. Уулуңуз улардын этин жебесе эмне болмок эле. Ушунчалык убара болдуңуз. Баарыбызда эле бала бар. Деги сиз бөтөнчөсүз, – деди зоотехник.

– Эй балам ай... Мен кары болсом. Анын үстүнө жалгыз уулум болсо, кантип ага бербеген оокат тамагымдан өтөт. Үйдөн аттанып алыс чыкканга чейин Адамкул жана анын кемпири жөнүндө кеп кылып жүрүп олтурдук. Экөө тең биздин ой-санаабызга эне-аталык милдет жөнүндө жылуу элес калтырды.

– Бул абышканын уулуна кылган эмгеги Ата–Тоодой го, – деди мал доктур Жумаалы оңдонуп олтуруп. – Баласы ушуну актаса болду.

Жылдар өттү. Март айы. Мындайынча айтканда малгадыр, жангадыр «үзүмчүлүк» убак. Балыкчынын машина күтүүчү станциясында бир топ кишилер турат. Фрунзеге бара турган автобус келип токтору менен эл жулунуп кире башташты. Чоң карала куржун көтөргөн ак тончон абышка картайган арык колдору менен автобустун каалгадагы темирин жаза кармап, бети менен быгылып кеткенде баарылап колтугунан көтөрө калдык.

– Куржунуңуз өзүңүздөн оор экен. Кантип жыгылбайсыз анан, – деди бирөө.

– Ээ балам, карылык да. Болбосо, бул эмес алты пуд буудайды өгүздүн жонуна оюнчуктай эле койчу элек.

Абышканын үнү да, өңү да жылуу учурай түшкөндүктөн кайра-кайра тиктеп жатып Адамкул экенин тааныдым.

– Ассаломалейкум! Адаке, күүлүсүзбү? – Абышканын алган билети боюнча ордуна олтургуздум.

– Алейкум салам! Кайсы бала элең?

– Билесизби? Баягы сиз кыштоодо экенде биз кончучу. Сиз балаңызга улардын этин жеткирем деп аттан жыгылчучу.

– Аа, эми түшүндүм, балам. Карылык да! Дагы ошол Сагынбегиме бара жатам балам. Ал быйыл киши доктурлук институтунун үчүнчү курсунан окуп жатат. Ошого азык-түлүк алып бара жатам, – деп майланышкан карала куржунду көрсөтүп койду. Мурун биз көргөнгө караганда Адамкулдун сакалы ого бетер агарып, тулкубою шүйүп, кичине эңчер тартып, карылыкка баш коюп калган экен.

– Дагы эле кой багасызбы? Кемпириңиз күүлүбү?

– Сагынбектин бүтөөрүнө эки эле жыл калды. Ага чейин карысам да кой ээрчип жүрө турамын. –Адамкул оңдонуп олтуруп сөзүн улады. –Колхоз куру койбойт. Эмгек күнгө акча алам, козу алам. Иши кылып кемпирим экөөбүздүн оокатыбызга, Сагынбектин окуусуна жетишет.

– Уулуң стипендия алып окуйбу?

– Кайдан билдим балам. Кай бирөөлөр алат экен. Сагынбекке өзүм эле берип окутуп жатам. Айлыбызда бирөөнүн баласынан сурасам, жалаң беш алгандар өкмөттөн акча алышат дейт. – Үчтөрү барлар атасынан алышат деди. Мейли, «Бир жыл коёндун териси чарыкка чыдаптыр» – дейт. Эки жылга чейин чыдабай эмне. Коёндун терисинче жокмунбу?

Асфальт жол менен зымылдаган машинада олтуруп эки жагын улам каранып, аппак сакалын сылап коюп, Адамкул абышка өтө көңүлдүү жүрүп олтурду. «Жолду

жомок кыскартат» дегендей, мен дагы бир нерселерди кобурашканды ылайык таптым. Анын үстүнө Адамкул абышка сөзгө да, мамилеге да жакшы, өтө ырайымдуу, жагымы артык киши эле.

– Уулуңуз окуусун бүткөндө өзүңүздөргө доктур болуп барганын каалайсызбы? Же башка районгобу?

– Мага баары бир балам. Өзүбүзгө келсе: «Ой Адамкул, уулуңа мени көрсөтүп дары алып берчи?» десе, же болбосо, «Кудай тилегиң берсин, Адамкул, сенин уулуң болбосо өлүп калат элем, айыктырып салбадыбы десе кубаныч да. Же башка районго барып «Сагынбек Адамкулов деген доктур келди» дедиртип турса. Мен уулума айылчылап барсам. Чоочун жерди, элди аралап жүрсөм. «Мына бул жанагы Сагынбек деген доктурдун атасы экен» дешип артымдан шыбырап калышса, же болбосо күрөң чийбаркыттан кемсел-шымчан болуп ак топуну чекеме кийип, баламдын баласын көтөрүп эшигинин алдында турсам... – деп борсулдап күлүп калды абышка.

– Адаке, ушул оюңузга да жетесиз, – деп кубаттадым.

– Айтканың келсин. Өкмөткө да ыраазымын. Алыс жолду момунтип жакын кылып салды. Карала куржун экөөбүз ар кыш сайын төрт-беш жолу каттап турабыз. Окуган бала опкок келет эмеспи, улам оокат жеткирип турбасам, Сагынбегим кыйналып калбайбы айланайын. Баланы киши катуу сагынат экен. Уулумду көрсөм дегенде эки көзүм төрт. Ишенсең машинанын азыркы жүрүшү да мага жай сезилип жатат.

Июлдун лапылдаган ысык күндөрүнүн бири эле. Жүн салган кара чапанды бүктөй колтуктап алып, улам бир көчөнүн бурчуна эс алып отуруп, Адамкул Сагынбектин короосуна тердеп-тепчип жаңы эле кирди. Терезенин караңгылатып коюп, кытай шайысынан тигилген халаты

менен Сагынбектин аялы Рая, мындайча айтканда Ракыя уктап жаткан эле.

– Кайнатаңыз келди, – деген үй кызматчы аялдын кабары менен Рая ылаңдап калгансып араң туруп, оозгу үйдөгү кайнатасына: «Келиңиз» деген сөздү мойнунан жетелетип жатып араң айткандай болду.

– Чолпонбек кайда? Чоңоюп жатабы? Алып келчи балам, бир жыттап коёюн, – деди абышка терин сүртүп жатып. Ал азыр эле уктады ата. Ойготпоңуз. Анын үстүнө сиз сырттан келдиңиз. Обработкаланбагансыз. Бала гүл сыяктуу нежный болот эмеспи. Чолпонбек чыр бала болду. Бир ойгонсо уктабайт, – деп чоюлду келин.

Бул сөздөрдүн көбүн түшүнбөсө дагы, негизги өзөгүн түшүндү. Келининин кеби Адамкулга: «Сиз сырттан келдиңиз, ал жакта балдар кырылып жатыптыр. Чолпонбекти өбөмүн деп оозуна толтура курт үйлөп кетесиз» жана башка, ушул сыяктуу сезилди.

– Апам күүлү турабы? Фу, форточканы аччы Фера, прямо потом пахнет – деди келин. Бул сөздүн кыргызчасына жооп берди да карыя беркилерин «деги жыргаткан сөз эмес го» деп унчуккан жок.

Сагынбек үйүнө чай ичилип калгандан кийин келди. Уулун көрүп атасы кубанып кетти. Атасын көрүп уулу кубарып кетти. Ал күрөң көз айнегин колуна алып коюп, ак жибек кителинин төш чөнтөгүнө салып:

–Ата, качан келдиң? – Дүлөй менен сүйлөшүп жаткансып дарылдады.

– Жанараак эле, балам.

– Чолпонбекке эмне алып келдиң? – деп оюну чынын аралаштырды.

– Эмне алып келейин. Апаң май куюп жүрөт эле ысыкта жарып ала турганмын.

– Ысыкта эмне келесиң? Бизди да кыйнап, өзүң да кыйналасың, – деп олоңдоду.

– Мен силерди кыйнабайм балам. Кемпир эле барып келчи дейт.

– Былтыр эле келбединер беле. Баягы Рая берген көйнөгүн жырта элекпи? Кышында жүз сом салдым эле, алдыңарбы?– деп опуруп–жапырып сурап жиберди. Атасы уялгандыктанбы, же капа болгондуктанбы, айтор бирөөнө да жооп берген жок.

Бир аз сүйлөшүп олтурушкандан кийин Сагынбек шашылыш түрдө командировкага кетерлигин айтты. Аялы жолго кийүүчү кийим-кечесин камдай баштады. Уулунун жөнөп кетерине көзү жеткенден кийин, жумушумду айтып калайын деди көрүнөт:

– Эми, сен кетип калат экенсиң, Сакин. Жаман үйдүн үстүн жаптырайын дедим эле, каражат жок...– деп сөзүн бүткүчө:

– Аны оңдоп эмне кыласыңар? Тура бербейсинерби?– деди.

– Сен жаңы төрөлгөн жылы жаптым эле, эми өзүң балалуу болдуң. Саначы! Түшкөнү турат. Эки-үч устун жана жыйырма-отуз тактай алсам эле жетет эле,–деп атасы мукактанып сөзүн бүттү.

– Бизде азыр тыйын жок. Былтыр келиниңиз экөөбүз Крымга чейин барып кыдырып келдик. Ушуну айтып жатканда Рая билегиндеги жыландын сүрөтү салынган алтын билеригин кармап алды.– Анан тетиги килемди алдык,– деди дубалдын боорундагы килемди көрсөттү. – Өгүнчөрөөк Чолпонбек чоңойгондо ойносун деп тигил пианинону алдык. Акча жок, ата!

– «Эми жок болсо кыйнайт белем!» – деп атасы кыңырылганын билип, көңүлүн сооротом деди окшойт уулу:

– Менин атама көз салгыла, жардам бергиле, – деп колхоздун башкармасына кат жазып берейин. Алпарып бер,– деп авторучкасын алды эле:

– Жөн эле кой балам. Мени ошол колхоз багып жатат, сенин катыңсыз эле өзүмдү кадырлайт. Баягынын баласы дедиртип аман эле жүрсөң болду.

«Үлгү» колхозунун өңчөй абышкалары чогулуп, сарайдын жанына силос көмүп жатышат. Илике карыя арабага чыгып айры менен чөп ыргытып берип жатты эле:

– Илике, кемселиңди чечип салсаңчы, булганат, – деди бирөө.

– Мейли, булганса булгансын, Мансурум аман болсо мындай кемселдин далайын кием, – деди Илике. Бул сөздү угуп отуруп Адамкул дароо өз кемселин карап алды да ындыны өчүп, бир түрлүү капа болуп кетти.

– Ырас айтат Илике. Ырыскысы бар, кие берсин. Уулу багып жатат. Мансур жакшы бала болду го...

– Ушул олтурган абышкалар, баарыбыз тең эле балдарыбыздын колун карап калбадыкпы? Ата карыганда кайра барып эле баласына бала болуп калат экен. Чынбы?

– Ырас айтасың, – деп чалдар дуулдашты.

Ушул кепти угуп Адамкул өзүн кепке кемтик, сөзгө сылтык сыяктуу сезип олтурду. Анын бул абалын Кармыш карыя сезе койду окшойт.

– Адамкул, – деди айрысын таянып тура калып. – «Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт» – дейт. Сенин мүйүзүң зыркырап жаткандыр. Билип турабыз. Капа болбо. Уулуңдун ушундай кайрымсыз болуп калышына өзүң да айыптуусун. Балаңды бар-жоктун кадырын билдирбей алаканыңа салып бактың. Эрке болду да, таш боор болду. «Аман эле болсо болду» – дечү элең. Мына аман эле жүрөт, сага кандай пайда болду?

– Деги жөн жигит экен го? Адамкул байкуштун бир күндүк эмгегин актаган жок. Деги үйүнө барып ысык чай ичесиңби? Аялынын кулагындагы сөйкөсү бир нече миң дешет. Ошол эле акчаны Адамкулга берсе боло!..

– Атасына жардамы жоктун өкмөткө пайдасы тийет дейсинби?

Абышкалар биринин аркасынан бири сүйлөп Адамкулдун уулу жөнүндө көп сөздөрдү козгой кетти. Бир маалда Кармыш:

– Адамкул, – деди, сен капа болбо, биз табалап жаткан жокпуз. Азыр да турмушуң жаман эмес. Советтер Союзунда багуусуз кары калбайт. Сени колхоз сыйлайт, эмгегиң бар. Бирок көп жумурткадан сасыткы чыккансып, көп жаштардын арасынан сенин уулуңдай таш жүрөктөр чыкканына кейийбиз.

Көпкө чейин жер чукуп олтурган Адамкул:

– Эх!.. Аман эле болсун,– деди да, кайрат жыйып, алаканына бир түкүрүп, айрыны колуна алды да, жаңы чабылган чөптү арабага лак-лак ыргытып жатты.

## ЧОҢ ОКУУГА ЖӨНӨӨРДӨ...

Карабек Алабеков таң эртең пальтосун желбегей жамынган бойдон барып шоферун ойготуп, эң алыскы колхоздорду кыдырып чыгууга жөнөдү. Бул жолу эмнегедир куш атарын ала чыккан жок.

Машина зыпылдай берди. Карабек Алабековдун ойлору андан бетер закымдады. Шофердин уйкусу чала болгондуктан, начальнигинин бүгүнкү мүнөзүнө таң калып келе жатат.

Табигаттын эртең мененки сулуулугунанбы, машинанын тасырайган кашка жолдо зуулдаганынанбы, Кара-

бектин көңүлү бир аз көтөрүңкүрөөк болуп, оң жагына көз чаптырды эле, «А» колхозунун быйыл чыпай калган 30 гектар жүгөрү талаасын көрүп, көңүлү иренжий түштү. Ал үчүн ошол колхоздун председатели Маралбаев экөө обкомдун эскертүү алганы эсине келип, мойнун шофер жакка буруута аргасыз болду. Шофердун нары жагынан «У» колхозунун үстү чала жабылган мал сарайынын аңырайган терезелери, аркайган жыгачтары көрүндү. Ал сарай да район боюнча бүтүрүлбөгөн сарайлардын сводкасына киргени, ага былжыраган кызыл карандаш менен өзү кол койгону көз алдына келип, негедир шилиси тартыла түштү. Жону ого бетер дүкүйдү. Ал мурун окууга кетүүгө мойну жар бербей жүргөн. «Кокус окууга кетип калсам, бул кызматына экинчи дайындалбай, майдараак кызматка чегилип кетемин» – деп шекшинүүчү. Азыр ал айланадагы иштерин көзү менен көрүп, келечегин салмактай келип, окууга кетүүнү тура тапты. Кубанганынан козголуп, оңдонуп отуруп койду. Ал ичинен: «Кетип калсам жоопкерчиликтен кутулам. Окуюн. Бирок экзменден кантээр экенмин?» Экзаменди эстегенде жүрөгү болк дей түштү. Өзү да солк дей түштү. Шофер таңданып, Карабекти жалт карап алып, кайра жолун уланта берди. «Кокуй... экзамен жаткан турбайбы? Экзамен! Кеп быякта жаткан экен да! Токто, токто, токто!» деп айтып бара жатканда кийинки «токто!» деген сөзү оозунан чыгып кетти эле, шофер «эмне болуп кетти» дегенсип, дароо тормоз бергенде, Карабек Алабеков айнекти сүзүп ала жаздап, ойлоп келе жаткан ойунан ажырай түштү.

– «У» колхозунун конторасынан чыгып, эки колун чөнтөгүнө салып, колхоздун председатели Сагындыковду ээрчитип алып, устакананы, кампаны, ат сарайды кыдырып көрүп жүрөт. Ага Сагындыков баарын божурап ай-

тып берип жатса дагы, Карабектин кулагына бир кеби илинген жок. Анын оюнан «экзамен» деген сөз такыр чыкпай койду. Ал байкабастык менен экзаменди дагы бир жолу сыртка чыгарып жибергенде: Сагындыковдун кулагына «экзамени эң жаман» болуп кыңырыштай угулду:

– Ырас айтасыз, аксакал! Иш эң жаман. Сарай жаман жабылып калды. Анын үстүнө чөптү сарайдан алыс жыйдырып коюптурбуз. Ташып келүү тозок болуп жатат, – деп алаканын сүртүп бүрүшкөн Карабекке карады.

– Эч нерсе эмес. Бир эмес эки машинаңар бар. Эптеп ташып аттарды туюндургула, – деп айтаар замат, өз курсагы эсине түшө калып, шилекейин жутуп Сагындыковго көз кырын салып, - өз бала-чакаң аман жатабы? – деп сурап калды.

Сагындыковдун үйүнө кирер менен көңүлү бир аз жайлана түшүп, төркү үйгө өттү.

– Үшүп кеткендирсин! Тамактын алдында... - деп Сагындыков бир бөтөлкө аракты алып кирип бүжүрөгөндө Карабек Алабековдун көңүлү дагы көтөрүлө түштү. Ал ушунчалык сыпайкерчилик кылган Сагындыковго, тамакты айттырбай даяр кылган анын аялына жана ушундай сыйга жетишкен өзүнө ыраазы болгондой отурду. Ошол учурда эшиктен Сагындыковдун баласы китебин көтөрүп кирип келди.

– Ой, азамат ой. Сонун жигит болгон турбайсыңбы? Окуу кандай? – деди Карабек Алабеков, аракты тартып жибергенден кийин оозун салган этти чайнап жатып.

– Бул азамат болуңкурабай жатат, аксакал. Өтө эркерээк болуп, быйыл төртүнчүгө көчпөй калды, - деп Сагындыков сөзүн жыйып ала электе «экзамен» деген сөз балекет болуп Карабектин оюна кылт дей түшүп, ал тилин тиштеп алды. Мына, анын көңүлү кайра чөктү.

– Аксакал, сизди да окууга жөнөйт деп уктум го? Сизди кандай мугалим окута алар экен?! – деп Сагындыков эт туурап жатып, жойпу сөздөрүнөн улады. – Андан көрө биз окусак боло. Өкмөт да кызык да айланайын! Сизди оку дегенден кийин, биз жүргөн экенбиз да!

– «Бир-эки ай окуп келесиң» деп жатышат ко? Барып келейин.

– Ошондой бир-эки айлык эле бөксөсү болбосо, сиздин билимиңизди толук эмес деше албайт да,- деди азыраак тыный түшүп: «Бир-эки ай эле кете турат экен го. Дагы киши башына миңден кетет турбайбы» деп ичинен сызды Сагындыков:

– Кана, эми сиздин окууңуздун ийгилиги үчүн!

– Баятан бери сөздү кандайча баштаарын биле абай турган Карабек Алабеков төртүнчү стопканы жуткандан кийин Сагындыковго ушу жолку мүдөөсүн ачык айтып койду.

– Эми, досум, баягы мен Фрунзеге бара жаткандай кылып эле, бул сельсоветтегилердин милдетин өзүң ал, - деди күлүмсүрөгөн бойдон.

– Ананчы, аксакал! Активдер андан кедей болуп жатыптырбы? Ал жагын өзүм тууралайм, аксакал.

«М» атындагы колхоздун председатели Керимбаев менен Сагындыков көпкө чейин отурушкан.

– Карабек аксакалды эми жакшы узаталы, досум, - деди Сагындыков Керимбаевге карап,- ал киши өзү да мага толук айтты. «Чай ичип коюңуз» деп өз колум менен беремин десең да өзүң бил. Мен аркылуу да жиберсең сенин эркиң.

– Сагындыковдун жойпондошуна мурунтан эле жини келип турган Керимбаев, азыр ого бетер буркан-шаркан болуп кетти көрүнөт. Оюндагысын ортого салып кол берди.

– Сен, досум, элге арачы болбо, – деди Керимбаев Сагындыковго сөөмөйүн такай, – берсең өз бетиңче бере бер, мен эми бүттүм. Карабек Алабековдун кулкунуна жакшы эле куюп келе жатабыз го. Жетишет. Уят керек. Областка барам дейт, баарыбыз киши башына кур койбой «чай ичип коюңуз» деп чөнтөгүнө салабыз. Ал чай ичеби же арак ичеби өзү билсин дечи. Фрунзеге барам дейт, дагы беребиз. Жайында «атама Москваны көрсөтүп келемин» деп акча жыйды. Көрсөтөт экен, өз каражаты менен көрсөтсүн! Былтыр жайында аялын Фрунзеге барып алтындан тиш салдырат деди, анда да бердик. Алат деген ушул экен деп эле, алкымды агыта берген жарабайт эмеспи. Өкмөт Алабековго айлык берет, комондировочное берет, селолук Советтин председателдеринен, колхоздун председателдеринен, кала берсе завфермалардан алат.

– Кой эми, деги акырын сүйлөчү, – деди Сагындыков, маңдайындагы жигитке көз жиберип, – бербесең бербе, айтканыңды кокус угуп койсо, эмне болосуң?

– Укса уксун. Эмнесин акырын айтамын. Ал акырын алып жатса. Мен катуу айтамын. Кынууну тапкан экен! Бизге көп эле кызматчылар келип-кетип жүрүшөт. Бирок бул Алабековдой алкын бузганды көргөн эмесмин. Ушундай да советтик кызматчы болобу. Мына ушуну да эскинин калдыгы дейбиз. Бу өзү жакшы эмес, элден акырын акча жыюу – бул кудайчынын бир түрү. Кудайчы бир сомдон алса, бул миң сомдон алат. «Угуп койсо эмне болосуң?» дейт тура. Укса уга берсин. Ишим жаман болсо, Алабековдон башкалар деле чарамды көрөр. Акча бербей койду деп мени экөөң коркутпагыла!

– Эми, өзүнө ушинтип эле айта барайынбы?

– Айтсаң, айтпасаң өзүң бил? – деп Керимбаев эшикке чыгып жөнөдү.

*Чалкан, 1955, №6*

## ЖҮРӨГҮ ТҮШКӨН КАРЫШКЫР

Жазгы күндүн мемиреген илеби ой-тоонун баарына текши тийип турат. Бак-дарактардын бүчүрлөрү «мына эми жакында жашыл жалбырак боломун» дегенсип бар-сайып көөп, кээ бирөө кылтыйып көк чыгарып калган. «Алга» колхозу адырлуу тоонун этегиндеги калың кыш-так эле. Анын биринчи бригадасы быйыл жаңы жер бу-зуп, тээ этегинен кош чыгарган. Трактористтер коно жатып ошол жактан жер айдоочу.

Тракторист Саадаттын Мурат, Медер деген эки баласы бар эле. Мурат экинчи класстан окуйт, алты жашар Медер болсо, үйүндө жүрүүчү. Бир күнү атасы Саадат коштон келип үйүнө түнөгөн. Эртеси Мураттын дем алыш күнү болучу.

–Ата, эртең сени менен тоого барып жер айдаган элди көрөм,– деп Мурат оозун жыйганчакты:

–Мен да барам ата,– деп Медер ордунан тура калды.

–Макул балдар, эгер күн ачык болсо, ала барайын. Ойноп келгиле. Кечинде кайра үйгө жеткирип коём.

Балдар атасынын кебине абдан кубанычтуу болуп, эртеңки күндүн ачык болушун самашып, көпкө чейин козголуп жатышып, уйкуга кетишти.

Саадат таң эртең менен ойгонуп эшикти караса, ас-ман чайыттай ачык экен. Кайра үйүнө кирип, таңкы уй-кунун кызыгына батып, көшүп уктап жаткан балдарын көрүп: – Мурат, э Мурат! – деп акырын айтаар замат, ал секирип туруп, уйкулуу көзү менен көйнөгүм экен деп шымын кармалап кийине баштады. Анан кыбырап, күбүрөгөн дабышы жанаша жаткан Медердин сергек ку-лагына угулуп, ал дагы көзүн ушалап кийинип кирди.

Балдар бетин жууп үйгө кирээр менен апасы Жамал ысык сүткө нан туурап, кум шакер салып балдарына берип:

–Үйдөн тоюп алгыла. Тигил кичине челекке каймак, нан салып койдум, ала барып түштө жегиле. Атаңардын кошунан алыс кетпегиле, – деди.

Талаага барам деп өпкөсү көөп шашып турган Мурат тамагын чала ичип,– тойдум апа, рахмат, – деди.

– Рахматы жок эле, бүт же, тоюп алгыла, – деди апасы.

– Биз тамак ичип олтуруп алсак, атам жумуштан кечигет, жакшы эле жебедикпи апаке, – деп кичинекей Медер атасынын жумушун шылтоо кылды.

Саадат балдарын машинага салып кошко жеткирип, өзү тракторун от алдыра баштаганда, күн күмүш нурун тоо-тоонун башына жаңы эле жаба баштаган эле. Мурат менен Медерди боз үйгө кийрип: «Ушул үйдүн тегерегинен чыкпагыла, жарма ичкиле, нан жегиле, – деп өзү дүпүлдөп турган тракторуна минип, бетегелүү кара кыртышты каңтарылта тилдирип, жумушуна киришти. Дайым кыштакта жүргөн Мурат менен Медерге боз үй, жазгы талаа эң кызык көрүндү. Күн жылып калган эле. Мурат менен Медер боз үйдүн тегерегинде бир аз ойноп турушту дагы, үйдөн жогоруураак барышып, бир жерге олтурушту. Алар ылдыйкы бөксө жактан мелтиреп көрүнгөн кыштактарга көз чаптырышты.

– Тээтиги, багы көп биздин колхоз, – деди Мурат.

– Карачы, карачы тээтиги агарган чоң там силердин мектеп.

– Тигине, клубду көрдүңбү?

– Кана, биздин үйдү тапчы эми,– деп Мурат Медерди сынады. Ал көпкө чейин кыштакты кыдыракей карап чарчады.

– Тигине, карачы, тээтиги клубдун жанындагы эки жанаша боз там Сагынбай менен Омордуку эмеспи. Анын

нары жагындагы дүмпүйгөн бактан төбөсү чыккан биздин үй, – деп Мурат сөзүн бүткүчө:

– Көрдүм, көрдүм. Ошол биздин үй. Тигине биздин кызыл короз дубалга чыкты. Тигине менин Кумайыгым,– деп Медер куудулданды.

– Кой, калп айтпай жүр. Үй араң көрүнүп турса, сен корозду көрдүм дейсиң. Кумайыкты кантип көрмөк элең, ал жоголуп кетпеди беле.

Медер ошондо гана Кумайык деген күчүгүнүн жоголуп кеткенин эсине салды. Эгер Кумайык болсо ээрчите келет элек, ээ деп ойлонду. Алар жазгы күндүн жан жыргаткан нуруна эркелеп, улам көтөрүлүп, эбиреп-жебиреп сайраган торгойлордун үнүнө кубанышат. Жаз чыгары менен жан талашып сап-сары гүлүн жайган байчечекейлерден улам үзүп, жогорулай башташты. Мурат дагы, Медер дагы улам кубанып табылгы, шилбилерден сындырып, ат кылып минишип жүрүп олтурушту. Атасынын «боз үйдөн көп алыс кетпегиле» деген сөзү эстеринен чыгып кетти.

Азыр эле жанында ойноп турган боз үй да алыс калды. Көк түтүнүн асманга бүркүп тынбастан дың бузуп жүрүшкөн тракторлор.

– Тээтиги атамдын трактору экен. Карачы, узун төрт бурч кылып, карартып көп жерди айдап коюптур.

– Баарынан атамдын трактору кыйын экен ээ?

– Трактор да, атам да кыйын,– деди Мурат алды жактагы айдоолорду алыстан көрүп.

Экөө кызыгып ойноп олтурушуп канчалык жерге кеткендиктерин өзүлөрү да сезген жок. Бир маалда бирин-серин жапалак карагандар чыккан колотту көрсөтүп Медер агасына кыйкырды:

– Мурат, а Мурат! Карачы күчүктөр, күчүктөр! Кичинекей экен, – деп өзү чуркамак болду. Мурат элеңдеп

караса, чын эле бир бадалдын тегерегинде, жаңыдан көгөрөйүн деп келе жаткан чөптүн үстүндө бир топ көк күчүктөр ойноп жатышат. Алар энесинин сүтүнө тоюп алышып, мемиреп тийген күндүн илебине кактанып ойноп жатышкан сыяктанат. Мотураңдашып бирин– бири тиштегилеген болушат. Көздөрүн жаңыдан эле ачышып, азыр муунуна келише элек көрүнөт, анда-санда томолонуп кетишет.

– Күчүк, күчүк! – деп Мурат менен Медер экөө тең жарыша чуркап калышты. Алардын үнүн угуп «күчүктөрдүн» баары бир чоң ийинге кире качышты. Барса, чынында караган бадалдын түбүнө казылган чоң ийин экен. Балдар абдан өкүнүп калышты. Күчү-күчү деп да көрүштү. «Күчүктөр» чыккан жок. Мурат бир аз ойлонуп турду да:

– Ме, Медер, сен менин күрмөмдү кармап ушул ийиндин оозунда тур. Кокус күчүктөрдүн энеси келе жатса, таш менен ур. Киргизбе. Мен кирип бир күчүк кармап чыгайын.

– Экини ала чык, бири меники болот. Кумайык жоголбодубу, – деди Медер.

Мурат эки жеңин түрүнүп ийинге сойлоп кирип кетти. Медер агасын «күчүк» кармап келет, – деп ийиндин оозунда калды. Ал улам эки жагын каранып коёт да, кайра ийиндин оозуна тигилет. Бир маалда Медер кырдан түшүп келе жаткан бир көк итти көрдү. Анын оозуна тиштеп алган бирдемеси бар. Анысы салаңдап жер чийип келе жатат. Ал жанагы көк «күчүктөрдүн» энеси эле. Аны «таш менен уруп киргизбей тур» деген Мураттын сөзү эсинен чыгып кетти да, коркуп өзү ылдый карай чуркап бир түп бадалга жашынып калды. Аны балдарына тамак алып келе жаткан тик кулак «көк ит»

көрмөк тургай байкаган жок. Ал желип-жортуп келген бойдон оозундагыны жерге таштап, эмне үчүндүр ийинге арты менен кире баштады. Анткени, карышкырлар ийиндерине дайым арты менен сойлоп кирет. Баш жагы менен ийиндин оозун бет алып жатышат.

Ошол учурда Мурат «күчүктөргө» жаңы жетип, бирин кармап экинчисине колу тийген кез эле. Караңгы ийинде анын бутуна дагы бирөөнүн буттары тийгендей болду. Мурат «күчүктөрдүн» энеси – канчык карышкыр экенин кайдан билсин. Аны өзүнүн иниси Медер экен деп ойлоду да:

– Бас эй, нары! Мен экини кармадым. Бас нары! Азыр чыгам, – деп бутун шилтеди. Буту карышкырдын соорусуна тийди. Эч нерсе менен иши жок карышкыр, ийинде бакылдап киши жүргөнү аз келгенсип, куйрукка тептирип алгандан кийин, жүрөгү оозуна каптала түшүп, ийинден атып чыкты да, жыгылып кетип жан берди. Корккондон анын жүрөгү жарылып кетти. Эки көк «күчүктү» алып, арты менен сойлоп Мурат, ийинден чыгып караса, Медер жок. Анын ордунан узунунан түшүп, тилин бултайтып жаткан көк «итти» көрүп таң калды. Анын нарыраак жагында бир кичинекей козу өлүп жатканын көрдү.

Мурат таң калган бойдон: Медер! Медер! – деп эки-үч жолу кыйкырганда:

– Кармаганыңды алып кел! Алып кел! – деп Медер бадалдын түбүнөн башын чыгарып кыйкырды.

Экөө эки «көк күчүктү» көтөргөн бойдон, сүйүнүп кош айдаган элге чуркап кирип келишти. Кошчулар, трактористтер түшкү тамагын жаңыдан ичип, жумушка киргени жатышты эле.

– Ата, мына күчүк кармадык. Күчүк! – дешип балдар Саадаттын жанына келип мактанышты.

– Кайдан кармадыңар? Канча экен? деп элдер сурай башташты.

– Булар күчүк эмес, карышкырдын балдары, бөлтүрүктөр турбайбы? – деп Алапай абышка айтаар замат, Мурат да, Медер «күчүктөрдү» колунан таштап жиберишти. Анткени, карышкырды жомоктон угуп, китептен сүрөттөрүн гана көрүшчү.

Алапай карыя «күчүктөрдүн» жанына келди да:

– Карагылачы, жаңыдан көзүн ачып, боорун көтөрөйүн деп калышкан турбайбы? Буларды күчүк дебейт, бөрүнүн бөлтүрүктөрү дейт. Карышкырды бөрү деп да коёт – карышкыр деп да аташат. Булар мына ушул соко чыккан учурларда туушат. Ийни жакын, жүргүлө баралы! Бөлтүрүгү экөө эле эмеско дагы бар.

– Атаке, дагы бар, баары ушундай, чоңу өлүп калды. Эмчеги бар экен. Козу да бар,– дешип Мурат менен Медер жарыша сүйлөшүп, көргөнүн көргөндөй, билгенин билгендей аптыгып-саптыгып жатып айтып беришти. Аларды ээрчитип бир топ киши бөлтүрүктөр кармалган ийинди карай жөнөштү. Чын эле канчык карышкыр ийиндин оозунда өлүп жаткан экен. Жанында өзү көтөрүп келген жаш козу жатат. «Бул эмне үчүн өлдү? – дешип эл карышкырды тегеректеп калышты.

– Медер болсо жашынып калыптыр. Мен Медер экен дегенмин. Анан куйрукка бир тептим. Кирбе! – деп кыйкырдым. Көрсө Медер эмес экен, – деп Мурат чала сүйлөп айта баштады.

– Аа, сен ийинде белең? Туура, туура… Карышкыр арты менен кирет. Ийинде киши жүргөнүн билген эмес да. Жүрөгү түшүп өлгөн тура. Анын жалаңгычы киши да! Киши! Мурат киши эмеспи. Анын үстүнө көчүккө тепсе… Алапай абышка көзүнөн жаш чыкканча күлдү. Баш-

калар да күлүштү. Бир гана Мурат менен Медер эмне кылгандарын эми сезишип, мостоюп бири-бирин карап турушту.

– Эми Мурат баатыр, калгандарын алып чыкпайсыңарбы? – Биз болсо, батпайбыз деди чоңдор.

– Атасы бар го? – Мурат эми кылчактады.

–Жоок атасы дебейт, дөбөт карышкыр дейт. Ал дагы мына мындай жаш козуларды, койлорду алып келем деп жортуп жүргөн чыгар. Ал түндө келет. Энесин чырылдатып маарaтып коюп, дагы бир козуну же улакты муунтуп көтөрүп келетко ант ургур, – деди Алапай абышка. Баятан коркуп турган Мурат кичинекей козунун өлүп жатканын көрүп, анын энесинин баласын жоктоп маараганын элестетип, карышкырларга кыжыры келип, кайратын жыйды дагы ийинге шымаланып кирди. Бир аздан кийин эле дагы эки бөлтүрүктү алып чыкты.

– Ой, азамат! Мурат баатыр экен го! – дешти. Мурат жана да үчтү алып чыгып:

– Эми калган жок, – деп элди карады.

– Карышкыр жети, сегизди эле тууйт. Жетөө эле го. Эми ийиндин оозуна капкан салып койгула. Мына бул козуну ушул жерге таштагыла. Дөбөт карышкыр кур ооз келсе муну жейин деп капканга түшөөр,– деди Алапай.

Эл карыянын айтканындай кылып капкан салып, ылдый кошту карай жөнөштү. Жолдо Муратты мактап далыга чабышып жүрүп олтурушту.

Эртеси барып караса, чоң дөбөт карышкыр капканга түшүп эки көзүн кызартып жулкунуп турган экен. Аны да жыга чаап алышты. Мына ошентип бир уюк карышкыр түбү менен жок болду.

Мурат менен Медер бир бөлтүрүктү багып чоңойтуш үчүн алып калып, калган алтоону тери-термек даярдоо

конторасына өткөрүп беришти. Тогуз карышкыр жок кылгандыгы үчүн «Алга» колхозу аларга сыйлыктар берди.

Мурат жана Медердин алып калган бөлтүрүгүнүн аты – Маңгыт эле. Ал чоңойгончо багып жүрүштү. Маңгыт кишиге абдан жакшы үйүр болду. Колдон эмне берсе жеп, «жат, тур» дегенди түшүнүп калган. Бирок, итче үргөндү билүүчү эмес. Жанынан кой, козу, музоолор өтсө, көзүн кызартып, тишин арсайтып, шилекейин жутуп турар эле. Кокус бошонсо, аларга кол салары шексиз болучу.

Күндөрдүн биринде шаардан зоопаркка айбандар алуучу киши келгенде Мурат менен Медер кеңешип туруп Маңгытты беришти. Бизден башка дагы балдар тирүү карышкыр көрүшсүн дешти. Анын үстүнө атасы дагы:

– «Бөрү баласы ит болбойт» деген макал бар, убара болбогулачы, балдарым, – деп айткан.

# ПЬЕСА

# КУРОРТТОГУ ОКУЯ

***(пьеса)***

## КАТЫШУУЧУЛАР:

**Бөдөшбек** – Айылдык почтоочу 50–55 жаштарда.
**Сарыбай** – Койчу, ударник 55–60 жашта.
**Ефим Иванович** – Профессор, геолог 50–55 жашта.
**Багышев** – Артист 30–35 жашта.
**Рахима Сыдыковна** – Врач 25 жашта.
**Айсулуу** – Бөдөшбектин аялы.
**Нина** – Медсестра.
**Бүбүш** – Медсестра.
**Повар** – Курортто тамак бышырат.
**Балыкчы** – Кароолчу.
**Шалима Эсенбекова** – Эс алуучу аял.

## 1-КӨШӨГӨ

### *1-сүрөт*

*Көшөгө ачылар замат Бөдөшбектин үйүнүн ичи көрүнөт. Үйдүн ички жасалгасы орточо жашаган калхозчунукундай. Бирок газеталар китептер окуган кишиники экени билинип турат. Үйдүн төр жагына жолдош Лениндин портрети илинген. Терезе жактагы илгичке почтоочунун сумкасы илинип турат. Үйдө Айсулуу Бөдөшбектин ич кийимдерин үтүккө басып, таптап столдун бир жак бурчуна коюп жатат. Эшиктен Сарыбай кирет.*

**Сарыбай.** Айсулуу байбиче, тез бүтүңүз машина бир аздан кийин жүргөнү жатат. Мына мен биротоло камына чыктым *(Чамаданын көрсөтөт)*.

**Айсулуу.** Мына аз калды бир көйнөгү эле калды. Өзүң билесиң го Бөкөң көйрөң эмеспи, кайырма жакалуу көйнөгүмдү кошо сал дейт. Деги ушунун кетмегинен дагы келеке кылганы өттү. Жөнөсөңөр экен. Ушуну камынтам деп башка оокаттан калдым.

**Сарыбай.** Эч нерсе эмес байбиче, кубаныч менен жайдары жөнөтсөңөр. Менин байбичем да тез кел. Бат кел. Ылдам кел. Шашып кел деп жулкулдатты. Мөөнөтү бүткөндө келебиз да. Кагазын өкмөт өзү берди, биз беш тыйын чыгарган жокпуз. Барыш-келиш үчүн да акчасын жаныбызга салды. Раазы болуш керек. Эми эмне кечикти.

*(Эшик жакты карайт)*

**Айсулуу.** Ал бир жакка жөнөөрдө адаты ушул. Бажырап жаагы тынбай ар ким менен өзүнчө коштошуп жүргөндүр. Курортуңар алыс жер дейт. Этияттык менен, тыкандык менен жүргүлө, Саке.

**Сарыбай.** Алыс жер дейт, бирок сонун дейт. Ысык-Көлдүн жээги экен.

**Айсулуу.** Кокуй, ошол жээк жардан алыс жүрө көргүлө. Бөдөшбек илгери Ысык-Көл эмес бул эле Шортоңдун көлүнө түшүп өлүп кала жаздаган. Этиет болуп жүргүлө, Ысык-Көл терең дейби?

**Сарыбай.** Өзү Ысык-Көл болсо, анан тайыз болчу беле. Сарсанаа болбо, Айсулуу абышкаң аман эле келет. Согушка жалгыз уулуң Сагын жүрүп бара жатканда баарыбызга кайрат айтып чыгып сүйлөдүң эле, эми чалың эс алууга чыкса чочулайсың да.

**Айсулуу.** *(Ишин токтото коюп)* Ал кезде душман улаганда туруп, жан ачынган кез. Андайда кайрат кана

керек. Азыр жаның тынч. Көңүлүң ток. Турмуштун, өмүрдүн ар бир сааты болсо да кымбат. Турмушка эркелегиң эле келет. Ар дайым абышкам жанымда болсо дейм. Азыркы турмуш курорттон кемби?

**Сарыбай**. Рас айтасың.

*Эшиктен Бөдөшбек кирет.*

**Бөдөшбек**. Эмнени рас айтып жатасыңар. Баары эле рас. Сарыбай, камдандыңбы? Машина бир аздан кийин жүрөт. Бая райондогу сактык кассадагы арык аял да биз менен кошо курортко барат экен. Куда кааласа жолдош көп. Кана, кемпир, мен даярмынбы?

**Айсулуу.** Даярсың, мына эми бир сыйра кийимиңди үттүктөй коёюн, анан болот.

**Бөдөшбек.** *(Столдун үстүндөгү үтүктөлгөн кийимдерди карап)* Болбодубу. Ушул эле болот. Эми сары тонумду да үтүктөп берейин дейсиңби? Болот, ал жерден дагы ич кийим берет деп уккамын.

**Айсулуу.** Ооба, тыш кийим дагы берет дейт. Ат да мингизет дейт. Жел өпкөлөнүп калган тура. Шашпа, жолго камдуу чыккан жакшы.

**Бөдөшбек.** Менин шашкан себебим: бул машинадан калбайлы. Кечигип калабыз, жол алыс. Өкмөт сыйлап жиберип жаткандан кийин баралы ээ, Соке. *(Айсулууга)* Жаманактыкы жармага чакырып калса жанымды койбой шаштырасың. Биз болсо айылга эмес, курортко бара жатабыз, курортко, билдиңби? Андан көрө Айсулуу байбиче, «Жеңил барып оор кел, жегениңден ала кел» дегин.

**Сарыбай**. Ырас эле биз жеңил барып оор келебиз. Семирип келебиз.

**Айсулуу.** Болуптур деги семирип келгилечи. Ансыз тамак жетпей жатты эле. *(Бөдөшбекти көрсөтүп)* баа-

рынан да мына бул семирсе экен. Почтоо, почтоо деп жүрүп, көз майы менен таман майы калбай калды.

**Бөдөшбек.** Мына ошентип иштегендигим үчүн курортко барып эс алып жыргоого жөнөдүм.

**Сарыбай.** Мен дагы эмгегим элге жаккандыгы үчүн колхоз жиберип олтурат.

**Бөдөшбек.** Рас, сенин эмгегиң да кыйлага жетти. Сен качантан бери багып келе жатасың? Пай-пай менин тушоому жаңы кыркканда кой багып жүрүүчү элең.

**Айсулуу.** *(Бөдөшбектин кийимдерин үтүктөп бүтүп)* Мына эми баарын бүттүм. Куржунга салайынбы же чамадангабы?

**Бөдөшбек.** Олдо курган Айсулуум ай, Айсулуу элесиң да. Ай менен сулууну – айкалаштырып койгон атыңа баракелде. Же жалаң сулуу, же жалаң Айды коюп койсо жетишпей кала тургансып карасаң.*(Радиону карап)* Эгер радиодон Айсулуу, Айсулуу деп сүйлөсө эл көрүүгө зар болоор эле. Эгер тигинин *(радиону көрсөтүп)* ичинен өзүң көрүнүп койсоң, Айдын баркы кете түшөөр эле, ээ айтсаң.

**Айсулуу.** Жаш кезимде Айдай болбосом да сен үчүн жылдыздай бар элем го? Чепелеңдеп мага далай кошомат кылчу элең го. Айтчы, эми куржунга саламбы, чамадангабы?

**Бөдөшбек.** Тигини, куржунга салып көтөрүнгүдөй, кызына бара жаткан кудагый белем. Чамаданга сал. Өкмөтчө барам. Почтоочу болсом да, айылдык интеллигенция деп коет.

**Сарыбай.** Бөкөм туура айтат, чамадан жакшы. *(Өзүнүн чамаданын карап)* Менин кемпирим чамоданга салды.

**Бөдөшбек.** Ташта куржунуңду. Ага салсаң жолдо Сокең жумшагына карап, чыканактап жатып, кош коңурукту

коё бергенде,үтүктөгөн эмгегиң, талаага түгүл *(асманды көрсөтүп )*Айга кетпейби.

**Айсулуу**. Эмесе болуптур.Чамоданга салайын. Сүлгүң кургады бекен? *(Эшикке чыгат)*

**Сарыбай.** *(Мактанган түрдө)* Менин кемпирим да чемоданга сүлгү, самын тиш жуугуч салды.

**Бөдөшбек**. Ошентсең, кайкалап бир жуунуп калалы. Сени үйүндө да тишин үзбөй жууп жүргөн маданияттуу койчу экен десин. Анан чын эле шашканда шырдактын алды эмес, үстүнө жаба түкүрмөй адатың бар эле. «Уйга жүгөн саларбы, үйрөнгөн адат калабы» дегендей көрүнгөн жерге түкүрсөң штраф төлөйсүң. Мен түкүр деп көрсөткөн идишке гана түкүрүңүз, жолдош койчу Сарыбай Сарымсаков *(Күлүп сүйлөйт)*

**Сарыбай.** Ырас эле Бөкө, насыбайың жаман экен. Догдурлар далай жолу ташта дешти. Бул түгөнгүр сөөгүмө сиңип калганбы? Такыр таштай албай койдум.

**Бөдөшбек.** Ии... ошентип кемчилигинди мойнуңа алсаң. Бир нерсени кулагыңа куймайынча өлсөң да мойнуңа албайсың ээ. А, баса, Саке, атыр, бет май, жанакы аялдар оозуна сыйпаган кызылдан да алдыңбы?

**Сарыбай**. *(Чочуп)* Кокуй аны эмне кылам?

**Бөдөшбек.** *(Жоошуган түрдө)* А десе, биле элексиңби? Аны ээрдигибизге аз-аздан жугузсак, ал жердин аба ырайы башка болот, ээрдибиз кесилип кетет.

**Сарыбай.** *(Аз-аз таңыркана түшүп)* Кудайды гана карасаң боло, Бөдөшбек, кышкысын кыргоонун шамалында кесилбеген Сарыбай эрди, жайкысын Бозтектирдин аптабында кесилбеген Сарыбайдын ээриндери, эми ал эс алып жүргөндө курорттон кесилеби? *(күлөт)*

**Бөдөшбек.** Жоок, кеп анда эмес, Ысык-Көлдүн суусу шор эмеспи, барганда көрөсүң го?

**Сарыбай.** *(Ойлонуп)* Андай болсо, көрөбүз да жолдо дүкөн болсо аларбыз.

**Бөдөшбек.** *(Тамашалуу күлкүсүн ичине батырып, сол тарабына көзүн кысып)* Ошентип өзүм сыйпап берем.

**Сарыбай.** Менден көрө көп жерлерди көрдүң. Көп нерселерди окудуң. Мага үйрөтүп көрсөтө жүр. Ал жагыңа бара да элекмин, эки жолу гана ударник малчылардын чогулушуна Фрунзеге барып келдим.

**Бөдөшбек.** О, байкушум, койдун туягын санап жүрүп культурадан эң кеминде 200 жыл артта калыптырсың. Жанакы эмгекке тийген козуларыңды сатып, тиги Кисловодскийге, Ялтага барып эс алып көңүлүңдү ачсаң боло. Аңыртынын эле жайлоосу жетет деп тоо-таштын арасында жүрө бербей, минтип жүрсөң өзүңдүн колхозуңду да таппай каласың.

**Сарыбай.** Олда, илимдүүм ай... Мага эле тапсың, мени шылдыңдагандын ордуна жер көрсөтүп, өзүң айткандай гөлторный кылып келсең? Быйыл Сары-Койду көрсөтүп, эмдиги жылы өзүң Алтайга, беркиниси кайсы эле? *(Ойлонуп)* Иии, Жободскийге да чогуу барабыз.

**Бөдөшбек.** *(Күлүп)* Олда бочкем аай, тилиңди бир тактасан боло, туура сүйлөбөй соттуу болосуңбу деп чоочуйм. Эң кур дегенде Кой-Сарыны туура айтчы. Бирге жүрөбүз Саке, ушул эс алышта сени культурный кылып эл катарына кошо албасам Бөдөшбек эмес эле, бөдөнө экенсиң де. Акчаңды дале мага каттырсаң кантет. Эсебин кайра келгенде баланча жерден муну ичкенсиң, баланча жерден муну жегенсиң, кызыл боёкту мынчага алганбыз деп так ушул үйдөн өткөрөмүн.

**Сарыбай.** Аны да көрө жатарбыз. Быйыл мени эс алдырбай эле арыктатып келесиңби деп корком.

**Бөдөшбек.** Көрө жатпай эле мага каттыр. Сен байсың. Былтыркы жылы кошумча эмгектен 30 козу алдың.

Жыл сайын алып жатасың. Быйыл да койлоруң жакшы төлдөдү.

**Сарыбай.** *(Раазы болгон түрдө)* Рас, былтыркыдан быйыл жакшы. 310 кой тууду эле, ушул азыр 374 козу бар. Мына ушуга раазы болушту көрүнөт. Башкармабыз чакырып алып, Саке, быйыл бир ай эс албайсыңбы деди. Жарайт жайлоодо жатайын десем. Жоок андан да жакшы жерге барып келиңиз. Биз ушундай чечтик дешти. Макул болдум. Колхозго раазымын. Үй салып берди. Радио коюп берди. Сен алып келип жаткан газеталарга жаздырышты. Үч жолу орден алдым.

*(Сарыбай ушуну айтып жатканда Бөдөшбектин өзүнүн ордени эсине түштү көрүнөт төшүн бир чаап алып).*

**Бөдөшбек.** Айсулуу! Ай, Айсулуу!

**Айсулуу.** *(Эшиктен)* Эмне, эмне болуп кетти?

**Бөдөшбек.** Орденим кайда? Жаңы кемселиме так.

**Айсулуу**. Кайсыны?

**Бөдөшбек.** Кайсыны дейт?! Баягы согуш буткөндө тийген, Сталиндин сүрөтү бар кызыл медалды. Жыйырма жылдыкта алган ак медалды. Жыйырма беш жылдыкта алган орденди так.

**Сарыбай**. Аларды тагынбай эле *(төшүндөгүнү көрсөтүп)* мына мындай белгилерин кадап алсаңчы. Дүкөндөрдө сатат.

**Бөдөшбек.** Жок, мен дүкөндөн сатып албай эле нукура өзүн тагынам. Мен аларды уурдап алыптырмынбы? Көп болсо көйрөң дешер. Буденный ар дайым эле тагынып түшүп жүрбөйбү? Ал эмне дүкөндөн сатып албайт?

**Сарыбай**. Тагынсаң тагын. Эмгегиңден алынган немелер да.

**Бөдөшбек.** Албетте, тагыныш керек. Нечен чоочун кишилердин арасында жүрөбүз. Төшүмдө жаркылдап

жүрүшсө, бул ким деп ойлонуп калышсын. Нечен согуштарды башынан өткөргөн эски командир дешээр. *(Төшүн карап)* Жоок, ага орденим аздык кылат. Эски мугалим дээр бекен. *(Бир илгичи шоона, экинчи илгичи зым болгон көз айнегин карап)* Жоок, бул турганда койчу дебес.

**Сарыбай.** Койчу жаман бекен?

**Бөдөшбек.** Жоок, койчу да жакшы. *(Мактанынкы түрдө)* Бирок көз айнек тагынган койчу көрө элекмин.

**Сарыбай.** Койчуга көз айнектин эмне кереги бар?

**Бөдөшбек.** Рас эле, эмне кереги бар? Силер эмне, эчкинин мүйүзүн көрбөй калып жатасыңарбы. Көз айнек бизге керек. Газеталардын номерлери, каттын адрестерин көрөбүз. *(Ойлонуп)* Балким мени артис дээр бекен?

**Айсулуу.** *(Эшиктен кирип келе жатып)* Ии, эми артис жакка өттүңбү?

**Бөдөшбек.** Айда, ордендин көбү артисте болот. Молдобасан менен Карамолдо ар дайым эле көз айнекчен жүрүшөт ко?

**Айсулуу.** Деги бир күү билип, анан теңелсеңчи.

**Бөдөшбек.** «Сынган бугу» черте албасам дагы «сынбаган аркаларын» айдата алам.

**Сарыбай.** А, сени артис дебей эле, почтоочу десечи.

**Бөдөшбек.** *(Кубанган түрдө)* Анда чалкаман кетмек белем. Мактанам. Почтоочу жаман бекен. Мен ушул кызматымдан өкмөткө жактым. Туура жыйырма эки жыл иштедим. Көбүнчө согуш маалындачы.

**Сарыбай.** Рас, рас эмгегиң бар. Иштегениңе көп болду го, Бөкө.

**Бөдөшбек.** Көп эмей... Сарыбай, өзүң билесиң биздин колхоз райондон алыс турат. Ошондон ушуга, ушундан ошого, кудайдын куттуу күнү төө да миндим, жөө да жүрдүм, ат да миндим, качыр да миндим. Кайчылдак

арабага да түштүм. Жайдын ысыгында сен жайлоонун көк тескейинде кой менен кошо жайылып жатканда, мен жар арыктын жээгиндеги ысыкта мына бул сумка *(сумканы көрсөтүп)* менен акактап нечен жүрдүм. Ошентсем да айылды газета-журналдардан үзгөн жокмун. Каткабарлар убагы менен тийип турду.

**Сарыбай.** Туура.

**Айсулуу.** Ырас айтат.

**Бөдөшбек.** Көбүнчө согуш мезгиличи. Балдары аскерге кеткен нечен абышка-кемпирлердин балдарынан кат алып келип берип, алкыштарын алдым. Ошон үчүн мен иттин аты болсо да мейли, ак жолтой деген атка кондум. Нечен келиндерге сүйүнчү деп, конверттин сыртындагы сүйкүмдүү колду көрсөткөндө, оозуңа май дебей, оозуңан айланайын деген күндөр болду.

**Айсулуу.** Келиндерине деле теңтуш боло берет.

**Бөдөшбек.** *(Күлүп, Айсулууну далыга чапкылап)* Ээ... Жоо өткөндөн кийин кылычыңды кыстарып кой. Эмне кысканасың. Бетимен өөп койсоң катты берем деп да тамаша кылдым.

**Сарыбай.** Рас-рас, менин баламан да катты алып келип турдуң го.

**Бөдөшбек.** Балаң эмес, көптөн бери кат келбеген кайниңен да кат алып келгенимде, сүйүнчүң деп, албасам да болбой бир кара козу бербедиң беле. Согушта жалаң гана кат ташуу менен чектелбестен, элди чогултуп же болбосо үйгө кирип газеталар, кабарлар да окуп бергендигимден райондон нечен алкыш албадымбы. Эми төрт жылдан бери жакшы болуп калды. Күн сайын машина менен чаап зыр эттирип барып кайра келе коём.

**Сарыбай.** Рас эле былтыр райондо кызматчылар сени мактап сүйлөшүп жатканын уктум эле.

**Бөдөшбек.** Мактабаганда анан. Райком өзү айтты, өсүпсүң деди. Рас эле ушу почтоодон өстүм.

**Айсулуу.** Ии, көйрөңүм, мактанчы эми.

**Бөдөшбек.** Мактанам эле. Сен көйрөң болгонуң кайсы, өгүнү жаңы көлөш, маасы алып берсем айылга көрсөтөм деп улам бутуңду карап басып бара жатып Кармыштын терегин сүзүп алып чалкаңан кеттиң.

**Айсулуу.** *(Ызаланып)* Болду эми, айта бер.

**Бөдөшбек.** Чын эле өстүм, Саке. Өзүң билесиң, илгери сен билгендей эле сабатым бар эмес беле. Эми жөн эле ага теңебе. Былтыркы жылы партияга мүчө болгондо азыркы абал жөнүндөгү суроолордо жөн эле, сен кой санагандай өттүм.

**Сарыбай.** Газетаны көп окуган жакшы экен.

**Бөдөшбек.** Албетте. Сен да көп оку. Волго-Дон курулушу эмне, билесиңби?

**Сарыбай.** Жанагы, жанагы суу чыгаруучу жерби?

**Бөдөшбек.** Суу чыгарбаганда анан ашкабак бышырат дейсиңби? Маанисин айт.

**Сарыбай.** Мааниси суу көп болуп, токой тигилип, электр күйүп жана, жана... *(чекесин тырмайт)*.

**Бөдөшбек.** Деги жомолоп билет экенсиң. Мен сени курортко барып келгенче билимиңди кыйла жерге көтөрүп таштаймын. *(Айсулууга карап)* Эми Айсулуу, убакыт аз калды. Мени камынтып бүттүңбү?

**Айсулуу.** *(Сандыкты аңтарып жатып)* Документтериңди бүт аласыңбы?

**Бөдөшбек.** Анан теңин сага таштап кетмек белем. *(Илинип турган сумканы алып)* Мени сагынсаң мына бул кара сумканы жыттай жүр.

**Айсулуу.** *(Туруп келип сумканын ичин эңкейип карап)* Эмнени айтып башымды айлантаар экен.

**Бөдөшбек.** Башың айланбайт, түп-түз эле бойдон турат. Мына мен кеткенден кийин, мына бул аманаттарды тапшыр. Бул газетаны Касымбайга бер. Бул кат Жайчыныкы. Бул Эшимдики. Баарын өз-өзүнө бересиң. Мына, көрдүңбү ар биринин өз фамилиясы жазылган. Аны ажырата албасаң өңүнөн эле тааны. Мына бул көгүшү Жайчыныкы. Агы Эшимдики, көрдүнбү?

**Айсулуу.** Жарайт. Жарайт өңүнөн таанып берейин.

**Бөдөшбек.** Сабатыңды чыгарууга нечен аракет кылдым, болбодуң, эмне кылайын. Өңүнөн тааны, эч нерсе болбойсуң. Сарыбай деле нечен жүздөгөн койлорду өңүнөн таанып жүрбөйбү.

**Айсулуу.** *(Сумканын ичинен алып)* Бул катты кимге беремин?

**Бөдөшбек.** *(Алып көрүп)* А кокуй, бул кат эмес. Өлгөн буканын актысы. Сельсоветтин секретарына бер.

**Сарыбай.** Кат билбегендик жаман да, мен да кат тааный электе ушундай элем.

**Бөдөшбек.** Жаман эмей анан. Өгүнчөрөөк Сарбандын улуу кызына бир жигитинен кат келиптир. Аны бул атасына карматкан экен. Сарбан мага жолугуп, сүйүнүп: «Бөкө, уулуман келген кат экен, окуп берчи»– дейт. Окудум, ал кубанып тыңшай баштады. Кат мындай башталыптыр:

«Алыскы Ала-Тоонун атыр жыттуу авасында ак чардакча айланып жүргөн ардагым». Анда Сарбан: «Авасынан айланайын. Мен өзүңдөн ак чардакча айланайын, окучу, оку» – деди. Мен дагы нары жагын окудум. «Бул катты жүрөгүмдөн оргуп чыккан жылуу кызыл канга малып жаздым» деген жерине келгенде, Сарбан акем «Ээ, кокуй, уулум согуш жокто эле жарадарбы» деп, «окучу, окучу, окучу» деп үрпөйдү. «Алтыным, мага берген убадаң ушунчалык медер. Атаң менен энең эски кишилер эмеспи, сени

баягы тескейдин сууру мурунданган кара жигитке беребиз деп жүрөт дейт. Мен дем алышка чыкканча чыда» деген жерине келгенде: «Кокууй!... Иш түшүнүктүү дагы окуп көрчү» деп ылдый карады. «Анан мен дем алышка барганда Фрунзени карай жол тартабыз. Аны жеңең Асылга айткамын»,– деп окуганымда «Айланайын эмне дейт Асылды кара жер сорсун. Муну кандай неме жазган. Эски киши дейт тура. Алып кел катты»,– деп Сарбан колуман жулуп алып маа да, катка да ачууланып, үйүнө барып чоң чатак чыгарбадыбы. А мен болсо кылт эттирип гана өз-өзүнө тапшырамын *(Айсулууга карап мактанган сыяктанат)*.

**Айсулуу.** Болду эми, мындан кийин жаңылбайм.

**Сарыбай.** Кана эми, жөнөбөйлүбү...

**Айсулуу.** *(Чемоданды берип)* Көл терең дейт. Элеңдебей жакшы жүрө көр.

**Бөдөшбек.** Мен эмне, сүткө түшкөн коңуздай эле өлүп калмак белем. Көлгө өрдөктөй эмес, аңырдан кыйын сүзөм. Андан көрө өзүң жакшы тур. Кокуй байбиче, унутуп кала жаздаган турбаймынбы? Тиги байгеге алган патефонду салгын.

**Айсулуу.** Эмне, ала кетесиңби?

**Бөдөшбек.** Ала кетчү беле, маркум Мусанын «Кыздар айын» коё кой. Сакем экөөбүз үйдөн музыка менен узайлы. Бол кемпирим, ылдам. Олтур Саке!

**Айсулуу.** Алда жел өпкөм ай, ой деле мунун кыз жандуусун кантесиң? Болуптур, азыр *(Патефонду коёт. Кичине уккандан кийин Бөдөшбек патефонго кошулуп ырдап жиберет. Баары өйдө турушат. Сарыбай чемоданы менен эшикке чыгат)*.

**Бөдөшбек.** Кош, кемпирим *(Кучактап өбөт)*.

**Айсулуу.** *(Уялып башын ала качат)*. Бул эмне деген жаңылыгың ботом?

**Бөдөшбек.** Кинодон көргөнмүн. Кош кемпирим, до свидание, до свидание *(Чыгып жөнөшөт)*.

***2-сүрөт***

*Пристань. Түшкү тыным маалы. Кыргыз музыкасынан концерт берилип жатат. «Сынган бугунун» орто чениnен баштап күү чертилип жатат. Балыкчы абышка комузун колуна алып, ошол күүнү илип алуунун аракетинде. Чамодандарын көтөрүшүп, Багышев менен Ефим Иванович киришет. Тигил балыкчы экөөнү тең байкабай эле өз аракетинде. Бир аз байкап турушуп, Ефим Иванович менен Багышев Балыкчынын жанына келишет.*

**Багышев.** Ассолоом алейкум. *(Балыкчы аны укпай эле комузунун аракетинде)*.

**Ефим Иванович.** Саламатсызбы аксакал?... *(Балыкчы комузун токтото коюп тигил экөөнү таңыркап карап калат)*.

**Балыкчы.**Саламатчылык. Келиңиздер...

**Багышев.** Эмнеге эле убара болуп жатасыз.

**Балыкчы.** Ээ, балам ай... Азыркы радиодон берген күүнү үйрөнө албай жатамын. Эми карачы. Бул колум келсе бул колум келбейт. Жедеп эле сөксөөл болуп калганбы.

**Ефим Иванович.** *(Багышевке)* Азыр эле биз уккан күүбү? Кап, жакшы күү экен...

**Балыкчы.** Жакшы эмей. «Сынган бугу» эмеспи. Бая күнү ушул «Сынган бугусу» бар бир табак алдырып алдым эле, бир мас неме келип чыканактап жата кетемин деп сындырып салбадыбы? Нар жак бетинде Өмүрканова бар эле, ал кошо сынып калбадыбы? Ай, табагым табак эле.

**Багышев.** *(Күлүп)* Эми «Сынган табак»деген күү чыгарып алсаңыз.

**Ефим Ивнович.** *(Комузду алып көрүп)* Комуз өзү жөнөкөй болгону менен барлык күү келген, жакшы нерсе экен.

**Балыкчы.** Жөнөкөй болбой калсын. Муну терип черте билсе, шумдук эмеспи.

**Ефим Иванович.** Карамолдо, Ибрайдын күүлөрүнөн билесиңби, карыя?

**Балыкчы.** Жок, айланайын. Аларды билсем, тиги Фрунзенин артистеринде болбойт белем. Баса, аларды кайдан билесиң?

**Ефим Иванович.** Аларды мындан бир нече жыл мурун Москвада кыргыз искусствосунун декадасында көргөнмүн. Ой, комузга чебер экен да.

**Балыкчы.** Экөөңүздөр тең ичкери жактан келе жатасыңар го?

**Багышев.** Ооба. Бул киши Ленинграддан. Мен Фрунзеден келе жатам.

**Ефим Иванович.** Койсары курортуна бара жатабыз.

**Балыкчы.** Баргыла, айланайындар. Эс алгыла. Ал курортко баардык жактан келип жатышат. Сыягы жакшы курорт болуп калды го.

**Ефим Иванович.** Мен дагы суранып жатып, ушул Койсарыга келе жатам. Бул жердин авасы мага абдан жагат. Ырас, мен мындан бир нече жыл мурун студент кезимде ушул Тянь–Шань тоолоруна практикалык ишке келип, кеткен элем. Ошондо мага бул жерлер абдан жакты эле. Ал кезде бул Балыкчы кичине гана кыштак эле. Эми болсо, көрктүү шаарга айланып кетиптир.

**Балыкчы.** Ырас айтасыз, биздин Балыкчы дүмпүйгөн шаар болуп бара жатат. Өзү тогуз жолдун тоому. Тиягы

Тянь-Шань, Нарын, Жумгалдан, быягы Ысык Көл, Пржевалдан, быяктан Фрунзеден катташат. Мен бала кезде бул жер какыраган эле таш эле. Өзүм да ушул жерден төрөлдүм. Көп жылдан бери ушул госпароходстводо иштеймин. Быйыл карысың деп өкмөт пенсияга чыгарып койду. Ошондо да иштеп көнгөн киши курусун, тынч жата албай ушул жерге кароолчу болуп иштеп жатамын. Турмуш жаман эмес. Улуу уулум Фрунзеде академияда иштейт. Бир кызым Пржевалда мал доктур. Кичи балам тиги Фрунзеде… эми… тиги… жанагы… умберс мектепте.

**Багышев.** Университеттеби?

**Балыкчы.** Ооба, айланайын. Ошондо окуйт. Атым Балыкчы.

**Ефим Иванович**. *(Таң калып)* Балыкчы?…

**Балыкчы**. Анык эле атым Балыкчы. Өзүң билесиң го кыргыздын мурда ат коюшун. Мурун бала төрөлгөн жерди карай, же болбосо ырым-жырымга карай эле коё берүүчү эмес беле.

**Багышев**. Ырас эле кызык аттар көп ээ, аксакал.

**Балыкчы**. Албетте. Менин кошунам бар. Атасынын аты Иттуйбас, Иттуйбасов. Өзүнүн аты болсо…

**Багышев**. *(Күлүп)* Өз атын айтпай эле коюңуз.

**Балыкчы.** Өз аты Арс-тан-бек, Арстанбек. Бирок, өзү жеткен коркок. Ал баатыр бир бүлүк салбадыбы. Түн эле. Биз уктап калганбыз. Бир маалда Арстанбек келди. Өңү кумсарган. Кошуналардан дагы бир экөөнү ойготуп, айланайындар, менин отун кийирген тамымда ууру жүрөт. Тышынан кулпу салып келдим. Жүргүлө, кармап милицияга алып баралы дейт. Баарыбыз турдук. Чогулуп бардык. Сен ач, мен ач болуп жатып, ширеңке тартсак менин музоом экен… Кайран немеге, коркконго кош көрүнгөн тура… Ошентип менин атым Балыкчы.

**Ефим Иванович.** Эч нерсе эмес, жакшы ат.

**Балыкчы.** Ат демекчи. Таанышалычы. Атыңар ким?

**Ефим Иванович.** *(Кол берип)* Ефим Иванович.

**Багышев.** Калый Багышев. *(Ефимди көрсөтүп)* Бул киши инженер болуп иштейт.

**Балыкчы.** Баракелде. Жакшы кесибиң бар экен. Мен Ивановичти коюп эле, Эфим инженер деп айтып жүрөйүн. Баса, биздин Балыкчыга далай үйлөр салып кете көр.

**Ефим Иванович.** Жоок. Мен үй салуучу инженер эмес. Кен издей турган инженер болуп иштеймин.

**Балыкчы.** Аа... эми түшүндүм. Бали өнөрүңөн. Көмүр, темир жана башкалар.

**Ефим Иванович.** *(Айланасына көз жүгүртүп)* Сонундар дагы алдыда. Тизмектелген тоо. Мелтиреген көл, берекеде жаткан эл.

**Багышев.** Ырас айтасыз, деги кендин жери го!

Жеримдин суусу дары, таштары алтын.
Байлыкта, берекеде жашайт калкым,
Таалайга тандап туруп жаралгансып,
Тянь-Шань кышта жылуу, жазда салкын!

**Ефим Иванович.** Карачы... *(Көпкө карап туруп)* туура!

**Багышев.** *(Саатын карап)* Ефим Иванович, жолоочуга жомок эрмек дегендей, Балыкчы аксакалдан күү черттирип укпайлыбы.

**Ефим Иванович.** Рас эле, бир-эки күү чертип коюңуз.

**Балыкчы.** Мейли. Ефим иним менен Калый балам сурап калгандан кийин, аяган өнөр курусун. Мен эмне, көчөгө чертип жатыптырмынбы. Өзүм иштеген жерим. *(Шымаланып, алкымын жасап, көпкө чейин манчыркап, комузун күүлөй берет. Бир маалда кыл чарт үзүлөт)* Каап!... Эки кишинин башы кошулса эле, үзүлүп калма адаты бар. *(Комузуна капа болуп)* Жүргүлөчү үйдөн

чертип берейин. Балык кууруп беремин. Пароход келүүгө көп бар. Конок болгула.

**Ефим Иванович**. Рахмат, аксакал! Комузга капа болбоңуз.

**Балыкчы.** Комуз курусун. Карамолдолор миң кишиге чертсе да бир кыл үзүлбөйт. Мен эки кишиге черте албаганыма эми мени жөн эле мактанчаак чал экен дейсиңер го.

**Багышев**. Жок, карыя. Эч нерсе эмес, ишенебиз.

**Балыкчы.** Түгөнгүрдүн кылы, ылаңдап өлгөн койдун ичегиси беле. Кой балдар, мен кыл жаңыртып келейин. Тамак астырайын, үйүм бул эле жерде.

**Ефим Иванович.** Убара болбоңуз…

**Балыкчы**. Жок. жок. Айланайын *(чыгат)*.

**Багышев**. Ефим Иванович, жакшы тип экен ээ? Ачыкайрым абышка. Өзү картайганы менен жүрөк сезиминде 25 теги жигиттин кубаты бар. Бизге өнөрүн көрсөтүү үчүн атайын кыл такканы кетти. Кары айланып бала болот деген ушул.

**Ефим Иванович.** Жакшы абышка экен.

**Багышев.** Өткөн ролдорумдун биринде ушундай образды түзүү үчүн кыйналган элем. Эми мына, өзү дапдаана көз алдыма тартылып турат.

**Ефим Иванович.** Деги, искусствонун кишилери, кызыксыңар. Турмуштагы учурай турган ар бир нерсеге көз саласыңар ээ. Артисттер образды элден алыш керек да.

**Багышев.** Албетте. Антпесе чеберчилик кайда.

**Ефим Иванович.** Силер элдик кишисиңер. Искусство иши өтө татаал иш, ошондуктан ага особый талант керек, Ырас, мен дагы жаш кезимде артист болууну каалагам, бирок, менден эчтеке чыкпасына көзүм жетип илимий жагына ооп кеттим. Мына бул кесип мен үчүн же-

миштүү болуп чыкты. Ошондуктан, бардык киши эле артист боло бербейт.

**Багышев.** Абдан туура айтасыз, Ефим Иванович, бирок мен артистмин деп мактангандык эмес. Артистин ишин жогору баалап Станиславский «Артист – элдик мугалим» деп айткан да. Себеби, театрдан миллиондогон адамдар окушат турбайбы? Ошондуктан, биз ар бир образга кылдаттык менен мамиле кылышыбыз керек.

**Ефим Иванович.** Туура айтасыз. Жолдогу айткан сценарияңызды быйыл бүтпөйсүзбү?

**Багышев.** Бүтөм го деген ойдомун. Мен курортко жалаң гана эс алуу үчүн эмес, ошону иштөө үчүн да бара жатамын. Ошол ишиме байланыштуу бул жерге бир-эки күн токтоломун.

**Ефим Иванович.** Мурун киносценария жаздыңыз беле?

**Багышев**. Жок. Бирок, бир нече жазган чыгармаларым жарыкка чыккан. Сценария жазуу иши биринчи жолу кыйын, кыйын болсо да, колго алгандан кийин...

**Ефим Иванович.** Оо... жазуучулук шыгыңыз да бар болсо, актёр да болгондон кийин жазыш жагынан да, түзүш жагынан да көп кыйналбайсыз. Материялыңыз да сонун экен.

**Багышев**. Республикабыз сонун өспөдүбү. Ошону бир кинодо көрсөтүш деген максат.

**Ефим Иванович.** *(Эки жагын карап)* Кыйын өзгөргөн.

**Багышев**. Өзүңүз көрдүңүз го, жолдо таң калып келбедиңизби. Темир жол алдында аны менен жарышкан шоссе жолу. Күү салып ээрчиген көк кашка суу. Ушул Боом капчыгайын биздин атактуу акын Жусуп Турусбеков:

Чокусун көр.!
Булуттан жай талашкан.
Көп убакыт,

Мекен кылып жердеген
Канаттуулар
Уясынан адашкан.
Көрчү,
Көрчү,
Көрчү мунун бир ташын,
Тээ,
Тетиги суу жеп кеткен жылгасын,
Далай жылдар
Чөп ташыган араба
Кантип анан
Ушул жерден сынбасын! –
деп ырдаган эмеспи…

**Ефим Иванович**. Да… мурунку капчыгайдын элесин кыйын берген экен. Жаңы көрүнүштү көрүп туруп кубанасың, кандайдыр жаңы эмгекке, жаңы умтулушка шыктанасың. Көбүнчө эл сонун. *(Эшиктен Бөдөшбек кирет. Эки колунда эки чамоданы бар. Көз айнеги мурдунун учуна чейин түшүп кеткен. Өзү чарчаңкы. Анын араң көтөрүп келе жатканын көрүп Ефим Иванович дароо ордунан тура калып, анын чамоданын өз чамоданынын жанына коё коёт.)*

**Бөдөшбек.** Өөх. Саламатсыздарбы? *(Кол берет)*

**Ефим Иванович.** Саламатчылык, Ефим Иванович.

**Багышев** *(Кол берип)* Калый Багышев боломун.

**Бөдөшбек.** Өөш, айланайындар, катуу чарчадым. Өз чамоданымдан да жолдошумдун чамоданынын оордугу ай. Коргошун салып алганбы же сүзмө салып алганбы, жалаң көйнөк-дамбал эмес… *(Көз айнегин оңдойт)* Сиздер дагы курорткобу?

**Ефим Иванович.** Ооба.

**Багышев.** Ушул жерден пароходго түшөсүздөр жарым саттан кийин.

**Бөдөшбек.** А, ошондой деңиз. Жанакы жолдошум кечикпесе экен.

**Багышев**. Аялыңызбы?

**Бөдөшбек.** Жогунуз. Анда кемпирим деп эле кесе айтпайт белем. Эркек. *(Багышевге ормоё карап)* Сизди бир жерден көрдүм беле, же уктум бекен атыңыз жылуу учурайт.

**Багышев.** Калый Багышев. Уккан чыгарсың.

**Бөдөшбек.** Ооба, ооба, артист эмессизби? Жоок, жеке эле артист эмес, жазуучулук да кесибиңиз бар болсо керек.

**Багышев**. Мүмкүн.

**Бөдөшбек**. Ооба! Мүмкүн. Мүмкүн эмей эле чын. Сиздин ырларды да, ангемелерди да окудум. *(Ойлоно түшүп)* Айтмакчы, «өткөн жылы сиздин «Эшкожо Шертай» деген бир чыгарманызга, азыркы замандын адамдарын көрсөтпөстөн, эскини сүрөттөгөн деген сын да чыкты го.

**Багышев**. *(Уялыңды түрдө)* Туура айтасыз. Ошондой жаңылыштык болгон эле.

**Ефим Иванович**. *(Багышевге)*. Көрдүңүзбү, элдин өскөндүгүн, демек, кимибиз болсок да элдин талабына ылайык иштеш керек экен да.

**Багышев**. Албетте.

*(Эшиктен Сарыбай кирет)*

**Сарыбай.** Салоом алейкумдар.

**Бөдөшбек.** Салоом алейкумдар деп жорого киргенсибей, бул кишилер менен таанышкын.

**Ефим Иванович** *(Тура калып Сарыбайга кол берет)* Ефим Иванович.

**Сарыбай.** *(Шашкан түрдө баш ийкеп)*. Ефим Иванович.

**Бөдөшбек.** *(Сарыбайга)*. Ой, Саке, маданияттуу адамдар таанышып учурашканда өз атын, атасынын атын

айтат. Сен кимиси болсо эле, Ефим Иванович деп кол берет деп ойлосоң керек. Сен Сарыбай Сарымсаковмун дегин. Мен айтпадымбы, курорттон келгенче сени бир топ маданияттуу кыламын. *(Сарыбай Багышев менен да учурашат)*

**Сарыбай** *(Бөдөшбекке)*. Бул кишилер да Сарыгойго барат бекен?

**Бөдөшбек.** Ооба, Бозкойго. Мүйүздүү ак койго барышат. Сары кой эмес, Койсарыга десең боло, улам эле Сары кой дейт. Койсарыны Сары кой десең, Жети-Өгүздү кызыл торпок дейсиң го. *(Беркилер кулбөөгө аракеттенишет)*

**Сарыбай.** Пай, пай, Ысык-Көл жер соорусу деген чын экен. Сонун жер экен.

**Бөдөшбек.** Пай-пай деп коёт, мен болбосом муну кайдан көрөт элең.

**Ефим Иванович.** *(Саатын карап. Багышевге)* Пароход келишине дагы көп бар. Жаңы газета-журнал алып келбейлиби? Барасыңбы?

**Багышев.** Ооба, барам. Сиздер узаганга чейин ушул жерде боломун. Сиздер чемодандарды карай отуруңуздар, жарайбы?

**Бөдөшбек.** Жарайт, Барыңыздар.

*(Ефим Иванович менен Багышев чыгышат)*

**Сарыбай.** Бөкө, мурун пароходго түштүң беле?

**Бөдөшбек.** Жок. Сүрөттөн көрүп жүргөм.

**Сарыбай.** Жүрүп бара жатканда адамдын башы айланып кусат дейт ко.

**Бөдөшбек.** Мейли. Эл эмне болсо биз да ошо болорбуз. Эл куспаса эле биз кантип окшуй берели. *(Токтой түшүп)* Эми Соке, азыраак тамактанып алсак боло.

**Сарыбай.** Жарайт. Кечетен бери ачкабыз ээ?

**Бөдөшбек.** Кемпирим тамак бышырып салдым, жолдо же деп эле жатты эле. Кана, жейличи. *(Өз чамоданым деп жанындагы оп-окшош болгон Ефим Ивановичин чамоданынын алат. Аны ачат)* Карачы, Саке, кайран Аксуулум – Айсулуу эле да, кийим кир болбосун деп аны эң алдына салып, газеталар менен бөлүп, анын үстүнө газетага ороп муну салышын кара. *(Газетага оролгон немени ачат)*

**Сарыбай.** *(Таңыркап)*. Бөкө, өңчөй эле ак май го, куйрукпу?

**Бөдөшбек.** *(А да азыраак таңыркап)*. Чын эле чылгый куйрук экен. *(Макисин алат)* Кемпир салгандан кийин эмне болсо да жеш керек. *(Бир кесип өзү жеп, экинчисин Сарыбайга сугунтат, жана кесип жейт. Сарыбай дагы бир кесимди оозуна салат)*

**Сарыбай.** *(Чайноосун токтотуп)*. Кокуй, Бөдөшбек, мунуң соо май эмес.

**Бөдөшбек.** *(Өзү тамшанып таңыркайт да)*. Соо болбогондо анан кутурган май дейсиңби, жей бер.

**Сарыбай.** Тузу ачуу. Анан чийки өңдөнөт…

**Бөдөшбек.** Чын эле. Көрөйүнчү *(чамадандын түп жагын аңтарып көрүп)*. Кокуй, Саке, бизди кудай уруптур. Чамадан меники эмес. Жап, ээси келет.

**Сарыбай.** *(Оозундагы майды же жута албай же түкүрө албай)*. Я! Кимдики экен.

**Бөдөшбек.** Кеп чочконун майын жегенде эмес, кеп ууру дегенде.

*(Эшиктен сүйлөшкөн бойдон Ефим Иванович менен Багышев кирет. Ошол учурда Бөдөшбек чамаданды жаап жаткан кези болот)*

**Бөдөшбек.** *(Ефим Ивановичке күнөөлүү түрдө)* Ефим Иванович, кечиресиз. Кечириңиз, мен… Өзүмкү дедим эле. Тамак жейин дегенмин *(Өз чамаданын көрсөтөт)*.

**Ефим Иванович**. *(Бир аз таң калып, анан иштин жайын түшүнүп)* Эч нерсе эмес. Чемодандар окшош тура. Баары бир мен да жаңылмакмын. Зыян жок.

**Сарыбай**. Чочконун майынан жеп алдык.

**Багышев.** Эч нерсе эмес *(Күлүп)*.

**Ефим Иванович**. *(Күлүп, Сарыбайга)* Эмне экен, жаман бекен?

**Сарыбай.** Чочконуку да.

**Бөдөшбек.** *(Аз-аз ачууланган түрдө)*. Чочконуку, чочконуку… Баары бир жедик болду да. Бир жолу чайнап жутуп ийдиң, экинчиси оозуңда турат. Чочко менен койдун кандай айырмасы бар? Экөө тең ача туяк.

**Ефим Иванович** *(Күлүп)* Туура айтат.

**Багышев.** *(Сарыбайга)*. Шарыяттан коркуп жатасыз го.

**Сарыбай**. Андай деле эмес. Көнбөгөн тамак да.

**Бөдөшбек.** Көнүш керек. Көрүш керек.

**Сарыбай**. Ошондо да карыган кишиге кыйын да. Өлүм аз калды.

**Бөдөшбек.** *(Сарыбайга жакындап келип далыга чаап)* Билем, тиги дүйнөнү ойлоп жатасың. Бейишке чыксам дейсиң. Ал жердеги бейишиң азыркы турмуштан артык дейсиңби. Тиги дүйнө дегениң барбы деги?

**Багышев**. Бөдөшбек аксакал туура айтат.

**Бөдөшбек.** *(Улам кызып сүйлөп)* Бейиш, тозокту жанакы Турсунбай молдо айтып жүрөбү. Ал качан көрүп келиптир? *(Ефим Иванович менен Багышевге карап)*. Биздин элде Турсунбай молдо деген бирөө бар. Быйыл кышында тишим ооруп чыдатпаганынан алып келип дарымдатсам, сүү! сүү! десе оозунан арак жыттанат. Үйдөн кууп чыктым.

**Ефим Иванович**. *(Күлүп)* Демек, арактан билгизбей согуп жүргөн экен да.

**Бөдөшбек.** Албетте. Кез-кезде эртең менен асан чакырганда үнү каргылданып калчу, көрсө пахмел тура.

**Багышев.** *(Сарыбайга)* Бул кандай, Саке. Молдо ушунтип жаткандан кийин сиз тиги дүйнөдөн бекер коркосуз.

**Ефим Иванович.** Тиги дүйнө деген жок нерсе да.

**Бөдөшбек.** Бар болгон күндө да эки кесим май үчүн атып иймек беле. *(Сарыбайга жакындап)* Эй, бери карачы, сен экөөбүздү ушундай эркелетип, кеңири турмушка жеткирген улуу орус элинин жардамы эмеспи. *(Ефим Ивановичги көрсөтүп)* Улуу орус эли жеген тамактан жийиркенсек болбойт досум. *(Күлүп)* Эчтеке эмес, оозуңдагыны чымыркапып жутуп кой. Жутуп кой. *(Баары күлүшөт)*.

**Сарыбай.** *(Күлүп)* Ай, эми мейличи. Баарынан сенин үгүтүң өтүп кетти.

**Багышев.** Бул чындык, Саке.

**Бөдөшбек.** *(Ефим Иванович менен Багышевге)* Ээ, ашың барда каадаң көп деген ушул да, карын ток, кайгы жок. Илгерки заман болсо, Сарыбай экөөбүз ачкалыктан чочконун майы эмес, мурдун отко express кактап жээр элек. *(Сарыбайга)* Сага окшогон алдыңкы катардагы малчы эски адат менен жүрүшү уят. Жашардым деп жүрбөйсүңбү, түшүнүгүң боюнча дагы жашаргының.

**Багышев.** *(Бөдөшбекти, Сарыбайды далыга чаап, саатын карап)* Эми мен силерди узатып коюп, жанакы иштериме барайын.

**Сарыбай.** Э, айланайын, сен калып каласыңбы?

**Ефим Иванович.** Аксакал, бул жигит эртең келет. Жумушу бар экен.

**Сарыбай.** Атаа, чогуу кетсек жакшы болбойт беле. Бул Ефим сен жок жолдо зеригет го!

**Бөдөшбек.** Ой сүйлөйсүң да шаңшып, эмнеге зериктирмек элек. Жалгыз Ефим Иванович эмес, пароходдогу элдин баарынын көңүлүн ачып барам. Мен дагы бул артист Багышевден кем эмесмин. Кой, айланайын, жумушуңду бүтүрүп алып эле эртең машина менен эле кел. Биз Сарыбай айткандай, эртең «Сары Койдон» тосуп алабыз.

**Бөдөшбек.** Ракмат аксакал, мен артыңардан эртең эле жете барам. Чогуу эс алабыз.

**Ефим Иванович**. Кана эми, жүргүлө. Тигине пароход да келип калды. *(Сырттан гудоктун үнү угулат)* Чукул барып туралы.

**Бөдөшбек.** *(Шашып)* Кокуй, бир кыйкырып алып жүрүп кетпесин. *(Баары чемоданын алышат)*

**Бөдөшбек**. Кайран бүркүтүм, ошентсең. Кана Сарыбайым, берекелүү карын майым. Ал чемоданыңды колуңа. Тиги пароходу пуп деп кыйкырып алып ала качып кетип жүрбөсүн. Ылдам жетип орун алалы. Кеттик.

*(Кетишет)*.

## 2-КӨШӨГӨ

### *3-сүрөт*

*Түн. Курортко келген ооруларды кабыл алуучу бөлмөнүн ички көрүнүшү. Илинген саат экини көрсөтүп турат. Бөлмөнүн ичи таза. Дежур сестра Нина жалгыз олтурат. Ал адегенде ышкырып, анан ырдайт.*

**Нина.** Ра– ра ра– ра– рай…

Турмуш кенен жыргап өмүр сүрүүгө,
Кайык миндик көлдүн айлуу түнүндө.
Кабарымды кат аркылуу бил дедиң.
Сак саламат жеттиң бекен үйүңө.

Кызмат кыйын дайым бирге жүрүүгө,
Ашыгамын ал-жайыңды билүүгө,
Көл шарпылдап, мен жаркылдап турчу элек
Комуз менен кошо кеткен үнүңө.

Турмуш кенен, жыргап өмүр сүрүүгө,
Күүлөнгөнсүп, күч кошулат күнүгө.
Качан болсо алга жүр деп шык берет,
Кандай укмуш касиет бар сүйүүдө.
Ра– ра– ра– ра– рай
Кандай укмуш касиет бар сүйүүдө.

*(Эшиктен Рахима кирет)*

**Рахима.** Охо, сен оперный актрисасың го!

**Нина**. Коюузчу, кантип эле,

**Рахима.** Кандай эле аягы? Кандай укмуш касиет бар сүйүүдө! *(Күлүп)*. Ким жазды болду экен, абдан жакшы жазыптыр, Ниночка, аякы куплетин кайталап койчу. Ичиң тарыбаса үйрөнүп алайын.

**Нина**. *(Ырдайт, күлүп)* Ичим тарып жүрбөсүн, э, мейличи үйрөнсө үйрөнүп алыңыз.

Турмуш кенен жыргап өмүр сүрүүгө,
Күүлөнгөнсүп күч кошулат күнүгө.
Качан болсо алга жүр деп шык берет,
Кандай укмуш касиет бар сүйүүдө.

**Рахима.** Ракмат.

«Кандай укмуш касиет бар сүйүүдө…

Ниночка, калп айтпасам ушул сен, бирөөгө ашык болуп калып жүрбө…

**Нина.** Кимге ашык болмок элем…

**Рахима.** Бүбүш, сени бая күнү кеткен жылкычы менен соо эмес дейт ко? *(Нина укмаксан болуп бөлөк сөзгө чаргытат).*

**Нина.** Айтсаныз, Рахима Садыковна, сиздин сүйгөнүңүз барбы? Ал кайда иштейт, айтсаңыз...

**Рахима**. Ниночка, анын сага билип эмне кереги бар?

**Нина.** Рахима эже, Садыковна, абдан билгим келет. Мына мен сиз менен туура бир жарым жыл иштейм, абдан жакшы кишисиз, ооруларга абдан жакшы мамиле кыласыз. Курортчулардын баары сизди жакшы көрүшөт. Бирок эч ким менен баспайсыз жана бир жактан кат да албайсыз, себеби эмне?

**Рахима**. Анын себебин сурабай эле кой, Ниночка. Мен айтпай эле коёюн, себеби ал бир чоң роман *(Үшкүрөт)*.

**Нина.** Эмне, Рахима Садыковна, сүйгөнүңүз каза болуп калды беле?

**Рахима.** Жок... ал тирүү...

**Нина.** Анан эмне болду, ажырашып кеттиңиздерби?

**Рахима**. Ажырашкан деле жокпуз.

**Нина**. Эмне, таарынышып калдыңыздар беле?

**Рахима**. Мүмкүн. Таарынышып калганбыз го.

**Нина**. Рахима Садыковна, анан ушунча да таарынышасыздарбы? Деги кат алышып турасыздарбы?

**Рахима**. Кат да жазышпайбыз, сүйлөшпөйбүз. Экөөбүздүн сүйлөшпөгөнүбүзгө быйыл туура 3 жыл болду. Бирок сүйүүбүз сууган жок.

**Нина**. Ал жигит аял ала элекпи?

**Рахима**. Жок.

**Нина.** Анан эмне кошулуп албайсыздар? Рахима Садыковна, чыныңызды айтыңызчы. Сиз аны сагындыныңызбы?

**Рахима.** Мен аны абдан сагындым, бирок айла канча, өгүнү Фрунзеге кеңешмеге барганда, Калый аял алдыбы деп жолдошторунан сурасам, жок дешет. Ал дагы эле сени сүйөт, сени күтүп жүрөт дешет. Ал институтту бүтүрүп, мен медик, ал болсо театральныйды бүткөндөн кийин, мени мини-

стерствонун бөлүштүрүүсү боюнча ушул «Кой Сары» курортуна жиберди. Ал Фрунзедеги театрда иштеп калды. Ал айтты: «Рахима, сен шаарда кал»– деп. Бирок мени партия менен өкмөт ушунча өстүрүп, ушунча чоноитсо, менин кежирденип шаарда калышым уят. Партия менен өкмөткө миң ракмат, мени ушунча киши кылган. Мен бул жерде туура 3 жыл иштедим, мен үчүн институтту бүтүшүм биринчи таалай болсо, бул жерге келип партияга члендикке өтүшүм экинчи таалай. Мына ушул себептер менен экөөбүз таарынышып кат жазышбайбыз. Ал эми үчүнчү таалайым болсо быйыл күздө Фрунзеге аспирантурага барам.

**Нина**. Да... Рахима Садыковна, силердики чын эле романдай бар экен. Ал жигиттин фамилиясы ким?

**Рахима**. Айтылбайт... Тим кой, ал менин жүрөгүмдө сакталып жүрө берсин.

**Нина**. Айтсаныз, а балким ал, чын эле жаман кишидир, мен деле угуп калайын.

**Рахима**. Билгиң келсе... артист Багышев.

**Нина**. Багышев, билемин радиодон көп угамын. Бая күнү газетте а кишинин аткарган ролдору жөнүндө абдан мактап жазыптыр. Эки жолу Фрунзеден ойногон ролдорун көрдүм, кандай жакшы жигит. Рахима Садыковна, эмне үчүн баш кошуп алып иштей бербейсиңер.

**Рахима.** Ал менин дайыма бирге болушумду каалады. А мен болсом алыскы райондордо, кыштактарда жана ушул сыяктуу курорттордо иштегенди кичинемден бери мечтать этчүмүн. А өзүң билесиң, артисттер аялын дайыма жанында жүрсө экен дешет.

**Нина**. О, кокуй ой, экөөңөрдүкү жаш баланын таарынчысы турбайбы? Ой, Рахима Садыковна, Багышев сизге кандай пар жигит. Значит сиздин жигитиңиз Багышев деңизчи.

**Рахима**. Дал өзү.

**Нина.** Вот как *(Эшиктен Бүбүш кирет. Колунда градусниги бар).*

**Бүбүш.** Жаңы келгендерди бир палатага жайгаштырдым, Рахима Садыковна. Дагы жаңы келгендер барбы?

**Рахима**. Азырынча эч ким жок.

**Бүбүш**. Баса, сиздин айтууңуз боюнча, кухняга кирип эртең мененки бериле турган тамактын сапатын текшердим.

**Рахима**. Жанакы почтоочу кайсы палатага орношту?

**Бүбүш**. Мен бул экөөнөн ажырабайын деп жатып үчүнчү корпустун алтынчы палатасына жатышты.

**Нина**. Кызык киши экен. Кечээ таразага түшүңүз десем, мен эт союздун эркечи эмесмин деп күлдүрдү.

**Бүбүш**.. Бардык киши менен эчаакы тааныштай сүйлөшөт экен.

**Рахима.** А, жанагы келиндин этинин ысыгы кандай?

**Бүбүш.** А, унутуп кала жаздаган турбаймынбы? 38,8 болуптур. Мынаңыз.

**Рахима**. *(Карап көрөт)* Эмнеге мынча көтөрүлдү? Кечээ асман ала булут болуп турганда көлгө түшүп жүрөт эле. Суук тие калды бекен? Өзүм барып көрөйүнчү, болуптур. Бүбүш, сен Нина менен келген кишилерди кабыл алгыла. Мен барып көрөйүн, кокус катуураак оору келип калса, мага звонит этип койгула.

**Бүбүш.** Жарайт *(пауза)*. И, Ниночка! Жылкычы жигитке арнаган ырыңызды ырдап койсоң.

**Нина.** Сен эмне жигит белең?

**Бүбүш.** Жигитке эле ырдайсыңбы?

**Нина**. Албетте! Ансыз деле Рахима Садыковнага айтыпсың го, аз жерден кетип кала жаздады деп.

**Бүбүш.** Анын эмнеси бар экен? Калп беле!

**Нина.** *(Күлүп)* Албетте, сен деле баягы мугалим жигит менен кошо кетип кала жаздабадың беле.

**Бүбүш**. Чын эле, Ниночка, ошондон бери көп ойго түшүп калдым.

**Нина**. Кандай?

**Бүбүш**. Айтам да.

**Нина.** Айтпай эле чынын айт.

**Бүбүш**. Сүйгөнүбүздүн баары эле кетип калат экен.

**Нина**. Воот, кетип калат бекен, эмесе менин кетип калган сүйүүмө таң калба.

**Бүбүш**. Көңүлүңө аласыңбы? Менин таң калган себебим, ал жылкычы болсо, сен медсестра болсоң, ал комуз билген менен орус тилин билбесе, кыргыз тилин сен билбесең, кантип түшүнмөкчүсүңөр?

**Нина.** Бүбүш, сен азыр бала экенсиң. Сүйүүдө эки тил, үч тил болбойт. Сүйүүдө бир гана тил болот, ал тил – жүрөк.

**Бүбүш**. Бир четинен туура айтасың.

**Нина**. Бир чети эмес, миң четинен туура айтам. Билесиңби, бир акындын ырын:

«Түшүңө бүт эл кирбейт, бирөө кирет,
Сүйүүнү бирөө билбейт, бирөө билет.
Буту майрык, көзү сокур болсо дагы,
Сүйүүгө сынчы болот чиркин жүрөк».

**Бүбүш.** Рас.

**Нина.** Ырас эмес эле, какрас.

**Бүбүш.** Баягы мугалим бала жакшы бала эле. Чынбы?

**Нина.** Анын жакшы экендигине күбө болом.

**Бүбүш.** Ниночка, ушул жерден кетким келет.

**Нина.** Кайсы жакка?

**Бүбүш.** Бир кызмат кыла турган жерге.

**Нина.** Азыркы кызматчы?

**Бүбүш.** Мен үчүн аз.

**Нина.** Себеп? Сүйүүң алыс кеткендиктенби? Андай ойлосоң, кызматты таштап (туруп) артынан өл.

**Бүбүш.** Жоок, Ниночка. Сен андай ойлобо. Чоң кызмат кылгым келет.

**Нина.** Прокурор болупбу?

**Бүбүш.** Жок, өлкөгө, элге мааниси да, пайдасы да чоң кызмат кылсам дейм. Сага айтайын дедим эле.

**Нина.** Кайсы?

**Бүбүш.** Чоң курулушка, коммунизмдин улуу курулуштарынын бирине. Ал жерге да медсестралар керек. Кара жумушчу болсом да иштегим келет. Түркмөнстандын каналын бойлоп тигилген жибек талдар, же буралган ак кайындар бизди өстүрүүгө кыргыздын Бүбүш деген бир кызын да эмгек кошкон дегенсип жүгүнүп турса, мага сыймык эмеспи.

**Нина.** Туура айтасың, Бүбүш, бирок биз деле, улуу курулуштарга кол кабыш кылгандардан болобуз. Жанаккы почтоочу чал менен кошо келген Ефим Иванович деген улуу курулуштардын биринде геологиялык партияда иштейт экен. Биз анын жакшылап эс алышына, кайра барып жакшы иштешине жардам беребиз.

**Бүбүш.** Анын чын.

**Нина.** Демек, биз бул жерде жүрсөк да, жардамыбыз катышыбыз бар. Биздин совет адамдары кайсы жерде, жумуштун кандай участкасында иштесе да улуу максатка кол кабыш кылганы ошол *(Шалима кирет)*.

**Шалима.** Ох, курортуңар кандай душно?

**Нина.** *(Таңыркай түшүп)*. Курорт эмес, кабинетиңиздер деңиз.

**Шалима.** Это не важно, баары бир душно.

**Бүбүш.** Терезе ачылып турбайбы. Көлдүн муздак жели уруп турат, азыр салкын *(Шалима сунган путевкасын алып Нинага каттоого берет)*.

**Нина.** *(Путевканы алып, каттай баштап)*. Фамилияңыз?

**Шалима.** Эсенболова, Эсенболова.

**Нина.** Атыңыз?

**Шалима.** Шура, *(шашып)*, то есть Шалима Бекбоевна.

**Нина.** Жашыңыз?

**Шалима.** Тридцать два, тфу, чорт фазми, жыйырма бештемин.

**Нина.** Иштеген ишиңиз?

**Шалима.** Эч жерде иштебейм. Домохозяйкамын.

**Нина.** Балдарыңыз барбы?

**Шалима.** Жок, зачем они, когда өзүм бала болгон соң.

**Нина.** Билимиңиз?

**Шалима.** Бир жыл алты айы кем высшее.

**Нина.** Чылым чегип, ичкилик ичесизби?

**Шалима.** Чылым чегем. *(Рахима Садыковнага)* Между прочим, папирос тартууга болот бекен?

**Бүбүш.** Руксат.

**Шалима.** *(Чөнтөгүнөн папирос алып, кыраатына келтирип күйгүзүп, соруп, түтүндү көккө үйлөп Нинага)* Ичкиликти кампанияларда, майрамдарда шампанское, ликёр, коньяк иче коём, арак, спирт ичпейм. Впрочем, когда как.

**Нина.** Кайсы палатага жазайын?

**Бүбүш.** Кайсында бош орун бар экен?

**Шалима.** *(Ачууланган түрдө)* Кечиресиз. Бош орун бар эмес эле, мени отдельный комнатага орноштуруңуз.

**Бүбүш.** Бизде андай шарт жок. Бардык оорулар бештен-ондон жатышат.

**Шалима.** Это не важно. Мен как раз оору эмесмин. Соомун! Эс алууга келдим. Так что, будьте добры мага, покой керек.

**Бүбүш.** Ансыз деле тынч эс аласыз. Палаталар таза. Эс алуучулардын бардыгы тартиптүү, маданияттуу советтин адамдары.

**Шалима.** Мен дагы советтин адамымын. Отдельная палата бербесениз болбойт. Мен үйдөн эле ушуну мечтать этип чыккамын.

**Нина.** Сизди мен жакшы палатага, көңүлдүү палатага жазайын деп жатам. *(Бүбүшкө)* Жанагы жакшы ырдаган кызылчачы келин жаткан палатага барсын.

**Шалима.** Фу, ещё. Кызылчачы келин. Мен өзүм теңдүүлөр менен жатышым керек. Үнүнүн жакшысы не важно. Мен кызылчачы эмес, атактуу артисткаларды үйүмө ырдаткамын.

**Нина.** Эч нерсе эмес. Көңүлдүү эс аласыз, Бардык эс алуучулар шайыр эл. Сизди зериктирбейт.

**Шалима.** Мени антип сооротпоңуз. Талабымды канааттандырыңыз. Отдельная комната бериңиз.

**Нина.** *(Сурданган түрдө)* Айтпадымбы. Андай бизде жок.

**Шалима.** Это не важно. Конце концев түшүнүңүз *(Документин сунат)*. Мен киммин? Кимдин аялымын. Көрүңүз. Я не шутка.

**Бүбүш.** *(Окуп көрүп)* Эч нерсе эмес, бизде бардык эс алуучулар бирдей. Баарын тең көрөбүз.

**Шалима.** *(Ачууланып)* Эмесе мен бул безобразиялыкты Фрунзеге жазам.

**Нина.** Өз эркиңиз. *(Бүбүшкө)* Бул кишини жанагы пахтачы эки кыз, саанчы келин, мугалим кемпир жаткан палатага орноштур.

**Бүбүш.** Кана, жүрүңүз.

**Шалима.** Фу, ещё новость. Пахтачы кыздар, картаң кемпир, уй сааган аял. Мына курорт! Мен Пятигорскиге

барып, Ялтанын санаториясына жатайын десем. Жанагы өлүгүндү көрөйүн болбой койбодубу? *(Ыйламсырайт)*

**Нина.** Сиз жогорку билимдүүмүн дедиңиз эле. Пятигорск Кавказда, Ялта Крымда болот. Экөөнү бир жерде деп ойлоп жатасыз го.

**Шалима.** Это не важно. Менин билимимди сен текшербе. Мага караганда сен секелек кызсың. Ой, не могу, перепаткам кармабагай эле.

**Нина.** Жыйырма беште экенсиз. Экөөбүз тең чамаал элебиз го, эжеке.

**Шалима.** Ушу да курортпу? Ушу да шартпы? Мени эс алсын дебей эле, эчкирип ыйласын деген тура. Шашпа, үйгө барармын. Өлүксүз шашпа! Покажу душасы жок чорт *(Жашыйт)*.

**Н и н а.** Сабыр этиңиз. Жакшы эс аласыз. Семиресиз.

**Шалима.** Замолчи, *(кыйкырып)* это не важно. Менин семиришим же арыкташым... Мага отдельная комната керек. Покой керек. Покой. Уй сааган аял. Кызылча казган келин. Подумаеш! *(Ыйлап)*. Ой жүрөгүм, денем ысып баратат. Дары бергиле, мне душно. Жалдырабай терезени ачкыла, ой... *(Калчылдап кулайт)*.

**Бүбүш.** Суу бер. Чын эле кишинин талмасы бар экен *(Кармайт)*.

**Нина.** *(Стаканга суу куюп Бүбүшкө берет)* Ме. *(Бүбүш ичкенден кийин бетине чачат)* Мен Рахима Садыковнага звонит этип коёюн. *(Телефонду алат)* Алло, Рахима Садыковнабы, тез келиңиз, мында бир оорунун талмасы кармап жатат. *(Кайта Бүбүштүн жанына келет)* Кандай, суу септиңби?

**Бүбүш.** Септим, секирип жатат.

**Нина.** Берчи, мен себейин. *(Ууртап бүркөт)*.

**Шалима.** *(Чочуп кетип, тигилерге бакырып)* Это что безобразие, мени чочутасыңар, меники талма эмес, ба-

шым оору. Ой, ой... *(Кайра жыгылат. Эшиктен Рахима кирет, шашып)*

**Рахима.** Эмне болуп кетти?

**Нина.** Рахима Садыковна, бул кишинин талмасы бар экен. Бизди абдан кыйнады.

**Рахима.** Сизге эмне болду? Кана тиги комнатага (*Эшиктен Багышев кирет, чемоданын коюп алек болуп жаткан Рахимага жардамдашат*).

**Багышев.** Мен жардамдашайын. Ой... *(Рахима экөө кокустан тиктешип калат. Кекечтенип)* Саламатсызбы?

**Рахима.** *(Көпкө паузадан кийин)* Саламатчылык. *(Нинага)* Ниночка, бул жигиттин путевкасын толтуруп бош палатага жайгаштыр. Тим эле коюңуз, стол тарапка өтүп, путевкаңызды толтуруп туруңуз.

**Нина.** Мында келиңиз. Путевкаңызды бериңиз.

**Багышев.** Мынаңыз.

**Нина.** Фамилияңыз?

**Багышев.** Багышев.

**Нина.** *(Таң калып карап)* Багышев?

**Багышев.** Ооба.

**Нина.** Атыңыз.

**Багышев.** Калый.

**Нина.** Калый? *(Багышевди бир карап, Рахиманы бир карап)* Кечиресиз. Рахима Садыковна, өзүңүз толтуруңузчу.

**Рахима.** Эчтеке эмес Нина, эмнеге таң каласың, толтура бер.

**Нина.** Туулган жылыңыз.

**Багышев.** *(Рахиманы карап жалдырап туруп)* 1952...

**Нина.** 1952?..

**Рахима.** *(Күлүп)* Жашсыз го.

**Багышев.** Ой... Кечиресиздер... Бир жылдар эске түшүп жатса керек.

**Рахима.** Шашпаңыз, бир жериңиз оорубайбы?

**Багышев.** Рахмат, соо элемин.

**Нина.** Кесибиңиз?

**Багышев.** Артистмин.

**Нина.** *(Ордунан туруп)* Рахима Садыковна, сиз толтуруңузчу, мен палаталарды көрүп келейин.

**Рахима.** Кийин көрөрсүң, толтура бер.

**Нина.** Улутуңуз ким?

**Багышев**. Бүгүн келдим. Багышев, кечиресиз, кыргызмын.

**Нина.** Кайсы оору менен оорудуңуз эле?

**Багышев.** Эч кандай.

**Рахима.** Эстеп көрүңүзчү, калп айтпасам сиз сарык менен оорусаңыз керек эле.

**Багышев.** *(Күлүп)* Туура айтасыз, ооругам. Ырас, өмүрүмдө көп эле чүчкүрдүм, ошонун баарын айта беремби...

**Рахима.** Албетте, мындан ары сизди дарылоого бизге жеңилдик болот. Бүбүш сен, бул жигитти, ваннадан кийин үчүнчү корпустун биринчи палатасына орноштур.

**Бүбүш.** Баягы артист Үмөтов жаткангабы?

**Рахима.** Ошого.

**Багышев.** *(Күлүп)* Артисттердин палатасы экен да.

**Рахима.** Жок... Мейли композиторлор, мейли художник, мейли жазуучу болсун, айтоор искусство адамдары бирге жатышса деймин. Анткени, чыгармачылык темада эртели кеч сүйлөшкөндөрүнө жакшы эмеспи.

**Багышев.** Туура айтасыз. Рахмат. Кечирип койгула. Кошуңуз. *(Рахиманы улам-улам карап, чемоданын кармап, эшикке бир тийип шапкесин түшүрүп Бүбүш экөө чыгып кетет)*.

**Рахима.** Жолдош Багышев, шляпаңызды ала кетиңиз *(берет)*.

**Багышев.** Ой... Рахмат. Кокусунан бир жылдар эсиме түшө калды. Кошуңуз *(Кетет)*.

**Нина.** *(Шалимага келип)* Туруңуз, эс алдыңыз, палатага жайгаштырайын.

### *4-сүрөт*

*3-сүрөттүн эле өзү. Бирок күндүзгү кызмат маалынын кебетеси. Кабинетте Сарыбай, Рахима Садыковна олтурат. Тышкы мүнөзгө караганда Сарыбайды көрүп бүтүп врачтын кеңешин берип олтургандыгы билинет.*

**Рахима.** Сизде анчалык коркунучтуу оору жок. Сол жак өпкөңүздө гана азыраак кирилдек үн бар. Ал эч нерсе эмес. Ар түрлүү ысылуу-суукtан болгон же бир кезде суук тийген.

**Сарыбай.** Ырас айтасыз. Баягы бир жылдары койго карышкыр тийип үч коюм жоголгон, аны кышкы түндө күрмөчөн болуп издеп жүрдүм. Ушул жак кабыргаман кан түкүргөмүн. Этим ысыган. Туура таптыңыз. Эми кандай оорум бар экен?

**Рахима.** Андан башка анчалык оору жок. Жүрөгүңүз кулундукундай таза экен. Тамак ичишиңиз кандай?

**Сарыбай.** Жакшы ичем. Күн бүркөө кезде эле мына бул бутум сыздап ооруйт. Ал эмнеси?

**Рахима.** Ал эч нерсе эмес. Кызыл жүгүрүк деген оорунун белгиси ошол. Аны азыр эң эле оңой айыктырат. Дарылайбыз. Анан бул жерден жөнөрүңүздө кагаз жазып берем.

**Сарыбай.** Рахмат, айланайын.

**Рахима.** Сиздин ден соолугуңуз жакшы болуп, ишиңиз ийгиликтүү болсо өкмөткө да, мага да айткан рахматыңыз ошол.

**Сарыбай.** Деги киши улгайган сайын ар жери ооруй берет көрүнөт.

**Рахима.** Эч нерсе эмес карыя, карысаңыз да бизге керексиз. Айыктырып алабыз. Ошон үчүн өкмөт менен партия бизди окуткан. Силерди оорутпасын деп моюнга милдет таккан *(Сарыбай чыгат)*.

*(Колуна дептер кармап Нина кирет)*

**Нина.** Рахима эже, Багышев кирсинби?

**Рахима.** Кирсин.

**Багышев.** Мүмкүн бекен, Рахима Садыковна.

**Рахима.** А, жолдош Багышев, келиңиз *(Кирет)*. Олтуруңуз. Кандай, жакшы эс алып жатасызбы? Бул жердин абасы сизге кандай действовать этип жатат.

**Багышев.** Ракмат, Рахима Садыковна. Мен бул жерге келгенден бир топ оңолуп калдым. Эгерде быйыл келбегенимде өзүмдү өзүм майып кылып алмак экенмин.

**Рахима**. Ошон үчүн врачтар айтат эмеспи, ар дайым оорунун алдын алыш керек деп. Фрунзеде кайсы врачка көрүнүп жүрдүңүз эле.

**Багышев.** Жакшылыктуу деле көрүнгөн жокмун. Ырас, мындан үч жыл мурун бир врачка кайрылып бооруму көргөзүп айткамын. Бирок, эч натыйжа чыкпай калган эле. Ошол оору, ушул убакка чейин жакшылыктуу айыга албай келе жатат. Бул жерге келгенден бери өзүмдү өзүм жакшы сезип калдым. Бирок жүрөгүмдүн тызылдаганы эмне үчүндүр басылбай койду.

**Рахима.** Демек, ошол кезде, ооруңуздун жайын ошол врачка жакшы айтпай койгонсуз, болбосо сизди ушул убакка чейин сандалтпай эчак айыктырмак. Балким, ал кезде өзүңүздүн ооруңузга сараң карасаңыз керек.

**Багышев.** Жакшы эле жан талашып айыгып алайын деп, түшпөгөн врачым калган жок. Бирок бары эле «Кой

Сары» курортуна барбасаң айыкпайсың деп коюшту. Бирок мен кыргызчылык кылып, доктурсуз эле айыгам деп ушул ахбалга келдим.

**Рахима.** Тиги бөлмөгө кирип көйнөгүңүздү чечиңиз, жүрөгүңүздү көрөйүн *(Багышев, Рахима төркү үйгө киришет).*

*(Бүбүш кирип келе жатып)*

**Бүбүш.** Рахима эже... *(деп сөзүнүн аягына чыкпайт).*

**Нина.** Тиш... акырын. *(деп ордунан туруп шыбырап)* Багышевди көрүп жатат.

**Бүбүш.** Кан тамырынын кайда кагышын текшерип жатабы?

**Нина.** Жүрөгүн... жүрөгүн көрүп жатат.

**Бүбүш.** Ошол жүрөгүн көрсө экен. Үч жылдын ичинде кандай согуп калды экен?

**Нина.** Сүйүүнүн ролун көп ойноп өзгөрүлүп калды дейсиңби?

**Бүбүш.** Мен Багышевдин канынын анализин алып келдим эле.

**Нина.** Анын канынын анализин ансыз деле билет. Сен экөөбүзгө окшоп бир айга келген жылкычы менен мугалимдин артынан өлүп кала жаздабайт. Так что, мунун сүйүүсү достойный сүйүү... келе жатышат *(Кетишет).*

**Рахима.** Сизде эч кандай деле оору жок, өпкөңүз таза, бардыгы жайында. Бирок, өзүңүз айткандай жүрөгүңүздүн гана кичине жерин сары суу каптай калган экен.

**Багышев.** *(Күлүп)* Чын эле, ушул оорудан айыга албай, өлүп калып жүрбөйүн.

**Рахима.** Андай деле кыйын оору эмес, коркпоңуз. Дагы жата түшсөңүз айыгат элеңиз. Бирок, шаардагы жакшы профессорлорго көрүнүш керек эле, врачтар да көп.

**Багышев.** Көбү... көп, көнгөн врачка дарылансам бат айыгаар элем.

**Рахима.** Эчтеке эмес, жолдош Багышев, Советтик врачтардын бардыгы бирдей.

**Багышев.** Аныңыз туура, бирок оору назары түшкөн врачтан бат айыгат эмеспи. Сиз дарылап жатканда мен эч качан коркпойм. Мен өзүмдү бактылуумун деп эсептеймин, мен сизге раазымын. Ракыш, ортобуздагы басып өткөн үч жыл мен үчүн... *(Рахиманы колдон алат)*

**Рахима.** Жолдош Багышев, историяңызды түшүндүрө турган жер бул эмес. Бул жер курорттун врачебный кабинети. Же сахнадагы ойногон ролуңуз эсиңизге түшүп кеттиби? Сизди мен театрда жалаң герой Любовдун ролун аткарат деп укчу элем. Анын үстүнө сүйүү ролун көп ойноп жүрөгүңүздүн начарлап калышы да ошол болуш керек.

**Багышев.** О... кечириңиз, мен сизди колдон кармап алган турбаймынбы? Кокусунан бир жылдар эске түшүп кетиптир. *(Нина кирет)*

**Нина.** Рахима Садыковна, Бөдөшбек аксакал кирсинби?

**Рахима.** Кирсин, кирсин. Да, жол. Багышев. Сиз бошсуз. Жанагы кокусунан эсиңизге көп түшкөн жылдарды унутсаңыз эле бат айыгып кетесиз.

**Багышев.** Ракмат... аракет кылып көрөйүн. Кошуңуз *(Кетет)*.

**Рахима.** *(Күлүп)* Кандай, килге түштүңүзбү?

**Бөдөшбек.** Түшкөнү курусун, көз айнек-мөз айнегим менен 51 кил 200 грамм экенмин.

**Рахима.** *(Күлүп)* Эч нерсе эмес, бул жерден жакшы семиресиз.

**Бөдөшбек.** Ошентпесеңер айланайын, шампанскаянын пробкасынан да жеңил экемин. Көлүңөргө кайык минбей жөн эле кирип кетсем да чөгөөр эмесмин.

**Рахима.** *(Бирдеме жазып жаткан Нинага карап)* Бул кишиге глюкоза да жазып кой.

**Бөдөшбек.** Таразаңыздар оң эле экен. Бул карындаш өзү тартты.

**Рахима.** Жоок. Ал жөнүндө эмес. Сизге берилүүчү дары жөнүндө. *(Ички бөлмөгө киришет)* Чечиниңиз. *(Бөдөшбек көйнөктү чечет. Рахима тыңшагыч менен тыңшай баштайт)* Кана, дем алыныз, катуу, катуу, жөтөлүңүз. *(Бөдөшбек врачтын буйругу менен жөтөлөт, жаткырып ичин да көрөт)*

*(Сырткы бөлмөгө келишет)*

Анчалык ооруңуз деле билинбейт. Арыксыз.

**Бөдөшбек.** *(Алаканын жайып)* Мени бирөө тузга деле минген жок. Сокого деле салган жок. Сонун эле турмуштамын.

**Рахима.** Мурун оорудуңуз беле?

**Бөдөшбек.** Жоок, илгери гана тамдын үстүнөн тайгаланып кетип, уктап жаткан иттин үстүнө бир тийип мына бул чыканагымды үздүрүп алгамын. Андан бери соомун.

**Рахима.** Уйкуңуз кандай?

**Бөдөшбек.** Мына ушул уйку жактан кызыкмын. Кээде бир уктайм, таманымды уй жалап жатса да ойгонбоймун, кээде уктабай чыккан күндөрүм да болот.

**Рахима.** Кандай?

**Бөдөшбек.** Кээде колхоздун иштерин ойлойм. Кээде өз иштеримди ойлойм. Көбүнчө эртең майрам деген түнү уктабай чыгам.

**Рахима.** Тамакты кандай жейсиз?

**Бөдөшбек.** Аны ар кандай. Жакшы тамак болсо арыктыгыма карабай аябай жейм. Жаман тамак өңдүү жүрөгүмө баспайт.

**Рахима.** Чылым чегесизби?

**Бөдөшбек.** Жок.

**Рахима.** Ичкиликчи?

**Бөдөшбек.** Жок. Мас кишини көргөндө маймыл көргөндөй качам.

**Рахима.** Арык болгонуңуз менен ден соолугуңуз эң жакшы.

**Бөдөшбек.** Ошондой, эми мен айланайын доктор карындаш, бирдемеге таң калам. Маселен, мен өзүмдүн кемпиримди алалы. Өзү менден үч эсе десем эл үркүп кетээр, эки эсе семиздик кылат. Бирок тамак жеши да, уйкусу да менден начар. Айылга барса өрдөкчө басып өлгөндө-талганда араң үйгө жетет. Мен болсом ушул азыр да балдар менен жарыша кетем. Өтө майлуу кишиники ден соолугу да анча болбосо керек деп ойлоймун.

**Рахима.** Туура айтасыз. Андай адамдардын жүрөгү начар болот. *(Бүбүш кирет)*

**Бүбүш.** Рахима Садыковна, Ефим Ивановичтин кан кысымын өлчөп көрдүк, калыбындай экен. Күн нурунун ваннасына канча жатсын?

**Рахима.** Азырынча он беш минутадан ашырба. Кум ысыгында жатсын, башына күн өтпөсүн, ошого этият бол.

**Бүбүш.** Жарайт. Эртең менен келген эки шахтёрду да алып барамбы?

**Рахима.** Аларды коё тур. Жалпы анализден өтүшсүн. Тамак ичиштиби?

**Бүбүш**. Ооба *(Чыгып кетет)*.

**Рахима.** Нина, сенин колуң бошосо, көлдүн температурасын билип, түшөбүз дегендерге руксат бер, сууда көп жүрүшпөсүн, өзүң карап тур.

**Нина.** Баягы эти ысып айыккан пахтачы келин көлгө барсынбы?

**Рахима.** Жок. Аны эки-үч күнгө коё туруш керек. Айтмакчы аны профессоргo да көрсөтүш керек эле.

**Нина.** Жарайт. *(Чыгат)*

**Бөдөшбек.** Алда айланайын тартип ай. Карачы, күнгө он беш минутадан ашык жатпасын деп, башына күн өтпөсүн деп. Ал Ефим Иванович кайнаган кара кум чөлүндө 15 минут эмес 15 сааттан жүргөн адам экен. Жанакы айтканыңызды каранызчы, көлгө көп түшүрбө деп, чыйрыгып кете тургансып былтыр мен балыктын кызуусуна кирип алып мөңгүдөн мөңкүп келген тоо суусунун көбөтүнө көпкө чейин чүмкүп, калчылдап чыгып деле эч нерсе болгон жокмун. Мына камкордук, мына тартип.

**Рахима.** Бул адам үчүн болгон камкордук. Бул камкордук партия менен өкмөттүкү.

**Бөдөшбек.** Ошол партия менен өкмөттөн айланайын. *(Рахимага жакындап келип)* Мына мен ким? Жердин сырын ачкан профессор Ефим Ивановичминби? Жазуучумунбу, сизге окшогон врачмынбы? Же болбосо жылына чарбанын санын көбөйтүп жаткан койчу Сарыбаймынбы? Жок, мен, сага кат келди, ме сага газета келди деп жүргөн эле почтоочумун. Эми мен тигилер менен бирге 5–6 маал тамак ичем. Анан дагы жолдош Бөдөшбек Түгөловдун мээсине күн өтпөсүн, көлгө 15 минута чүмкуса, солкулдап кетпесин деп артыман аппак кийген кыздар ээрчип жүрсө.

**Рахима.** Өкмөт менен партия академикти да, койчуну да, почтоочуну да, баарыбызды бирдей баалайт. Анткени ар бирибизди чоң мамлекетти жүргүзүп жаткан машинанын бурамалары деп санайт.

**Бөдөшбек.** Ушунткен партияга, өкмөткө ким раазы болбойт! Раазыбыз! Мына мен өз ичимде силерден жеп жаткан беш маалкы тамакты партия өзү: Жолдоштор!

Бөдөшбекке тамакты даамдуу бышырып бергиле! Жаткан жери так ушундай апапак таза болсун! Ден соолугун күндө үч маал карап жүргүлө! – деп, Москвадан айтып жаткандай сезем. Менден башкалар да ушундай сезишээр!

**Рахима.** Сиз жакында ВКП(б) Борбордук Комитетинин 1951–1955-жылдарда СССРди өнүктүрүүнүн беш жылдык планы боюнча партиянын XIX съездинин директиваларынын долбоорун окудунузбу?

**Бөдөшбек.** Окудум. Ушуну курорттон окудук. Ефим Иванович менен Багышев экөө биздин палаталардагылардын баарына аябай түшүндүрдү. Анда байланыш, почтоо жөнүндө да айтыптыр.

**Рахима.** Мына ошол деректива боюнча караңызчы. Өлкө курулуш жагынан канчалык өсөт. Эл чарбасы эбегейсиз байыйт. Калкыбыздын маданий турмушу дагы ого бетер көтөрүлөт. Ушуга окшогон нечен жаңы курорттор ачылат. *(Күлүп Бөдөшбекти далыга чаап)* Ошондо да сиз менен кезигишебиз.

**Бөдөшбек.** Ээ, айланайын, жылдан жылга жыргалга бара жатабыз.

«Айланып ар жаңы жыл келген сайын
Көрөбүз көлдөй терең эл таалайын» –

деп Жоомарт Бөкөмбаев жакшы айткан.

**Рахима.** Мына ушунткен биздин элдин жыл сайын келген жыргалы. Биздин өлкөнүн Волга-Дондон күйгөн электр жарыгы океандын нары жагындагы капиталисттердин ичин куйкалап, алар согуш отун тутантууга аракет кылып жатпайбы.

**Бөдөшбек.** *(Кабагын чытып)* Согуш отун тутантып, тутантып, тигини! Атаңкөрүлөрдүн көрүгүнүн күчтүүсүн! Өрт. Өрттү жыгыла турган жыгач, өсүүнү токтоткон өсүмдүк жакшы көрөт. Алар ошолор. Биз-

дин өлкө жайкалган шибер, аңкыган гүл. Биздин саясат, тынчтыктын саясаты, асманга жалбырагын жайып бүт дүйнөгө тамырын жайган чынар терек. Демек, өрттүн алы келбейт.

*(Көрүнүш) (Нина кирет.)*

**Нина.** Рахима Садыковна, сизди профессор чакырып жатат. Баягы Москвадан келген аялдын оорусу жөнүндө сиздин пикириңизди да уксам дейт.

**Рахима.** Жарайт. *(Бөдөшбекке)* Олтура турунуз. Мага киши келсе да күтсүн *(Чыгат)*.

*(Бир аздан кийин тарелка көтөрүп курорттун повары кирет. Бөдөшбекти карап повар бир аз турат. Бөдөшбек да ормоё карайт)*

**Повар.** Рахима Садыковна, кайда кетти экен?

**Бөдөшбек.** Профессор чакыртып кетти. Мага келген киши күтө турсун деди. Ушу жерде иштейсиңби?

**Повар.** Ооба, повар болуп иштейм.

**Бөдөшбек.** Повар? Повар деген эмне? Доктурдун жардамчысыбы?

**Повар.** Ооба. Жардамчы профессормун. Тамак жеп жатасыңбы? Ошону мен жасайм.

**Бөдөшбек.** Жанакы тамактардын баарын? Анан баарыбызга сен?..

**Повар.** Мен, анан менден башка да он чакты повар барбыз.

**Бөдөшбек.** Азамат, азамат. Канча түрлүү тамак а? Ар биринин даамдуулугучу.

**Повар.** Даамдуу, даамдуу. Ишибиз да, тамагыбыз да даамдуу эле болчу эле. Моминтип (*таркелканы көрсөтүп)* беш күндөн бери бир аялга жакпай койдук.

**Бөдөшбек.** *(Тарелкага мойнун созуп карап)* О бул, аял эмес эле балык ко.

**Повар.** Ушул балыкты чала куурулган деп жебей арызданып жатпайбы?

**Бөдөшбек.** *(Барып көрүп)* Бул жакшы эле куурулган балык. Бул капталы да азапты көрүптүр, тиги капталы дале оңбой калган экен. Токточу. Аа, мына бу көзүндө кеп бар тура.

**Повар.** *(Жакындап келип)* Эмне көзүндө.

**Бөдөшбек.** Карасаң! Бир көзү соолуп, бир көзү ошол бойдон турат. Карасаң, чит деп койсоң эле тарелкадан ыргып кетчүдөй болуп турат. Кап ушу көзгө май чачыраган эмес экен да?!

**Повар.** Деги өзү экилүү аял экен. Курортко миң сан киши келет, баарынан мактоо алабыз. Ушуга эле жакпай калдык. Эрине эркелеп көргөн неме көрүнөт.

**Бөдөшбек.** Жанагы калпагынын мобу жери *(маңдайын көрсөтүп)* бир кулач болгон аялбы?

**Повар.** Ооба! Жанакы бир күндө 9 көйнөк которуп кийген неме.

**Бөдөшбек.** Аа кокуй, ага балык эмес каймакка талкан көөлөй берсең да жакбассың.

**Повар.** Ошого жаным күйүп. Директорго бардым элем. Эми Рахима Садыковнага көрсөтөйүн дедим эле.

**Бөдөшбек.** Доктурдун өлгөн балык менен эмне иши бар. Бул эми порошок ичпесе. Ийне сайганга болбосо.....

**Повар.** Жоок. Муну айыктырайын деп алып келген жокмун. Тамактын сапатынын элге жагымдуусуна доктор уруксат берет.

**Бөдөшбек.** Ээ, айланайын,силердин эмгекке да баракелде! Нечен түрлүү тамактын башын бересиңер. Бул да устатчылык да!

**Повар.** Устатчылык эмей анан! *(бармагын санап)*. Котлет, рулет, быточка, рамштекс, бифштекс, шницель,

шнилькелепус, отбивной, поджарка дагы толгондорун жасайбыз.

**Бөдөшбек.** Буларың мага акбай, токбай, кара менде кашка тай, Каргабай, Жумабай дегендей эле угулду, бирин билсем буюрбасын. Айтоор жакшы жасайсыңар, ырас, чын. Мага көбүнчө, жанакы эртең менен анда-санда бере коёсунар го, мындай куймакка окшош, бирок андан да жумшак, үстүнө каймак куясынар, ошол жагат. Буруштесиң ошобу?

**Повар.** Жок, кокуй, аны блины дейт. Ал оңой.

**Бөдөшбек.** Мына ошо билимиң мыкты. Ай, силердин кесип да сонун экен го... Ар дайым тамактын арасында жүрөсүң. Жанакы айткандарыңдын ар биринен бир кесип жесең да салмагың төрт центнер болоор. Өзүң да курорттосуң.

**Повар.** Ооба, курорт, курорт. Силер уйкуда кезде мен ун менен алек болуп жатам, силер кайык минип жүргөндө мен картошка аарчып жатам.

**Бөдөшбек.** Ээ,кызмат деген ошол. Эми иштей бер. Кайсыныңа эс аласың. *(Күлүп повардын курсагын сылайт)*

*(Шалима кирет, кийми баягыдан да шумдукча, колунда веер. Башында дагы бир формдуу калпак. Маңдай жагы өтө узун. Колунда аппак кол кап. Билекте саат. Мойнунда мончок)*

**Повар.** *(Шалиманы көрүп чочуп кетип)*. Мына жанагы сиз жебеген балык. Врачка көрсөтөйүн деп келдим.

**Шалима.** Мен да врачка келдим. Жеке балык эмес, башка тамактарыңарда кемчилик көп. Аны да айтам.

**Бөдөшбек.** Билбейм, айланайын. Бизге баары эле сонун көрүнөт.

**Шалима.** Сизди сиз дейт. Бизди биз дейт. Силер өмүрүңөрдө мындайларды жеп көргөн эмессинер. Силерге жакшы.

**Бөдөшбек.** *(Таң калып)* А, сизгечи?

**Шалима.** Мага, мага, бул таңкаларлык эмес. Менин үйүмдө кызмат кылган бир аял бар. Ар дүйүм тамакты сонун жасайт. Мен ошого көнгөмүн.

**Бөдөшбек.** *(Поварды көрсөтүп)* Э, айланайын. Карасаң боло. Ал аял. Бул болсо, эркек тура. Ошондой болсо да баракелде десең боло.

**Шалима.** Это не важно! Все-таки киши каалагандай жасаш керек.

**Бөдөшбек.** *(Поварды көрсөтүп)* Сиз каалагандай тамак жасаш үчүн бир казан асып, мен каалагандай экинчи казан асып олтурса буларда жан калабы?

**Шалима.** Конечно, ассын. Биз путевканы нак акчага сатып алганбыз.

**Повар.** Кызык экенсиң. Башка эл эмне уурдап алыптырбы.

**Шалима.** Это не важно. Көңүлдөгүдөй тамакты даярдап бериш керек.

**Повар.** Сиздин көңүлүңүз менен көчүп олтурса, тирүүсүндө бышкан өрдөк бер дээрсиз.

**Бөдөшбек.** *(Акырын Шалимага жакындап)* Рас эле карындаш, ушу сиз эле көп тандайсыз. Бая күнү котлет күйүп калыптыр деп чыр салдыңыз. Кечээ какао суюк экен деп, бүгүн бул балыкты өлсө да болбой доктурга жетелетип келдиңиз. Деги сизге кандай тамак жагат. Билим жагабы сизге?

**Шалима.** *(Таңыркап)* Билими эмне?

**Повар.** Блины,блиндерди айтат.

**Шалима.** *(Каткырып күлөт)* Ой боорум ай, вот культура! Билим дейт блиныны айталбайт ха... ха... ха... билимди образование дейт... ха... ха... ха... кызык.

**Бөдөшбек.** *(Аң-таң калып,поварга)* Бул эмне айланайын? Ал күлкүлүү тамак беле?

**Повар.** Жок. Сиздин так сүйлөбөгөндүгүңүзгө күлүп жатат.

**Бөдөшбек.** Ах, эч нерсе эмес, курсагым түшүнсө болду. Анча деле күлөрлүк эмес экен. Не важно, нечего карындаш! Түшүнүшө жатарбыз.

## 3-КӨШӨГӨ

### *5-сүрөт*

*Көл жакка бет алган аллея, коюлган скамейкалар, көшөгө ачылар замат Ефим Иванович менен Сарыбай жанаша басып сүйлөшкөн бойдон көрүнүшөт. Ефим Иванович Сарыбайды колтуктап.*

**Сарыбай.** Сиз ал кезде мыкты, бир топ жаш элеңиз.

**Ефим Иванович.** Албетте, а сизчи, сиз да жаш көрүнгөнсүз, андан бери канча жыл өттү, анда колхоз жаңы уюштурулуп жаткан мезгил эле.

**Сарыбай.** Туура айтасыз, так ошол жылы жазында 75 түтүн баш кошуп «Алга» деген колхоз болдук эле. Ортонун 640 гана кою бар болучу. Жалгыз мен бакчу элем. Эми 12 миңден ашык кой болду, 2 миң жылкы, 2500 уй бар.

**Ефим Иванович.** Демек, ошондон бери кой багып келе жатасызбы?

**Сарыбай.** Ооба, эч үзгүлтүксүз багып келе жатамын. Эсиңиздеби, ошондо күйгөн шагыл кайсы болот деп менден сурабадыңыз беле.

**Ефим Иванович.** Туура айтасыз, сиз көрсөткөн элеңиз, ошол жерден көмүр чыкмак эле.

**Сарыбай.** Күйгөн шагылдын алды бүт эле көмүр экен. Ал жер эчак эле шахта болгон. Жумушчулар туруучу

үйлөр салынган, бир областка бүт көмүр ошол жерден алынат. Баягы көк борчуктун түбүн каздырып көрбөдүңүз беле, ошол жерден азыр коргошун чыгат.

**Ефим Иванович.** Да, ошентип тоо-тоонун башында жүргөнүбүз бекер кеткен жок. Андан жакшы натыйжа чыкты. Өкмөт биздин эмгегибизди да билди. Анда горный институтту жаңы бүткөн элем. Азыр ак баш болгон профессор болдум. Нечен жерлерди кыдырдым. Тайгада болдум. Түркмөн чоң каналында геологиялык партиясына жетекчилик кылам.

**Сарыбай.** Балдар барбы, Эфим Иванович?

**Ефим Иванович.** Үч балам бар. Улуу уулум өзүм бүткөн институтту быйыл бүтөт. Иштөөгө Кыргызстанга жиберейин деп жүрөм.

**Сарыбай.** Келсин, Кыргызстанга келсин, түз эле менин үйүмө келсин. Мен жардам беремин, жер көрсөтүп беремин *(Жай басып Бөдөшбек кирет ).*

**Бөдөшбек.** Отурган экенсинер.

**Сарыбай.** Эс алып олтурабыз.

**Бөдөшбек.** Эс алгыла, күндө чарчап жүрбөйбүзбү. Таң атканча чой-чой деп короо кайтарып чыгасың. Сага эп болду. Сен эс ал.

**Ефим Иванович.** Сарыбай экөөбүз эски тааныш экенбиз. Мен биринчи келген жылы жайында булардын айылында болупмун.

**Бөдөшбек.** *(Сарыбайды далыга чаап )* Оо, Бочкем,эрсиң. Мен төрт дөңгөлөк арабаны көрө элек кезимде,бул профессор менен тоо кыдырып жүргөн тура.

**Сарыбай.** Күйгөн шагылдын таш көмүрүн Ефим Иванович болуп тапканбыз.

**Бөдөшбек.**Айтам да, деги окумуштуулук мүнөздөр сенде көп . Койду көк бетке жайып таштап,ар кайсы жерди

туяк менен чукулай берчү элең. Көрсө кен издеп жүрчү турбайсынбы....

**Бөдөшбек.** Сакемдин жардамсыз деле көп кендер табылабы деп жүрөм. Биздин тоолордун таштарынын баары кен. Чөптөрүнүн баары дарыбы деп калдым.

**Сарыбай.** Баягы көлмөнүн өзөнүндөгү ойдуң булактан май чыгат дейт го.

**Бөдөшбек.** Май чыгарын, спирт чыгарын ким билет, айтор нефтинин белгиси бар дейт экен.

**Сарыбай.** *(Ефим Ивановичке)* Ефим Иванович, сиз Кыргызстанга биротоло көчүп келсеңизчи. Дагы толгон кен табар элеңиз.

**Ефим Иванович.** Жок, менин башка жумуштарым көп, менден башка да нечен жаш адистер чыгып келип жатпайбы, ошолор табат.

**Бөдөшбек.** Ырас эле канча жаштар бүтүп келип жатат. Жалаң эле биздин айылдан *(бармагын санап)*. Ысыктын баласы, Жумагулдун ортончу уулу, Акматтын баласы, башка райондордон да бар.

**Ефим Иванович.** Менин балам да келет. Ал Москвадан быйыл бүтөт.

**Сарыбай.** Эми ошол Москвадан чыккысы келбей койбогон эле.

**Бөдөшбек.** Ай, айланайын ал жерден ким кетейин десин, дүйнөдө Москваны көрүүгө кумар болбогон жан жокко дейм.

**Ефим Иванович.** Ырас, элди өзүнө тартат.

**Бөдөшбек.** Мен Кремлди көрсөм, майрамда Сталинди көрсөм болот эле . Сиз го майрам сайын көрөсүз .

**Ефим Иванович.** Ооба,майрамдарда көрөбүз.

**Бөдөшбек.** Биз кинодон көрөбүз. Анан кинонун бир жаман жери шарт-шарт эттирип эле бат алып кетет. Сталин көрүнгөн жерин жайыраак бураса, көпкө чейин көрөт элек.

**Сарыбай.** Айтмакчы, жанакы артист Багышев Ленин менен Сталинди көрсөткөн оюнду коюп жатабыз дейт. Ленинди, Сталинди кыргыз тилинде сүйлөшөт экен.

**Ефим Иванович.** Ошону көрүш керек.

**Бөдөшбек.** Аны мен газетадан эчак эле окуганмын. «Мылтыкчан киши» деген оюн ошо.

**Ефим Иванович.** Багышев анык искусствонун кишиси, артисттик да,жазуучулук да таланты күчтүү. Жеткен ишмер жигит. Эс алып жатканын көрбөйм. Ар дайым бир иштин үстүндө отурганын көрөсүң.

**Бөдөшбек.**Чын эле артисттик иши да өзүнчө кызык болот экен. Бир күнү Багышев палатада ээн калыптыр. Мен терезенин жанынан өтүп бара жатсам эле «Шашпа! Эне сүтүңдү оозуңа татыртамын. Сендей арамза арабызда болбош керек!» – деп эле бакылдап жатат. Жүрөгүм оозума тыгыла түштү. Көрсө роль жаттап жаткан экен. Мени көрүп күлүп жибергенден кийин анан эки тиземдин шакылдаганы басылды.

**Сарыбай.** Өзү курортко эс алганы келгенине карабастан иштеп жүргөнүн кара.

**Ефим Иванович.** Советтик адамдар кайсы гана кесипте болбосун, кайсы гана жерде болбосун, ар дайым иши жөнүндө ойлонот. Мен да ишимди эстен чыгарбайм.

**Бөдөшбек.** Мага да почтоо салган сумкам эки жолу түшүмө кирди. *(Сарыбайга)* Сен дагы койлоруңду сагынгандырсың. Бирок, эки бетиң кара көк тартып семирдиң, койлоруң тааныбай калып, үркүп жүрбөсүн.

**Ефим Иванович.** (Саатын карап). Күн нурунун ваннасына жатмак элем . Убагында барайынчы (чыгат).

*(Аллеяга жай басып Шалима Эсенболова кирет. Колунда веери бар. Дагы бөлөк формалуу шляпа кийген. Бирөөнү күткөндөй үшкүрүп келип. Сарыбай менен Бөдөшбектин жанынан окчундап келип олтурат).*

**Шалима.** Тфу…. качан келет эми. Кайыкка түшөт элем. *(Эки жагын каранат)*

**Бөдөшбек.** Ким карындаш?

**Шалима.** *(Жактырбаган түрдө)*. Это не важно.

**Сарыбай.** *(Бөдөшбекке)* Не важно деген жанагы бул киши менен карта ойногон жигитпи?

**Бөдөшбек.** Не важно деген жөн эле сөз. Бул кишинин аты деген тура.

**Сарыбай.** Кайдан билдим. Ар дайым эле бул киши не важно деп ошол жигит менен «сыйдыр» ойноп, «бети калды» ойноп калат.

**Шалима.** Ха… ха… ха… туура айтасыз. Ошол жигит кайда жүрөт?

**Сарыбай.** Жана бир келин менен кайыкка түшүп кеткен.

**Шалима.** Вот. Подлец… *(Ачууланган түрдө)* Кандай келин экен?

**Сарыбай.** Кайдан билдим балам. Көпчүлүк да. Өзүңө окшогон эле келин.

**Шалима.** Анык акмак жигит экен ээ. Шашпа, келерсин!

**Бөдөшбек.** Ага эмне мынча ачууландыңыз, карындаш? Фрунзеде легковой минген күйөөм бар дебединиз беле? Ошого ич тарлык кылыңыз. Буга эмне ...бул. Бир…

**Шалима.** *(ачууланып)* Бир. Бир эмне бир. Сиз качан болбосун кишини кагып сүйлөйсүз. Менин Фрунзедеги күйөөм менен кандай ишиниз бар?

**Бөдөшбек.** *(Ачууланып, бирок тамаша аралаш)* Албетте, ишим бар. Мен күйөөңө болушамын. Бир күндө үч-төрт калпак, төрт-беш туфли которуп киесиң. Мунун баарын алып берген ошол. Же жанагы кайыкка түшкөн жигит бекен?..

**Шалима.** Ха-ха… ха… ха… Ушундай күйдүргүсүз. Үйдө шляпаларым бар. Жалаң пальтолорум 8. Булар эмне

*(көйнөктөрүн көсөтүп)*, жөн гана курортко, жолго кийүүчүлөрүм.

**Сарыбай.** Бали, балам, ушундай болуш керек.

**Шалима.** *(Сарыбайдын сөзүн жактырып)* Ха…ха…ха…-ха… Не важно деген киши дедиңиз ээ? Кайда иштейсиз?

**Сарыбай.** Койчумун.

**Шалима.** *(Чочуп)* Койчу? Койчу? Койчу кантип курортко келсин?

**Сарыбай.** *(Таңыркап)* Эмне үчүн келбейт? Курорт баарыбызга тең эмеспи.

**Шалима.** Тең го – тең го. Бирок, путевкага кеткен акчага көйнөк-көнчөк албаймынбы.

**Бөдөшбек.** Азыр койчулар сегиз пальтосу болбосо да сизден бай болсо кантесиз?

**Сарыбай.** *(Мактанып)* Албетте, баймын балам, баймын.

**Шалима.** Фу, бай, көп болсо, бир патефонунуз бардыр.

**Сарыбай.** Албетте, патефонум бар. Радиом бар. Анан, анан дагы балдарым бурай берсе, кай-кай жактагыны алып угузган дагы…

**Шалима.** Приемник.

**Сарыбай.** Ооба, ошонум бар. Дагы толгондорум бар.

**Бөдөшбек.** *(Тамаша аралаш)* Бизге андан артык байлыктын кереги жок. Упа менен бет майдан, каш майды, чач майды, тырмак майды, кирпик майды биз анча мүлк катары көрбөйбүз.

**Шалима.** Это не важно, алардын кадырын силер билбейсиңер. *(Сарыбайга)* Ну как, абышка, койду, койду кандай багасыздар?

**Сарыбай.** Жакшы багабыз.

**Шалима.** Зарплат канча?

**Сарыбай.** Колхоздун тартибин билбейсизби? Айлык эмес, эмгек алабыз.

**Шалима.** Воот как. Кой багуу кыйын да ээ?

**Бөдөшбек.** Кандай эмгек болсо да кыйын, бирок ошончолук кызык.

**Шалима.** Да, конечно, кыйын. Кышкысын карда, жайында ысыкта ар дайым кой менен жүрүү кыйын. Анын үстүнө койлор грязный, анан акылсыз малдар да, эч соображать этпей эле жүрө беришет. Мен эки күн да бакпас элем.

**Бөдөшбек.** Албетте, бага албас элең. Алдыңкы узун такаң түшкө чейин түшөөр эле. Мына бул калпагыңан эчкилер үркөөр эле.

**Шалима.** Ушул образованием менен, анын үстүнө күйөөм түрүү турганда кантип кой багайын ?.. Подумаешь...

**Сарыбай.** Бизде сизде окшогон келиндерден кой баккандары көп. Жалпы элге даңкы чыгып сыйланган келиндер бар.

**Бөдөшбек.** Малчылык даңк. Малдын эти, сүтү, жүнү, териси айтоор баары эле керек. Жанакы сен кийген сегиз пальто ушул койлордун жүнүнөн эмеспи.

**Шалима.** *(Сарыбайга)* Жүн демекчи, сиздерде каракуль, ой, каракуль! Кубанканы муфтасы менен кийсе, бир парын көк, бир парын карасынан, шикарно болор эле. Барбы, аксакал?

**Сарыбай.** Түшүнбөй калдым, балам.

**Бөдөшбек.** Жанакы тармал козуларды айтат.

**Сарыбай.** Бар. Тармалы да болот. Агы да бар, көгү да бар.

**Шалима.** Воот, воот. Ошондой тармал көрпөлөр мага керек. Сиз ошолордон мага подарка кылып берип жибериңиз. Мен сизге, кант, бал берип жиберем. Давай, байланыш бололу, а?

**Сарыбай.** Жок, балам. Биринчиден, ал мал меники эмес, өкмөттүкү, элдики. Экинчиден кант менен бал өзүбүздө батпай турат.

**Шалима.** Эмесе, пух бериңиз, пух. Ой, пуховая шаль жасатып, мончого барганда салынып барса.

**Сарыбай.** Пухуң эмне, балам?

**Шалима.** Ну вот, пух. Майда-майда жумшак койдун жүнү. Вот жана, кыргызча таппай жатышымды кара. Ну вот пух. Пух...

**Бөдөшбек.** Тыбытты айтасың го. Тыбыт койдо болбойт, эчкиде болот. Ал дагы сураганга, сатууга берилбейт. Мамлекетке төгүлөт.

**Шалима.** Это не важно! Мен силерсиз деле керегимди таап алам. Ох, как скучно! *(Эки жакты каранат)*

**Бөдөшбек.** Биз менен сүйлөшүп, зеригип кеттиңби, карындаш?

**Шалима.** Ну да, конечно. Эчки менен койдон башканы сүйлөбөйсүңөр. Башка темада сүйлөй албайсыңар.

**Сарыбай.** *(Туруп)* Күткөн кишиңиз келип калар. Биз Бөдөшбек экөөбүз, кумга жатмак элек. Жүр, Бөкө. *(Экөө кетет. Шамила жалгыз калат. Улам эки жакты карап веери менен желпинет)*

**Шалима**. Ой, как скучно. Семирбей эле арыктадым. Даже не с кем время провести... *(Шылкыйыңкы чыгат)*. *(Рахима менен Багышев сүйлөшүп киришет)*

**Багышев.** Менин азыркы сөздөрүмдү, кайсы бир эркектердин өпкө боорун чапкылаган сөздөрүнөн деп түшүнбөөңдү сурайм.

**Рахима.** Түшүн деп суранууга болбойт эмеспи? Кандай түшүнүшүм менин эрким да.

**Багышев.** Эми кандай деп түшүндүң?

**Рахима.** Кандай деп түшүнмөк элем? Сенде, то есть, сизде мындайча айтканда, эркектик гордость болду.

**Багышев.** А сиздечи? Сизде?

**Рахима.** Гордость болуу бизде жок дейсиңби? Албетте, сага жагынгандай болуп мамиле кылууну мен туура тапкан жокмун. Мындай сезим эркектерге караганда, аялдарда күчтүүрөк болорун өзүнүз билесиз да.

**Багышев.** Туура айтасың. Сенин таарынычыңды мен кийин билдим. Бирок, негизги таарынчың эмнеден болгондугун биле албадым.

**Рахима.** Эмнеден? Сен менин шартыма көнбөгөндүктөн. Менин практикалык иште өсүшүмө жардам берүүнүн ордуна шаарда кал деп тырыштың.

**Багышев.** Шаарда дале иш бар эле да.

**Рахима.** Кеп анда эмес. Мамлекет мени да, сени да окутту. Тарбиясын берди. Ошондой болгондон кийин өкмөттүн бар деген жагына баруубуз керек эмеспи. *(Күлүп)* Чынын айтканда, өкмөттүн талабын, сенин талабыңдан төмөн коё алган жокмун.

**Багышев.** Анан сен да, мен да мында болгондо эмне болмок.

**Рахима.** Эмне болмок? Эч нерсе болгон жок. Үйлөнүүгө биз качан болсо, жетише алат элек.Чынбы?

**Багышев.** Чын. Экөөбүз эки жерде болупбу?

**Рахима.** Биз дайым эле эки жерде болуп турбайт элек да. Өкмөт эске алат эле. Менин практикалык иште болушума сенин каршы чыгышыңа мен таң калдым. *(Күлүп)* Мындайча айтканда, өзүңөр ойноп жаткандагы пьесаларыңардагы конфликт. Сен экөөбүздүн ортобузда так ушул жерде болду.

**Багышев.** *(Бармагын тиштеп, ойлонуп)*. Конфликт... Конфликт. Кульминационная точка, сүйүүдө болуп жатпайбы. Эмне үчүн менин эки катыма жооп берген жоксуң?

**Рахима.** Сиз эмне үчүн мени узатып чыккан жоксуз?

**Багышев.** *(Унчукпай туруп)* Анан менин каттарымды тап катары жоюп, тыттың ээ?

**Рахима.** Сиз... Ал менин ишим. А балким катып жүргөндүрмүн, кайдан билесиң?

**Багышев.** Катып жүрсөң раазымын.

**Рахима.** Сиз... Бирок эки катың тең муздагыраак экен.

**Багышев.** Муздагыраак? Койчу.

**Рахима.** Ну салкыныраак.

**Багышев.** Салкыныраак. Ошондойбу?

**Рахима.** Ошондой. Мелүүнүрөөк дейм да. *(Күлүп)* Баштагы каттарыңдай ырдуу, сырдуу эмес дегеним да.

**Багышев.** Ырдуу каттарым да болгон ээ?

**Рахима.** Албетте. *(оңдонуп олтуруп)*. Помниш:

Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай.
Жүрө албаймын күндө сени сагынбай,
Мээ сергитет менде жүргөн элесиң.
Мелмиреген Ысык-Көлдүн таңындай.

Көзүң укмуш, ак чыныда карагат,
Көп караба жүрөгүмдү жаралап.
Көөнүң болсо, бир белгиңди түшүндүр,
Киши жалдап, сүйө албаймын паралап.

Эч пайдасыз ээрчип жүрөм эринбей,
Жооп берчи, же «жок» дечи керилбей.
Кээ бир түштө беттен сылап коёсуң,
Июлдагы көк конуштун желиндей.

Сүрдөп кетем, капыс жерден кабылсам,
Кечирип кой, мен сүйүүдөн жаңылсам.

Жалгыз сага жарашкансып көрүнөт,
Кайсы күнү кандай жоолук салынсаң.–

Эсиңдеби?

**Багышев.** Эсимде, рахмат.

**Рахима.** Демек, жоготкон эмес бекемин. Каттарыңыз тытылбаптырбы?

**Багышев.** *(Бир аз ойлоно калып)* Эмне үчүндүр Ракыш, менин оорум айыгып келе жатат да?

**Рахима.** Кайсы ооруң, сенде оору жок эмеспи?

**Багышев.** Жоок. Бар. Сага билинбеген, мени кыйнаган ооруну айтам. Деги өзүңдөн эм болду. Мындан ары Фрунзеде болуп калсаң эмне, дайым сага көрүнүп турат элем.

**Рахима.** Айтсаң, айтпасаң деле быйыл Фрунзеге барам. Дагы окуйм. Же иштейм. Өзүлөрү ошондой чечип жатышат.

**Багышев.** *(Сүйүнүп)* Ырас эле ошондой чечилдиби иш?

**Рахима.** *(Чочуп)* Эмнени?

**Рахима.** *(Шашып)* Тим эле. Жанагы өзүң айткандай. Фрунзеге барып иштегениң оң.

**Рахима.** Быйылдан баштап Фрунзеде болом го *(Саатын карайт)*.

**Багышев.** Отура турсаң. Шашып турасыңбы?

**Рахима.** Менин дежурствого кирээр малым жакындап калды.

*(Ошол учурда Сарыбай менен Бөдөшбек аллея менен бирдемелерди сүйлөшүп келе жаткан болот)*.

**Сарыбай.** Эй, Бөкө, Кавказда бир абышка 153 кө чыгыптыр. Сүрөтүн да тартыптыр. Дагы бир абышка 130 да экен. Колхоздун устасы болуп кызмат кылат дейт.

**Бөдөшбек.** Ал өзүлөрүнчө жашагандар. Эми биздин жашыбызды орто эсеп менен 150 гө чейин алып барууга советтик илимпоздор киришип жатат.

**Сарыбай.** Газетага да ошентип эле жазыптыр.

**Бөдөшбек.** Качан окудуң?

**Сарыбай.** Кечээ. *(Ошо учурда скамейкада отурушкан Рахима менен Багышевди көрө коюшат)*

**Бөдөшбек.** Болду эми. Кечээ эмес, былтыр окусаң да шарт кайра тарт дейм ой... *(Өзү да бүжүңдөп кетенчиктейт. Аларды берки экөө да көрө калышат)*

**Рахима.** Бөдөшбек, аксакал... Келиңиз. Келиңиздер

**Багышев.** Силерге эмне болду. Кийик ата тургансып бөкчөңдөйсүңөр да

**Бөдөшбек.** Жоок. Тим эле. Кечээ мына бул газетадан адамдын өмүрүн узартуу жөнүндө макала окуптур. 153 жашка келген киши бар экен дейт. Анда мен моминтип эле басып калгандыр деп көрсөтүп жатам.

**Рахима.** Рас, рас. Сарыбай акем туура окуган. Адамдын өмүрүн узартуу иши бар.

**Бөдөшбек.** *(Сарыбайга)* Мына ошондо сен 150гө келип балаңдын баласынын, анын баласынын, анын баласынын баласын көрөсүң, түшүндүңбү?

**Сарыбай.** Жакшы. Бирок киши теңтушу жок эле тилсиз калса жаман да.

**Бөдөшбек.** Тигини, жалгыз эле өзүң калгың бар. Бөкөң да 150 гө барбайт бекен. Мени эчак көөмп, мүрзөмдү чым басканда үстүмө кой жайгысы бар. Ай оңбогон Сарыбай. *(Рахимага)* Бул мен чоң жакшылык кылып жүрсө. Үйүндө катты араң эле билүүчү. Газетадан Карабалта деген сөздү Кана– ка, ра– фа– ра. Бал –бал... Балта– та– та... деп араң окуучу. Эми муну менин койкама жакын жаткырып койдуңуз эле, газетаны шар окуп калды.

**Сарыбай.** Мунуң чын. Мага көп жардам бердиң.

**Бөдөшбек.** *(Рахима менен Багышевге)* Ии, олтурупсуңар айланайындар. Ушинтип көп-көп олтурсаңар. *(Са-*

*рыбайга карап)* Биз бекер келиптирбиз. Мышайт. Мышайт болот. Деги эки киши сүйлөшүп олтурса жанына киши келиши, культурныйлык эмес. Эсиңе тут.

**Сарыбай.** Жүр эмесе, сайрабай!

**Рахима.** Жок, олтура бергиле.

**Багышев.** Бизде жашыруун сөз жок.

**Бөдөшбек.** Жашыруун сөз болбосо дагы, ушинтип жалгыз отурганыңар жакшы. Аркы-беркини айтып дегендей. Келечегиңер кең... Экөөң...

**Багышев.** *(Көзүн кысып)* Экөө жалгыз олтурушат деп кеп кылбайсыңарбы?

**Бөдөшбек.** *(Чочуп)* Эмне дейт?! Курорттогу окуяны да сыртка чыгарчу беле? Бул кайра жакшы окуя болду. Эми буйрук болсо... буйрук.

**Рахима.** *(Күлүп саатын карап)* Эми мен да дежурствомо барайын.

**Сарыбай.** Рахима, азыр мени таразага тарттырып берчи, айланайын. Кечээ түшпөй калыпмын.

**Бөдөшбек.** Уйкуңан көр.

**Рахима.** *(Сарыбайга)* Жүрүңүз. *(Экөө кетет).*

**Бөдөшбек.** Деги сылап-сыйпап көрүп жатасыңбы? Анча кагып, силкпейби?

**Багышев.** Жок. Өзү эстүү адам эмеспи. Мен ак экениме ишенип келе жатат.

**Бөдөшбек.** Ошентсин айланайын. Ишендир. Анан сеники жакшыбы? Жакшы көргөн кызың болсо, алыс сапар жол жүрүп бара жатса узатып чыкпаганың уят да! Таарынаары эп. Деги бектигин карабайсыңбы. Үч жыл удаа таарынышын карачы.

**Багышев.** Эми кечирим сурап жүрөм.

**Бөдөшбек.** Кыз назик нерсе да! Өзүң билесиң.

«Көпөлөк менмин, сен чырак,
Көкөлөп сага айланам» – деп Токомбаев жазгандай. Көпөлөкчө эле айланып турсаң. Сени билбей коёбу? Өзү эстүү киши тура. Кап, ушул жерден үйлөнсөң. Тойду чогуу өткөрсөк. Анан курорттогу окуя болор эле.

**Багышев.** Анда жолоочу жүрүп аш бергендей болуп калбайбызбы. Сизди Фрунзеге тойго чакырам.

**Бөдөшбек.** Сарыбайдычы?

**Багышев.** Аны дагы.

**Бөдөшбек.** Ошент, көңүлү көтөрүлүп калсын. Деги той болоруна ишенебизби?

**Багышев.** *(Күлүп)* Албетте.

**Бөдөшбек.** *(Тамашалап)* Той болгуча дагы кыргый кабак болушуп калбагай эле деп тилей берем да. Кокусунан чайга чакап, нанды шашып жутуп какап калсам эле, жаштардын тоюна чакап жатам деп шылтап калайын *(Күлүшөт).*

***6-сүрөт***

*Мелтиреп жаткан көл, алыстан Ала-Тоонун чокулары көрүнүп турат. Курорттун ичи. Бактуу аллеянын ар кайсы жерине скамейкалар коюлган. Ары-бери басып өткөн элдер. Скамейкалардын биринде папиросун тартып Ефим Иванович олтурат. Ал анда-санда бирдеменин мотивин ышкырып да коёт. Ошол учурда жанына Эсенболова келет. Ал Ефим Ивановичтин папиросунан күйгүзүп жатып:*

**Шалима.** Фу . Тутанбайт. Отуңуз өчө турган жашка деле жете элек экенсиз.

**Ефим Иванович.** Кеп отто эмес.

**Шалима.** Ошондой десеңиз. Эмитен жүрөгүңүздөгү от өчө баштаса чатак да.

**Ефим Иванович.** Ушул тамекинин зыянын билип эле турабыз. Бирок тартабыз.

**Шалима.** Конечно! Баарына эле көзүбүз жетет. Бирок иштебейбиз. Врачтар өзүлөрү тартпа, ичкилик ичпе дешет. Бирок, өзүлөрүчү...

**Ефим Иванович.** Өзүлөрү тарткандары дагы бар.

**Шалима.** Тартат дейсиз да. Кызылдай мас болуп алып, жүрөгүңдү тыңшагандын ордуна, бутуңду сыйпайт.

**Ефим Иванович.** Албетте, бардык элдер бирдей эмес деңизчи.

**Шалима.** Конечно. Врачтын айтканындай жүр. Турмуштун законунун рамкасынан чыкпа, эмне деген кеп болду. Эркин доордо жашагандан кийин, эркин эле колдон келишинче ойдогудай өмүр сүргөн жакшы да. Кий, ич, шапар теп! Сайран чек. Мына ушул үчүн иштейбиз. Жашайбыз.

**Ефим Иванович.** Да-а. Иштейбиз. Мезгили менен моминтип эс алабыз. Кайра жаңы күч менен ишке киребиз. Сиздин отпускаңыз да бир айбы?

**Шалима.** Это не важно бир ай. Андан көрө рахат жөнүндө сүйлөшөлүчү, Ефим Иванович. Рахат рахат ко, ушул курорт скучный правда, Ефим Иванович.

**Ефим Иванович.** Эмне үчүн?

**Шалима.** Однообразия. Безобразие. Адамдары мелкота. Не с кем поговорить. Не с кем погулять.

**Ефим Иванович.** Эмне үчүн эч ким менен сүйлөшпөскө. Маселен, менчи? Мен...

**Шалима.** Конечно. *(Жакындап олтуруп)* Сиз менен сүйлөшүүгө болот деңизчи. Бирок, сиз слишком серьезныйсыз. Өзүңүздү катуу алып жүрөсүз.

**Ефим Иванович.** Кандай катуу? Кандай алып жүрүүнү айтасыз?

**Шалима.** Кандайы, кандай? Ну, например ... например, өзүңүздү курорттогу эркектердей алып жүрбөйсүз. Ха-ха… капа болгон жоксузбу?

**Ефим Иванович.** Жок, жок. Курорттогу эркектер кандай жүрөт? Аялдар кандай жүрөт? Айтсаңыз ... Балким...

**Шалима.** Жоок. Балким-малкимиңизди коюңуз. Анткорлонбоңуз. Неужели түшүнбөй калат элеңиз? Но, но ... знаем, Ефим Иванович, Ленинград, Кавказ, Крым менен кыдырып келип, ушул биздин койчулар эс алып жаткан мелкий курорттон эч нерсе билбей каласыз ээ. Ой, момунум. Мышык сопум.

**Ефим Иванович.** Азыр кандай айтканыңарга макулмун. Бирок, деги түшүнбөйм.

**Шалима.** *(Ооба, түшүндүрөм)* Менин сырымды билгиңиз келет. Анан кылт эттирип кайырмагыңызга илгиңиз келет ээ? Понимаем. Сиздин көз караштан эле билгенмин. Бирок аялыңыздан коркосуз, чынбы?

**Ефим Иванович.** Аялымдан коркпойм. Бирок сыйлайм.

**Шалима.** Сыйлайсыз. Мен да эримди сыйлайм. Бирок чертенок эмне кылып жүргөнүн билем. Сиз кайдан билесиз? Эх, Ефим, Ефим. Алар например, сиз экөөбүз жөнүндө эмне ойлоп жатканын билдик?

**Ефим Иванович.** Мейли, ойлой беришсин.

**Шалима.** Конечно, ойлошот. А на самом деле сиз экөөбүз мына бул менин перчаткамдан да акбыз. Чынбы? Да, ойлошот, но человек на этом и построен. Баягы жылы мен Ялтада эс алып жатчуда бир жигит бар эле. Анын аты да Ефим болучу. Кажется, ал дагы инженер беле. Деги, силер инженерлер кыйын болосунар. Вот ошол жигит ... Вот это да! Прямо золото эле. Адамды полуслова понимал! Сизди кайыкты жакшы айдайт дейт, чынбы?

**Ефим Иванович.** Алынча, кайдан билдиңиз?

**Шалима.** Билдим да. Ыкластуу киши качан болсо билет. Мен да сизден калышпайм. Кататса этелиби?

**Ефим Иванович.** Жок. Рахмат. *(Саатын карап)* Мен киши күтүп олтурам. Кечириңиз.

**Шалима.** Анда сиз да кечириңиз *(Ордунан туруп кетет, ошол учурда Багышев келет).*

**Багышев.** Ефим Иванович, көпкө күтүп калдыңызбы? Күттү дейин десем, тигил айсалкын менен эзилишип калыпсыз.

**Ефим Иванович.** *(Күлүп)* Ал келип менин тамырымды бир топ кармалап көрдү. Эч шек табалбагандан кийин жолуна түштү көрүнөт.

**Багышев.** Чын, мындайлар коомдун ичинде өзүлөрү эле оркоюп көрүнүп турушат экен.

**Ефим Иванович.** Жолдош Багышев, киносценарияңызды окуп чыктым, мынаңыз *(берет).*

**Багышев.** Кош. Ефим Иванович, пикириңизди айтыңызчы? *(Күтөт).*

**Ефим Иванович.** Түзүк жазгансыз. Бир топ жакшы жерлери бар. Жолдош Багышев, менин оюмча, сценарияңыздагы Турдубектин образын, Бөдөшбек, Сарыбай сыяктуу образдар менен алмаштырсаңыз абдан жакшы болор. Өзүңүз ойлонуңузчу, кандай жакшы типтер.

**Багышев.** Ракмат, Ефим Иванович, менин оюм да ушундай эле. Сценариямдын аты «Курорттогу окуя» болот.

**Ефим Иванович.** Абдан жакшы тапкансың. Жазуучу деген өзүнүн чыгармасындагы геройлордун эмгеги, кесиби менен жакшы тааныш болсун, болбосо, героюн шылдың кылып алат.

**Багышев.** Мунуңуз өтө туура. Маселен, мен малчынын, дыйкандын образын көп кыйналбай берер элем. Анткени, алардын турмушун кичинемден бери билем.

Эми лабороториядагы химиктин образын берүү үчүн көп кыйналар элем.

**Ефим Иванович.** Ошон үчүн жазуучулар, артисттер ар нерсе менен кабардар болуп, эл менен кошо өсүш керек. Чыгармасындагы катышкан адамдардын образын элден, мындайча айтканда элдин ичиндеги айрым кишилердин кулк-мүнөзүн окуп, үйрөнүп анан түзөсүң да.

**Багышев.** Деги чыгармачылык ишиң жакшы болсун десең, өзүңдөгү таланттын бардык болгон мүмкүнчүлүгүн, мындайча айтканда, жөндөмдүүлүктү карагаттай сыгып, чыгарыш керек тура, ошондо гана чыгармачылык болот экен.

**Ефим Иванович.** Бөдөшбек туура айтат: мен окуусун окубай кантип доктор болоюн дейт. Согончогум ооруйт дегендин мурдуна йод сыйпап олтура беремин да деп күлдүрөт.

**Багышев.** Станиславскийдин «Искусстводогу менин өмүрүм» деген китеби мага чоң таасир берди жана мени өз эмгегиме кандай мамиле кылууга көзүмдү чоң ачты. Демек чыгармачылыктын негизги багытын улуу орус элинин искусствосунан алууга тийишпиз.

**Ефим Иванович.** Искусствонун адамдары чыгармачылык ишиңерде марксизм-ленинизм негиздерин тийип турган күндөй көрсөңөр, орус искусствосундагы чеберчиликти адаштырбоочу жылдыздай көрүшүңөр керек. *(Сүлгүсүн мойнуна салынып күндөн корунуп, башына кагаздан калпак кийип Бөдөшбек кирет)*

**Бөдөшбек.** Башкаңарды билбейм. Мен үч кило семириптирмин. Дагы эки ай турганда паспортко түшкөн сүрөттү чоңойтуп портрет жасагандай эле болуп калмак экенмин. Кемпирим таанбай калып, үйгө киргизбей коймок экен.

**Багышев.** Ой, баракелде, куттуктайбыз.

**Бөдөшбек.** Ээ... сүйлөшкүлө айланайындар, ар ким өзүнүн жүрөгүндөгүнү айтат. Почтоо жөнүндө сүйлөшсөм мен деле жата калар элем. Бирок адабиятты да анча жаман көрбөйм. Кыя өтпөй окуп турамын.

**Ефим Иванович.** Көбүнчө кандай жазылганды жакшы көрөсүз.

**Бөдөшбек.** Ырдан тартып романга чейин окуймун.

**Багышев.** Жок, кайсы темада жазылганды жакшы көрөсүз дейт?

**Бөдөшбек.** Аа, албетте, көбүнчө элдин турмушун, элдин эмгектеги улуулугун көрсөткөн чыгарманы жакшы көрөм.

**Бөдөшбек.** Сынчы болбогондо анан... баарыңардын сынчыңар эл болот. Маселен, Багышев китеп саткан дүкөнгө кирсе, жазганы өтпөй турса, элге жакпаганы, колдон колго тарап кетсе элдин жаратканы.

**Багышев.** Арзандын тузу татыбайт дегендей. Кээ бир пьесаларыбыздын жакшылыгынан жадап эл чыгып кетишип, эшик кайтарган кароолчу менен үйүн таппай уктаган мас киши гана калып, аябай уят болгон күндөр да болот.

**Бөдөшбек.** Жалаң эле ушу дейсиңби? Кайсы жыл экени эсимде жок. Чабарман Чакаев деген бир жазуучу:

Агын суулар агылат,
Кашка тайлар чабылат.
Карагай, четин бүчүрү,
Талга барып тагылат.
Жакшы көргөн селкиге
Жалакор жигит жалынат.

Макул лирикасынын чачы деле узун болсун. Мейли көзү деле жаңы алган көлөштүн тумшугундай карарып

жылтырап турсун, өзү эмгек кылбаган кумурска бел, куурайсандын бири болсо эмне кылабыз.

**Багышев.** Андайлар Совет адабиятында герой болуп жүрүүгө акысы жок.

**Бөдөшбек.** *(Башын сыйпап)* Ш–ш–и... Эми эсиме келди, ошол эле ыр жөнүндө ким бирөө «Советтик Кыргызстан» журналына мындай деп жакшы жазыптыр:

«Бул акын жазыптыр,
Сулуу жеңесин!
Кара көз, узун чач дейт
Айтпайт башка денесин.
Анда-санда кыпчып коюптур
Кыпча бел деген эмесин.

Ойлосо керек, ушинтип жазсам
Кантип сулуу дебесин?
Жоок жолдош!
Эми жазчы!
Эмгектеги сулуунун элесин!»

**Багышев.** *(Күлүп, Бөдөшбекти далыга чапкылап)* Туура, Бөкө! Адабиятка түшүнгөнүңүзгө рахмат.

*(Сарыбай түшкөн сүрөтүн колуна кармаган бойдон кирет)*

**Бөдөшбек.** Кана *(адегенде сүрөттү карап)*, олдо эр ай. Алдыңкы ээрдиңди жыйып эле койсоң боло. Сыртын окуп Э... Э, эбим дос эмне үчүн Эбим. Ой, Эби жок десе. Эбим эмес, Ефим, «Ф», ушул «Ф» дан көңүлү калган. *(Сарыбайга карап)* Сага канча айтам, момундай Ф дебедим беле. *(Бөйрөгүн таянып көрсөтөт)*. Анан балдарыңды « өп» кой эмес, өөп кой. Ө–нү кишиден сурап тургапбы. Анын үстүнө дубай салам жазгансып, кызыл карындашым кайда, *(Чөнтөгүн аңтарат)* ондоюн. Ушул бойдон Ленинградга кетсе уят.

**Ефим Иванович.** Кой, Бөдөшбек. Сакемдин ушунусу эле мага жетишет. Эң жакшы. *(Сарыбайга)* Эми Саке, кат жазышып турабыз ээ. Өзүң жазууга жарап калдың.

**Сарыбай.** Жарайт, жазышып турабыз.

**Бөдөшбек.** Ошондо да сыртын мага жаздыр. «Эбим» десең кайра келет. Ал жердин почтоочусу сага Бөдөшбек эмес. Кичине жеринен кетирсең кайра жиберет.

**Сарыбай.** *(Ефимге)* Анан, Ефим, мага бир ушул Бөдөшбектикиндей көз айнек салып жибере көр. Көп окуганда көзүмдөн жаш куюлуп кетет экен. Мына доктордун кагазы.

**Ефим Иванович.** *(Алып окуп)* Жарайт, жиберемин.

**Багышев.** Саке, койлоруңузду сагындыңызбы?

**Сарыбай.** Ээ, баатыр ай! Киши өз кесибин сагынат эле экен. Сен да театрыңды эстеп коюп жүрөсүң го. Анан бир айдан бери бул жердегилерге да, силерге да үйүр болуп калыптырмын. Силерди да сагынамын го.

**Бөдөшбек.** Койлоруң тигил жакта семирип, өзүң бул жерде семирдиң. Эми эмне арманың бар. Крымды бир көрсөм дейт.

**Сарыбай.** Чын эле, Крымды бир көрсөм. Жанагы Шалима шумдук айтат ко. Эмдиги жылы ошого барсам. Бирок, ал жакка койчу, көмүрчү, саанчылар барбайт дейт ко.

**Ефим Иванович.** Калп айтат, бара бериңиз.

**Бөдөшбек.** Эй, аны олуя көрүп алган тура. Анын сөзүнө ишенсең ой...оой... Айды кармап мингем деп айтат.

**Багышев.** Ырас эле ага ишенбеңиз.

**Сарыбай.** Эмки барышта колхозумдан ошол жакты суранам. Курорт жакшы экен. Ден соолугум оңолуп калды.

**Ефим Иванович.** Мына эми жаңы күч, жаңы ойлор менен ар кимибиз өз ишибизге киришебиз. Багышев театрына, Сакем койлоруна, Бөдөшбек аксакал...

**Бөдөшбек.** Мен кара сумканы асынып, кайкалап калам го. Деги тез кетсек экен. Баягы менин кемпирим каттарды чак-чалекей кылып жатат бекен. Айтмакчы, баарыңарды таразага чакырып жатат. Биз түшүп келдик.

*(Ефим Иванович менен Багышев кетишет).*

**Бөдөшбек.** Келчи баатыр, олтуралы. Айтмакчы, сен канча кил семирипсиң. Мен болсо үч кил, бирдеме грамм деди.

**Сарыбай.** Мен беш кил. Сенин алың эле ошол да кургур.

**Бөдөшбек.** Ырас айтасың. Эми сен угуп тур. Ошол Рахима менен Багышевдин ортосунда жакшы окуя болуп жатат. Мурун сага айтчу эмес элем. Азыр айтайын, баары бир кетебиз. Ал экөө мындан үч жыл мурун бирибиз тиебиз, бирибиз алабыз дешип жүрүшүптүр.

**Сарыбай.** Кандайча?

**Бөдөшбек.** Кандайча дегени эмнеси? Мындайча айтканда ашык отуна күйүшүптүр. Анан кичине таарынышкан экен.

**Сарыбай.** Эми кантишти? Ата-аа, экөө бири-бирине ылайык эле экен. Бирок Рахима өтө эле зымыраган кыз ээ?

**Бөдөшбек.** Зымырайбаганда анан. Кыз киши кыз сыпаты менен эле кыпыйганы жакшы. Деги аял киши ичим тап менен жүргөнү оң да. Анан жанагы Шалима деген немедей болобу.

**Сарыбай.** Ой,ошонун калпагы калпак да! Чиркин.

**Бөдөшбек.** Калпагы менен курусун, ат үркүтө тургансып. Анын калпактары бир гана түрлүү болсо эмне? Мындай кеткен калпак, момундай болгон калпак...

*(Ошол учурда нарыда келе жаткан Шалима тигилерге жакындап калган болот. Аны чукулдан сезген Бөдөшбек шашып)* Адам, баягы артисттерге сойгон боз койдун семизи ай. Карын майы калпактай бар эле.

**Шалима**. Что? Что?

**Сарыбай.** Кайсы боз кой? Тигине повар дос келатат.

**Бөдөшбек.** Токтоп тур. Баягы боз кой. Анан шашпа, ошол жылкы жамгыр ай. Калпактар бүт суу болгон... *(Шалима жактырбайт)*

**Шалима.** Ну с вами... Кроме койдон бөлөк сөздөрү жок.

*Отурбай чыгып кетет.*

**Сарыбай.** Эмнени дөөрүп жатасың?

**Бөдөшбек.** Ээ, Саке, ошон этип. Рахима менен Багышевдин аягы эмне болгонун билип кетсек болот эле. Ай, жаштын өтө берип кеткени да болбосо ушул эле жерден экөөнү эптештирип коёр элем.

**Сарыбай.** А балким, убадалашып турган чыгар.

**Бөдөшбек.** Мүмкүн. Деги бир сырга келип калышкан го. *(жанына келген поварды карап)* Кел досум. Бүгүн сенин иштебей турган күнүңбү?

**Повар.** Ооба. Бүгүн силерди жөнөйт дегенинен узатышайын дедим.

**Сарыбай.** Ошент, ошент баатыр. Бир туугандай болуп калдык. Кат жазышып туралы. Жаман-жакшыбыз ичибизде болсун.

**Бөдөшбек.** Жаман-жакшы? Эмне жаман-жакшы болсун? Тигинин сылыгын. Анысы жок эле биз буларга ыраазыбыз. Рахмат.

**Сарыбай.** Раазыбыз, айланайын. Кийин биздин жакка барып да меймандап кел. Биздин жер тоолуу болот. Көрүп келесиз.

**Повар.** Рахмат Саке, тоолуу жакка доктур уруксат бербейт. Жүрөгүм оорулуу.

**Бөдөшбек.** Жүрөгүм? Ушул кебетең менен жүрөгүң ооругандан кийин менин жүрөгүм ыргып кетпегенин кара.

**Сарыбай.** Ырас эле семиз кишишин жүрөгү оору болот дешет.

**Повар.** Ээ, Бөдөшбек аксакал, биздин иш силерге оңой көрүнгөнү менен өзүнчө оор.

**Бөдөшбек.** Оңой дебейм. Оой... оой... ушунча кишинин курсагын... арасында Шалималар да бар. Эми баатыр, сени менен сүрөткө түшүп койсок, сени көргөндө котлетиңдин жыты мурунга бур деп турсун.

**Повар.** Мейлиниздер, жүргүлө түшөлү. Өзүм салып жиберем.

**Бөдөшбек**. Өзүбүз эле түшөлү. Жанакы Шалиманы, кошпойлу. Калпагынын көлөкөсү түшүп калат. *(Үчөө чыгышат Нина менен Бүбүш сүйлөшкөн бойдон басып келишет)*

**Бүбүш.** Тимеле сыйлаганынан ошондой мамиле кылат.

**Нина**. Мелдешесиңби, сүйөт, сүйөт дейм Бүбүш.

**Бүбүш.** Ай, таң?

**Нина.** Ай, таң, эмес эле, айтам. Рахима Садыковнанын кийинки күндөгү мүнөздөрүн байкайсыңбы? Кандайдыр толкундангансып жүрөт. Өзгөчө бүгүн карачы. Багышевдер кетээр күн.

**Бүбүш.** *(Ойлонуп)* Мүмкүн чын эле. Кечээ дежурстводо кечкисин экөө деги эле көпкө сүйлөштү.

**Нина.** Ну вот, Багышев да Рахима да бирин бири кыя албайт. Кайсы күнү Рахиманын окуп отурган китебинде бир барак кагазда татынакай ыр бар экен:

Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагын,
Кантип сенин кыялыңды табамын.
Мен өзүмдү эр көкүрөк көрсөм да
Ээрчип жүргөн көлөкөңдөй санадың.

Калганын жаттоого чамам келбей калды. Көрчү, кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың. Чын эмеспи. Рахиманын чыртылдаган мүнөздөрү бар го!

**Бүбүш.** Ырас ыр экен. Анын үстүнө Багышев көбүнчө Рахима Садыковнага карата келген тура.

**Нина.** Мына, эми түшүндүңбү? Рахиманын көңүлү көтөрүңкү эле. Бүгүн көрдүңбү? Кичине кычкылыраак, капараак.

**Бүбүш.** Вот сүйүү деген! Эгер жеңил немелер болсо, мунусу эрге тийип, тиги аял алар эле ээ.

**Нина**. Ии... ии... Айтпачы. Менин жылкычым эмне кылып жүрөт болду экен. Дагы бир Ниночкага көзүн кылгыртып калды бекен? Оңбогур. *(Ойлонуп)* Жок, антпейт. Антпейт. *(Бүбүштү кучактап)* Сенин мугалимиң да антпейт . Ра– ра– ра– ра– рай...

**Бүбүш.** Ии, эстетпечи. Деги быйыл шумдук окуялар болду.

*(Чемоданын, зонтигин көтөрүп Шалима келет. Ал өзүнчө сөгүнүп кирет)*

**Шалима.** Тфу.Чорт возми. Машина да жибербей койдуңбу? Крокодилим, шашпа! Телефон менен айтам, телеграмма жиберем, унчукпайт. Шашпа, крокодилим! Ал машинаны бөлөк аялдар минсе, мен сени минермин. *(Ниналарды көрүп)* Эй, селкилдектер! Кайсы ырысыңарга күлөт экенсиңер, өзүңөр медсестра болуп туруп ... Жанагы автобус жүрүп кеттиби?

**Нина.** Ооба. Өзүңүз көпчүлүк менен түшпөйм, чаң болом деп койбодуңузбу? Жүрүп кетти.

**Шалима.** Тфу, звер... Курортко келсем отдельный орун жок. Автобустан дагы калдым. Эми пароходу тез келгей эле. Шашпа! *(Чыгып кетет)*

*(Бөдөшбек, Багышев сүйлөшүп киришет)*

**Бөдөшбек.** *(Ойлонуп туруп)* Мына эми курорттогу мөөнөтүбүз аяктады. Убадабыз боюнча сүрөткө да чогуу түштүк. Кетээрде бир чогулмак эмес белек. Азыр чогулушубуз керек.

**Багышев.** Ефим Ивановичтер билеби?

**Бөдөшбек.** Алар ушунун камын көрүп жүрүшөт. Бүгүн Рахима, Нина, Бүбүштөрдүн дем алыш күнү экен.

**Багышев.** Ушул эле жерге чогулалы. *(Колу менен көрсөтүп)* Көлдүн жээги, көк жалбырактын алды көпкө чейин эсте жүргүдөй болсун. (*Нина, Бүбүштөр чоң столду көтөрүп келип коюшат. Алардын артынан Рахима Садыковна, Ефим Иванович, Сарыбай, повар болушуп столду дароо жабдып, стакан, тарелкалар коюп жиберишет. Стул, скамейкалар коюлгандан кийин тегерек тартып отурушат. Төр жагында Ефим Иванович, Рахима Садыковна, Сарыбайлар)*

**Ефим Иванович.** Жолдоштор! Аздыр-көптүр курортко бирге болдук. Бир туугандай ысык, бир семьядай ынтымактуу жүрдүк. Эми мөөнөтүбүз бүттү. Эртең ар кимибиз күндөлүк эмгегибизди карай жол тартабыз. Ошон үчүн кетээрибизди белгилеп коёлу дедик. Эми кана, биринчи тост биздин ден соолугубуз үчүн кам көргөн жолдош Сталиндин саламаттыгы үчүн ичели. Жолдош Сталин биздин бактыбыз үчүн узун өмүр жашасын. *(Ичишет)*

**Сарыбай.** Бири-бирибизди сагынышабызбы деп турам.

**Бөдөшбек.** Кетебиз дегенге чын эле менин ичим ачышып турат. Кемпириме алаксып эле унутпасам, куса боломбу дейм.

**Багышев.** Кемпириңди сагындыңбы?

**Бөдөшбек.** Сагынбай анан. Анын көзүн көргөндө уткан заёмдун номерин көргөндөй эле көрүп турамын.

**Рахима.** *(Баарына)* Кана, ким канча семирди, жолдоштор?

**Багышев.** Биз түшө элекпиз, Рахима Садыковна.

**Нина.** Ооба, кечээ түшпөдүңүздөр беле. Сиз 6 килло 200 грамм.

**Багышев.** Балким кечээтен бери кошкондурбуз.

**Бүбүш.** Баарыңардан да Бөдөшбек аксакал жакшы эт алды. 5кило 300 грамм. Өзүнүн салмагына караганда эң жакшы.

**Бөдөшбек.** Эми деги ушу салмагыман түшпөй жүрсөм экен.

**Рахима.** *(Бокал көтөрүп)* Кана эмесе, жолдоштор, ушул салмагыңыздардан түшпөй, Родинанын кызыкчылыгы үчүн жаңы күч, жаңы кубат менен ишке киришүүңүздөр үчүн ичели. *(Ичишет)*

**Бөдөшбек.** *(Шампанскоени көрсөтүп).* Жоолук салынган келиндей болгон бечараны арбын ичсе да мас болотко! Мейли, бүгүн азыраак кылт этели.

**Ефим Иванович.** Ысыкта пробкасы ыргып кетет экен.

**Бөдөшбек.** Сиз иштеген Түркмөнстандын Кара Кумунда жумуртканы кумга бышырып жейт дейт. Муну үйлөп суутуп ичип калбаганыңарды айтчы.

**Бүбүш.** *(Ефим Ивановичке)* Кара Кум демекчи, Ефим Иванович, мен барамын, эсиңизде болсун.

**Ефим Иванович.** Быяк жиберсе барасызбы?

**Бүбүш.** Жиберет. Барам. Жеке мен эмес, комсомол уюмунан алтообуз арыз жаздык, жооп келет.

**Бөдөшбек.** *(Поварга)* Ой, ичсең боло, ар дайым котлет жеп жатып эле суюк тамактан четтеп калган окшойсуң.

**Повар.** *(Рахима Садыковнаны карап)* Врачтар: «Жүрөгүң начар, суюктукту көп ичпе» – деген.

**Сарыбай.** *(Бокал көтөрүп)* Кана, жолдоштор! Мал чарбабыздын саны күн сайын дүркүрөп өсүп, анын азыктүлүктүүлүгү арбысын. 1951-жыл менен 55-жылкы беш

жылдыкта керилген кең жайлоонун өзөн, адыры малга батпай кетсин. Ошон үчүн ичели!

**Ефим Иванович.** *(Сарыбайды далыга чаап)* Эң туура айтат.

**Бөдөшбек.** *(Бир колу менен Сарыбайды, бир колу менен Поварды көрсөтүп)* Бирөөң чийки, бирөөң бышык котлет берип жатып бизди бактынар. Мындан ары дагы колунар берекелүү болсун.

**Багышев.** Ефим Иванович! Мен сиздин адрести жазбай калыптырмын.

**Ефим Иванович.** Сүрөттүн артында бар эмеспи. Ошол өзү.

**Багышев.** Ким-кимибиз болбосун кат жазышып жүрөлү.

**Сарыбай.** Ким кат жазбаса, ал жолдоштун алдында күнөөлүү болсун.

**Багышев.** Жолдоштор! Улуу орус элинин реалисттик искусствосунун жолун жолдогон Советтик Кыргызстандын искусствосунун сапаты үчүн, билим, маданияты жагынан өсүп жаткан элибиздин талабына татырлык чыгарма берүү үчүн ичели.

**Рахима** *(Күлүп)* Жолдоштор, Багышев ар түрдүү кесиптеги ар түрлүү жактан келген советтик адамдар, аз убакыт болсо да биздин курорттон, бир ойдо, бир тилекте жүрүп дем алдыңыздар. Ушул курортогу окуя да сиздин чыгармаңыздын бирөөнөн орун алсын.

*(Баары туура, туура деп кол чабышат)*

**Бөдөшбек.** Ар бирибиздин кесибибиз үчүн бирден согуп жатып мас болуп калып жүрбөйлү. Эми баарынар эле кат жазышалы деп жатасыңар. Ошол сагынычтуу салам катты тез жеткирген советтик почто жана почточулар үчүн бир ичели. *(Поварды карап)* Жана Советтик

поварлардын иши үчүн дагы. Тасторконго тамак батпай, жерибиз берекеге малынып май көл-сүт көл болсун. *(Бардыгы тура калып көтөрүшөт)* Кокуй Бүбүш, Нина силердин сүрөтүңөрдү алдымбы?..

**Бөдөшбек.** Району болсо эле болду, калганын Бөдөшбек десеңер эле мобул колго шак дей түшөт.

**Нина.** Жолдоштор. Мына эми эртең сиздер жол тартасыздар. Биз дагы сиздерге окшогон советтин жакшынакай адамдарынын ден соолугу үчүн кызмат кылып калабыз. Биздин кызматыбызга аздыр-көптүр раазы болуңуздар. Сиздер болсо барган жериңиздерге ийгиликтүү иштесеңиздер биздин раазы болгонубуз ошол.

**Ефим Иванович.** Ошондуктан биздин жыргал өлкөбүздүн жана бизге тилектеш болгон дүйнөнүн элинин тынчтыгы үчүн күжүрмөн күрөшү сөзсүз жеңет. Бак өстүргөн дыйкан, бала эмизген аялдын тынчтыгын жактаган улуу Сталиндин саясаты жеңет.

**Багышев.** Мен жакында бир ырды жаздым эле ошондон үзүндү окуп берейин:

Жеримдин суусу дары, таштары алтын,
Жыргалда, эркиндикте жашайт калкым.
Таалайга тандап туруп жаралгансып,
Тянь-Шань кышта жылуу, жайда салкын.
Мөңкүшүп мөл кашка суу өзөн сайын,
Кулакка симфония берет дайым.
Бейкутка, берекеге белги болуп,
Термелип тентек желге арча, кайың.
Көк шибер, душман баспайт жайкала бер,
Тынчтыкта Ысык-Көлүм, чайпала бер.
Мактанып уул, кызыңа эмгек сүйгөн
Ала-Тоо, менменсинип чалкалай бер!
Тептегиз келечегиң алга барсын,

Алтын эл беш жылдыкта мөөрөй алсын.
Челекке айран, жуурат такыр батпай
Шарпылдап сары саамал саба жарсын.

**Баары.** Бали ыр эмес бекен!

**Бөдөшбек.** *(Үнүн жөтөлүп жасап)* Эл ырдаганда менин тим турушум кандай...

Ар бир адам,
Кубангандан,
Көрсөткүсү,
Келет экен өнөрүн
Менде чымын
Баштап чырын,
Тыноомо кирип,
Кытыгылап
Сен да ырда дейт Бөдөшүм.
Кош курбулар
Эсте калсын
Курорттогу окуя
(Чекесин тырмап)
Артын тапппай
Калдым кантем.
Чымынымдын
Начарынан кокуя...

*(Баары күлүшөт. Бири менен бири коштошуп пароходдун үнүн угушат)*

***Көшөгө.***

# ФЕЛЬЕТОНДОР

## «ДҮЖҮР» БУКА

Ворошилов атындагы жети жылдык мектептин эшигинин алдындагы терекке байланып токол кара бука жайдак турат. Бука байлангандан бери балдар нечен жолу дем алууга чыгып, кайра сабагына кирип жатат. Мугалимдер дагы кирип-чыгып кээ бирөөлөрү буканын жанына чукул келип чылымдарын соруп нары-бери басышат. Алардын бука менен иши жок. Буканын алар менен жумушу жок. Токол бука жай гана кепшеп, анда-санда шыйпанып коюп, өз кызматын аткарып жатат.

– Кызматы эмне?

– «Дүжүр!» Бүгүн токол буканын «дүжүрлүгү».

– Эмнеге «дүжүр»?

– Анын дүжүрлүгү мындай: Жумгал суунун тигил өйүзүндөгү турган «Эмель» колхозунун балдары суу кечип келишет. Балдар жыңайлак кечели дешсе, суу терең. Анын үстүнө суук түшүп калды. Төмөңкү Арал деген жердеги көпүрө менен өтүп кетели дешсе, бүгүн үйдөн чыккан балдар, мектепке бүрсүгүнү келишет. «Эмель» колхозу Ворошилов атындагы колхоздун теке маңдайында. Эгерде суу болбосо, мектептин коңгуроосу өйүздөгү балдарга угулуп тураар эле. Чатак сууда. Сууда дагы эмес, көпүрө жоктукта! Ошондуктан балдары мектепке өткөрүп, кайра кечирип алуу үчүн дайым бир унаа керек. Кез-кезде унаа жок болуп, балдар сабакка барбай да калат.

Мына ушунун айланасында эки колхоздун ортосунда далай чатактар да болду. Мектептин маңдайына көпүрө салдырып коюу эки колхозго тең. Анткени ар түрлүү тиричилик менен маңдай-тескей турган колхозчулар каттатпай койбойт.

– Мектеп биздин тарапта! Балдарыбызды окутабыз десеңер көпүрөнү силер салгыла, – деп Ворошилов атындагы колхоздун председатели айтса:

– Мектеп силер жакта болгону менен, арак-вино саткан дүкөн биздин жакта, сен деле күндө беш маал келесиң го,– деп «Эмель» колхозунун председатели айтып, бири-бирине шылташып көпүрө салбай коюшту.

– Биздин сарала өгүз үч күн катары менен дүжүр болбодубу? Эмки кезек «Эмелдики!» – деп берки башкарма кыйкырды. Суунун шары каңырыштатып «Эмелдики!» деген сөздү «Элдики!» дегендей угузду көрүнөт:

– Эмнени «элдики» дейт? Албетте, балдар элдики. Баары меники дейсиңби? Кечирип алгыла! Кечирип алгыла! Биздин токол бука төрт күн удаа «дүжүр» болду,– деп Ворошиловдун башкармасы Караев бастырып кетти.

Быйыл жазында жергиликтүү совет тарабынан көпүрө салуу үчүн 5000 сом каралды эле, ал акчаны Ворошилов селолук советинин председатели кайда жумшаганы белгисиз. Айтор азыр көпүрө жок. Ворошилов селолук Советинин председатели шыргалаң сууну шыйрагын түрүп алып кечкенде гана көпүрө салдырууну биле турган.

## ШИШИГЕН КИШИ

А дегенде Арзыматов Болжок катардагы але кишинин бири болучу. Болжок эл менен сүйлөшүп, коңшулары мекен кобурашып, ал гана түгүл арабакеч Акмат ба-

лалуу болгондо, көрүндүк берип тоюна да барган. Улууну аке, кичүүнү үкө деп ар ким менен мамилеси да жакшы болучу. Болжокту болжолдо жок жигит дешчү. Ал кезде Болжок азыркы ооруга чалдыга элек, ден соолугу таза эле. Кийинки кездерде Болжок болжоюп шишип кетти. Мүнөздөрү да өзгөрө баштады. Ошондуктан анын туугандары жана жолдошторунун атынан Элчибек, Болжоктун оорусунун эмнеден болгондугун жана кандай дарылануу керек экендиги жөнүндө шишик оорусу боюнча профессор Чалканга кайрылды. Чалкан Элчибекке оорунун абалын айтып, доктурлук кеңешин берди. Төмөнкү сөздөр Чалкандын берген кеңешинен жазып алынды:

**Элчибек.** Доктур Чаке, айтыңызчы, бул оору менен кандай киши ооруйт?

**Чалкан.** Жаш балдардан башканын баары эле ооруга чалдыгышы мүмкүн. Бирок, көбүнчө кызмат даражасына караганда, акыл даражасы пасыраак адамдар ооруйт.

**Элчибек.**

Мындайча айтканда:
«Көкүлүнүн асты –
Бөксө болгону менен
Көкүрөгү бийик.
Мурду көккө тийип,
Салам айтсан салмактанат –
Араң башын ийип.
Өтө көйрөң,
Күн бүркөөдө
Күрөң көз айнек кийип» – деген сыяктуулар экен да?

**Чалкан.** Абдан туура! Дал ушундай кишилер.

**Элчибек.** Кандай кесиптегилер бат ооруйт?

**Чалкан.** Ар түрлүү, чарба кызматкерлеринен баштап, чыгармачылык ишиндегилерге чейин ооруйт. Кээде док-

турлардын өзүлөрү деле ооруп калмасы бар. Бул оору ар дайым Болжоктун өзү мүнөздүү кишилерге гана жугат. Жуккандан кийин аны дарылоо кыйын. Элге билингени менен ооруган адамдын өзүнө билинбейт. Кайра анын көңүлү өсүңкү, көөдөнү көтөрүңкү болуп, өзүн бул турмушта башкача сезип калат. Мындайча айтканда авторитет, атак-даңк, обу жок мактоолордун жели аны тарсайтып көптүрүп, өзү көпшөк болсо дагы, көркүн башкача кылып коёт. Мына ошонун натыйжасында анын курсагы менен көөдөнүнө толгон жел аны эңкейтпей кайкалатып жиберет. Мойну менен богогуна орногон желдин кесепети оорулууну эки жакты бурултуп каратпай зыңгыратып салат.

Тегерегиндеги эл-журт, мурунку жоро-жолдоштору ага кумурскадай майда болуп көрүнгөн себеби, анын көзүнүн айланасына үйлөнгөн жел көздү куушурултуп, үлүңдөтүп койгондугу. Оорунун өз адресине болгон сын анын кулагына бычактай сезилгенинин себеби да желде. Кулактын ичине жана чыкыйдан орун алган көбүк мактоону өткөрөт дагы, сынды көгөндүн учканындай же какшыган казанды кыргандай кылып угузат. Анын үстүнө кандай гана оору болбосун сиркеси суу көтөрө албайт эмеспи, бул дагы сөз көтөрүмү жок, жалакай, таарынчаак, кекчил, чычалагыч болот. Эки колтугунун алдына үйлөнгөн көбүк аны ого бетер дардайтат дагы, дайым колун аркасына алып жүрүүгө үйрөтүп, алдынан чыкканга жол бербей калганы мына ошондон.

Бул оорунун дагы бир мүнөздүү жери: ал сыртынан кенен көрүнгөнү менен, ичи таранчынын бөтөгөсүнөн да тар болот. Кандай гана жаркырак топчу болсо дагы мага тагылса деп турат. Айланасындагы жолдошторунун жакшы ишин көрө албайт. Башка оорулардай тамактан калуу деген мында болбойт. Өтө опкок келип, мамлекет-

тин берген тамагына алымсынбай, дагы жардамчы тамак издеп, шыпырып-сыйрып жей берет.

**Элчибек.** Айтыңызчы, доктор Чаке, кийинки жылдарда Болжок Арзыматов көп сүйлөшпөй, өзүн тели-теңтуштарынан алыс кармап калды да? Маселен, мен мурунку жакын жолдошу элем. Бирге окуганбыз. Ал гана түгүл, Болжок сабакта уктап калганда чыканагым менен ойготчу элем. Азыр менин атымды да унутуп калыптыр. Мага «сиз» деп сүйлөшөт. Бул эмнеси?

**Чалкан.** Бул дагы оорунун кесепети. «Таалай томолок болот, мээнет жалпак болот» дегенди уккан. Азыркы шартын ал таалайым деп түшүнөт. Болор-болбостор менен байланышып, аларды үйүр кылып таалайымды кокус томолотуп албайын дегендегиси! Ал өзүнүн жел менен толтурулуп, көпшөк экендигин да сезет. Ошондуктан бирөө аны жакын келип дыңылдатып черткилебесе экен дейт. Ал сиздин атыңызды деле билет. Ал гана түгүл, шахмат ойногондо сизден беш жолу удаа мат болгону да эсинде. Бирок аны азыр билмексен болгонду туура табат. Эми, менин сизде суроом бар. Болжок болжол менен кайсы жылдардан бери ооруй баштады?

**Элчибек.** Болжокту өзүбүз оорутуп алдык. Болжоп айтканда согуш убагы бекен? Же андан кийинки жылдарбы? Эсимде жок. Айтор Болжоктун азыркы кызматына ылайык бир киши керек болуп калды. Ал кезде эл менен элпек болгондуктан Болжок Арзыматовду ошого ылайык таптык. Мына ошол күндөн баштап, кайда болсо да Болжокту эле шайлай бердик. Аны ыгы жок мактоочу болдук. Кыскасы, өзүңүз айткандай, шишитип алдык. Мал чарбачыларынын жыйналышына да, ДОСААФтын жыйналышына да, аялдар күнүнүн жыйналышына дагы президиумга Болжокту шайлай бердик. Мына ошентип, биз залда олтуруп анын

көзүнө дайыма майда болуп көрүнүп калдык. Ушул азыр да ал чоң жыйналыш болсо келип. Майда жыйналышка «тумоолоп калыптырмын» деп келбей турган да болду. Эми Чаке, бул оорудан айыктырууга болобу?

**Чалкан.** Болот. Бирок мындан ары мактоонун көбүгүн анын терисинин алдына үйлөбөгүлө. Кошомат менен компресс басууну токтоткула. Курч сын менен укол бергиле. Сын жакшы. Шишигин таратат. Күндө үч маал болбосо дагы, айына үч маал таза абага, элдин арасына жетелеп чыккыла. Көзүнүн тумандаганы тарап, чоңураак ачылат.

**Элчибек.** Буга болбосо эмне кылабыз?

**Чалкан.** Айыгат. Айыкпаса мага алып кел. Көрүшүп, катышып турабыз го. Дагы кандай суроoң бар?

**Элчибек.** Жок.

**Чалкан.** Эмесе, кош. Жумушум көп. Мен айыктыра турган оору жалаң гана Болжок Арзыматов эмес. Кепжебес Кежирбеков, Шалийма Эсенболова, Кокуйбек Корозбаев, Сыйпалатма Сылаңкорозов жана башкалар бар. Кош!

## БААЛУУ БАЙПАК

«Кайсы жериң ооруса жан ошо жерде» деген эмеспи. Ошол эле сыяктуу эмнеден кемчил болсоң ошого зарыл болоруң да шексиз. Пальтоң жок болсо, жайкысын да эч нерсе эмес, кышкысын кордукту көрөсүң. Шымың жок болсо, өзүнөн өзү белгилүү. Үйдөн чыга албай каласың. Эми бул чоңдору коё туруп, майда-чуйда кемчилик жөнүндө эле айткым келет. Маселен, бет аарчы жок. Бул алакандай эле чүпөрөк болсо дагы, элдин арасында олтуруп кокус чүчкүрүп ийсең жеңиң менен мурдуңду аарчый албайсың. Демек, кемчилик, иши кылып кайсынысы болсо да

керектүү. Бул өтө эле тыкандыкка жатпайт. Ылайыктуу оокат. Ырас, кээ бир тыкан немелер болот, тиш чукуурунан өйдө камдап жүрүшөт. Буларга айла жок. Майда-чуйданы ар дайым запас кылып катып алышат. Бул аңгемени өзүм сыяктуу энөөлөр жөнүндө айтам.

Согуштун кыйгач жүрүп турган кези эле, ал кезде бардык оокат тартыш болучу. Каалаганыңды (кийим кечек, тамакаш, жадегенде ширенкеден өйдө оңойлук менен) таба алчу эмессиң. Бирок, менин издегеним башка буюм, байпак. Бул байпак деген да адамга керек нерсе. Эгер өтүк кийсең байпактын анчалык баркы жок. Бутуңа газета ороп алып да жүрүп кетсең эч ким байкабайт. Баарынан ботинка кийгенде байпактын зары өтөт экен. Мен да ботинка кийгендердин биримин. Байпагымдын жыртылгандыгына 15 күнчө болду. А дегенде согончоктон бармак басым кызыл чыкты эле, кончун улам ылдыйлатып кийип жүрүп, ал да эки-үч жеринен тешилди. Жадаганда таманын үстү, үстүн таманы да кылып кийдим. Болбой эле согончогум бутту шилтеген сайын жарк деп кызара түшөт. Ал гана түгүл шыйрактар да көрүнө баштоочу болду. (Кыштын күнү кызарган шыйрак абийириңди кетирет эмеспи?!) Айлам кеткенде шымымды багалегиң менен баса көр дегенсип, улам ылдый жылдырып коюп жүрүп, багалектерим жыртылып үкү аяк боло баштабадыбы. Деги байпак таппаса болбойт. «Кыргызторгдун» шаардагы дүкөнүн кыдырып чыгып эч нерсе табалган эмесмин. Бир дүкөнгө барып: «Байпак барбы?» десем: «Ат такадан башка эч нерсе жок» дейт. Экинчисинен сурасам жан кайыш менен гана каамыт бар дейт. Так ошол дүкөндө Ат-Башыдан келгенби, Таластан келгенби, бирөө көп каамыт алып жатып дүкөнчү менен урушат:

– Силер кандай немесиңер, айыл чарбага керектүү буюмдардын арбынын айылга жибербейсиңерби? Биздин айылга жалаң гана мобу жигит сураган тор байпакты,

анан тиги мойнуна байланган, – деп менин галустугумду көрсөттү да, – жибериптирсинер. Ырас, бизде райондун өзүндө иштеген кээ бир өкмөттөргө эле керек болбосо, мага окшогондор байпагыңарды да, бул моюнга такканыңарды албайт. Мына буларга бербейсиңерби? – деп мени дагы көрсөттү. Тиги дүкөн саткан неме:

– Ой, аксакал, биздин аксакалдар бар. Шаарга, айылга ошолор бөлөт, – деди.

– Аксакалбы? Же сакалын кырган немеби, же аялбы айтор «Кыргызторгдун» башчысына айтыш керек, – деп мен атбашылыкка сүрөөчү болдум. Тиги атбашылык каамыттарын алды дагы: – Мойнуңан байлаган немең дагы майланышып баратыптыр. Биздин дүкөндөрдө мындайлардын түрдүү шумдуктары бар. Барып алсаңчы, – деп же шылдыңын, же чындыгын билгизбей чыгып кетти. Мен да бир тегеренип туруп бит базарды карай жөнөдүм. Бара жатсам менин шыйрагымды көрүп өзү түшүнгөн көрүнөт: «Дүкөндө байпак бар бекен?» деп алдыман бирөө чыкты. Мен дагы анын шыйрагына көз жибердим эле так менин өзүм болуп чыкты.

– Каамыт алсаң турат, – деп туура жолуна салдым. Ал мени менен жандай басып: – Бит базардагы соодагерлерде жашырып саткан байпактар бар экен. Бирок өтө кымбат, – деди. Деги бар экендигине сүйүндүм. Экөөбүз окшошуп базарга жеттик. Барар замат тиги жигит:

– Тетиги кыркадагы аялдарда экен. Барып эле көзүңдү ымдасаң чыга келет, анан кулагына «байпак» деп койсоң эле өзү билет, – деди. Мен анын айтканын кылып жеткен эле жерден бир аялга көздү ымдадым эле «жок» деп башын чайкады. Жана бирөөнө, көздү шилтеп калдым эле, тескери бурулуп басып кетти, көрсө менин артымда келе жаткан бир милиционерди көрө койгон экен. Аны өткөрүп жиберип жана бирөөнө жеттим. Ал аял байпак бар деп

шыбырады. Мага эркектики керек эле дегениме ал: – Эч кимден таппайсың, баары аялдардыкы, – деди. Мен ага ишенбестен дагы бастым. Чет жактагы кыркадан желбегей жамынган бир өзбек келинге көз ымдасам ал байкаган жок. Оң көздү да, сол көздү да алмак-салмак ымдап жатып билдирдим эле, келин басканча болбой жанынан бир коңкойгон чоң өзбек жигит тура калып:

– Нема болгон макулуксуң? Чак түштө бирөөнүн хотынына көз ымдап? – деди эле, эмне кыларымды билбей, шыйрагымды көрсөтүп кутулдум (Антпесем төбөм зың дей түшөрүнө үч эле секунд калды эле).

Ушунтип жүрөгүм болкулдап көз ымдоону да койдум. Нараак бара түшүп жанымдагы жигитке бир аялды көрсөтүп «ошого көз ымдап көрчү» дедим. Чын эле байпак саткан аял экен. Бирок баары тең аялдыкы. Эркектин байпагын эч жерден таба албасты ал дагы айтты. Айла кеткенде алууга туура келди.

– Канча?

– 180...

– Чын сатарыңды айт.

– Чыным 160.

– Эми канча төлөйүн, айт, – деп кол бердим.

– Турган жери ушул, – деп аял кол берди.

– 130 берем, – деп мен алакан чаптым.

– 155, бир тыйын да кем түшпөйм.

– 140 берем, – деп алаканга түкүрүп жана чаптым. Экөөбүз нары бери сүйлөшүп жатып 150гө араң алдым.

* * *

Үйгө келип кийип көрсөм жоон саныман өтө качты. Нары ойлонуп, бери ойлонуп, нары кармап, бери кармап

туруп бирин каттым дагы, бирөөнү кайчы менен эки бөлүп бир жагынын башын жип менен бууп туруп эки бутума кийип алдым. Аялдын эки бөлүнгөн байпагын кийип жүргөнүмдү, мени менен мончого түшкөн эле киши билбесе, айтор жыргап калдым. Жөнөкөй жүргөндө бутуму текшертип жиндиминби? Кимдин кандай жумушу бар. Эбин тапса мендей болсун. Булар жыртылганда беркисин эки бөлөм. Кайчы деги бар...

## БУЛ МЕНИН БУТУМБУ, СЕНИН БУТУҢБУ?

Аңгемени адегенде түшүндүрүп отурбай, туура эле чокусунан түшүү керек. Ошондой болсо да, аз-аздан алдын ала сүйлөгөн жакшы.

Фрунзеден Ысык-Көл жакка, Тянь-Шань жакка баруу үчүн поезд же автомобилге түшөсүң. Поезд болсо, Рыбачыга чейин эле алып барат. Ал эми автомобилге, акча маселеси жайында болсо шоферлорду чекеге чертип туруп түшөсүң. Кээ бирөөлөр машинага түшкөндү, кээ бирөөлөр поезддин ичинде чай ичип термелип барганды жакшы көрүшөт. Мен көбүнчө чөнтөк жагым менен кеңешем. Маселен, мындай деп ойлоном: «Кош...машина болсо Рыбачыга чейин 70ти алат. Таза машина болсо го түзүк, май тарткан неме болсо барып түшкөн жериңден шоферуң ким, сен ким экениңди эч ким таанproblem калат. Ал эми дүкөндүн буюмун тарткан машина болсо, барган жериңде бир-эки тоголок жип, эки-үч аялдын байпагы (мейли пудрасы) кемип калдыбы, опус кылат. Кой, буга түшүп кереги жок. Анын үстүнө машинанын бузулуп калмасы да болот. Бузулган жерде дөңгөлөгүнө жел толтурушуп бербесең, акчадан аша кечип, ара жолго таштап кетмеси да бар. Андан

көрө он беш сом төлөп, Быстровкага чейин поездге түшөйүн, калганын да көрө жатармын...» деп ойлодум. Жеке мен элемин десем, муну элдин баары үйрөнүп алыптыр.

Вагондо көп киши бара жатабыз. Көңүл жай. Ар кимиси менен сүйлөшкүң келет. «Ушулардын ичинде мени менен Рыбачыга чейин кимиси жолдош болор экен?» деп ойлоном. Чынында жолдош болчулар көп экен. Менин жанымда жакшы кийинген бир жигит, шакылдаган илбериңки ак куба кыз менен шынаарлашып сүйлөшүп келе жатат.

– Жүгүңүз көп экен? – деп коёт жигит.

– Жоок, көп деле эмес, эки чемодан. Бир таңгак идишаяк, анан тетиги эки түйүнчөк, анан мына бул бал куйган бөтөлкө,– деп дардайган чертбутту көрсөттү да,– машинага түшөөрдө жардам берерсиз,– деди жигитке.

– Пажалуста, жардам кылмак түгүл кайтарышып берем.

Аңгыча болбой бир сөзмөр аял:

– Эми машина эрте келип бизди күтүп турса экен.

– Кайсы машина?

– Ой кокуй, ушу убакка чейин билбейсизби? Быстровка менен Рыбачынын ортосунда ар дайым Киртранстын машинасы жүрүп турат. Бир аздан кийин ушу поезддин ичинен машинанын билетин сатат, кырк беш сом бирдеме тыйын, – деди.

– Ий. Айтыңыз. Тыйыны курусун, маа десе тоголок эле элүүнү алсын,– деп жиберишти бир тобу. Мен кубанганымдан ордуман тура калып ышкырык менен обон салып да жибердим. Мурун «эми кандай немеге түшөр экенбиз. Канча сом алаар экен?» – деп сар-санаа болуп бара жаттым эле. Жыргал, сонун иш турбайбы. Жанараак жердин баарын жайнатып кырсылдатып семичке чагып жаткан сары чач аялга жиним келип жатты эле, кубангандан ал да менин көзүмө жакшы көрүнүп кетти. «Чакса чаксын бечара,

балким ачкадыр, же ушуга көнүп калгандыр. Балким семичкеси өтө эле таттуудур» – деп коём.

Деги кубандык. Аңгыча болбой сумка асынган узун бойлуу аял: – Ким Рыбачыга барат, билет алгыла! – деп коңшулаш вагондон чыга келди. Бул кишинин сөзү мага «ким бекер дарбыз жесе очередге тургула» дегендей эле сезилди. Билеттерди алдык. Жоготуп жибербейли деген ой менен бекем катып жатабыз.

Иңир кирип, айлана караңгы жамынган кезде Быстровкага келип түштүк. Чогулган элдин арасынан:

– Билет алгандар тетиги жерге чогулгула! – деп жанагы билет саткан аял бөлүнүп баскандай болду. Аны ээрчип элдин теңинен көбү чубады. Сарала куржунду моюнга салынып, мен да такымдап жетип бардым. Машинаны күттүк, күттүк. Он беш-жыйырма минутча өтүп калды. Көпчүлүктүн арасынан бир шашкалаң неме:

– Машина эмне мынча кечикти, жанагы аял кайда, бизди алдаганы жатабы?

– Ал аял дагы билет сатып жүрөт,– деп бирөө кыйкырып жооп берди. «Билетти алып алгандарыбыз буюмдарыбыз менен үч машинага араң баткыдайбыз, эми дагы сатып жүрсө, иши кылып жаның үзүлүп кеткиче озунуп жатып түшүш керек» деген ойго келдим да, сырымды эч кимге айткан жокмун. Аңгыча болбой дүркүрөп машина да келип калды. Алдыңкы машинасы өтө берип кетип арткы чиркелгенине асылдым. Кым-куут, асылгандар көп. Ыргып улам чыгайын десем эле бирөө куржундан тартып калат.

– Ой, куржундан тартпа, өчүң болсо жакадан алсаңчы,– дейм. Айла кеткенде сарала куржунду машинанын ичине «аман болсок табышарбыз» деп ыргыттым. Анан эптеп жатып чыктым. Жеткен эле жерден орун алып жаттык. Бир бурчка отура калайын дедим эле:

– Ой, көзүң жокпу? Алда жердеги корзинкада күчүк бар! – деп бирөө менин колума өлүп бере жаздап, корзинкасын колуна ала койду. Ала коёр замат мен отура кеттим, киши үстүнө киши жыгыла берди... Уру-чуу, гүрүкүү. Элдин арасынан «кокуй күчүк өлүп калган турбайбы» деп жанакынын каңырыгы түтөдү. (Жана катуу жөөлөштө бирдеме каңк дей түштү эле, ошондо жан берсе керек).

Сыгылышып жатып көбүбүз араң машинага түштүк, жерде калгандар чурулдады эле шоферлор кээ бирөөлөрүн буттап, кээ бирөөнү жөн эле көтөрүп машинага салып дүрүлдөтүп жүрүп кетти. Мына, чурулдакты эми көр. Жалдырап эле сыгылышып калдык. «Ой, үстүмө отурба» деп бирөө айтса, «кокуй, эмне, үстүмө чыгып алган эки акмакты көрбөй көзүң кашайып калдыбы» деп тигиниси кыйкырат. «Кокуй, өлдүм, адамсыңбы?» деген сөздөр учуп кетип жатат. «Ой, деги күчүктүн өлүгүн ыргытып иейин, колумду бошоткулачы» деген жанагы неменин үнү бир жактан чыгат. «Ой, сына турган буюмуңар болсо колуңарга алып алгыла, болбосо жанчылып калат» деп бирөө эстүүсүндү эле, «Кол бош болсо айтсаң боло, былжыраган келесоо, өзүбүз кыйраганы жатабыз» деди жаны ачынгандардын бири. Сөгүшүүгө колдонула турган сөздөрдүн бардыгы аял-эркектин оозунан тең жамгырдай жаады.Караңгыда ким-кимди көрүптүр. Ошентип жүрүп олтурдук. Дагы күндүз болбогонуна кудая шүгүр. Өңүн таанbackыбай эле сөгүшүп жаттык. Караңгыда бетин сыйпап көрөйүн десең да мүмкүнчүлүк жок. Болгондо да, жаны болсо сыйпатпайт эмеспи.

Жөнөкөй жүргөндө жөөлөп кетсең «жүр милицияга» деп жетелөөчү немелер азыр жөөлөмөк турмак, бутун эзе басып жатсаң да эчтеке дебей калды. Өйдө туруп келе жаткандардын буттары талыды белем, отургандардын үстүнө шалак-шалак жыгыла баштады. Жедеп сөгүшүп

жатып бүткөндөн кийин киши бышы кулак же өлүү жордой болуп калып эчтекени сезбей калат экенсиң. Чыдабай кетти бейм бирөө:

– Ай акмак аял экенсиң, эмне үчүн мойнума минесиң, ансыз деле бир бутумда бир килейген неме чамаданы менен баса олтурат, оң бутума дагы бир локуйган аял үч пуд картошкасы менен олтуруп алды, ал аз келгенсип сен да... – деди эле аны минген аял:

– Ырысыңды жебе, мен сени минбей эле далыңа бир жак жамбашымды жөлөп турам. Эки бутуңа ээ болуп жыя албай анын эмнесин мага айтасың? – деди.

– Эки бутумдун ортосуна мына бул чочко дугдуюп олтуруп алды, кантем, – деди бурчта турган бирөө.

Менин да бутумда бирөө олтурган, адегенде тиземден ылдый какшап ооруду эле,кийин чымырап барып эчтекени сезбей калды. Бир маалда элдин арасынан дагы бир эстүү неме:

– Ой, айланайындар! Баарыбыз бир козголушуп бутуколду бошотуп алалычы, – деди эле, анда бирөө:

– Козголуш өзүңөн башталсын, сен менин үстүмдө олтурасың, сен козгол.

– Мен кантип козголом, кыймылдаар айла жок.

– Анда былжырап ишке ашпаган жумушка киришпей олтура бер, – деп бирөө күңк этти.

– Ой, бөйрөгүмө өтүп кетти, тартчы бутуңду, – деди бирөө.

– Ал менин бутум эмес, мынабу жигиттики, – деп мени көрсөттү.

– Жок, жок. Сеники, менин бутумда мына бул балалуу аял олтурат, – дедим.

– Желмогуз аял олтурса да тарт, бөйрөгүм түшүп калды.

– Сенин бөйрөгүндө менин бутум эмес, мына мунуку, – деп жанагы жигитти көрсөттүм.

– Ай, бир акмак экенсиң да, бул сенин бутуңбу, менин бутумбу, көрө коёлу?

– Бутум эчак уюган, эч нерсени сезбейт, сыйпалап билейин десем, колум жетпейт, көрчү, – дедим.

– Өтүк беле, батинке беле?

– Таманында жамаачысы бар, жулугу айрылган өтүк эле, – дедим. Тигил сыйпалап көрдүбү, мен сезген жокмун.

– Бул батинка экен, – деди.

– Эми бөйрөгүңө өткөн бутту өзүң кармалап көрсөң боло, ээси чыгар, – деп мен бөйрөгү ооруганга айттым эле, ал арандан зорго козголуп сыйпап көрдү көрүнөт: – Таманы такыр түшкөн өтүк экен, бирок такасында темир нааласы бар, – деди эле тиги менин бутумду кармалган жигит:

– Ой, эмне көлөшү жок бекен? – деди.

– Жок, эч кандай көлөш жок.

– Анда эмесе нары жагы чулгоо бекен же тор байпак бекен?

– Тор байпак экен, – деди эле:

– Кокуй... менин бутум турбайбы, көлөш кайда түштү экен аа? Машинанын ичинде эле болсо болду. Быстровкада калды го. Тигил бутумду да сыйпалап көрчү.

– Аның кайда экенин билбейм. Мага бир эле бутуң өтүп жатат.

Таң сүрүп калганда капчыгайдын башына чыгып, Рыбачыга баруучу түзгө түшкөндө машинабыз токтоду. Көрсө дөңгөлөк жарылыптыр. «Билетти ойго келгенче эле сата беришет экен»,– деп шофердун «Киртрансты» урушуп жатканын уктум. Алар антип-минтип дөңгөлөк оңдогон чакта баарыбыз серептеп түшүп эс алдык. Аңгыча эле таң атып кетти, бири-бирибизди ормоё карашып өңүбүздү көрүштүк.

Күчүктүн ээси күчүктүн өлүгүн ошондо араң ыргытты. Ал да «Киртрансты» тилдеди. Бизди сүйрөгөнгө түшкөндөргө караганга чиркелген биз жакшы келиптирбиз. Анткени биз тараптагы чыгым бир күчүк, сол буттун бир көлөшү жок болуптур (үзүлгөндөрдү, тигишинен кеткен кийимдерди эске албаганда). А тигилер тараптан болсо баягы жакшы кийимчен жигит, ак куба кыздын жүгүн салышып берерин бериптир, бирок ал кыз сынып калат деп баягы бал куйган чертбутту так ошо жигиттин үстүнө сындырып алып экөө катуу сөгүштү деп уктум. Анан дагы эки мушташ чыгып, бирөөнүн кулагын бирөө каната тиштеп алыптыр. А биз болсок кайра бири-бирибиздин бутубузду бирибиз кармалашып сыпайкерчилик менен келдик.

* * *

Рыбачыга келип « Киртранстын» конторунун жаныны түштүк. Түшөр замат: – Ким Нарынга, ким Ысык-Көлгө барат, билет алгыла, – деген кыйкырык чыкты. Баарыбыз тең тарап, бет-бетибизче качтык. Жанагы күчүгү «шейит» болгон менен жалгыз көлөшчөн калган экөө:

– «Киртранстын» директору өзү түшсүн! – деп кыйкырышты.

Бал төгүлгөн сулуу жигит пальтосун кайра бүктөп колтуктап кабагын катуу бүркөп өз жолуна түштү.

Сарала куржун экөөбүз да шофер издей баштадык.

## «КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР»

– Көңүл буруңуздар! Фрунзеден сүйлөйбүз! – дегенди укканда, баардыгыбыз көңүл бурабыз, тыңшап турабыз, сол кулагыбыз менен да, оң кулагыбыз менен да угабыз. Эли-

биздин баардыгынын үйлөрүндө репродуктор же приемник бар. Бул эң жакшы! Элибиз радиодон жаңы кабарларды билип, саясий докладдарды угуп, билимин көтөрүп, сезимин өстүрөт. Дагы айтабыз: бу эң жакшы. Муну куттуктайбыз. Эми радионун биз куттуктабай, кайра куйкабызды куруштурган бир жайы бар. Күн сайын эртели-кечте:

– Көңүл буруңуздар! Фрунзеден сүйлөйбүз! Кыргыз музыкасынан концерт берүүнү угуңуздар! – дейт. Мына биздин кийлигише турган жерибиз так ушунда. Албетте, концертти көбүрөөк берсе жакшы болор эле. Бирок кеп сапатында болуп жатат. Ошондуктан сөздү ушундан баштайлы.

Ар кайсы жерден чогулган 20дан ашык киши Рыбачыда бир машина күтүп бир жерде болуп калдык. Так ошол жерде илинген репродуктор бардыгыбызга жаңы кабарларды, жакшы жетишкендиктерди айтып, кубантып жатты. Бир маалда:

– Көңүл буруңуздар! Кыргыз музыкасынан концерт берүүнү угуңуздар! – деди эле, бир жолдош.

– Анан калса күн сайын эле окшош концерт берет. Мен концерт берип бүткүчө жээнимдикине барып келейинчи, – деп дагы бир узун бойлуу, кара мурут ордунан тура баштады.

– Балким азыр башкасын берер. Тарабагыла угалы!

– Жок. Күндө эле угуп жүрөбөйбүзбү. Эч өзгөрүү жок.

– Өзгөрүүсү эле ушул: бир күнү «Алымканды» мурда берип, экинчи күнү аны артында берет. «Алымканды» бир күнү бир овон менен маркум Муса Баетов ырдаса, экинчи күнү Кийизбаева созолонтуп өзүнчө бир бөлөк ырдайт, Өмүркановanын ырдаган «Алымканы» болсо ал экөөнүкүнөн такыр башкача. Айтор эрте турганы эле «Алымканды» өз билгенинче ырдай берип, бизди «ыраа-

зы» кылып келе жатышат, – деди обочо турган кара жигит. Аңгыча болбой репродуктор:

– «Алымкан!» Сөзү Токтогулдуку, музыкасы Малдыбаевдики, аткаруучу Өмүрканова, – деп кулактандырды.

– Айтпадым беле? – деди, баягы кара жигит бырс этип күлүп жиберди. Радиорепродуктор анын айтканы менен уялып токтоп калмак беле, минтип баштады:

– Алымкан атка ( бир ) салган (и –и-й ) дилдейсиң... .

Ачылган кызыл гүлдөйсүң... – деп создурганда, зым карагайга жөлөнүп турган көк ала сакал абышка куудул неме көрүнөт:

– Жаңысы такыр жок беле? Алымкан! Жадап кеттик билбейсиң... деп ушул ырдап жаткандын кулагына шыбыраса кандай болор эле, – деди.

– Көп капа болбогула, балдар. Биздин Рыбачынын энчисине ушул «Алымкандар» тийип калса кантесиңер. Балким Токмокто башкасы, Кара-Балтада башка, андан жакшы ырдап жаткандыр. Баарына кантип жетишет?! – деп дагы чал радиого болуша кетти.

– Биздин Ат-Башыда деле ушул «Алымкан» ар күнү созолонуп жатканын угабыз.

– Жети-Өгүздө да ушул «Алымкан», анда-санда гана «Колхоз камбарканы» чочугансып аралашып калат, – деп дагы бирөө наараазыланды.

Чынында элдин жадаганында негиз бар. «Алымканды» такыр ырдатпагыла, үйүңөрдө патефондун табагы болсо жара койгула деп жатканыбыз жок. Ырдагыла. Бирок ар дайым эле жалгыз «Алымканды» ырдата берип, элди жадатыш жарабайт да! Ошол эле берүүдө бир ырды обону Эгинчиевдики деп ырдады эле, угуучулардын бирөө:

– Адам, ушул эле обонду Буудайчиевдики деп да айтышат, Арпачиевдики деп да коюшат. Булар кандай талашып, мушташып кетишпейт? – деди.

– Жоок байкеси, талашпай турган себеби бар. Ушул эле обондун аягын «...ой» деп кыйкырса Эгенчиевдики, «э-э-эй!» – деп кыйкырса Буудайчиевдики, ал эми «а-а-ай!» деп кыйкырса Арпачиевдики болуп жүрөт.

– Ырлардын тексттерин алмаштырып айтмасы бар.

– Текст демекчи, кайсы бир ырлардын обону жакшы болуп туруп, тексти жаман. Эптеп эле жөмөй койсо болду. Комуздун күүсү менен билинбейт деп ойлошот көрүнөт. Маселен, Өмүрканова аткарган бир ырда:

«Көк ирим турса чалчыкка,
Көк шумкар келип кончу эмес.
Көңүлүң менен ойноп күл
Көп эле катуу болчу эмес», – дейт.

Мындан биз эмне түшүнөбүз? Биринчиден, көк иримге көк шумкар кантип конот? Ал казга окшоп жаргак таман болбогондон кийин чөгүп өлбөйбү? Чалчыкка келип конуюн десе, шумкар өрдөккө окшоп балыр жебейт.

– Биз жаштарды туруктуу болгула деп тарбиялап жүрсөк, радионун мунусу эмнеси? «...Көп эле катуу болчу эмес» дегени, жаагыңы катуу кармаба, жетелеген жакка бара бер дегендикке жатпайбы? – деди бир мугалим.

Абдырашит Бердибаев «Күкүш» деген ырын:

«Оой! Күкүш! Күкүш!
Сени кыз алган жарга теңебейм!» – деп аяктайт.

Ушуну үйрөнүп алып ырдасак, кыз эмес, жубан келип турмуш курган аялыбыз үйдөн кууп чыкпайбы, – деди бирөө. Ошол мезгилде көптөн бери унчукпай отурган портфель көтөргөн, орто бойлуу киши:

– Эй, жолдоштор! Деги ырлардын кайсы бирөөнү текшербей эле коё беришет окшойт. «Бир башыңа тең болсом» деген ыр радиодон да ырдалат. Пластинкага да жазылыптыр, ар кайсыл кызыл үйдө ырдашат. Обону эң

жакшы. Маркум Муса Баетов аткарат. Ал сөздү угуп: «Кап ушул сөзгө кор болгон кайран обон» дейт? Сөзү тантык гана түгүл, идея жагынан зыяндуу.

«…Ак марал болсо атканым.
Ак өргө болсо жатканым…
Аймалашып сүйгөндөй,
Ак келин болсо тапканым…»

Тапканы апакай гана келин болсо? Түштүктүн жайкы аптапка күйүп, пахта өстүргөн кара тору келиндери, кең Чүйдүн кызылча баккан анардай кызыл тору келиндери, Тянь-Шань менен Ысык-Көлдүн мал баккан буудай өңдүү жакшынакай келиндери эмне дейт? Эмне демек эле, эмгектеги бизди ырдабай, эчтеке кылбай көлөкөдө акшапак болуп олтурган, ак өргөдө кымыз куюп ичүүдөн эринип, шакыйы кармап калып отурган келинди ырдаптыр деп шылдың кылышат да!

Бул сөздөрдү топтолгон элдин ар кимиси өзүнчө айтып, көпкө чейин сүйлөштү. Эң аягында: – Концерттин да ыгы бар, мааниси болушу керек. Азыркы элдин суроосун жалаң «Камбаркан» жана «Алымкандар» менен канааттандыра албайсыздар! Дагы жакшысын угузгула! – деди.

Кыскартып айтканда, «радиорепродуктордун көңүл буруңуздар!» дегенине биз ар дайым көңүл бурабыз. Бирок алар да биздин талапка, биздин суроого көңүл бурушса экен.

## МАЗМУНУ

МИДИН АЛЫБАЕВ ........................................ 3

**ЫРЛАР**

СУУСАМЫР ........................................ 8
БИР КЫЗГА ........................................ 9
ТОО ЭЛИНИН ТОРГОЮ ........................................ 10
КӨЛДҮН КӨРКҮ ........................................ 12
АЙ ТАҢ КАЛАТ ........................................ 14
КҮТЧҮ СЕКЕТ ........................................ 16
СОҢ-КӨЛ ........................................ 18
ЖООМАРТКА ........................................ 19
ЫЙЛАБАЧЫ ........................................ 20
АТА СӨЗҮ ........................................ 24
АЛА-ТООГО ........................................ 24
БАЛАГА ........................................ 25
ШАРКЫРАТМА ........................................ 26
САГА ........................................ 26
УЙКУДАГЫ СУЛУУ ........................................ 27
НЕГЕ СҮЙБӨЙТ? ........................................ 28
АЙТЧЫ ЖАНЫМ ........................................ 29
САГЫНГАНДА ........................................ 29
СҮЙГӨНҮМДҮН СҮРӨТҮНӨ ........................................ 30
МЕЗГИЛИМЕ ........................................ 30
КАНАЛДА ........................................ 32
ШҮҮДҮРҮМ ........................................ 34
КОҢУР КҮЗ ........................................ 34
КЫШТАКТАГЫ БИР ЭЛЕС ........................................ 36
ЖАЗДЫН КӨРКҮ ........................................ 37
ТЯНЬ-ШАНЬ ........................................ 38
СҮЙГӨН ЖЕРИМ ........................................ 39
ЭЛЕСТЕТЕМ ........................................ 41
САГЫНДЫМ ........................................ 43
«АКЧҮЧ...» ........................................ 44
КОШОМАТЧЫ ........................................ 52
СИЗГЕ АЙТАМ ........................................ 55
БЮРОКРАТ ........................................ 60
ЧАЛКАН ДОС! ........................................ 64

КИТЕП ЖАНА ЭРКИНБЕК .......... 68
БИЗДИН ПУШКИН .......... 72
БАЛА .......... 74
КОШ, МУСА .......... 75
ТУРМУШ КЕНЕН .......... 76
ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК САЛАМЫМ .......... 76
ОЙЛОНЧУ... .......... 77
КЫЗ ЖАНА ГҮЛ .......... 78
КОЛ ЖООЛУК .......... 79
ЖАЙКЫ ЖАМГЫР* .......... 79
БАЯГЫ* .......... 81
ӨЗҮҢ БИЛ .......... 82
ЖАЙЛОО СУУСУ .......... 83
ТҮЛКҮ МЕНЕН КАШКУЛАК .......... 84
СОТ БОЛГОН КОЁН .......... 86
ТАРАНЧЫ* .......... 89
БИР КАЙЫРЧЫ .......... 92
НЕГР ЖӨНҮНДӨ ЫР .......... 92
АТ .......... 103
АЛТЫН ЭЛ .......... 104
ЭЛ .......... 106
КАНАЛЧЫНЫН ЫРЫ .......... 109
ЖАЗГЫ ТАҢ .......... 113
ТЫЛ ЖАНА ФРОНТ .......... 118
1-МАЙ .......... 119
УКТАГАН УУЛУМА .......... 120
ЭНЕ .......... 122
АТАМДАН КОРКТУМ .......... 123
БАЛА .......... 124
СҮРӨТТҮН АРТЫНДАГЫ ЫРЛАР .......... 124
ӨМҮР .......... 125
ТААРЫНЧУ ЭЛЕҢ МЕН ЖЕТКИРИП БАРБАСАМ .......... 126
АК КЕЛИН* .......... 127
ӨКҮНБӨ .......... 128
КОШТОШОРДО .......... 129
БИР КЕЗЕКТЕ СЕН ЖИБЕК ТАЛ ИЙИЛГЕН .......... 130
СЫЙМЫКТАП МАХАБАТЫҢ КҮТӨМҮН МЕН .......... 130
СУЛУУ ЖАЙЛОО .......... 130
НАРЫН .......... 131
ЖОЛДО .......... 133
ЖЕҢИШ .......... 134
ЭМГЕК ЭЛЕСИ .......... 135

СУУСАМЫР ........ 137
СААДАТ – КАНДИДАТ ........ 138
МАКМУТКА КӨЗ ТИЙДИ ........ 140
ТИЛЕКМАТТЫН ТИЛИ ........ 144
АЛ ЭМИ КИМ? ........ 147
КИТЕП ........ 152
БАЛТЕК ЖӨНҮНДӨ БАЯН... ........ 154
ЫЗА БОЛУУ ........ 156
БАКА ЖАНА ЖЫЛАН ........ 158
КАРГА МЕНЕН САГЫЗГАН ........ 162
КЫЗМАТТАН ТҮШКӨН КОРОЗ! ........ 167
КАРАГАЙ ........ 168
БЛОКАДА ТҮНҮ ........ 170
ЭҢ СОНУН АЙ! ........ 171
МОСКВА – ТЫНЧТЫКТЫН ТУУСУ ........ 173
ЖАЙЛОО ТАҢЫ ........ 178
УЧ КӨГҮЧКӨН ........ 180
БИЗДИН ЖЫЛДЫЗ ........ 182
КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ! ........ 183
КАЙЫК ........ 183
ВЛАДИМИР МАЯКОВСКИЙГЕ АКЫНДЫК ОТЧЕТ ........ 184
КАРЫГАН ДУБДУ КАНАТТУУЛАР
КАНТИП САКТАШТЫ ........ 207
ЭКИ БҮРКҮТ ........ 211
БАЛДАК ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА ........ 218
ПУШКИН МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ........ 223
«СЫДЫРЫМ ЖЕЛ СОГОТ... ........ 230
СЕЙРЕК БУЛУТ КАПТАЙТ...» ........ 230

**ЭПИГРАММАЛАР**

АКАЕВ КУБАНЫЧКА ........ 232
УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВГО ........ 233
КАСЫМБЕК ЭШМАМБЕТОВГО ........ 234
АДАБИЯТТЫК ПАРАД ........ 235
МУСА ЖАНГАЗИЕВГЕ ........ 236
СМАР ШИМЕЕВГЕ ........ 236
ААЛЫ ТОКОМБАЕВГЕ ........ 238
АЙТМАТОВ ЧЫҢГЫЗГА ........ 239
ЯСЫР ШИВАЗАГА ........ 240
КАСЫМААЛЫ БАЯЛИНОВГО ........ 240
КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВГО ........ 241
ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ ........ 241

АЗИЗ САЛИЕВГЕ ........................................ 241
КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВГЕ ........................................ 242
НАСИРДИН БАЙТЕМИРОВГО ........................................ 242
АБДЫРАСУЛ ТОКТОМУШЕВГЕ ........................................ 243
ӨМҮРКУЛ ЖАКИШЕВГЕ ........................................ 243
ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВГО ........................................ 244
АБДЫЛАС МАЛДЫБАЕВГЕ ........................................ 244
МУРАТБЕК РЫСКУЛОВГО ........................................ 245
НАСИР ДАВЛЕСОВГО ........................................ 246
ТАҢ ТОРГОЮ ........................................ 246
ЭЛГЕ ........................................ 247
МЕН! МЕН! МЕН! ........................................ 249
«ӨҢҮМДӨ» ........................................ 250
ЭМГЕК ЖАЗЫ ........................................ 252
ДИРЕКТИВА МЕНЕН*1 ........................................ 253
СЫНДЫ СҮЙБӨГӨН*2 ........................................ 253
КИТЕП МЕНЕН ДОС ЭМЕС*3 ........................................ 254
АЛ СҮЙЛӨГӨНДӨ*4 ........................................ 254
КАЙРЫЛАМЫН ........................................ 255
СҮЙГӨН ЖАРГА КАТ ........................................ 257
ЖАЙКЫ ЖАМГЫР* ........................................ 258
КЕЧИРИП КОЙ МЕН СҮЙҮҮДӨН ЖАҢЫЛСАМ* ........................................ 259
ЛИРИКА ЖӨНҮНДӨ ........................................ 261

**АҢГЕМЕЛЕР**

АЧЫЛБАГАН КАТ ........................................ 264
АТТАЛБАЙ КАЛГАН ОК ........................................ 295
СЫРДАН ЧЫККАН ЧЫР ........................................ 298
«ОСМОНААЛЫ ЛӨӨКҮЙ» ........................................ 305
ТӨЛГӨЧҮНҮН СЫРЫ ........................................ 308
АЧЫЛУУ АЯШ ........................................ 316
КОНОК КОЙДОН ЖООШ ЭМЕС ........................................ 321
ӨЗҮҢӨ ОКШОШ ........................................ 327
ЖАНТЕКТИН КЕРЭЭЗИ ........................................ 332
ЭНЕНИН СҮЙҮҮСҮ ........................................ 337
АК БАЙТАЛДЫН ИРИМИ ........................................ 343
«АКЫН» ........................................ 351
ТОЛКУН ........................................ 359
КӨРЖЕМЕЧИ ........................................ 362
«АМАН ЭЛЕ БОЛСУН...» ........................................ 368
ЧОҢ ОКУУГА ЖӨНӨӨРДӨ... ........................................ 377
ЖҮРӨГҮ ТҮШКӨН КАРЫШКЫР ........................................ 382

**ПЬЕСА**
КУРОРТТОГУ ОКУЯ .......................................... 392

**ФЕЛЬЕТОНДОР**
«ДҮЖҮР» БУКА .......................................... 472
ШИШИГЕН КИШИ .......................................... 473
БААЛУУ БАЙПАК .......................................... 477
БУЛ МЕНИН БУТУМБУ, СЕНИН БУТУҢБУ? .................. 481
«КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР» .......................................... 488

*Адабий-көркөм басылма*

Окурмандын китеп текчесине

20-том

# МИДИН АЛЫБАЕВ

*Тандалган чыгармалар*

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*
Түзгөндөр: *А.Акматалиев, И.Султаналиев, А.Аалиева*
Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректор: *А.Аалиева.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.05.16 берилди. Басууга 29.06.16 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 31 б.т. Нускасы 600. Заказ № 18.